82.3(2=Кы)Кыр
К 97

# КЫРГЫЗ ЭЛ ЖОМОКТОРУ



УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
К 97

К 97 Кыргыз эл жомоктору. / Түз. С. Шырдакова.
– Б.: Бийиктик, 2012. – 288 б.

ISBN 978-9967-13-834-6

Жомоктор кыргыз элинин оозеки адабиятында орчундуу орунду ээлейт. Тээ алмуздактан бери адамдардын жакшы ой-тилектери жыргал турмушун, тынчтыгын, адилеттүүлүк менен эр жүрөктүүлүктү даңазалап келген. Бул китепке мурда жыйнактарга чыккан жана кээ бир газета, журналдарга жарыяланган жомоктор топтоштурулду.


Жыйнак айбанаттар жөнүндөгү, сыйкырдуу жана турмуштук жомоктор болуп үч бөлүмдөн турат.

К 4803300100-12

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-13-834-6
© Түзгөн Шырдакова С., 2012

# Айбанаттар жөнүндө жомоктор



## КҮКҮК МЕНЕН ЗЕЙНЕП

Илгери-илгери бир куш жыгачтын башына уя салып, эки балапан басып чыгарат. Балапандарынын биринин аты Күкүк, экинчисинин аты Зейнеп экен. Алар убагы келгенде чоңойуп, уядан учууга жакындап калат. Акыры учууга Күкүк менен Зейнеп даярдык көрүп, алмак-салмак канаттарын күүлөп, машыга башташат.

Бир күнү Зейнеп канаттарын күүлөп, анан ордуна келип жаткан соң, Күкүк уянын кырына чыгып талпына баштайт. Бир кезде Күкүк кулап кетет да, аңкилдек атып отуруп жердин жаракасына кирип кеткен экен. Уяда калган Зейнеп бир тууганына кантип жардам бererин билбей чыйпылдап-чыркырап кала берет. Күкүк ошол бойдон дайынсыз жоголот.

Кечинде Күкүк менен Зейнептин ата-энеси келип, Күкүктүн уядан кулап жаракага кирип кеткенин угуп, артынан издеп жөнөшөт. Алар да жердин жаракасына кирген боюнча дайынсыз жоголот. Зейнеп болсо бир нече күн уяда жалгыз «Күкүк» деп сайрап отуруп, акыры уядан учуп кетет. Ошол күндөн ушул күнгө чейин Зейнеп бир тууганын чакырып «Күкүк» деген боюнча жүрөт экен. Ал эми Күкүк болсо жер алдында жашап, жер үстүндө калган бир тууганы Зейнепти сагынганынан «Зейнеп» дей берет экен. Алар бири бирин издеп, үн алышып сайрап, жолугушарына жакын калганда таң атып кетет экен да, жер алдындагысы «эртең издейинчи» деп жалкоолоно түшөт. Ал эми жер үстүндөгүсү болсо «эми таң атсынчы» дейт экен. Ошентип ушул кезге чейин экөө табышалбай жүрөт имиш.

## АЛДАНГАН КАРЫШКЫР

Үлгери-илгери бир капчыгайдагы корум таштардын арасына бир түлкү ийин жасап алып көп жыл жашап, тар ийинге башка жандык каттабаптыр. Бир күнү күн аябай суук болуп, түлкү ийинден чыгып, тамак издеп жойлоп жөнөйт. Ал кетээри менен ачка, кынжыйган бир карышкыр түлкүнүн келишин күтүп, ийинге кирип жатып алат.

Түлкү жолу болуп курсакты кампайта тойгузуп, кечке жуук ийинге келди. Караса карышкырдын изи, дароо ойлоно калат. «Эгер карышкыр ийинде жатса, анда мени соо койбойт, эптеп амал издейин» – дейт. Анан ийиндин оозунан алынын бардыгынча:

– Ийиним, ийиним! Сен соо эмессиң го, ар дайым мен келгенде жооп берчү элең. Ал кайратың кайда кеткен! – деп кыйкырат.

Карышкыр тигинин түлкү экенин билгенден кийин:

– Аа-уу, аа-уу! – деген улуган үнү менен жооп берет. Түлкү болсо ийинде карышкырдын бар экенин билип:

– Бая эле ошентип жооп бербейсиңби. Мен карга оонап тазаланып келейин, – деп калп эле карга оонамыш болуп жатып жылт коёт.

Ал эми ачка, акмак карышкыр азыр түлкүнү жеп курсакты тойгузам деп тилин салаңдатып, түлкүнүн ийинге киришин күтүп жата берет. Аңчылыктан жолу болбой келаткан мергенчилер ийинди көрүп, ага капкан салып коюшса карышкыр түшүп калат. Ошентип, амал менен түлкү бир ажалдан кутулат да, карышкыр алданып өлгөн экен.

## ТҮЛКҮ, ЖОЛБОРС, АЮУ, КАРЫШКЫР

Жолборс, карышкыр, түлкү, аюу – төртөө жолдош болду. Тапканын ортого салып, биргелешип оокат кылмакка убада кылышты. Бир күнү төртөө келе жатышып төөгө жолугушту. Төөнү да «бизге жолдош бол» дешип өздөрүнө кошуп алышты. Узак жол жүрүшүп, курсактары абдан ачты. Анан түлкү тигилерге кеңеш салды:

– Силер кандай дейсиңер, эгер төө ынанса, мунун баасын он койго чегерелик. Жазында ар бирибиз экиден койго макул десек, бул турган төртөөбүз сегиз кой беребиз. Эки кой өзүнө эсеп болсун, ушуну менен баасы тынат, – деди. Бул сунушту түлкү баштап, төөнү карызга союп жешке кеңеш куруп, баасын бычкан болду.

– Төртөөбүздөн сегиз кой ал, экөө өзүңө эсеп. Макул болсоң сени соёлу, жазында он койлуу болуп магдырап жатып каласың. Койду бооз, кысыр, ирик, токту дебейбиз, колго тийгенин беребиз. Койлор бооз чыгып калса, төлү менен он алты, эгиз болсо андан да көп болот. Козулары сенин пайдаң, мындай олжо дайым эле боло бербейт, – деп түлкү деле шек билгизбей жубатты. Маңкайган төө ойлонуп: «Чын эле бул бир топ олжо экен. Кой, булардын коюн алыш керек» – деп өзүн он койго баалап, тартайып чөгүп, мойнун созуп, көзүн сүзүп жатып берди.

«Кылыйган кыраан түлкү, жүргөн жери күлкү, бул төө – түлкү акемдин мүлкү» – деп этин бешке бөлүп: бир бөлүгүн жолборско, экинчи бөлүгүн аюуга, үчүнчүсүн карышкырга ыйгарып, бир бөлүгүн өзүнө чегерип алды. «Досубуз төө куру калбасын» деген болуп, бир бөлүгүн төөгө бөлдү да, өзүнө тийиштүү этке кошуп койду. Бөлүктөн ашып калган төөнүн бөйрөгүн Түкөң тымызын култ эттирип койду. Карышкырга биреөн алыңыз деп ишарат кылып турганда, аюу саксайып «жүрөгү жок го» деп «күңк» этти.

Дардайып ордунан тура калган Жокең:

– Төөнүн бөйрөгү кана? – деп калды.

«Бөрү жеп койду окшойт» дегендей Түкөң акырын көз кыйыгы менен ишарат кылды. Каары келген жолборс карышкырды бир чаап өлтүрүп таштады. Аюу менен жолборс эттерин бөлөк жыйып коюшуп, тамаша кылууга кетишти. Алар келгиче Түлкү акең карап турабы, төөнүн этин бүт бойдон үңкүргө бекитти. Бир убакта аюу менен жолборс келишип: «Эт кана», – дешти. Тигилердин суроосуна түлкү: «Эмитен жаңжал кылып жүргөн немелер мага кийин кой береби», – деп төө айнып туруп кетип калды деди. Аюу менен жолборс буга ынанып калышты. Түлкү аларды алагды кылып ээрчитип, бир капчыгайдын жарына алпарды да жолборско кайрылды:

– Атаң ырамматылык ушул капчыгайдын бул өйүзүнөн тигил өйүзүнө секирип чыгып кетүүчү эле, кайраның! Сен ага жетиш кайда-а, коркок көрүнөсүң, – деп кытмыр жылмайды.

Жолборс «бул эмне деп жатат» дегендей тигини кыжырдана карап, жарды карай дардайып жөнөдү. Мактангысы келди окшойт, жүгүрүп келип жардын башына ыгдырылып тура калды. Түкөң жалынга май тамызды.

– Чамынганы, басканы, сын-сыпаты ырамматылык атасына окшош. Аттиң, азыраак коркоктугу болбосо, атасынын эле өзүн тартыптыр... Атаң болсо ашкан эр эле, качыргандан кайткан эмес. Бет алган жагынан эзели кайра тартпай, ушул жардан түйүлгөн боюнча секирип кетээр эле. Жүрөгүң жок дебейин сени, бирок жаштыгың да, – деген болду.

Жокең дардандап түйүлө калып, анан күркүрөп келип жардан секиргенде, тигил өйүзгө жетмек кайда, таштан ташка тийип, бели сынган жолборс өлдү.

«Жокемдин сөөгүн таза жерге коём» деген түлкү кийин этин жемекке зыңкыйта корумдап жашырат. Жанында жалгыз аюу калды. «Эми аюу акеме кезек келди го,

мунун да амалын табайын» деп ойлонду Түлкү. Жаткан жеринде катып койгон эттин эбин таап, аюуга көрсөтпөй жей берди. Аны аюу билбейт, ачкадан кезерип алсырап жатты. Ачкалыктан аюу уктай албай жатса түлкү кырылдатып бир нерсе жеп жаткандай болот. Анда аюу түлкүгө кайрылат:

– Ээ, Түлкү дос, сен бирдеме жеп жатасыңбы?

– Аа, Аюу балбан, ачкалыктын азабына чыдай албай өз ичимди жарып, чучугумду жеп жатам. Ачкалык азап тура, – дейт.

– Андай болсо мен да өз чучугумду чубап жесем болобу?

– Болбой анан, сен деле мендей жансың да, чучугуңду чубап жей бер ачкадан өлгөнчө. Ал жериң эртең эле кайра калыбына келип калат.

Аюу чымыркаnып туруп өз ичин тиштеп туруп тартты. Ичинин ооруганына чыдабай жаны чыга жаздады.

– Ээ, Түлкү дос, өзүмдү-өзүм тиштегенден этим ооруп чыдай албадым. Сен кантип жеп жатасың?

– Сен анын эбин таба албай жатасың. Мен оорутпай кең оюп, чучугуңду чубап чыгарып берейин.

Аюу тартайып чалкасынан жатты. Түлкү ичин жарып, тумшугун салып, аюунун ичинен ичегисин чубап сууруп чыкты. Ичи жарылып онтоп жатып, бир маалда өлүп калды.

Аюунун, жолборстун, төөнүн этин түлкү акең жалгыз басып калды. Четинен каалашынча жеп, каалашынча уктап, эрикkенде этке кирип, суусаганда сууга түшүп, жыргалда жүрдү. Калыңдыгы карыш казы алды. Аяр түлкү алы эч жанга жетпейт. Эси чыгып чочуп жүргөн, токтоно албай качып жүргөн жырткычтын баарын жолго салып, жылас кылды. «Эми бүргөнүн азабынан кутулайын» деп кийиздин өөнүн тиштеп алып сууга келди. Аста-секин куйругун сууга салды. Бүргө куйругунан качып жонуна чыкты. Жонун сууга салды эле, жонунан үрккөн бүргөлөр

мойнуна келди. Түлкү эми мойнун суугa салды. Бүргөлөр суудан үркүп түлкү тиштеген кийизге жабышышты. Ошондо түлкү кийизди суугa агызып жиберип: «Бүргө неге кудурдуң, эми сенден кутулдум!» – деп чычайып өз жолуна түшкөн экен.

## АРСТАН МЕНЕН КОЁН

Калың токойдун четиндеги карагандуу жерде бир коён жашап, коркоктугунан казып алган ийининен алыс чыкчу эмес. Бир күнү: «Коркуп ийинде жата берип кантип күн көрөм. Атасынын көрү, бир баатыр болуп көрөйүн» деп ойлоду да, ошол замат ийинден чыкты. Эки жагын каранып, тиштерин арсайтып, жүндөрүн үрпөйтүп так маңдайында турган арстанды көрө койду да, корккону нан бир орунда катып калды. Арстан коёндун жанына келип:

– Бакырaң көзүм, колго түштүң-ээ! Эми сени жейин, – деп тиштерин качыратып, эки чайнап, бир жутчудай болду. Коён байкуш эсин жыйып кантип кутулуштун амалын издеди. Акыры арстанга:

– Кадырлуу арстан, жесең жегин, бирок айта турган бир сырым бар, – деди.

– Анда тезирээк айтып кал!

– Сен өтө күчтүүсүң, ага толук ишенем, бирок тээтиги кудукта сенден да чоң, сенден да күчтүү бир арстан бар. Ал бая күнү сени жеймин деп ачууланып жатканын уккан болчумун. Оболу ошого бир беттешип көр. Сенин күчүңдү да көрүп калайын, мен кайда качмак элем, анан деле жейсиң, Сыртганым, – деп жалоoруй карайт.

Өзүнөн күчтүү жанды уккан арстан чындап ачууланып:

– Кана, менден күчтүү арстанды көрсөтчү? Ал кайсы жерде? Ээрчитип бар! – деп коенго буйрук кылды.

Коён арстанды терең кудукка ээрчитип барып:

– Ушул кудукта... Өзүң карап көрсөң, – деди. Арстан кудукка эңкейип карап, өзүнүн сөлөкөтүн суудан көрдү да:

– Мен ушул саксайган арстандан кантип эле кем калайын! Кана, кармашып көрөлү! – деп ачуусу менен кудукка секирип түшөт. Суу га барып шалп этип түшүп, тумчугуп өлөт.

Ошентип, коён амал менен арстанды өлтүрүп, «анык макоо тура» деп секирип жолго түштү.

## МЫШЫК МЕНЕН ЧЫЧКАНДАР

Мышыктын карылыгы жетип, чычкан кармап жешке кудурети келбей калды. Бир күнү ойлонуп отуруп, чычкандарга барды да:

– Кымбаттуу туугандар, мен карыдым, арыдым. Өткөн-кеткен күнөөм болсо кечирип койгула... Жаш кезде түшүнбөстүктөр болот экен, эми таттуулашалы, тууган болуп жүрөлү. Бири-бирибизге чоңдук, зордук кылбай тынч жашайлы. Кай бир иштеримди эстеп, өзүм да уялчу болдум. Мындан ары силерге тийбейм. Сопулукка баш койдум. Эгер ынтымакка келсеңер, күндө үч маал жанымдан чубап өтүп, алымды сурап тургула. Мен да силерге жардамдашып турайын, – деди.

Чычкандар мышыктын бул сөзүнө кубанышып, күндө чубап өтүп алын сурап турушту. Мышыктын амалын чычкандар эч бир сезишкен жок. Ал бурчка тынч отуруп алып, чычкандарды чубатып өткөрүп жиберет да, эң акыркы чычканды лып басып жеп коет. Күндө үч маал үч чычкан жеп өз ишине ыраазы болуп жата берет.

Күндөрдүн биринде чычкандардын мыктысы Шылк-мурун менен Былк-мурун чычкандардын көбөйбөй эле азайып бaратканын сезип, мышыктан шек санашып аңдып калышат. Бир күнү Шылк-мурун алдыга, Былк-мурун артка түшүп, бардыгы өтүп бүткөндө амандыкты билдирип бирибирине үн салууга убада кылышып, мышыктын алдынан чубашты. Өтүп бүткөн кезде алдыдагы Шылк-мурун:

– Сен кайдасың, Былк-мурун? – деп кыйкырды.

– Мен баратам, түгөлбүз! – деген Былк-мурун жооп берди. Мышык Былк-мурунду жей албай калды. Арадан дагы көп күндөр өттү. Мышык бир да чычкан жей албай ачкадан өлмөй болду. Акыры анын ачуусу келди да, эң арттта келаткан Шылк-мурунду качырып сала берди. Ал-ды-артын абайлап жүргөн Шылк-мурун булт берип ийинге кире качты. Аны көргөн чычкандар мышыктын алдамчы экендигин билишти. Ошондон кийин чычкандар жолобой коюп, мышык ачкадан өлгөн экен.

## АРСТАН КҮЧҮГҮН АСЫРАГАН МЫШЫК

Бир мышык каңгып жүрүп өлүп жаткан арстанга жолугат да, анын жетим калган күчүгүн бооруна кысып, эмизип асырап алат. Убагы келип арстандын күчүгү албарс азуулуу чоң арстан болуп өсөт. Өз тамагын өзү таап жей баштайт. Бир күнү карды ачкан арстан өзүн асырап чоңойткон мышыкты жемек болот. Мышык тигинин жаман оюн сезип, андан-мындан бир тийип талдын башына чыгып кетет. Ошондо Арстан Мышыкка:

– Ой, ак сүтүң эмизип асырап баккан энем, тууган энемден да ысыксың. Бар акылыңды үйрөтүп бакканда, эмне үчүн ушул тал башына атып чыкканды үйрөткөн жоксуң? – дейт.

Анда тал башында турган Мышык:

– Олда айланайын, кайрымдуу балам. Сени кичинекейинден боорума басып өстүрдүм. Билген акылымдын баарын үйрөттүм. Бирок, кулкунундан коркуп, бир өнөрүмдү үйрөткөн жок элем, аным акыл болуптур, – деп-тир. Ошондон улам «Кулкуну жаман кууратат» деген макал калыптыр.

## КАШКУЛАК МЕНЕН ҮПҮПТҮН ДОСТУГУ

Илгери-илгери кашкулак менен үпүп экөө кыйышпас дос болушуп, бири-бирине кас санашпоого убада беришип, антташып, дайыма бирге жүрүшөт. Тапкандарын тең бөлүшөт, ынтымактуу болушат.

Бир күнү канаттуулар үпүптү убадага бек, сөзгө туруктуу жан дешип, өздөрүнө бий шайлап алышат. Ошондон баштап үпүп ар күнү арызданып келген канаттуулардын арыз-муңун угуп, аларга калыс туруп, эч кимисине жаман айтпай, көңүлдөрүн калтырбайт. Туура жүрүп, кадыр-баркы артып, атак-даңкы чыгып, токойдогу бүткүл жан-жаныбар, канаттууларга угулат. Үпүптүн алдынан чыккан айбанаттар урмат менен ийилип салам беришет. Мындай сый-урматка манчыркаган үпүп көбө баштайт. Кыял-мүнөзү өзгөрөт. Мына ошондой күндөрдүн биринде баягы кашкулак досу эсине түшөт. Ал досун алдырып алып, ага:

– Экөөбүздүн достугубуз чын болсо, анда семизибизди соёлу, эт-майына тоёлу, – деген сунушун айтат.

Кашкулак Үпүп досунун көөп калганын сезет да:

– Үпүп дос, экөөбүз кыйышпас жан элек. Канаттуулардын калыс бийи элең, сөзүң эки болбосун, мен сенден семизмин. Тамагың таза болсун, тумшугуңду сууга жууп, аябай тазалап туруп жегин, – дейт.

Үпүп досунун айтканына кубанып тумшугун жууш үчүн сууга учуп барат да:

– Дарыя, дарыя, мага сууңдан бергин, тумшугумду жууп тазалайын, досум кашкулактын семиз этин жейин, – деп дарыяга кайрылат.

Дарыя бул досун жейин деген кандай келесоо неме деп жана кашкулакка боору ачып, ары-бери толкуп чайкалит, анан Үпүпкө:

– Суу берейин, бирок идишим жок, карапачыларга барып идиш алып келгин, – дейт.

Үпүп андан карапачыларга учуп барып:

– Бир карапа бергиле, ага суу алайын, сууга тумшугумду малайын, кашкулак досум семиз экен, анын этине тоёюн, – деп сурайт.

Карапачы өзүнүн досун жейин деген Үпүпкө ачууланып:

– Сен талаага бар да, карапа жасай турган чопо алып кел. Мен сага сонун карапа жасап берем, – дейт.

Үпүп андан талаага учуп барат да:

– Талаа, талаа! Топурагыңдан берчи. Мен аны карапачыга алып барайын. Ал мага карапа жасап берсин. Карапага суу алып тумшугумду малайын, анан кашкулак достун этин жейин, – деп кайрылат.

– Топуракты каза турган күрөгүм жок. Сен тоодогу кийикке баргын да, анын мүйүзүн сура. Ошол мүйүз менен карапага жарай турган чопо казып алгын, – деп талаа жооп берет.

Үпүп учуп отуруп улуу тоого чыгат. Кырды кыдырып, сырды сыдырып отуруп, арсак-терсек аскада оттоп жаткан тоо текени көрөт.

– Мага мүйүзүңдү бергин. Мүйүзүң менен топурак казып алайын. Топуракты карапачыга берейин, ал карапа жасап берсин. Карапага суу куюп тумшугумду малайын да, жууп-тазалап туруп кашкулак досумдун этин жейин, – дейт.

Тоо текенин ачуусу келип:

– Мүйүзүмдү бербеймин! Кыйын болсоң ит алып келип тиштетип ал. Мергенчилерге аттырып алгын, – дейт.

Үпүп тоодон кайра ойдогу айылга учуп түшүп ит агыткан мергенчилерди, тайган иттерди издейт. Кыдырып жүрүп бир тайган итке жолугат да, ага кайрылат:

– Ой, тайган, сен менин керегиме жара. Тоодо бир теке оттоп жүрөт. Ошонун толорсугун жара тиштеп бер. Сен

этине той, мен мүйүзүн алайын. Ал мүйүз менен топурак казайын, топуракты карапачыга берип, карапа жасатайын. Карапага суу куюп тумшугумду малайын да, таза жууп туруп кашкулак досумдун этин жейин.

– Тоо текени кубалап тиштеп берүүгө күч-кубатым жок. Курсагым ач. Андан көрө мага сүт алып келип бергин да, жакшылап тойгузгун. Текени ошондон кийин кубалап берейин, – деп жооп берет тайган.

Үпүп малдын жайытын көздөй учуп жөнөйт. Жайыттан эрменди сыдырып жеген, тоо тулаңын кыдырып жеген бир эчкиге жолугат да:

–Эчки, мага сүтүңдөн бер. Мен тайганды тойгузайын. Ал тоо теке кубалап тиштеп берсин, мен мүйүзүн алайын. Аны менен жер казып, топурагын карапачыга берейин. Жасалган карапага суу куюп тумшугумду малайын жакшылап жууп-тазалап туруп кашкулак досумдун этин жейин, – дейт.

Эчкинин ачуусу аябай келип:

– Карыдым, арыдым, улагымды да тойгуза албайм. Карыганда тоонун тулаңына да жетпей калат экенсиң. Сен тулаң чөп алып келсең, мен дырдыйып тоюп, анан сага сүт бербейминби, – деп тетирленет.

Үпүп андан тоонун тулаң чөбүнө жетти.

– Эй Тулаң, чөбүңдөн кайрылыш. Мен аны эчкиге берейин, ал жеп сүт берсин. Аны итке берейин, ал тоюнуп тоо текени тиштесин. Мен мүйүзүн алайын, аны менен жер казып, топурагын карапачыга берейин. Ал мага карапа жасап берсин, ага суу куюп тумшугумду салайын да, тазаланып туруп досум кашкулактын этин дароо жей салайын, – дейт.

Тулаң чөп: «Өзүнүн досунун этин жейин деген мында уят да, намыс да, досчулук да жок турбайбы» деп абдан ачуусу келет да:

– Колуңдан келсе барып орок менен оруп ал! – деп бурк этет.

Үпүп ошол арадагы айылга учуп келет. Издеп жүрүп устаны табат. Темир уста өзүнүн досун жеймин деген желмогузду таптакыр жоготоюн дейт да:

– Тетиги кампада көмүр бар, ошол көмүрдү алып кел. Мен сага орок жасап берейин, – деп үпүпкө кайрылат.

Үпүп кампага киргенде уста эшикти жаап салат. Үпүп ошол кампада камалып жатып, ачкадан өлөт. Ошондон улам элде: «Бирөөгө ор казсаң тайыз каз, балким өзүңдүн чыгарыңа жакшы», – деген макал айтылып калыптыр.

## ЭКИ УЛАК

Ак улак менен кара улак ары жүгүрүп, бери жүгүрүп, так секирип ыйлакташат. Бир жагында калың бадал, экинчи жагында калың тикен, эч кандай кой-эчки көрүнбөйт.

–Сен ак улаксың, тил укпаган акмаксың! Мени ары-бери сүйрөп жүрүп, акыры адаштырдың. Эми жаның барында энебизди тап, – дейт карасы.

Кара улак бир күн мурун туулган. Денеси чымыр, маңдайында жупжумуру эки мүйүзү бар. Ак улакты боорум деп жан тартчу эмес. Кичине эле бирдеме болсо: «Ак улаксың, акылы жок акмаксың», – деп шылдыңдап, ачуулана мүйүз матап, бөйрөк талаштыра сүзүп да жиберчү. Кара улак жалакор, ак улак жакын келсе эле: «Мынабу жердин чөбүн жеп койду», – деп бакылдачу. Эми адашкандан кийин айласыз «ак улак» деп гана турат. «Ай ак улак, акмак, жаның барда түш деймин, бас деймин!» – деп кара улак секирди. Ак улак ары ойлонуп, бери ойлонуп, зирек немени баскан-турган жерлери эсине түшүп, беркиге кайрылды.

–Узап кеткен койду кантип табабыз. Балким тоону ашып жайлоого барып калган чыгар. Жайлоого жол таап баруу кыйын болсо да, жол издеп көрөйүн. Сага айтайын



ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КИТЕПКАНА

дегеним, эчки менен эрегишпегин, менин айтканымды иштегин. Муну аткарбасаң адашып өлөбүз, – деди. Ак улактын «өлөбүз» деген сөзүн уккан кара улактын үрөйү учту. Кара улак канча тентек болгону менен, ак улактын тилин алууга убада берди. Ак улак жол баштап алдыга түшөт. Калың чөптү жапырып, алдынан аң, таш чыкса секирип өтүп жүрүп отурушту.

Ошентип ак улак менен кара улак экөө тоонун этегине келип, эки жагын карашса эч нерсе жок, жымжырт. Анан капысынан алдыларынан бир түлкү чыга калат да, жойпуланып:

– Өзүң аппак, сулуу улак экенсиң, агаң да келишкен неме тура. Чарчап калган чыгарсыңар, биздин үйгө барып даам сызып кеткиле. Менин дагы силердей эки балам бар, бирге ойноп, кумарыңарды жазып эс аласыңар, – деп, ичинен болсо «ак улак кичинекей экен, эбин таап жеп алайын» деп ниети бузулат.

Айта турганын мурдатан ойлоп койгон ак улак:

– Түкө, тетиги дөбөнүн чокусунда, кара таштын астында бизди карышкыр күтүп отурат. Ал кара улак экөөбүздү конокко чакырган. Сизди ээрчип кеткенибизди көрсө ачуусу келет го, кашакеңдин каары катуу экенин билесиз. Эгер каалasаңыз өзүңүз деле биз менен барыңыз.

– Жарайт, жарайт. Силер алдыга бара бергиле. Мен артыңардан жетип барып калам, – деп түлкү куулук кылып калып калат.

Андан ары эки улак кетип баратышканда алдыларынан көк жал карышкыр каршы чыгып, оозун араандай ачып, тигилерге тап берет. Чын эле карышкырды көргөн түлкү сайга кире качат.

– Кардым ачып куркулдап келаттым эле, мындай жакшы болорбу. Мен силерди жеймин, – дейт карышкыр улактарга тап берип. Анда ак улак:

– Кашаке, тетиги дөбөнүн туу чокусунда, кара таштын түбүндө бизди арстан күтүп жатат. Ал тоодогу жор-

туп жүргөн кайберендерге, учкан куш, айбанаттарга падыша болуп кечээ эле келиптир. Эртең мененки тамагына эки музоону, түшкү тамагына эки улакты, кечкисине эки козу жейт экен. Сиздин бул кылыгыңызды билсе, буркан-шаркан болуп ачууланса өзүңүз жаздым болуп калбаңыз. Мейли, бизге баары бир, жесеңиз жей бериңиз, – дейт.

Аңгыча болбой кара улак тикчилиңдеп: «Карышкыр, тигине арстанды карагын. Сени чакырып жатат», – деп. кыйкырып жиберет. Карышкырдын шаштысы кетип:

«Бакбай балаадан, жакпай жалаадан» деген боюнча качып жөнөйт.

Эки улак жүгүргөн боюнча бир тоонун башына чыгышат. Эки жагын карашса, тоону бөксөлөп бир короо кой жайылып жүрөт. Койдун артында атчан, итин ээрчиткен койчусу келе жатат. Койду көргөндө кубанганынан эки улак маарап коё беришти.

Чолпон-ата жол баштап келген ак улакты жерден көтөрүп алып:

– Мен силерди ой-кыр койбой издеп табалбай койдум эле. Өзүңөрдүн таап келгениңерди карачы. Жарайсың ак улагым, аппагым, ак улак акмак деп мазактагандардын өздөрү акмак, – деди да ак улакты кучактап бооруна кысты.

## КАРКЫРА МЕНЕН ТҮЛКҮ

Каркыра менен түлкү дос болушту. Алар бири-бирине жакын конушту. Каркыра жумурткасын басып, балапандарын чыгаргандан кийин түлкүгө келип:

– Түлкү дос, мен жем таап келейин балапандарыма. Сенин убактың болсо аларга көз салып турсаң, – деп суранат.

– Каркыра досум, эч нерседен кам санабай бара бергин. Мен сенин балапандарыңды өзүмдүн балдарымдай эле карап турам, – деп ошол замат эле макул болот.



ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КИТЕПКАНА
ИНВ № 976537

Каркыра кеткенден кийин түлкү анын бир балапанын жеп, анан тигинин келе турган маалында жолун тосуп ыйлап отуруп алды. Бир убакта каркырап келип:

– Түлкү дос, эмне ыйлап отурасың? – деп сурады.

– Кара көзүм кашайып, бир балапаныңды айрыкуйрукка алдырып жибердим, – деп ого бетер өңгүрөп ыйлайт.

Каркыра алгач түлкүгө ишенет. Балапанынын жоголгонуна кейип, бирок түлкүнү сооротуп:

– Буйрукка айла барбы, Түлкү дос. Калган балапандарым аман болсун. Эми ыйлаба, – деп тигинин ыйын басат.

Дагы бир күнү Каркыра адатынча балапандарын Түлкүгө каратып коюп жем издеп кетет. Бул жолу да түкөң бир балапанын жеп, адатынча жолун тосуп ыйлап отурган болот.

– Кара көзүм кашайып, дагы көрбөй калыптырмын. Узун моюн балапандарыңдын бири жок, – деп адатынча өңгүрөп ыйлап кирет.

Ошондон кийин каркыра түлкүдөн шектенип, калган балапандарын алып, башка жакка көчүп кетиптир.

## КУУ ТҮЛКҮ

Жолборс бир түлкүнү кармап алат. Түлкү куйругун буландатып, тумшугун жогору көтөрү:

– Мени жей албайсың! Мен мынабу калың токойдун кожоюну болуу үчүн келгенмин, – дейт. Жолборс ары карап, бери карап анын сөзүнө ишенбейт. Анда түлкү бир аз жумшагыраак:

– Жоке, ишенбесең мени менен бирге токойго баргын. Андагы бардык айбанаттардын менден кандан корко тургандыктарын өз көзүң менен көрөсүң, – дейт.

– Көрсө көрөйүнчү, – деген жолборс түлкүнү ээрчип жөнөйт.

Түлкү анын алдына түшүп алып, абайлап жүрүп отурат. Жолборсту көргөн айбанаттардын жүрөктөрү түшүп, туш-тушка качып, бир заматта жым-жым жок болушат. Канаттуу куштар уяларынан уча качышат.

– Мына, Жоке, менден коркпой турган эч ким жок экендигине эми көзүң жеттиби? – деп жолборско карайт түлкү.

– Чындыгында сен абдан барктуу экенсиң. Айбанаттардын баары сыйлап, абдан коркушат тура. Сени менен эрегишип, жаманчылыкка барууга болбойт, – деп түлкүдөн өзү да коркуп жолуна түшөт.

Ошентип, куу түлкү куулугунан өлүмдөн кутулуп кетиптир.

## ТҮЛКҮ МЕНЕН КАРЫШКЫР

Бир күнү түлкү куйругун булактатып, тилин саландатып келе жатып жалгыз аяк жолдун таманында жаткан койдун куйругун көрүп кубанып кетти. Аны тегерене карап, салып койгон капканды көрдү да, шилекейин чубуртуп эмне кыларын билбей туруп калды. Аңгыча желип-жортуп карышкыр келди. Түлкү ага жагалданып:

– Каке, келиңиз, келиңиз, куйруктан көп жеп коюп май кекирип турам. Тигини сизге деп алып койдум эле, – деди.

«Алдында капкан болбосун» деп шектенген карышкыр анчалык көңүлсүнбөй тигиге мыкчыя тигилди.

– Кээде ушинтип кекирейип каласыз. Жебесеңиз өзүм үйгө алып кетейин, – деп түлкү баягы май куйрукка тап бергенде, карышкыр түлкүдөн мурда озунуп сугунмак болду эле, тумшугу капканга чабылып калды. Капкандагы куйрук четке ыргыды. Түлкү аны илип алдыда:

– Жат, бөрү аке, жабышып,
Капкан менен кабышып!
Эртең эрте ушерден,
Ээси менен табышып! –

деп шаттанып ырдап, желе-жорто жүрүп кетти.

## КЫРГЫЙ МЕНЕН ҮКҮ

Жем таап жээрге жарабай турган бир оорукчан үкү менен бир алгыр кыргый таанышып болот, кучакташып акыреттик дос болушат. Анан алыска сапар тартышат. Кыргыйдын эстүүлүгү, алгырлыгы менен жакшы күн көрүшөт. Үкү оорусунан сакайып, өз тамагын өзү табуута жарап калат.

Бир күнү: «Эми ар кимибиз өз күнүбүздү өзүбүз көрөлүк» деп үкү менен кыргый ууга чыгышат. Ары учуп, бери учуп эч нерсе таба алышпай кайтышат.

Ошондо үкү кыргыйды акырын чакырып алып, щап кармайт да: «Мен сени жеймин», – дейт. Кыргый акыреттик достугун жана кылган көп жакшы кызматын айтып ыйлайт. Анда үкү: «Жакшылыкка жакшылык кылган эшектин иши, жакшылыкка жамандык кылган эшендин иши. Дүйнөдө жашоо – алышмак, күрөшмөк, алы жетишпесе ылдыйламак, айла тапмак, иши кылып өзү жашамак», – дейт да, кыргыйды чыркыратып баса калат. Темир айры өңдүү өткүр текөөрү менен кыргыйды мыжып өлтүрөт. Анын этине тоюп алып, кагынып учуп кетет.

## ТОРГОЙ

Бир торгой учуп келе жатып эрмендин арасына топусун түшүрүп жиберип: «Эрмен, топумду алып бер», – десе, анда эрмен: «Топуңду алып бермек түгүл, бүрүмдү көтөрө албай араң турам», – деп

болбой коёт. Анда торгой: «Сени карап тур, эчкиге барып айтпасамбы», – деп ачуусу менен эчкини таап: «Ой эчки, тетиги жерде бүрүн көтөрө албай турган эрменди барып жесең болбойбу», – дейт.

Эчки: «Эрменди жемек түгүл, курсагымдагы эгиз уланымды көтөрө албай жатам», – деди. Анда торгой: «Сени карышкырга айтып, жедирбесемби», – деп карышкырга барып айтты эле, карышкыр: «Байдын эчкисин жемек түгүл, ийинимди каза албай жатамын», – деди. «Сени жылкычыга барып чаптырып салбасамбы», – деп жылкычыга барып айтты эле, жылкычы: «Карышкырды чапмак түгүл, байдын жылкысын жоготуп таппай жүрөм», – деп койду. «Анда сени байга барып айтпасамбы», – деп байга келип: «Ой бай, жылкычың жылкыңды жоготуп ары-бери чапкылап жүрөт, жылкыга жакшылап көз сал десең болбойбу», – деди. Анда бай: «Ой айланайын, жылкымды теске салмак түгүл, өз казымды көтөрө албай араң жатам», – деди.

«Сени чычканга барып айтпасамбы», – деп чычканга барып айтты эле, чычкан: «Байдын казысын тешмек түгүл, ийинимди каза албай жатам», – деди. «Сени карап тур, балдарга барып айтып ийиниңе суу куйдурбасамбы», – деп балдарга барып айтса: «Чычкандын ийнине суу куймак түгүл, музоомду кайтара албай эмизип, чүкөмдү утуруп, даакымды тыттырып араң жүрөм», – дейт. «Ой балдар, силерди энеңерге айтып урдурбасамбы», – деп энесине барып айтса, энеси: «Балдарымбы сабамак түгүл, жүнүмдү сабай албай жатам», – дейт. «Сени куюнга барып айтып, жүнүңдү сапырып учуртпасамбы», – деп куюнга барып айтса, анын колу бош экен, куюн коктудан уюлгуп келип, аялдардын сабап жаткан жүнүн учуруп, алар балдарын уруптур. Ошону менен балдар чычкандын ийнине суу куюп, чычкан байдын казысын тешип, бай жылкычысын сабап, жылкычы карышкырды дыркырата кууп, карышкыр эчкини жемек болуп, эчки эрменди жеп, эр-

мен торгойдун топусун алып берип, ошондон кийин торгой топусун башынан түшүрбөй кийип жүрөт дейт.

## ТҮЛКҮ, ТАШБАКА ЖАНА ЧАПКЕНЕ

Түлкү, ташбака, чапкене үчөө шериктешип эгин экмей болушту. Түлкү жайлоого чыгуучу, ташбака эгин багуучу, чапкене оруучу болду. Түлкү аштык даяр болгондо жайлоодон түшүп келип: «Буларга эгиндин эмне кереги бар, андан көрө алдап алайын» деп ойлоп:

– Шериктер, ушул эгинден несин бөлүп убара болобуз. Андан көрө жарышалы, кимибиз мурун келсек, ошонубуз эгинди бүт алалык, – деди.

Түлкү аксакалдын сөзүн ташбака менен чапкене макул көрүштү. «Чуркайлы» деп убадалашкан жерге барышты да, үчөө катар турушту. Ал арада чапкене түлкүгө жабыша калып, кулагына чыгып алды. Алар чуркап жөнөштү.

Түлкү аштыктын четине келип бир силкинди эле, чапкене түшүп, үйүлгөн аштыктын төбөсүнө чыгып алды. Эми эгин меники го деп түлкү үйүлгөн аштыкты караса, анын үстүндө чапкене отурат. Түлкүнүн жүрөгү болк этип: «Качан жетип келдиң?» – деп сурады. «Менин келгениме бирдалай болуп калды. Аштыктын төбөсүнө чыгып, силерди карап отурбаймынбы», – деп жайбаракат айтты. Ошентип, байгени кичинекей болсо да, чапкене алып кеткен экен. Түлкүнүн амалы аткарылбай калыптыр.

## ДӨӨТҮ УСТА МЕНЕН ИТЕЛГИ

Илгери өткөн заманда колунан көөрү төгүлгөн зергер уста Дөөтү жашаптыр. Ал кызыл чокко колун салса да күйүүчү эмес экен. Темирди

камырдай жууруп, түркүн буюм жасачу, алтын күмүштөн оймо-чийме чегүүчү. Баатырларга соот-чопкут, жоо-жарак жасаса, элге алтындан баалуу буюмдар жасады, шаарга чеп курду, желге жел тегирмен, сууга суу тегирмен чур-катты.

Калкы кадырлап, атагы алыска жайыла баштады. Миңдеген шакирттер өнөрүн үйрөндү. Алыскы өлкөдөн да келип үйрөнүп кетип жатты. Дөөтү алардан өнөрүн эч аянган жок, баарына бирдей үйрөттү. «Бирок, – деди ал шакирттерине, – эч убакта мактанбагыла. Эгер мактансаңар усталык өнөрдүн сыры ачылып калат да, оттогу темирди колуңар менен кармай албай каласыңар». Шакирттеринин баары устатынын айтканын эске тутушту. Ошентсе да алардын ичинде бирөө бар экен.

Бир күнү бир кары адам: «Балам, усталыгың кандай, бардыгын үйрөнүп калдыңбы?» – дептир. Анда алакөөдөн: «Дөөтүдөн да өтүп калдым», – деди устанын айтканын эстен чыгарып. Дүкөнүн ачып, отко темир салып көрүгүн басып, темир кызыганда кармайын десе, колуна ысык темир шыр этип жабыша түштү. Алакөөдөн ошондо гана мактанып койгонун билди. «Аттиң», – деп эрдин тиштенди. Жолоочулап кетимиш болуп, колун айыктырып алды, бирок дүкөнүнө кирип алып миң аракет кылса да эч нерсе чыкпады. Ошол кезде Дөөтү уста бүт ааламды кыдырып, шакирттерин көрүп жүргөн кези эле. Ал бул шакиртине да кезикти, бирок дүкөнүнө барган жок, жөн гана: «Балам, иш кандай» деп сурамыш болду. Бала уялып эч нерсе айткан жок.

Дөөтү уста билди да: «Ит сөөктү кантип кармап жегенин да билбейсиңби?» – деди да, артына кылчайбай жок болду. Бала эми түшүндү. Дүкөнүнө келип эптеп бир кычкач жасады. Ошондон баштап иши кайра илгери жүрө баштады. Экинчи мактанганды койду.

Бир күнү Дөөтү уста тегирменин жүргүзөйүн деп ташын чегип болуп, суу жыгайын деп жатса, тегирмендин

чатырында бир ителги отурган экен. Дөөтүгө салам берип, өзүнүн эмнеге келгенин айтты: «Мен сиз менен мелдешейин деп келдим эле. Эгерде мен сиздин тегирмендин ташын жара тээп, жүргүзбөй койсом, мага алтындан текөөр салып бересизби?» – деп сурады. Дөөтү уста: «Кой, антип бекер убара болбо. Эгер жара тебе албасаң уят болосуң». Ителги болбоду. Ошентип мелдеш башталды. Ителги асманга атып чыгып, типтик куушурулуп келип тегирмендин ташын жара тээп, кайра асманга атып чыкты. Дөөтү уста ителги кайра имерилгенче ташка кадоо салып сууну жыгып, тегирменди жүргүзүп жиберди. Ителги кайрылып келип караса, тегирмен кадимкидей эле жүгүрүп жатат. Өз көзүнө ишенбей көпкө таңыркап карап турду. Качан гана устанын айлакерлигине жана амалына түшүнгөндө, ыза болгон ителги ыйлап жиберет. Ошондон ителгинин көзүнө жаш тоңуп калган. Көзүнүн жашын ушул кезге чейин аарчыбастан, ителги ички ызасын чыгаруу үчүн түркүн кушка кас болуп, алдынан чыкканын жара тээп кете берет экен.

Ал эми Дөөтү устага ителги кайрылып келген жок. Эгер келсе тегирменин токтотуп, чын эле анын эрдигин көрсөтмөк, ызасын басмак. Дөөтү уста да ушул кезге чейин ителгини келип калабы деп күтүп жүргөнүн айтышат.

## ЧОМОТОЙ САЯТЧЫ

Бир күнү кузгун Чомотой саятчыга келип, саламдашып, күңгөй-тескейден көргөн-билгендерин айтып берип, көпкө аңгеме курушту. Андан соң эмнегедир ыйлап жиберди. Чомотой мурун шайыр отурган эле, тигинин ыйлаганын көрүп, катуу чочуп кетти. «Эмне капаң бар, Куке, батыраак айтып жиберчи. Менин колумдан келчү иш болсо жардамдашайын. Кимдир бирөөдөн ыза көрдүңбү, же байбичең көрүнбөй ка-

лыптыр, сыркообу?» – деп сурады. «Жок», – деди кузгун. «Ар жылда алты балапандуу болобуз, чоңоюп темир канат болгондо эле, уянын кырына чыгамын деп, биз жокто учуп өлүп калышат. Уяны зоого, тал башына да салып көрдүк, эч пайда чыкпады, Чомоке. Бүгүн да кемпирим кайтарып калды, мунун айласын кандай кылабыз? Кечээ да бирөөнөн ажырап калдык», – деп кайрадан ыйлады.

Чомотой саятчы кемпирин чакырып: «Байбиче, бир түрүм шоона ала келчи», – деди. Кемпири алып келген шоонаны кузгунга берип: «Эси жок десе, ме мобу шоона менен уянын кырына жетпес кылып бутунан байлап койгун», – деп жипти берди. Кузгун Чомотойдун акылына ыраазы болуп, шоонаны алып кубанычтуу үйүнө кайтты. Ал балапандарынын ар бирин бутунан уяга байлап койду. Ошондон кийин кайда барса да, капарсыз учуп кете берүүчү болушту. Балапандар канатын күүлөп уча турган болгондо, буттарын чечип уядан учуруп чыгышты. Кузгун кубанып: «Эми Чомотойдун акысынан кутулушубуз керек», – деди кемпирине. Ал алыскы Каухар-Төрдөн балапандарынын баарына чүкөдөйдөн каухар тиштетип келип Чомотойго беришти. Карыя да ыраазы болуп, балапандарды жонунан сылап, батасын берди. Мына ошондон кийин кузгун дайыма балапандарын аман-эсен учурат экен.

## КӨНӨЧӨК КИЙГЕН ТҮЛКҮ

Илгери бир кемпир-чал болуп, алардын жалгыз кара ую бар экен. Уюнун сүтүн ичип, каймагынан каттама жасап жеп күн көрүшчү. Кемпир табакка жыйнаган каймагын тактанын алдына койчу. Муну бир шум түлкү байкап калып, күн алыс келип жеп кетчү болот. Кемпир аны мышыгынан көрүп, эми каймакты оозу тар көнөчөккө куят.

Күндөрдүн биринде баягы түлкү кемпир-чалдын үйүнө дагы келет. Каймак табакта эмес, көнөчөктө экен. Түкөң жанталашып жатып көнөчөккө башын салып, каймакты жеп алат. Анан башын чыгармакчы болду эле, бирок болбоду. Башын куткарар эмес. Түлкүнүн айласы кетти да:

– Көнөчөк аке, эми тамашаңды кой. Ушунчалык убара кылганың деле жетишет. Үйдө бачиктерим калган, коё бериңиз, – деп жалынды.

Анда көнөчөк ага кекээрдүү сөзүн жөнөттү.

– Кайран түлкүм, келип жатат күлкүм. Сени конокко чакырдым беле, эми коё бер дебе. Каймак жейм деп үйгө киресиң, анын таттуу экенин билесиң. Мен бир аз тамаша кылсам, «үйгө барайын, бачиктерим бар» деп чебелектейсиң. Жок, сен үйүңө барбайсың, экинчи көнөчөккө башыңды салбайсың!

Түлкүнүн күйбөгөн жери күл болду.

– Эмесе сенин жазаңды берейин, өзүңдү сууга агызып жиберейин, – деп түлкү өзөндү көздөй жөнөдү.

Түлкү келип башын сууга салды. Көнөчөккө суу толуп, түлкү тумчугуп кулап түштү. Куу түлкү дал ушинтип өлгөн экен.

## БАЛТА ЖУТАР

Илгери бир заманда Чомотой аттуу саятчы болгон экен. Ал бүт куштардын тилин билип, алар менен кадимкидей сүйлөшчү экен. Ал бир күнү өз үйүнүн жанындагы дөңдө отурса, бир көк жору учуп келип, Чомотой саятчыга салам айтат. Андан соң саятчыга катуу таарыныч кылып: «Мен болсом бардык куштардын чоңу, зору, төрөсү болсом, анын үстүнө сакалдуумун, жүндөрүм да буудайыктыкындай чарала. Таз жорудай тарп аңдып, сасыган эт жебеймин, тишиме, тамагыма жумшак деп сөөк жеймин. Менин адамзатка бол-

гон таарынычым, мени жадагалса бүркүткө да теңебей жору деп коюшат экен. Мени өз атымдан эле аташпайбы? Же Кумайыктын энеси Буудайык деп аташса жаман болобу?» – дептир капаланып.

Чомотой карыя боору эзилгенче күлүп: «Мына, мына, муну жутуп жиберчи, мен ошого карап жакшы ат берейин!» – деп колундагы ак балтаны оозуна кармай берди. Ошондо көк жору ап эттире сугунуп жиберген экен.

– Мына атың да даяр болду. Анык балта жутар экенсиң!» – деп Чомотой саятчы ого бетер күлгөн экен.

Көк жору ошондон баштап «Балта жутар» атка конуп, өзү болсо саятчынын койгон атына ушул күнгө чейин ыраазы экен.

## ЧИРКЕЙ, ЧАБАЛЕКЕЙ ЖАНА ЖЫЛАН

Илгери, илгери жер жүзүн топон суу каптаганда, Нук пайгамбар «жан-жаныбарлардын тукуму үзүлбөсүн» деп ар уруу жаныбарлардан бир эркек, бир ургаачы кылып, кемеге салып жиберген экен. Күндөрдүн биринде кемеде тешик пайда болуп, суу кемеге кире баштайт. Көрсө, аны чычкан тешиптир. Нук пайгамбардын айласы кетип:

– Ким бул тешиктен суу өткөрбөй жаап тура алат! – деп жар чакырат.

– Мен суу киргизбей кармап турам! – деп жылан чыгат.

Ошол убадасына бек болуп, топон суу бүткөнчө наар албай, бир тамчы сууну кемеге киргизбей тосуп турат. Алар акыры кургакка чыгышат. Нук пайгамбар жыландын эмгегине ыраазы болуп чакыртат.

– Жылан сага ыраазымын. Эмгегиңе кандай акы аласың? – деп сурайт.

– Дүйнөдө эмне таттуу болсо, ошону алам, – дейт жылан.

–Эмесе, ар бир жаныбардын, жемиштин даамын татып, кимдики таттуу экендигин билип кел, – деген Нук пайгамбар макул болот да, чиркейди жумшайт.

Чиркей бүт ааламды кыдырып, жан-жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн даамын татып, кайра келе жатканда, анын алдынан чабалекей тосуп:

–Чиркейим эмненин даамы таттуу экен? – деп сурайт.

–Баарынан адамдын каны таттуу экен, – дейт чиркей.

–Тилиң кандай болуп калыптыр, таттуу даамга кандай болгонун көрөйүнчү? Тилиңди бери сунсаң? – дейт чабалекей.

Чиркей тилин суна бергенде анын тилин сууруп алып, чиркей менен Нук пайгамбарга чогуу учуп барат.

–Кана чиркейим, эмненин даамы таттуу экен? – деп Нук пайгамбар чиркейден сураганда, ал «кың-кың» этип эч нерсе айталбай коёт.

–Баканын каны таттуу экен деп жатат, – деп чабалекей жооп берет.

Чабалекейдин сөзүнө ачуусу келген жылан куйругу менен бир чапканда, чабалекей учуп кетип, куйругу экиге бөлүнүп, ошондон улам эки ача болуп калыптыр.

Нук пайгамбар чабалекейдин сөзүнө ишенип, баканы жыланга буюруп коюптур. Ошондон улам жылан бака соруп калат. Эгерде чабалекей болбогондо жылан адамдын канын соруп калмак экен. Жылан менен чабалекейдин өч болуп, адам менен чабалекейдин дос болуп калышы ошондон улам болуптур дешет.

## АЧ КАРЫШКЫР

Чоң суунун боюн жеке ээлеп, ошол жерде оюна келгенди кылган, жолукканды тытып жеп моокум кандырган көк жал болуптур. Ошол суунун боюн ээлегенине элүү жыл болот. Бирок топук кылып тойбой, акыры «ач карышкыр» деген атка конуптур.

Күндөрдүн биринде адатынча жортуп келатып, карышкыр канаты сынган Карчыгага кезикти. Анын кубанычы койнуна батпай:

– Ой Карчыга, ырас болбодубу ач элем, эми сени жейм! – дейт.

– Эмне үчүн, Каке. Эмне күнөө кылдым? – деп сурайт Карчыга.

– Сенин күнөөң эле ушул, жолумдан жолуктуң. Курсагым ачка, таппадым сенден башка, – деди тилин салаңдатып, шилекейин агызып.

– Андай кылба, Каке. Мени жегениң менен карыныңа как, жумуруңа жук болбойм. Карап көрсөң, аркайган гана сөөгүм турат. Мындан ары барсаң, тээтиги дөбөдө узундугу бир кулач чучук жатат. Ошону жесең оюңча тойбойсуңбу? – деди Карчыга.

– Сенин айтканың да ырас, – деген карышкыр жортуп дөбөгө чыгып барды. Карчыга айткандай эле бир кулач чучук жаткан экен. Кубанып:

– Ой, Узун Чучук, араң жеттим чуркап учуп, азыр сени жейм!

– Эмне үчүн жейсиң, Каке? – деп сурайт Чучук.

– Курсагым ачка, буюрбаптыр сенден башка, – деген Карышкыр тилин салаңдатып, шилекейин агызды.

– Жоок, Каке, мени жегениң менен тишине тыгын да болбойм. Андан көрө тээтиги кырды ашсаң, ак улак ойноп жүрөт. Ошону жесең, улактын эти капшытыңды чыгарбайбы!

Муну укканда карышкыр ичинен кымыңдай түшүп, желип-жортуп кырды ашып, улакка кандай жеткенин өзү да билбей калды.

– Ой, Улак, мен сени жеймин!

– Эмне үчүн? – деп сурады Улак.

– Курсагым ачка, буюрбады сенден башка!

– Жоок, Каке, мени жебе. Көрчү кандай арыкмын, этим көк жашык, каным болсо бир кашык. Мени жегениң ме-

нен тойбойсуң. Мынабул тоонун ары жагында чоң кара Эчки жүрөт. Ал семиз, ошону жесең жыргабайсыңбы, – деп улак чебеленип жан-алы калбады.

Карышкыр буга да макул болуп, даң салган бойдон тоону ашып, чоң кара Эчкиге жетип барды.

–Ой, Эчки, азыр мен сени жеймин! – деди Карышкыр.

–Эмне күнөөм үчүн жейсиң? – деп сурады Эчки.

–Курсагым ачка, буюрбаптыр сенден башка.

–Мен бир жегенден чыкпайм, эртең да тамак издейсиңби анан. Андан көрө тээтиги өзөнгө барсаң, чоң боз Бээ баткакка тыгылып жатат. Аны жесең үч-төрт күндүк оокат болбойбу, – дейт Эчки.

–Сенин айтканың акыл экен, – деген ач Карышкыр желе-жорто өзөн бойлоп жетип барды. Бээни көргөндө көзү кызарып, шилекейи агып, эми муну жебесем болбойт, деп сүйүндү.

–Ой, Бээ, мен азыр сени жеймин! – деди Карышкыр.

–Эмне үчүн жейсиң? – деп сурады Бээ.

–Курсагым ачка, буюрбаптыр сенден башка.

–Болуптур эмесе, – деген Бээ макул болду. – Оболу мени баткактан чыгарып, анан жегин да...

Карышкыр макул болуп, чоң бээни баткактан араң чыгарды. Анан тишин арсайтып, тилин саландатып бээни жемекке тап койду.

–Токто, карышкыр, сен оболу менин арткы туягыма өзүңдүн ким экениңди жазып коюп, анан жесең деле жетишесиң, – деп Бээ туягын тозду. Карышкыр ага макул болуп, туягына кат жазып жатканда, Бээ келтирип туруп карышкырды тумшукка тепти да, өзү оюн салган боюнча жөнөп кетти. Ач карышкыр сендиректеп ордунан туруп, кан жалаган башын мыкчып, арманын айтат дейт:

«Карчыганы жебеген, кайран башым.
Кулач чучук жебеген, курган башым.
Ак улакты жебеген, аңкоо башым.

Кара эчкини жебеген, каткан башым.
Балчыктан байтал суурган, балбан башым.
Таманына кат жазган, молдо башым.
Тарс эттире тептирип,
Өлүп кала жаздаган,
Оо-олда курган башым!»

Бээ тепкен баш соо калчубу, бат эле кабылдап, көп узабай баягы ач көз ачка карышкыр өлүп тыныптыр дешет.

## КУЙРУГУН ЖАЗАЛАГАН ТҮЛКҮ

Түлкү талаада жойлоп жүрсө, ит агытып куш салган аңчылар көрүп калат. Алар дароо тайгандарын агытып, түлкүгө коё беришет. Түлкү жанталашып качып отуруп, баары бир тайган узатпасын билгенден кийин ошол арадагы чоочун ийинге кире качат. Кудай жалгап ал ийин да бош экен, түлкү тигилерден кутулдум дегендей демин басат. Ал эми тайгандар түлкү баары бир чыгат дегендей ийинди тегеректеп тура беришет. Бир аз эс алган түлкү денесин бир сыйра кармалап көрүп, анан:

– Көзүм, көзүм, сен эмнени көрдүң? – деп көзүнөн сурант.

– Мен болгон окуянын баарын көрүп турдум. Тайгандар жакындап келип калганын көрүп, анан дароо ушул ийинди таптым, – дейт көзү.

– Кулагым, сен эмне кеп уктуң? – деп кулагынан сурайт.

– Аңчылардын кууп келе жаткандагы кыйкырыктарын, арсылдаган иттердин үнүн уктум. Сага алардын жер жарган дабышын билгиздим.

– Ээ, мурдум, сен эмне кылдың? – деп түлкү мурдунан сурады.

– Мен иттердин коңурсуган жытын сезип, сага билдирдим, – дейт.

–Буттарым, силер эмне кылдыңар? – деп буттарынан сурайт.

–Биз күчүбүздүн келишинче тез чуркап, иттерге жеткирбей, сени ушул ийинге алып келбедикпи, – дейт буттары.

Алардын жоопторуна маашырланган түлкү ыраазы болуп, иттерге мыйыгынан күлүп шылдыңдап отуруп, анан куйругу эсине түшөт да:

–Ээ, куйругум, сен эмне кызмат кылдың? – деп андан сурайт.

–Мен баарыңардын артыңарда келе жаттым. Тайгандардын тили чала-чарпыт тийип өттү. Ошондо коркуп кетип, арткы эки бутуңдун ортосуна кире качтым. Жүрөгүм түшүп калды, – деп жооп берет.

Куйругунун жообуна наараазы болгон түлкү абдан ачуусу келди.

–Сен мага колдоо кылыштын ордуна жанталашып чуркап келаткан буттарыма тоскоол болгоң турбайсыңбы. Сенин оюң арам турбайбы. Мага мындай мүчөнүн кереги эмне? Ошондуктан сени азыр эле иттерге салып берип, акеңди таанытайын! – деп арты менен жылып, куйругун ийинден чыгарып бултактатат. Ийиндин оозунда аңдып турган тайгандар дароо куйруктан тиштеп түлкүнү ийинден сууруп чыгышат да, бир заматта алкымдап өлтүрүп коюп, аңчыларды күтүп калышат.

Ошентип, куйругуна ачууланып, анын жазасын берем деп, аңкоо түлкү тайгандардын жеми болуптур.

## КИМ КҮЧТҮҮ

Кыштын күнү кызыл кыргоол жээктеги бадалдан койкоюп чыгып, чаңкаганын кандырыш үчүн ойдогу суугa кирди. Каптаган көк музду кыдырып жүрүп, күбүрдү араң таап, муздак суудан иче баштады. Ошондо булайган куйругу музга чап жабышып, чыкпай калган экен.

–Ой-эй, көк муз! Бул дүйнөдө сенден күчтүү эч ким жокпу дейм. Заматтын ортосунда куйругумду куп кармапсың, – деди кыргоол музга.

–Жок, кыргоол, – деди көк муз. – Менден жамгыр күчтүү. Ал жаап келгенде тымтыракайым чыгып эрип кетем.

Ал сөздү угуп калган жамгыр шатыратып келип:

–Мен кайдан күчтүү болоюн. Менден жер күчтүү, канчалык шатырата жаасам да, бир заматта соруп алат, – деди жамгыр.

Анда жер да ары-бери солк этип, күңгүрөнүп тилге келип:

–Менден токой күчтүү. Ал үстүмдү каптап, жалбырактуу бутактары жайылып, болгон күчүмдү бүт тартып кетет, – деди.

–Жо-ок, кайдагы күчтү айтып жатасың. Менде да күч жок! – деди токой шуулдап. – Күчтүү деп өрттү айт. Ал каптаса соройгон сөңгөгүм гана калат.

Муну уккан өрт жалбырттап келип:

–Менден шамаал күчтүү. Андан аябай корком. Шамаал катуу соккондо чаңым асманга чыгып, кайда качарымды билбей калам! – дейт.

–Ырас эле менде күч көп, – деди тигилердин сөзүн угуп жаткан шамаал. – Жыгачты түбү менен жулам, үйдү кулатам, отту чачам. Бирок ошондой болсо да жерге жаңы чыккан көк чөпкө түк алым жетпеди. Канчалык каардanып соксом да, ал былк этип койбойт. Ошондуктан мен ойлойм, көк чөп күчтүү го...

Анда көк чөп чыйылдап сөзгө келиптир:

–Менде эч кандай деле күч жок. Калың кой каптаганда чымчылап, мүлжүп жеп, туягы менен тепсеп, таза айламды кетирет. Жо-ок, баарынан кой күчтүү, – дейт чөп.

Анда маңкайган кой байкуш минтип маараган экен:

–Ма-аа, ма-аа, менде балээнин күчүбү? Көк бөрү жолукса куйругумду бир апчып сугунуп, ал аз келгенсип ал-

кымдап канымды соруп кетет. Дүйнөдө карышкырдан өтөр балбан жок, – деди.

–Силер таптакыр эч нерсе билбейт турбайсыңарбы, макоолор! – деп улуду көк бөрү жонго чыгып. – Баарыбыздан адам күчтүү! Ал кыргоолду кылтактап алат, музуңду жарып салат, жаан канча жааса да тоотуп койбойт. Жериңди бир жылда эки курдай тытып айдап, жыл боюнча жанын тындырбайт, токойуңду каалаганынча кыркып алат, өрттү дароо өчүрөт, шамаалды өз пайдасы үчүн жумшайт, чөптү чаап алат, койду союп жейт. Мендей карышкыр эмес, илбирс, жолборсуңду жок кылат. Ошондуктан бул дүйнөдө баарынан киши күчтүү, – деген экен.

## ТӨЛГӨЧҮ КАРГА

Бар экен, жок экен, илгери бир жетим бала болуптур. Ал бала дайыма тузак тартчу экен. Бир күнү тузагына карга илинип калат. Бала тузагын таштап, карганы койнуна катып алып, карга көрбөгөн шаарды көздөй жол тартып, күндөп-түндөп жүрүп отуруп, араң бир шаарга жетет. Ал шаардын четинде бир дыйкан кош айдап жүргөн экен. Бала каргасын колуна кондуруп алып өтүп кетип бара жатса, дыйкан баланын колундагы карганы көрүп таң калат.

–Ой бала, колуңдагы кондурганың эмне? – деп сурайт дыйкан.

–Бул бардык нерсени билген төлгөчү, – дейт бала.

–Төлгөчү болсо, мага сатпайсыңбы? – Дыйкан кызыгып калат.

–Сатса сатайын, – дейт бала.

–Сата турган болсоң, тээтиги көрүнгөн менин үйүм, ошондо алып баргын. Мен мобул калган жерди айдап бүтүп, аркаңдан барам. Үйдө кемпирим бар, бара бер, – дейт дыйкан.

Бала макул болуп, каргасын кайта койнуна катып, ошол дыйкандын үйүн көздөй жөнөйт. Үйдүн жанына келип, акырын тешигинен караса, дыйкандын аялынын жанында бир киши отурат. Бала байкап көрсө, тиги киши дыйкандын аялынын көңүлдөшү экен. Баягы аял тиги көңүлдөшүнө жасаган тамактардын артканын бир табактын астына, каттаманы экинчи табактын астына, куймакты дагы бир табактын астына катып коёт.

Бала бардыгын көрөт да, үйгө кирмекчи болот. Сырттан баланын дабышын угуп калып, дыйкандын аялы көңүлдөшүн сандыкка салып бекитип коёт. Бала үйгө кирип барып, каргасын колуна кондуруп отурат. Бир аз өтпөй дыйкан келет. Бала экөө чай ичишет. Чай ичип отуруп бала карганын куйругун кармап койсо, карга «каак» этип коёт.

– Балам, төлгөчүң эмне деп жатат? – деп сурайт дыйкан.

– Тетиги табактын астында каттама бар деп жатат, – деди бала.

– Кана, катын, табагыңды аччы? – деди дыйкан. Катыны ачты эле чың эле каттама чыкты.

Дыйкандын аялы эмне кыларын билбей алдастап калды.

– Бери алып кел, – деди дыйкан. Бала экөө каттаманы жеп отурушканда бала дагы карганын куйругун кармап койду эле, дагы «каак» деди.

– Төлгөчүң дагы эмне деп жатат, балам? – деп сурады дыйкан.

– Аркы табактын астында куймак бар деп жатат, – деди бала.

Табактын алдын каратса, чын эле куймак бар экен. Дыйкан төлгөчү каргага абдан кызыгып, бала менен соодалашып он дилдеге, бир эшекке сатып алат. Бала дилде менен эшекти алып жолго түшөт.

Дыйкан төлгөчү карганы үйгө калтырып, өзү эшикке чыкканда катыны каргага жакындаганда, карга «каак» этип учуп барып сандыкка конот.

Көңүлдөшүмдү билип койгон экен деп ойлогон дыйкандын аялы жанталашып жатып карганы түндүктөн чыгарып жиберет. «Каак, каак» деген боюнча карга учуп өз жолуна түшөт.

## ТААН ПАДЫША

Илгери, илгери бир кемпирдин жалгыз баласы оокат-турмушу начар болгондуктан, ар кандай куштарга кылтак салып, ошо менен күн көрүшчү экен. Бир күнү кылтагына таан түшүп калат. Бала кылтакка барып таанды чыгарып алайын десе, тиги кадимки кишиче сүйлөп:

– Капыстан сенин кылтагыңа түштүм. Эмне десең, ошону берейин, мени куткарып жибер. Менин атам па-дыша. Төрт түлүк мал канча десең ошончо болот. Азыр коё берсең, мен учуп отуруп жети белес ашам, сен ошол белестерди байкап калып, менин артымдан бара бер. Төрт белести ашкандан кийин менин атамдын жылкыларына кез болосуң. Ал жерге түнөп алып, андан ары сурай-сурай бара бергин. Атамдын жайыл супарасы бар. Анын мааниси: «жайыл, супара, жайыл» десең ар түркүн даамга толуп чыгат. Ошону атамдан сурап алсаң, энең экөөң тың оокат кылып кетесиңер, – дейт таан балага жалдырап карап.

Бала таанды коё берип, энесине айтпастан таан учуп кеткен жакты көздөп бара берет. Жүрүп отуруп төртүнчү белеске келет. Ал белести ашып жылкычыларга жетип, ал жерге түнөп алып, эртеси жер жайнаган төрт түлүк малды көрүп, улам сурап отуруп Таан падышанын үйүнө кирип барат. Бала салам айтып, Таан падышанын очогунун жанына отура кетет. Үйгө кирген баланы көрүп Таан падыша:

– Кайдан келе жаткан баласың? Атаң ким, өз атың ким? – деп сурайт.

Анын сөзүнө жооп бергенче кылтакка түшкөн таан келип, баланы тааный коюп:

– Ата, мени өлүмдөн куткарып калган бала ушул болчу. Эмне сураса, ошону бергин! – деп атасына карайт.

Баланы Таан падыша конок кылып, абдан сыйлайт. Бир кезде эмне сурайсың деп балага кайрылат. Бала баягы жайыл супарасын сурайт. Таан падыша кыйылып туруп сураганын бербей коюшка аракет кылып:

– Төрт түлүктөн канча сурасаң ошончону берейин. Каалаган дүнүйө сура, каалашыңча алтын берейин, – деп балага карайт. Бала макул болбой тура берет.

– Мени өлүмдөн алып калган досума сураганын бербейсиң! – деп таарынган падышанын баласы күйүп турган отко түшө калат. Ошондо шашып кеткен Таан падыша баланын сураганын берип, баласын оттон чыгарып алат. Ыйык нерсесин алдырып жиберген Таан падыша калп эле күлүмүш болуп баланы узатат.

Бала коштошуп жайыл супарасын көтөрүп алып энесине келет да, анын алдына супараны жайып: «Жайыл, супара, жайыл, дүйүм тамакка тол!» десе дароо атаган тамактары даяр болот. Бала менен энеси таандын аркасы менен жыргап-куунап жашап калышкан экен.

## АЛДАНГАН БҮРКҮТ

Куу түлкү жойлоп жүрүп, акыры бир айылдын четиндеги дөбөгө туш келет. Ал дөбөнүн күн батыш тарабында момолой чычкандардын бир нече ийини бар экен, аны көрүп түлкү кубанычка батып, ылайыктуу жер таап ошого жашынып жатат.

Бир маалда күнгө召 кактанганы чыккан чычкандар бири бирине кабар бергенсип чыйылдашып жатып сыртка чыгышат. Ушуну эле күтүп турган куу түлкү бир-эки секирүү менен эки чычканды кармап жеп курсагын кампайтып эмн өзү күнгө кактанып жатканда аркы дөңгө чыга келген бүркүтчү дароо түлкүнү көрүп, колундагы бүркүтүн коё берет.

Кылактап дөңдү айлана качкан кызыл түлкүнү көргөн бүркүт анын артынан түшөт. Бүркүттү көргөн түлкүнүн да айласы кетип, кайда качарын билбей, туш келди чуркап отуруп эски конуштун ордуна туш келет. Ары чуркап, бери чуркап, баары бир бүркүттөн кутула албасына көзү жетип, айласын таппай турганда, эски журттун четиндеги казыкты көрө коюп сүйүнүп кетип, ажалдан арачалап кала турган нерсе табылды дегендей дароо казыкты эки бутунун ортосуна кыпчый чокчойуп отуруп берет.

Куу түлкүнүн оюн түшүнбөгөн эр көкүрөк бүркүт бир аз бийиктей түшүп, анан бүркүттү карай шукшурулуп жөнөйт. Түлкү эч кыймылсыз бүркүттүн зуулдап келе жаткан кебетесинен көз албай тура берет. Бүркүт мына чапчып аларда булт этип казыктан чыга берет. Куу менен келген алгыр бүркүт кайра кайкып кетерде казыктын учу ичин жарып, ошол жерде мүрт өлүмгө туш болот.

Бүркүттүн артынан чаап келе жаткан мүнүшкөрдү шылдыңдагандай куу түлкү чокчойуп тура калып, анан ылдыйкы токойду көздөй зымылдап жөнөй берди. Ошентип куу түлкүнүн оюна түшүнбөй бүркүт бөөдө өлгөн экен.

# Турмуштук жомоктор



## ЖЭЭРЕНЧЕ ЧЕЧЕН МЕНЕН АКЫЛ КАРАЧАЧ

Өткөн бир заманда өзү чечен, сөзү бекем Жээренче чечен деген киши болуп, анын Төлөн мырза деген уулу бар экен. «Өмүрүндө чын сүйлөбөгөн калпычы бала» деген сөздү Жээренче чечен күн сайын элден угуучу болду. Бир күнү Төлөн мырзаны сынамак үчүн, караңгы түндө ээрчитип келе жатып: «Балам, менден көрө көзүң курч эмеспи, асты жагыңды карачы, мага аркарга окшогон бирдеме көрүнөт», – дейт. Анда Төлө мырза: «Аркар экен, ата, козусун эмизип турат», – дептир. Ошондо Жээренче чечен: «Жаның чыккан баламдын жалганчысы чын экен», – деп өкүндү. Төлөн мырза карга атса, кийик аттым деп элге мактанат. Төлөн мырзанын колунан эч нерсе келбейт, бул иш эл үчүн да, атасы үчүн да маалым болду. Төлөн мырза бир күнү көпчүлүк элге адатынча мактанып калды: «Баягы күнү бир кийикти атып жиберсем, ок кулагынын учу менен туягынын учуна тийип, кийик аман кутулуп кетти», – дейт.

Анда Жээренче чечен: «Ата балам ай, туягы менен кулагына тийсе, кийик кашынып турганда аткан экенсиң ээ», – деди. Төлөн мырзанын калп сөзүнө айраң калып турган элге, Жээренче чечендин сөзү орундуу болуп жууп кетти. Үйүнө келгенден кийин: «Ата жаның чыккан балам, эпсиз жерден калп айтып, эбине келтире албай эсим кетпедиби, мындан кийин адам болом десең, калп айтпа. Калп айтсаң өмүрүң менен ырысыңа чоң зыян келтирет» – деп жалгыз баласынын жанына тынчы жок, сөзүндө чыны жок, жаман чыгып калганына капаланды.

Бир күнү баласын ээрчитип келе жатып: «Ат жалына казан ас», – деди. Төлөн мырза түшө калып аттын жалына от коюп, өрттөп жиберди. Жээренче чечен: «Ээ балам, ат жалына казан ас деген, канжыгадагы тамакты ат үстүнөн жейли деген сөз болот», – деп түшүндүрдү. Алар дагы бир топ узап баргандан кийин: «Балам, узун жолду

кыскарт»,– деди. Төлөн мырза түшө калып жолду кетмендеп калды. Жээренче чечен: «Кетмен менен кыскарта албайсың, балам. Узун жолду кыскарт деген, өткөн-кеткенден кеп сал деген сөз. Кеп эрмек болот, адамга жолдун кандай өткөнү билинбей калат. Узун жолду жүрүшү жакшы ат менен кызыктуу сөз гана кыскартат», – деп дагы түшүндүрдү.

«Бул боюнча калганда жалгыз уулум, Төлөн мырзам, мырза да болбой, тукум да, туяк да болбойт экен. Аял жакшы болсо – эр жакшы болот, акыл кошот, ырыскы жугушат, деген эл сөзү бар эмеспи. Дүйнө жүзүнөн издеп болсо да, бир жакшы колукту алып берейин», – деген Жээренче чечен атты келтирип минип, тондун жакшысын кийип, эл аралап кыз издеп чыкты. Барбаган эли, бастырбаган жери калбай, алты ай чамасында жүрдү. Кыз – элде көп, бирок Жээренче чечендин издеген кызы табылбады.

Акыры капа болгон чечен үйүнө кайтмак болду. «Баламдын бактысы жок жаралган экен да, ушунча журттан бир ылайыктуу кыз табылбаганы ошол эмеспи», – деп келатса, айыл четинен бир топ кыз-келиндердин отун көтөрүп баратканын көрөт. Ал аңгыча күн жаап кирди.

Келиндердин алы келгендери музоосун жетелей, отундарын көтөрө үйлөрүнө жөнөштү. Кыздардын баары музоолорун эмизип, отундарын таштай үйлөрүнө качышты. Бир кыз гана музоосун эмизбей кармап, отунун чапаны менен жаап, өзү болсо отундун алдына отуруп алды. Жээренче чечен кыздын жанына келип: «Ээ балам, тиги кыздар жүгүргөн боюнча үйлөрүнө кетти, сен эмне үчүн жаанды тосуп отуруп калдың?» – деп сурайт. Анда кыз: «Ээ ата, ал кыздардын төрт зыяны бар, менин бир зыяным, үч пайдам бар», – дейт. «Пайдаң кайсы?» – деп сурап калды Жээрен чечечен. «Музоом энесин эмген жок, отунум кургак калды, өзүм суу болгонум жок, энем үйгө барганда урбайт – бул үч пайдам. Чапаным суу болду – зыяным ушу. Кыздардын музоосу энелерин ээмп кетти, отуну

суу болду, кийимдери да суу болду, музоону эмиздиң деп энелери урат, качып кеткен кыздарга төрт жагынан тең зыян болду», – деп жооп берет.

Жээренче чечен: «Жарадың балам, силердин үйүңөр кайсы? – деп сурайт. «Ээ ата, айылга барсаңыз эле таап аласыз, келиштирип кырк найза сайган үй биздики», – дейт. Издегеним табылды го, деп сүйүнгөн Жээренче чечен айылды аралап кырк найза сайылган үйдү таба албайт. Андай үй болбогондуктан, кыз мага табышмак кылып, кырк уугу көрүнүп турган үйдү айтса керек деп, Жээренче чечен ошондой үйгө барып түшөт. Ата-энеси дагы жакшы адамдар экен. Алынча сыйлап сүйлөшүп отурушту. Аңгыча күн ачылды, отунун көтөрүп, музоосун жетелеп кызы келди. Кыздын аты Карачач экен. Мейманга деген тамак желип, эл жатар мезгилде кыздын ата-энесине Жээренче чечен сөз баштады:

– Менин жалгыз уулум бар. Өзүмдүн атым Жээренче-чечен, уулумдун аты Төлөн мырза. Балама элибизден кыз жакпай, алты ай болду жолго чыгып кыз издегениме. Ушул сиздин кызыңызга көңүлүм түштү. Кудай буйруп, куда болсок, балам экөөнүн бактысы ачылса деген талабым турат. Эгер силерге бул сөзүм эп болсо, кызыңарды уулума берсеңер деп сурап келдим, – дейт Жээренче чечен.

– Сиздин айтканыңыз жакшы кеп экен. Биз өзүбүз кембагал адамдарданбыз. Жалгыз карманган кызыбыз. Сиз элге белгилүү Жээренче чечен болсоңуз, уулуңуз элден кыз жактырбаган Төлөн мырза болсо, биздин кызды жактыраар бекен? Буга жоопту кызым өзү билип берсин. Кызыбыз эмне десе, биз макулбуз, – дешет ата-энеси.

Бул сөздү угуп отурган Карачач атасынын сөзүнө карата: «Бул киши алыстан келген азиз мейман экен, кызым билет деп мага шылтаганыңар туура эмес. Эзелтен келаткан нускаңар, нарк-санатыңар бар. Бир кызды ата билип берет, бир кызды эне билип берет, акыры иш орду-

на келет. Берер болсоңор мага шылтоо кылбай эле, абийирдүү киши көрүнөт, түз жооп бербейсиңерби», – дейт. Бул кыздын айтканына Жээренче чечендин ичи ысып кетти, сөзгө кирди:

– Кана кудагый, оозум батып айталбай отурдум эле, мага балам өзү жооп берди. Карачачтын аты – Акыл Карачач болсун, бактысы ашык болсун, жей турган калыңыңарды айткыла. Эл көзүнө көркөмдүү түшкөнүм жакшы болот, төөдөн, жылкыдан, уйдан, койдон канча менен келейин. Атабыз кыргыз болгон соң, салтыбыз, наркыбыз орду менен өткөнү жакшы. Жакшылык талап – өмүр соодасы эмеспи, – деп Жээренче чечен айтып калды.

– Жалгыз кызымдын калыңын айтып, башына аркан салгансып малга кантип айырбаштайын. Жол-жобосун, наркын-салтын кызым өзү эле билсин, – деди кыздын энеси.

– Менин ата-энем бечера кишилер, кызын малга сатышпайт. Кызы да малга сатылып барбайт. Карачач орду табылган, кадыр-көңүл түз келген жерге барат, – деп Карачач жооп берет.

Бул сөздү уккан Жээренче чечен таң калып, үйүнө барды. Токсонбай кызын Жээренче чечендин Төлөн мырза деген уулуна берет экен, деген кабар элге тарады. Андан да күчтүүсү Карачач атасына калың жедирбей Жээренче чечендин уулуна барганы жатат дейт, калыңсыз кыз болсо болот, бирок каадасыз кайдан кыз болсун, барып жеңкетайын алып, тоюн жеп келебиз, дешип айыл-ападагы келиндер чогулуп келишти.

Жээренче чечен уулу Төлөн мырзаны келиштире кийинтип, мыкты жигиттерден күйөө жолдош күтүнтүп, кудасыныкына түшүп калды. Тойго малды арбын союп, башына той башкаруучу коюп, жети күн той берип, сегизинчи күнү Акыл Карачачты үйүнө алып кетти. Акыл Карачач келгенден баштап Жээренче чечендин иши оңоло баштады. Мунун кабары Жаныбек канга да угулуп, келини жакшы болуп, баягы Төлөн мырза жок, атайын

киши болуп калыптыр, деген кабар боюнча барып келинин көрөйүн деп, Жаныбек кан Жээренче чечендин үйүнө келди. Жээренче чечен кандын үйүнө келгенине сүйүнүп жакшылап конок кылды. Жаныбек кан Төлөн мырзанын колуктусун үстүнө чакыртып алып:

– Келинде төрт суроом бар. Акыл Карачач жооп берсин, – деди.

– Эби келсе сурооңузга жооп берейин, сураңыз, – деп айтты келин.

Жаныбек кан:

Тулпарды уйга сатса не болот?
Атты эшекке сатса не болот?
Туйгунду каргага сатса не болот?
Башы ачык адамды наадан кулга сатса не болот?

Ушул суроолорумдун жообун таап койгун, эртең кабар аламын, – деп Жаныбек кан аттанып кете берет.

Жээренче чечен кандай жооп болот дегендей капаланып отуруп калат.

– Атаке, ага анчалык эмнеге капа болосуз. Жооп табылар.. «Кандын пейли бузулса, калкына бүлүк түшөт, башына чүлүк түшөт», дептир. Кан Жаныбек жакшылык көрбөс, өзүнүн жакынынан өлөр, аман болсоңуз аны өз көзүңүз менен көрөрсүз, мен анын сөзүнө жооп берем, – дейт.

Кан Жаныбек эртеси эртелеп келип, сөзүнүн жообун сурады. Ошондо камыкпаган Акыл Карачач жайбаракат отуруп канга берген жообу:

«Жаныбек каным, бузулду заңың,
Бул кандай жорук, тынчыбаган жаның.
Тулпар тушунда, күлүк күнүндө, күч бербеген тулпардан
Сүтүн берген уй жакшы, пайдасы жок туугандан –

Пайдасы тийген кыйыр жакшы.
Чабал аттан – чарчабаган эшек жакшы,
Жаш жыгач отундан – жаркырап күйгөн
тезек жакшы.
Канаты жок туйгундан – канаттуу карга
жакшы,
Карга коногон, кузгун тойгон каздын тарпынан
үксүйүп үмүт кылган туйгун оңчубу,
эртеңи салтта, эски наркта, мындай
шумдуктуу жорук болчубу?

Каным, менин тапканым ушу, сиздин укканыңыз ушу, – деп Акыл Карачач ордунан туруп басып кетти. Кан Жаныбек арданып кайтты.

Кан Жаныбек Акыл Карачачты аялдыкка алууну ойлонуп, каарын төгүп, ар түрдүү кыстоо салмакчы болуп, Жээренче чеченге желдет жиберди.

–Эртең Жээренче чечен алдыма келсин, келгенде ат минбесин, төө да минбесин, жөө да келбесин, жол менен да эмес, жолсуз жер менен да келбесин, – деп айттырат. Бул буйрукту укканда Жээренче чечен убайымга түшүп, келини менен кеңешти.

–Ата, эрте туруп текени жука токуп минип, эки жолдун ортосундагы кыр менен барыңыз. Кан суроо сураса, ат, төө мингеним жок, теке минип келдим. Жол менен да, талаа менен да келгеним жок, кыр менен келдим, деп жооп бериңиз. Ошондо кан Жайыбек сөзгө жыгылат, – деп Акыл Карачач кеңешин айтып жөнөтөт.

Жээренче чечен тепейип теке минип, эки жолдун ортосундагы кырга түшүп, кандын ордосуна барды. «Каным, буйругуңузду аткарып келдим: ат, төө мингеним жок, жөө да келгеним жок, теке минип келдим. Адам учкаштырбай жеке минип келдим. Жол менен да, талаа менен да келгеним жок, эки жолдун ортосундагы кыр менен келдим. Каным, каарыңа калгандай көрүнөм, кайгылуу сыр, калың

чер менен «келдим», – деди. Жаныбек анда да токтолуп калбай, Жээренче чечендин алдына кырк ирик салып берип: «Кырк күндүн ичинде көзүн жоготпой кырк козу козулатып бересиң», – деди.

Кырк иректи айдап капа болгон Жээренче чечен үйүнө келди. Акыл Карачач алдынан тосуп чыгып: «Ата, бүгүн койлуу болуп калыпсыз го», – дейт. «Ээ балам, атаңдын өлбөгөн жаны курусун, караган каны ушул ириктин көзүн бурбай козулатып бер дейт. Айла барбы, айдап келдим», – деп терең үшкүрүнөт. «Табылар айласы, капаланбаңыз, ата», – деген келини кырк күндө күнүгө бирден иректи союп бере берди. Жээренче чечен болсо «эрте өлгөн кулмун» деп этин жеп жата берди. Кырк күнү бүткөндө кан Жаныбек салтанат менен аттанып, койдун жообун алмакка Жээренче чечендикине жөнөдү.

Ошол күнү Акыл Карачач отун алымыш болуп Жаныбектин жолун тосуп чыкты. Көңүлү кызып калган кан Жаныбек Карачачты көрө салып, бура тартып: «Келиним отун алып жүрүпсүң. Атаң эмне кылып жатат?» – деп сурады. «Өзүм жалгызбой болгондуктан отунга келдим. Атам болсо үйдө толготуп төрөгөнү жатат», – деди. «Жаның чыккан Карачач, эркек киши да төрөчү беле», – дейт кан. «Каным, сөзүңүзгө кулдук, кан сөзү эки болбойт. Сиз берген эркек койлор да туучу беле?» – дейт келин.

Кан Жаныбек өзүнүн сөзүнө өзү байланып, сөзгө жыгылып кайтат. Кан кетери менен Акыл Карачач үйүнө келип, канга берген жообун кайнатасына айтып берди. Буга Жээренче чечен абдан ыраазы болуп, бир өлүмдөн калганына кубанды. Дагы тынчып калбады алар. Эртеси кандын дагы бир жигити келип:

– Бул буйругум эки эмес, отуз күндүн ичинде таштан тарамыш кылып, кумдан өтүк тигип берсин! – деген кандын буйругун айтты.

– Ээ кокуй, таштан тарамыш, кумдан өтүк болчубу, кулак угуп, көз көрбөгөн мындай нерсе болчубу, мындан көрө көп азаптабай, колунан келип турам өлтүрүп салып, бир жолу жанымды тындырбайбы, – деп Жээренче чечен аябай капа болду.

– Ата, сабыр кылыңыз. Сабырдын түбү сары алтын, сабыры жок Жаныбек саманын сапырып жатат. Өз калкын өзү кыстап, напсисин бузуп жатат. Аман болсоңуз, мындан арзан кутуласыз, шашпай сабыр кылып отуруңуз, мен сизге айтпадым беле:

Адамды шайтан азгырат,
Артык дөөлөт мас кылат.
Тумшугу таштай катарда,
Тууганы менен кас кылат.

Жалаң эле биз эмес, жандын баарына көзү өтүп, жабыры ашып кетти. Жетим-жесирдин ыйы жетер, ашыгып сабырсыздык кылбаңыз», – деп Акыл Карачач атасы Жээренче чеченге кайрат айтты.

Жаныбек убада кылган күнгө чейин Акыл Карачач оокатын кылып жүрө берди. Убадасы бүткөн күнү башкача кийинип, түсүн буруп жооп алмакка Жаныбектин алдына барды.

– Кан азиретим, бечерачылык кыйын экен, кумдан бир өтүк тиктирип жаттым эле, ага таштан тарамыш табылбады. Сиздин казынаңызда бардыр деп сурап келдим эле, – деп кайрылат.

Жээренчеге айткандары эсинен чыгып калган кан, тигинин суроосуна бир чети күлкүсү келип, экинчи жагына шылдыңдап жатабы деп жинденип:

– Сен кандай акмаксың! Дени-кардың сообу, же жиндисиңби? Кумдан өтүк, таштан тарамыш болчу беле. Эгер шылдыңдап жаткан болсоң, азыр башыңды алдырам, болбосо калжырабай кет! – дейт.

–Каным, оюңузга кулдук, – дейт Алтын Карачач бетиндеги жамынчысын сыйрып салып. – Сиз буюрган кум өтүк менен таш тарамыштын камында жүрдүм эле, андай болсо кандын буйругунан кутулган турбайбызбы, – деп жүгүнүп ордунан турат.

Жаныбек кан айтылуу Карачачты көрүп, токтолуп башка сөз айта албай жер карады. Акыл Карачач үйүнө келип окуяны Жээренче чеченге айтып берди. Кайнатасы келининин акылына, тапкычтыгына ыраазы болуп, ага ак батасын берди. Бирок камынып турган Жаныбек кан аны менен эле токтоп калбады. Жээренче чечендин колун байлатып, Алтай тоосундагы кара калмактарга айдатты. Ага кошуп Толубай сынчынын уулу Миңжашарды, Асанкайгынын уулу Төлөнгүттү да жиберди. Калмактын каны булардын жайын байкап көрүп, үчөөнү үч жерге бөлүп жиберди.

Жаныбек кан Төлөн мырзаны жан ордуна көрбөй жабыркатып ишке салып, Карачачты аялдыкка алайын деп кашына көчүрүп алды. Бирок ага нике кыйдыралбай бир жыл убакыт өттү. Акыл Карачач жакшы сөз менен Жаныбектин бир тууган иниси Бердибекти бузуп, Жаныбектен жан адамга пайда болбойт. Бул агаңды өлтүрүп, калкыңа кан болгун. Мен сенин койнуңдагы зайыбың, колуңдагы айымың болоюн деп Бердибекти кепке көндүрөт. Бул кабар тарап, Алтайдагы Жээренче чеченге угулат.

Кабарды уккандан кийин Жээренче чечен жалпы элине табышмак менен кабар жиберет: «Эгиниңер жакшы чыгып, жакшы бышты деп уктум. Орокчуңар шай экен, кыштын арты кандай болот? Кышка калтырбай эрте оруп бүтүрүп алгыла. Толубай, Токтогул, Асанга кабар салыңар. Бир сокур кара кашка текем бар, сакалынан байлап көзүн оюп көлгө салыңар. Бир тик мүйүз кара эркечим бар, кой баштатып ала келгиле. Болор-болбос бычагым бар, мизи курч кестигим бар, унутулуп журтта калбасын», – деп айттырат.

Кабар жеткен соң, сөздүн түйүнүн казак, кыргыз, жалпы түрк балдары көпкө чече албай айран калышты. Акы-

рында Жээренче чечендин келини айтылуу Акыл Карачач чечет го деп катты алып барышып, калктын мыктысы, жол баштоочулары карап турушту. Катты окуп, Карачач табышмак сөздөрүн бир баштан чече баштады: «Айдаган аштыгыңар бышты дегени, душманыңар болушунча болду, толушунча толду дегени. Орокчулар шай экен, кышка калтырбай оруп бүтүрүп алыңар дегени, мынчалык кайрат кылыпсыңар, эми катылыңар, орок менен буудайды оргондой кылыңар деп айтканы. Кыштын арты кандай болот дегени, иштин арты кандай болор экен дегени. Толубай, Токтогул, Асанга кабар салыңар дегени, карыялар иштин убагы келди, жаштарга жол көрсөтүп акылыңарды айткыла дегени! Сокур кара текем бар эле, сакалынан байлап, көзүн оюп көлгө салыңар дегени, Жаныбек канды өлтүрүп, сакалын кыркып, көзүн оюп көлгө салгыла дегени. Тик мүйүз кара эркечим бар, муну кой баштатып ала келгиле дегени, Жаныбектин бир тууган иниси Бердибекти колго алып, калкка кан көтөрүп койгула дегени. Болор-болбос бычагым деп, Төлөн мырзаны айтыптыр, мизи курч кестигим дегени, Карачач – мени айтыптыр. Көчкөн журтта калып кор болбосун дегени, кептен-сөздөн калып кемчилик тартпасын, кеп-кеңештен калтырбай ала жүргүлө дегени. Менин да айтаарым ошол, калк атасы карыялар, кайраттуу эр жигиттер, кайрат кылып кара сокурга тезинен катылыңар, – деп Акыл Карачач сөзүн аяктады.

Бул сөздү угуп, залимдин айтканын угуп, айдаганына көнүп жүрүп да мүйүзүбүз чыккан жок, деген элдин кыжыры кайнап, Жаныбекти иниси Бердибекке өлтүртүп, аны кандыкка көтөрүп, Алтайга айдалып кеткен Жээренче чеченди жолдоштору менен алдыртып, чоң той берип, өз жеринде жыргап-куунап туруп калышат. Ошол убактан ушул убакка чейин эл оозунда: «Толубайдай сынчыны айт, Токтогулдай ырчыны айт, Жээренчедей чеченди айт, Алдар көсөө кесепти айт», – деген сөз калыптыр.

# ТӨЛГӨЧҮ

Үлгери бир кедей адам жашаптыр. Бир күнү аялы ага ачууланып:

– Сен эркекеиңби, бир жерден ичерге тамак, киерге кийим таап келсең боло. Сага чыккандан бери агарып көйнөк кийбедим, алгылыктуу оокат ичпедим. Качанкыга чейин эле эч нерсеге жетинбей, жорудай болуп жүрөмүн! – деп буркан-шаркан түшөт.

– Оокатты мен кайдан таап келем. Бирөөлөр мага оокатын бекер бербесе, эмне кыл дейсиң. Айтчы деги, кайда барып, эмне кылайын? – дейт күйөөсү айласы кетип.

Аялы күйөөсүнө бир жоолук менен кырк кумалак берди да, ушуларды алып эки жолдун кошулган жерине барып отургун, же базарга баргын. Жоолукту алдына жайып кой, кумалакты жоолуктун үстүнө чачып ташта. Жанындан өткөн кишилер: «Ой, бул эмнең, эмне кылып отурасың?» – деп сурашат. Ошондо сен: «Ушул кумалактар менен элдин жоголгон малын таап берем, жаман иштерин айтып берем, бул чачылып жаткан кырк бир кумалакты «төлгө» деп коёт. Андан көрө келип төлгө салдыр», – деп жооп бере бергин.

– Жоголгон малын кантип табамын, эч нерсени билбесем эмнени айтамын. Кайсы жаман-жакшы иштерин билмек элем, – дейт күйөөсү.

– Бирөө келет, мен кой жоготтум деп, анда сен кумалактарды колуңа ууччтап туруп жоолукка чачып ташталагын да, оозуңа эмне кирсе ошону айта бергин. Ошол айтып бергениң үчүн алар сага акча беришет. Ошол тапканың менен оокат кылабыз! – деп аялы безилдеди.

Ары ойлонуп, бери ойлонуп, аялынын сөзүнөн чыга албай баягы кедей эки жолдун айрылышына келип отурду. Жоолукту алдына жайып коюп, ага кумалактарды чачып салып отура берди. Бир маалда эшегин жоготкон бир киши келди да:

– Бул жерде эмне кылып отурасың? – деп сурады.

– Мен төлгөчүмүн. Элдин жоготкон малын төлгө салып таап берем! Башка да жаңылыктардан айтып берем, – деди кедей.

– Менин эшегим жоголуп кетти эле, төлгөңдү тартып ошону таап берчи, – деп баягы киши төлгөчүгө беш тыйын таштады.

Төлгөчү кумалактарын уучтап туруп жоолуктун бетине чачып жиберип, аларды тиктеп ойлонуп калат. Эмне айтаарын билбей, оозуна эч нерсе кирбей, тунжурай түшөт. Төлгөчү кедей илгери бир кезде ооруп, ага табып узун жалбырактуу «санаа» деп аталган чөп берип дарылап, айыктырганы кылт эсине түшө калат да, эшектин ээсине карап:

– Сен санаа ичкин, – дейт.

– Менин жоголгон эшегим табылабы же табылбайбы, бошону ачык айтпайсыңбы. Санаа ичкидей мен кесел белем, эч оорум жок, – дейт.

– Көп сүйлөбөй барып менин айтканымды кылгын! – дейт төлгөчү да.

Баягы эшегин жоготкон адам үйүнө барып, төлгөчүнүн айтканы боюнча санаа ичет. Санаа тигинин ичин ала баштайт. Тигил шашылып камыштын арасына барып отура калса, аерден шабыраган дабыш чыгат. Тиги киши шабыраган эмне болду деп, карай салса, өзүнүн жоголгон эшеги ошол жерде жүрөт. Ал эшегин таап алып, сүйүнгөнүнөн кайта төлгөчүгө келип: «Сен накта олуя төлгөчү экенсиң, капкачан жоголгон эшегимди таап бердиңби,– деп сүйүнүп дагы акча берип кетет.

Ошентип, бара-бара баягы кедей төлгөчү атанып кеткен экен.

## МҮНҮШКӨР

Илгери-илгери он жети жаштагы мүнүшкөр бала бир байдын үйүнө келип консо, анын бүркүтү бар экен. Эртең менен бай менен байбиче желеге бээ байлайлы деп кетишет. Ошол кезде бала бүркүткө карап:

– Кайран гана асыл, билген кишинин колуна тийбей, билбес бирөөнүн колуна тийипсиң, – деп өзүнчө кейип сүйлөнөт.

Анын сөзүн угуп калган байдын баласы атасына барып:

– Үйдөгү мейман бала бүркүттү «кайран гана асыл, билген кишинин колуна тийбей, билбес кишинин колуна тийипсиң» деп жатат. Өзүнчө эле бирдемелерди кобурап, бүркүт менен сүйлөшүп жатат, – дейт.

Мейман баланын мүнүшкөр экенин билген бай балага келип:

– Ушул бүркүттү таптай аласыңбы? – деп сурайт.

– Бүркүт таптоону билбейм, бай, – дейт бала.

– Эгерде ушул бүркүттү жакшылап таптасаң, анда кызымды сага берем, – деп бай кесе айтат.

– Болуптур, бай ата, – деп бала макул болот да ага шарт коёт. – Эки жыл туу калган бээ таап, бир боз үй тиктирип коюңуз. Ал үйдүн ичинде эч нерсе болбосун. Ага бүркүттү коюп, жанагы бээни союп этин киргиземин, – дейт. Бай баланын айткандарын аткарып, эки жыл туу калган бээ алдырып, боз үй тиктирип даярдайт. Үйдүн ичине эч нерсе койдурбайт.

Бала бээни сойдуруп, анын этин калтырбай үйгө киргизет. Бүркүттү да кийирип, бирок байлабай бош коёт. Ал чыгып кетпей турган кылып үйдүн жылчыгынын баарын бекиттирет. Ошентип, бүркүттү камап коюп, кээде гана суу берип коюп жүрөт. Бүркүт баягы бээнин этин жеп бүтүп, семизинен басалбай калат. Ошондон кийин гана, семизинен басалбай калган бүркүт таптоого оңой болот

деп анан таптай баштайт. Бир ай таптагандан кийин бүркүттү түлкүгө салуу үчүн алып чыгат. Бала бүркүтүн кондуруп, бир топ киши менен түлкү издеп жүрсө, бир кара түлкү чыга калып, бүркүттү көрө сала тиктеп туруп калат. Ал жөн түлкү эмес, калтар эле. Мүнүшкөр бала бүркүттүн томогосун башынан алат да, бирок бүркүттү калтарга салбай томогосун кайра кийгизип коёт. Бала менен жүргөн кишилер, бүркүттү эмнеге салбады, деп таң калышат.

Бала бүркүттүн томогосун дагы бир ирет шыпырып алып, кайрадан бүркүттү салбай томогосун кийгизип коёт. Баланын жолдоштору, «бул бүркүтүн эмнеге салбайт, калтарды бизге ыраа көрбөй турат го», – дешип наараазы болушат. Бир маалда бала бүркүттүн томогосун алып бүркүттү шилтейт. Бүркүт калтарга карабай асманга кетет. Калтар болсо астыңкы эки бутун көтөрүп асманды тиктеп калат. Бүркүт өтө бийик көтөрүлүп, карааны көзгө көрүнбөй үлбүлдөп калган кезде, анан шукшурулуп тик сайылып келип калтарды башынап мыкчый кайра асманга көтөрүлүп барып жерге таштап жиберди. Жерде жаткан калтарды алышкан баланын жолдоштору:

– Эки жолу бүркүттүн томогосун алдың, бирок салбадың. Үчүнчү жолу гана салдың, мунун себеби кандай? – деп сурашты баладан.

– Биринчи жолу асыл менен асыл кантип беттешет деп бүркүттү калтарга салууга колум барбады. Экинчи жолу асылды асыл кантип кыят деп, дагы колум барбады. Үчүнчүсүндө, тобокел деп чымырканып туруп, бүркүтүмдү коё бердим. Бүркүттүн асманга бийик учуп чыканынын себеби, ал канчалык бийик көтөрүлсө, ошончолук тиктей берип түлкүнүн көзүнө жаш толуп карыгат. Качырып келаткан бүркүттү көрбөй калат. Акчекир деген бүркүт ушул, – деди бала.

Жолдоштору баланын өнөрүнө ыраазы болушту. Анын чын эле мүнүшкөр экендигине толук ишеништи. Чынын-

да байдын кызы бул балага ылайык экен, аны бай көрө билиптир, дешип чоң той өткөрүп баланы байдын кызына үйлөндүрүп коюшкан экен.

## ҮЧ УУРУ

Үч башка жерден үч ууру аттанып чыгышып, бир жерден кезигишет. Бул уурулар сөзгө келип, бири-бири менен таанышышат. Биринчи ууру айтат, «Мен жанда жок уурумун» – дейт. Экинчи ууру: «Мен жанда жок баатырмын», – дейт. Үчүнчү ууру: «Мен жанда жок ченчимин. Мен отун бар деген жерде отун, суу бар деген жерде суу, эл бар деген жерде – эл бар, кыскасы бар деп айткандарымдын баары бар, баарын жарыкта болобу, караңгыда болобу жазбай табам», – дейт.

Ошентип үчөө узак жол жүрүшөт. Бир жерге келгенде ченчи тиги жолдошторуна: «Менин шакегимди алып атымдын басып кеткен изине көөмп кеткиле, кайта келиште жазбай табам», – деп шакегин берет. Баатыр менен ууру баягы шакекти ченчи айткандай жерге көөмп, андан ары жолун улантышат. Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп, бир оокумда баатыр менен ченчи жанда жок ууруга:

–Сен жанда жок уурумун дейсиң, эмесе бизге бир өнөрүңдү көрсөтүп, хандын казынасынан аттын башындай алтын уурдап кел, – дешет.

Ал макул болуп, бир күнү хандын казынасына кирмек болуп келе жатса, шаардын четинде бир кыз отуруптур. Көрсө, ал хандын кызы экен. Ат башындай алтынды алып бир жигит менен качмак болуптур. Ууру келер замат кыз: «Жүрү, батыраак кетели», – деп камдалган атка минишип жөнөп кетишет.

Жүрүп отурушуп ууру хандын кызы менен баягы ченчи менен баатыр досторуна келип:

– Ээ баатырлар, ата казынасы кызбы, же алтынбы? – деп сурайт.

– Ата казынасы кыз, – деп жооп беришет тигилер. Баягы үчөө хандын кызын ээрчитип жүрүп отуруп бир жерге келгендө ченчи: «Ой, баатыр, баягы шакекти менин атым басып калды, ала кой», – дейт. «Калп айтпасаңчы, атыңдын бутунун алдындагы шакекти кантип биле койдуң», – деп баатыр таң калат. «Атыңдан түшүп, батыраак кара», – дейт ченчи.

Баатыр түшүп, аттын изин караса баягы шакек жатат. Жолдоштору тигинин ченчилигине ыраазы болуп, андан ары жөнөшөт. Бир жерге келгенде жамгыр жаай баштайт. Ченчи менен ашкан ууру баатырга карап:

– Сен баатыр эмессиңби, мүрзөдөгү жыгачтарды алып кел, – дешет.

Ошентип коюп ууру дароо жыпжылаңач чечинип батакка оонап, төбөсү ачык көргө кирип кетет. Баатыр болсо бир бейиттин жанына барып муштагылап жыгачты чыгарып алып, бир тең отунга жеткирип, бутун үзөңгүгө салларда, көрдөн чыга калган ууру кыйкырыкты салып:

– Сен малды айдап, майды чайнап жүрөсүң. Эми биздин үстүбүзгө көлөкө кылган жыгачты да аласыңбы?! – деп алка жакадан алат.

Ошондо да баатыр кабагым-кашым дебей, беркинин түрүнө коркпой:

– Сен эрте өлүп кудайга бардың, сага теңелип биз да ачкадан өлөлүбү, – деп ууруну жыга муштап, отунду арта салып, жайбаракат бастырып кете берет.

Эртеси алар жүрүп отурушуп бир айылга келишет. Эми хандын кызын кимиси алыш керек, ошону чечиш керек болуп калат. Үчөө кеңешип отурушуп, кимибиздин өнөрүбүздү күчтүү деп баалашса, ошонубуз үйлөнөлү деген чечимге келишет. Алар өнөрүн сынатмакка казыга барышат. Ар кимиси өз өнөрүн, эмне болгонун төкпөй-чачпай

айтып беришет. Ошондо казы булардын өнөрүн угуп отуруп:

– Баарыңдан баатырдын өнөрү ашык экен, – деп кызды баатырга берген экен.

## ЖОРУНУН «БИЛЕМДИ» ҮЙРӨНГӨНҮ

Илгери бир мергенчи болгон экен. Ал жорунун балапанын багып алып, ага «билем» деген сөздү үйрөтүүгө аракет кылат. Жем берердин алдында ар дайым «билем» деген сөздү айттыртып, анан гана жемин берет. Балапан улам чоңойгон сайын «билем» деген сөздү жаңылбай айтчу болот.

Күндөрдүн биринде, эл жайлоого көчүп жаткан мезгилде, көп кой айдаган кербенчилер баягы мергенчинин үйүнүн жанына келип, ошол жерге конушат. Мергенчи жорусун колуна кондуруп алып, кербенчилерге барат. Аны көргөн кербенчилердин бири алдынан чыгып:

– Бул кушуңдун кандай өнөрү бар, эмне билет? – деп сурайт.

– Баары жоктун баарын билет, – деп жооп берет мергенчи.

Бул жоопко таң калган кербенчи:

– Кой багышты, короо кайтарышты билеби? – деп сурайт.

– Баарын билет дебедимби. Ишенбесең өзүң сурап көр.

– Кой багышты, короо кайтарышты билесиңби, – деп сурайт кербенчи жоруга карап туруп.

«Билем» – деп жору башын ийкейт. Кербенчи жоруга кызыгып калат. Анан ал оюна эмне келсе ошонун баарын сурай берет. Кербенчи «билесиңби» деген сайын, балапан кезинен машыккан жору «билем» деген жоопту илгиртпей айта берет. Укмуштай кушка туш келгендигин көргөн кербенчи жоруну сатып алмакчы болот.

– Бул кушуңду сатасыңбы? – деп мергенчиден сурайт.

– Баасы келишсе, сатам.

– Канча сурайсың? – деп кербенчи дароо соодага түшөт.

– Элүү кой берип ала бер, – дейт мергенчи. Кербенчи ойлонуп турган жок. Мындай бекер күчтү кайдан тапмак эле, мындай кушка жүз кой берсе да болмок. Ал элүү койду мергенчиге санап берип, андан жоруну алат. Мергенчи койду айдап жолго түшөт.

Эртеси кербенчилер жолун улап, жоруну коркойтуп төөнүн үстүнө кондуруп жүрүп кетишти. Күнү кечке жол жүрүп, бир жерге келгенде дагы өргүмөк болушту Жүктөрүн түшүрүп, койлорун жайып жиберип:

– Ой жору, бүгүн койлорду жакшылап кайтарып келе аласыңбы? Кой кайтарганды билесиңби? – деп сурашат кербенчилер.

«Билем» – деп башын ийкейт жору.

Чарчап калган кербенчилер жайылып бараткан койдун аркасынан жоруну учуруп жиберип, өздөрү эч нерседен капарсыз уктап калышат. Жайылган койдун үстүндө учуп жүргөн жоруну карышкырлар көрүп, ээн калган койлорду аябай кырат. Жору болсо тарпка карк болгонуна сүйүнөт. Бир оокумда кербенчилер ойгонсо, күн батып, каш карайып калыптыр. Жору да, койлору да көрүнбөйт. Анан койлорун издеп жөнөшөт. Жүрүп отуруп бир жерге келишсе, койлору түгөл кырылып жатат. Баарын «билген» жору эч нерседен капарсыз тарп жеп отурат.

– Кой кана? Эмне болду? – деп сурашат кербенчилер.

«Билем» деп башын ийкейт жору.

Окуяны эми гана түшүнүшкөн кербенчилер баягы жорунун тиги жагынан, бул жагынан чыгып кармамакчы болушат. Жору ары кетип, бери кетип карматпай, анан сызган боюнча асманга учуп жөнөйт. Ошентип, бирди эки кылабыз деген акылсыз кербенчилер, базарга алып бара жаткан койлорунан ажырап, талаада калышыптыр.

## ЫРЫС АЛДЫ – ЫНТЫМАК

Илгери-илгери бир акылман карыянын тогуз уулу болуптур. Бирок балдары атасынын айткан акылын укпай ар кимиси өз бетинче жүрүп, чоңу кичинесин сабап, кичинеси чоңуна акырая карап, биримдиги жок тогуз бир тууганды бөлөк кишилер да уруп кетишчү экен.

Бир күнү атасы балдарынын кылыгын ойлоп терең ойго түшөт. Эч айла болбогон соң, карыя тоого барып, үйүнө чоң тутам тобулгуну жыгачын көтөрүп келет. Анан балдарынын баарын чогултуп алып:

– Кана, балдарым, күчүңөрдү сынап көрөйүн. Мынабу тобулгуну ушу тобу менен сындырып көргүлөчү, – деп байланган тутамды карматты. Тогуз уулдун ар бири кезектешип күчүн сынашты. Бооланган тобулгуну эч кимиси сындыра албай, акыры шалдайып отуруп калышты. Карыя тобулгунун боосун чечип:

– Эми бирден сындырып көргүлө, – деди. Балдары бирден тобулгуну ошол замат эле чарт-чурт сындырып салышты. Алар сындырганына мактанышып, жыргап калышты. Ушул жерде да сен-мен деп айтыша кетип жатышты. Күчтүүлөрү күчү жогун жыга коюп, кыр көрсөтүп турушту. Эми абышка балдарын отургузуп алып, нускалуу сөз баштады.

– Мен силердин келечегиңердн ойлоп капа болом. Душманыңар көп. Эгер ыркыңар жок болсо, душман деген силерди жанагы жалгыз тобулгудай чарт-чурт сындырып коюп кете берет. Ал эми бооланган тобулгудай бирдиктүү болсоңор, сындырмак түгүл, силерди эч ким майтара да албайт. Мына аны көрдүңөр го. Турмуш деле ушундай; Силер канчалык бирдиктүү болсонор, ошончолук зоболоңор көтөрүлөт. Ынтымак бар жерде ырыс токтойт. Менин айтарым ушул, балдарым. Эсиңер болсо, айтканымды угуп калгыла, – деп карыя сөзүн бүтүрөт.

Көп узабай карыя кайтыш болот. Балдары атасынын айткандарын эстеп акылга келип, бирдиктүү оокат кылышып, касташкан душманын жеңип, артык дүйнөсү болсо бей-бечерага берип, ынтымактуу турмуш өткөрүшүптүр. «Ырыс алды – ынтымак» деген сөз ошондон калган дейт.

## АКЫЛМАН КАЗЫ

Кайсы бир жылдары бир жигит алыс сапарга жол жүргөнү жатып, коңшу чалга: «Мен келгенче катып койгун», – деп аманат кылып, жүз сом акчасын таштап кетет. Арадан бир топ жыл өтөт. Жигит сапардан кайтат. Баягы аманат калтырган акчасын чалдан сурайт. Чал каратып туруп:

–Балам, жаңылып жатасың, мен сенден бир тыйын алган эмесмин, – деп акчасын бермек турсун танып коёт.

Жигит айыл ичиндеги жакшы санаалаш кишилерине кеңешсе, казыга бар, казы алып берет деп кеңеш беришет. Ошентип казыга барып жигит болгон окуяны айтып берет. Эртеси чалды чакыртып:

–Кана эми, карыя, кудайың төбөңдө турат, чынынды айт. Мынабу жигиттин акчасын алдың беле? – деп сурайт.

–Туура айтасың, казы балам, кудай өзү көрүп тургандыр, жарым тыйын алган эмесмин. Сакалдуу башым менен кантип калп айтайын, – деп карганып да жиберет чал.

–Сен акча бергенинде көргөн күбөң барбы? – деп сурайт казы.

–Жок, казым, – деп жооп берет жигит.

–Деги сен бул чалга акчаңды кайсы жерден бердиң эле?

–Мынабул жакта бир терек бар. Ошонун жанында туруп бергем.

–Эмесе, ошол теректи суракка ээрчитип алып келгин,– деди казы.

– Урматтуу казы, теректи кантип ээрчитип келүүгө болот...

– Келет! Мына, мобул мөөрдү ага көрсөтсөң келет. Барсын, – деп казы жигитке мөөрүн берип терекке жиберет.

Жигит катуу капа болуп сыртка чыкты. Кантип эле теректи алып келүүгө болсун. Ал эми чал: «Менин ишим оңунан чыкмак болду. Терек да казыга келчү беле, күлкүнү келтирет», – деп сүйүнүп отурду.

Арадан жарым саат өткөндөн кийин, казы чалдан:

– Карыя, айтыңызчы, жанагы жигит терекке жетип калдыбы? – деп капысынан сурап калды.

– Жок, али жете элек, – деген чал токтолбостон жооп берди. Арадан бир саат өткөндөн кийин казы дагы сурады чалдан.

– Эми жеттиби, карыя?

– Жетип калды көрүнөт, – деди чал, эч нерседен капарсыз.

Арадан дагы бир топ убакыт өткөндөн кинин казы үчүнчү жолу:

– Жигит бери кайтып калгандыр, ээ карыя? – деп сурады.

– Кайтып калды, – деп чал дагы жооп берди эч капарсыз.

Бир кезде жигит капалуу кирди да, казынын мөөрүн берип:

– Мөөрдү терекке кадап койсо да, сиздин алдыңызга келе турган эмес, казы, – деди.

– Келди, капкачан келип кетти, –деп казы жылмайды.

– Качан? – деген чал чочуп кетти. – Келсе мен көрбөйт белем.

Казы чалга тигилип туруп, жай гана айтты.

– Мен сизден үч суроо сурадым: биринчисинде «жете элек» деп жооп бердиңиз. Экинчисинде «жетип калды» дедиңиз, үчүнчүсүндө «кайра тартып калгандыр» деп жооп бердиңиз. Чынбы? – деп чалдан сурады. Чал үн-сөзсүз башын ийкеп жиберди.

– Эгер ошол теректин жанынан бул жигиттен акча албаган болсоңуз, анда теректин кайсы жерде, ага жеталбаган убакыт керек экенин, жигиттин терекке жекенче канча убакыт керек экенин, жигиттин терекке жетип, кайра тартканын кантип билдиңиз?

Чал үн-сөз жок шалдайып отурду. Күнөөсүн мойнуна алып, казыдан, жигиттен кечирим сурап, акчасын берген экен.

## ЗАР МЕНЕН МЭЭР

Бар экен, жок экен, илгерки заманда бир падыша болгон экен. Падышанын вазири өлүп калып, анын ордуна өзүнүн кулун вазир кылып алат. Күндөрдүн биринде вазири экөө куш салып ууга чыкса, дагы бир падыша балдарын ээрчитип куш салып жүргөнүн көрөт. Падышанын көңүлү бузулуп:

– Кудайым бизге эмне үчүн бала бербеди экен. Биздин аялдарыбыз эмне үчүн төрөбөйт. Уудан кайтканда экөөбүз тең аялдарыбызды сабайлы, – дейт. Алар убадалашып уудан кайтышат. Үйлөрүнө келип аялдарын «туубайсың» деп сабашып, абдан кыйнашат. Бечера аялдары күйөөлөрүнөн коркуп, бала үчүн зарланышат. Кудайдан тилешет. Үч-төрт айдан кийин аялдарынын боюна бүтөт.

Бир күнү падыша вазири экөө куш салып жүрүшүп, дагы кеңешет.

– Эми кудай берсе, аялдарыбыз туумак болду. Менин катыным эркек тууп, сенин катының кыз тууса, кызыңды менин уулума бер. Сенин катының эркек тууп, менин катыным кыз тууса, кызымды сенин балаңа берейин. Эгерде экөө тең эркек, же кыз тууса, экөөн акыреттик дос кылалы, – дейт. Ага вазири макул болуп, бата кылышып, куран кармап ант кылышат.

Айы-күнү жетип, катындары толгоо кармаганда.

– Жүрү куш салалы. Төрөгөндө бирөө сүйүнчүлөп бараар, – деп экөө жүрүп кетишет. Буйрук менен вазирдин катыны эркек, хандын катыны кыз төрөдү. Бир мастан кемпир вазир менен падышага:

– Катыныңар аман-эсен төрөдү. Вазирдин катыны эркек, хандын катыны кыз төрөдү, – деп сүйүнчүлөйт. Экөө сүйүнгөн бойдон жарышып келе жатып, вазирдин аты мүдүрүлүп жыгылып, арка-мойну астында калып каза табат. Вазирди жашыргандан кийин көп өтпөй хан той өткөрүп, кызынын атын Мээр, ал эми уулдун атын Зар коёт.

Зар менен Мээр бир жерде өсөт, бир медреседе бирге окуп, 16 жашка чыгышты. Мээрдин сулуулугу жандан ашып, ар кайсы падышалардын балдары ашык болуп, жуучу жиберип жатышты. Кээ бир падышанын балдары Мээрди албасак да, жүзүн бир көрөлүк дешип, ашык болуп, ак боз аттары менен жыландай ойнотуп Мээрднн астынан өтөөр эле. Жуучу жибергендерди падыша:

– Кызым күйөөдөн жутаган жок. Күйөөлөп койгон жери бар, убара болуп келе бербегиле, – деп кайтара турган.

Падыша кызын Зардан башкага бербесин билишкенден кийин, калк падышаны жамандай баштады. Кудай албаган падыша кызын өлгөн вазиринин жетим баласына бермек болуптур, деп даңаза кылышты. Бул сөздү угуп, падыша кызын Зарга да бербес болду. Зар менен бирге окууга, бирге жүрүүгө Мээрди жибербей койду. Ал эми башка балдар ашык болуп, кызды алуунун амалын издей баштады. Падыша элден коркуп, адам эшигин табалгыс сарай жасатып, Мээрди киргизип, эшигин бир мастан кемпирге кайтартып койду. Зар ар жактан карап, бер жактан карап Мээрди эч таба албай ичи күйдү..

– Эне, менин курдашым, жарым Мээр жок. Кайда экенин билесизби? Же падышанын балдары менен качып кеттиби? – деп сурады энесинен Зар.

– Зар балам, башыңды көтөр, кайгыланба. Кайнатаң жаңыдан салган сарайдын терезесин барып карачы. Мээр ошондо. Ал сага бир сөз айтаар, – деди энеси. Энесинин сөзүнө кубанган Зар чуркап барып терезени карады. Мээри терезени ачып, күзгүнүн бетин өзүнө, сыртын Зарга каратып, терезесин жаап кетип калды. Зар капаланып энесине келди да:

– Эне, менин досум, акыреттик жарым менден күдөрүн үзүптүр. Күзгүнүн бетин өзүнө, сыртын мага каратып кетип калды. «Жетим» деп мени теңине албагандыгы үчүн, мен бул дүйнөдө жашабаймын, – деп ыйлады.

– Күзгүнүн артын көрсөткөнү күндүз эмес, түнкүсүн кел дегени эмеспи, балам, – дейт энеси.

Зар сүйүнүп ордунан ыргып туруп, чуркап барып терезеден карап турду. Ары басты, бери басты, күндүн кеч кирмеги азап болду. Намаз шам менен куптандын арасында Мээр Зарды чакырып алып:

– Сүйүктүү досум, сен чоң ак чийдин түбүнөн кетпе. Эл жатарда мен атамдан уурданып, сандыктагы ак бараң менен көк баранды, акырдагы ак тулпар менен көк тулпарды алып чыгамын. Сен даяр тур, – деди.

Бул экөөнүн сүйлөшүп жатканын мастан кемпир угуп, силерге бирди кылармын, деп кекенип калды. Зар дароо барып ак чийдин түбүндө Мээрди күтүп отурду. Мастан келип акырын караса, Зар уктап калыптыр. Кемпир Зарды ордунан көтөрүп башка жерге коюп, ордуна өзү чүкөдөй болуп отуруп калды. Мээр аттарды алып келип:

– Мингин тулпарга, – деди. Мастан кемпир тулпарга минди. Түнү бою экөө жүрүп отуруп, күн шашке болгондо арт жагын караса, Зардын ордуна мастан кемпир тулпарга минип келатат.

– Кылмакчы элең кылдың, жемекчи элең жедиң, ушинтип кууратмакчысың. Канча кылган менен көптү көргөн эмессиңби, жол башта, – деди.

Мастан ак тулпар менен кыя тартып, алдыга, түшүп бара жатат. Мээр ак баранды колго алып, астында бараткан мастан кемпирди шыкаалап, эки далынын ортосу, как жүрөктүн толтосу, өлөр жериң ушул деп атып жиберди эле, мастан кайра келбес сапарына жол тартты. Канча кылган менен акылы бар эмеспи, тулпардын изи менен Зар таап келер деген ой менен, Мээр ошол жерде үч күнгө чейин күтүп жатты.

Зар уктап бир убакта ойтонсо, эч ким жок. Жалгыз өзү калган. Күн алда-качан шашке болуптур. Эки жакты караса, анда-санда жерде аяктай жерди томура баскан тулпардын издери жатат.

– Кой, мени алдап уктатып коюп, качып жоголгон экен. Тулпардын изи менен издеп таап, канчалык сен деп жүрсөм да карабайсың, эң болбоду дегенде жолдоштук акымдан кеч дейин, – деген ой менен Зар жолго түштү. Ал үч күндөн кийин Мээрге жетти.

– Акыреттик досум, келдиңби. Мастан кемпир экөөбүздү ажыратып коё жаздады. Эмне болуп адаштың? – деп сурады Мээр.

– Бул да болсо мастандын азгырып уктатканы тура,– деди Зар.

Алар андан ары жүрүп отурушуп, бир теректин түбүнө келип:

– Зар, сен уктап эс алып ал. Аттарды мен карай турайын, – деди, Мээр. Зар уктап ойгонгондон кийин Мээр уктады. Зар аттарды карап турду. Үч күн тамаксыз жөө келген неме болбой эле уйкуга кетти. Бир убакта Мээрдин жүзүнө кыбыраган жалбырак тийди. Көзүн ачыл караса бир кара чаар жолборс теректин башына чыгып бараткан экен. Акырын тура калып ак бараң менен атып жиберди. Жолборс кулап жерге түштү. Терисин сыйрып алып, андан ары жүрүп кетишти. Бир шаарга жеткенде экөөнүн тең тулпары зоругуп өлдү. Жөө калып, бирок дагы алдыга кете беришти. Бир кезде чоң суугa туш келишти. Ке-

чип өтө албай, сууну бойлоп жүрүп отурушту. Аңгыча жолунан кемечен сокур абышка кезикти.

–Айланайын атаке, бизди аркы өйүзгө чыгарып коюңузчу, – деп суранды Мээр.

–Чыгарсам бирден чыгарам, экөөң кемеге батпайсыңар, экөөңү кемем көтөрө албайт, – дейт абышка.

Мээр чалдан шек санап:

–Мен мурун чыгайын, Зар. Сен байкадыңбы, бул чал бир шумдук кылганы жатат. Сен ушундай тура бер. Мени алып суунун ортосуна барганда, чал мага асылып калар, ошондо сен эч нерседен чочубагын. Кемесин кайта айдап келем, – деп Мээр кемеге түшүп жүрүп кетти. Мээр айткандай суунун ортосуна барганда, чал Мээрдин бетинен өпкүлөп асылып калды. Мээр абышканы сууга түртүп жиберип, кемени кайта айдап Зарга келди. Келсе Зар жок. Ары карап, бери карап таба албады. Зарды кайдан табарын билбей чарчап, бир теректин түбүнө келип уктап кетти.

Ошол арада Таймас деген падыша куш салып жүрүп, Мээр жаткан терекке кушу конот. Падыша кушуна келип, Мээрди көрөр замат ашык болуп, үйүнө алып барып той кылмак болду. Падышанын тогуз катыны бар экен. Мээрди онунчу аялдыкка алмак болуп чоң той өткөрдү.

–Таймас падыша, мен да бир падышанын кызы элем. Кудай никемди сизге буйруптур. Эми сиз мени тогуз катыныңызга кошуп сейилдикке жибериңиз. Баарыбыздын аттарыбыз, кийимдерибиз бирдей болсун, анан кимибиздин өнөрүбүз ашык болсо, ошонубуз эрке токол бололу,– дейт.

Таймас падыша макул болуп, Мээрдин айтканынын баарын иштеди. Мээр тогуз катынды ээрчитип келсе, кемеси ордунда турган экен. Тогузун тең кемеге отургузуп: «Тиги жээкке чыгып ойноп келелиби?» – деп сурайт. Катындар сүйүнүп кемеге түшөт. Мээр кемени айдап, суунун агымы менен бара жатып, суунун көлгө куйган жеринде ары-бери өткөндөрдү карактап жүргөн он каракчыга жолу-

гуп калат. Каракчылар өзү келген олжо деп кубанышты. Алар ар бирине нике кыйып, ону он катынды алмак болушат. Алар сүйүнүп тойго тамак камдап жүргөндө Мээр аялдар менен сүйлөшүп алат.

– Мен чай менен уу берем. Ошентип буларды ууландып өлтүрөлү, – деп убаданы бекитишет. Ошентип алар айтканындай чай менен кошуп уу берип, каракчылардын баарын өлтүрүп, алардын кийимдерин өздөрү кийип, чачтарын төбөсүнө түйүп, кылычтарын, мылтыктарын асынып, аттарын минип жүрүп кетишет.

Аялдар жүрүп отурушуп, бир шаарга келишти. Ал шаардын падышасы өлүп, падышалык кылууга баласы, же жакын тууганы жок болгондуктан талаш болуп жаткан экен. Өлгөн падышанын бир кушу болуптур. Ошо кушту учуруп, кимдин башына консо, ошону падыша кылабыз деп жатыптыр. Аялдар жыйналган элдин ичине барышты. Эл кушту учурушту эле, куш айланып келип Мээрдин башына конду. Мээрдин жанында тогуз жигити бар экенин көрүшөт эл.

– Өзү деле падыша экен, – дешип Мээрди такка отургузушту.

Ошентип, Мээр ал жерге падыша болуп калат. Эми Зарды табыш керек деп ойлоп, шаардагы бүт жыгаччыларды чакыртат.

– Менин сүрөтүмдү так өзүмдөй кылып жыгачтан жасап чыгаргыла, – деп буйрук кылат. Усталар бир-эки күндүн ичинде эле так өзүндөй кылып жасап алып келип беришет. Мээр сүрөттөрдү көчөлөргө койдуруп, бүтүн журтуна жана башка падышаларга кабар кылдырат.

– Менин сүрөтүмдү эл көрсүн жана менде ушундай усталар бар экендигин билсин, – дейт Мээр. Шаардагы адамдар жыйналып, көчөдөгү сүрөттөрдү карап өтүп жатышты. Түш ченде бир сокур абышка сүрөттү карап туруп:

– Атаганат, жыгачтыгы болбосо Мээр деп айтсам боло турган экен, – деди. Мээр аны чакыртып алып, үйгө киргиз-

диреt. Журт дагы эле сүрөт көрүп өтүп жатты. Эртеси түштө орто бойлуу, кырк жаштар чамасындагы бир киши дагы:

– Атаганат, жыгачтыгы болбосо, Мээр деп айтсам боло турган экен, – дейт. Мээр аны да чакыртып, бир үйгө киргиздирет. Журт өтүп жатты. Эртеси кечке жуук, этеги тизесине жетпеген бир бала сүрөттү кучактай калып: «Айланайын Мээрсиңби», – деп жалынып жиберди.

– Алып келгиле, чунак баланы! – деп аны да каматып койду.

Эртеси Мээр өзү келип сокур абышкадан:

– Мээр сиздин эмнеңиз болот? – деп сурады.

– Мээр менин катыным эле, чанып качып кеткен, – деп калп айтат.

Сокур абышканын ичери бүтүп, өлөрү қалганда калп айтып отурганына Мээр ачууланып, сокур көзүнө кошуп таза көзүн чукутуп, сокурдун үстүнө сокур кылып, «бар эптеп күнүңдү көр», – деп коё берет.

Андан чыгып орто жаштагы кишиден:

– Мээр сиздин эмнеңиз эле? – деп сурады. Бул киши Таймас падыша болуп чыкты.

– Мээр эмнем болсун, талаадан таап келип, алайын деп турганда сейилдикке чыгамын деп, тогуз катынымды кошуп ээрчитип кетип, ошо бойдон жок, – деп чынын айтты.

– Эми Мээрди алар белеңиз? – деп сурады Мээр.

– Мээрине деле ыраазы элем. Тогуз катыным табылса кана, – деди. Ал тогуз катыны эркекче кийинип, Мээрдин жанында сурак сурап отурганын билген жок.

Мээр андан чыгып эми бала жаткан үйгө келди. Бала Зар экен. Экөө кучакташып көрүштү. Зарды жуундуруп тазалап, падышалык кийимдерин кийиндирип, падышанын тактысына отургузду. Мээр менен Зар кошулуп келип Таймас падышага:

– Адам баласы кудайдын бергенине канагат кылбайбы. Чүрөктөй тогуз катының турса, ага кошуп мени алам

дедиң. Мына менин акыреттик жарым. Мына сенин катындарың. Мен аларды сатып жиберген жокмун. Эми түшүнсөң керек, – деп Таймас падышанын катындарын берип, аларды мейман кылып тогуз күн кармап, сый-урмат менен узатып жибериптир.

## ЖЕКЕ ТАЗ МЕНЕН ЖЕТИ ТАЗ

Илгери бир жеке таз менен жети таз болуптур. Жети таздын жети кара торпогу, жеке таздын кара торпогу, жети таздын жети энеси, жеке таздын жалгыз энеси бар экен. Жеке тазды жети таз жеткен жерден жекелеп уруп, тазын сүрүп канатып, аябай кордошчу экен. Жеке таз ушул жети таздан кантип кутуларын билбей жүрдү. Күндөрдүн биринде байдын баласы жети өгүз айдап келе жатыптыр. Жеке таз анын алдынан чыгып: «Ой, байдын баласы, жети өгүздү кайда айдап барасың?» – деп сурады. «Айдабай эле кайтарып жүрөмүн, жеке таз баатыр», – деди, байдын баласы. «Байдын баласы, ушул жети өгүзүңдү сайып мелдешесиңби? Мен жердин мээсин, ичеги-кардын чыгара муштайын», – дейт жеке таз. «Макул, сен ошондой кылсаң ушул өгүздөр сеники. Эгер анте албасаң сен мага эмне бересиң?» – деп сурайт байдын баласы. «Анда мен баш-отум менен сага кул болуп берем. Эртең сен өгүздөрүңдү ушундай жайып кел. Мелдеш эртең болсун», – дейт жеке таз.

Байдын баласы жеке таз менен макулдашып үйүнө кетти. Ал күнү жеке таз жалгыз кара торпогун сойду да, мээсин алып бир жерге, ичеги-кардын дагы бир жерге көөмп этин үйүнө илип койду. Эртеси баягы байдын баласы өгүздөрүн жайып, убадалашкан жерге чыгып калды.

– Кана эми, жеке таз баатыр, жердин мээсин, ичеги-кардын чыгара муштайм дебедиң беле. Эр болсоң мушта эми, – деди байдын баласы. Жеке таз ары-бери кайсалап

туруп, анан мээ көмгөн жерди катуу муштады эле, барт этип мээси чыга түштү. Андан ылдыйраак барып дагы бир жерди муштады эле, ичеги-карын чубалжып калды. Мелдештен утулган байдын баласынын жети өгүзүн алып койду жеке таз. Андан жети өгүздү айдап алып, баягы жети тазга келди. Тигини көргөн жети таз: «Ээ, жеке таз баатыр, бу өгүздөрдү кайдан алдың?» – деп сурашты. «Ой, баягы жалгыз кара торпогумду союп жети жерге көөмп, ар бириң бирден өгүз болуп тур десем эле, жети өгүз болуп тура келишти, – деп тигилерге калпты шыпыртып салды.

Жеке таз кеткенден кийин: «Атаңдын көрү десе, биз деле жети торпогубузду союп туруп ошентсек, ар бирибиздики жетиден өгүз болсо, жакшы эле болбойбу» – дешти жети таз. Анан дароо ишке киришип, жети торпогун союшуп, ар бирин жетиге бөлүп жерге көөмп: «Ар бириң өгүз болуп тур», – дешсе эчтеке жок. Канчалык кыйкырышса да болбоду. Анан жетөө жети торпогунан айрылгандарын билип, жеке тазга келишип: «Сен эмне бизди алдайсың», – деп уруп, тазын таш менен сүрүп, жетөө жети өгүзүн бөлүп кетти.

«Ай, атаңдын көрү, буларга дагы эмне кылсам экен»,– деген жеке таз ойлонуп калды. Бир күнү дагы бир байдан «көмүр жүктөп алайын», деп төөсүн сурап алып, төөнүн бир жагына көмүр, экинчи жагына күл теңденип кандын ордосуна барды.

–Ой, жеке таз баатыр, артынып жүргөнүң эмне? – деп сурашты.

–Бул кандын алтын-күмүшү. Ушундай сейилдикке арттырып койду. Ар кайсы жерге барып, көрсөтүп жүргүнүң, – деди, деп жооп берет.

–Ой баатыр, көрсөтсөң. Кандын алтын-күмүшү кандай болот экен.

–Кой, көрсөткөндө болбойт, – деп кыйыктанды жеке таз. – Кандын алтын-күмүшүн көрсө көмүр, күлсө күл болуп кетет.

– Кантип эле ошентсин. Көрсөтсөң эми, көмүр болуп кетсе, бизде деле алтын-күмүш бар, ошондон салып беребиз, – деп болбой жатып жүктү түшүртүшөт. Жеке таз көмүр жагын чечти да: «Көрсө көмүр болуп калат дебедим беле, мына көмүр болуп калыптыр. Эми эмне кылам? – деп алаканын шак коюп, көчүгүн жерге так коюп, буркурап жиберет. Анын кылыгына кыздар шыңкылдап күлүшөт. «Аа мына, күлүп койдуңар, эми биягы күл болуп калды. Эми мени өлтүргүлө, мени жуткула», – деп ого бетер ыйлайт. Жеке тазга боору ооруган кан ордонун кыздары көмүр жагына алтын, күл жагына күмүш салып берип, тазды кетиришет.

Алтын менен күмүштү артынып алып жеке таз баягы жети тазга келет. Алар жеке тазды шылдыңдап күлүшүп:

– Ой, жеке таз, артынып жүргөнүң эмне? – деп сурашат.

– Артынып жүргөнүм алтын меңен күмүш, – деп жооп берет.

– Ой, аны кайдан алдың? – деп кызыгып сурашты.

– Буларды кан ордодогу кандын кыздары берди. Баягы жаман алачыгымды өрттөп жиберип, күлүн бир жагына, көмүрүн бир жагына артынып барып: «Күлгө күмүш, көмүргө алтын бересиңерби?» – деп сурасам эле берип коюшту. Мына, ишенбесеңер, – деп жети тазга алтын-күмүштөрүн көрсөттү. Жети таз аларды көрүп: «Биз дагы ушундай кылалы», – деп алачыктарын өрттөп, жетөө жети өгүзүнө күлү менен көмүрүн артып алып, кандын кыздарынын ордосуна барышты.

– Жети таз, бул артынганыңар эмне? – деп сурашты кыздар.

– Күлгө күмүш, көмүргө алтын алып келдик, аласыңарбы? – дешти.

– Булар жинди болгонбу. Бизди шылдыңдаганыбы. Кармагыла, – деп кандын кыздары жетөөнү карматып алып, таздарын таш менен сүрдүрүп, аябай кыйнап туруп жолго салат.

Жети таздын ачуулары келип, жеке тазды «сен дагы калп айтыптырсың» деп кармап алып, карсылдатып сабап, алтын-күмүштөрүн тартып алышат.

Жеке таздын жаны кейип, буларга дагы бирди жасабасам, ар дайым уруп жанымды кыйнашты. Аларды биротоло жок кылып кутулбасам болбойт, деген ойго келди. Бир күнү жеке таздын энеси каза тапты. Энеси өлгөндөн кийин бир байдын атынын кучүн сурап минип, энесинин сөөгүн кымкап менен ороп атына өңөрүп алып, кандын кыздарынын ордосуна барды. Жеке таздын атка бир нерсе өңөрүп келгенин көргөн кыздар:

– Ой, жеке таз баатыр, бул өңөрүп жүргөнүң эмне? – деп сурашат.

– Бул кандын кызы. Аны сейилдикке өңөртүп койду, – дейт таз.

– Бизге көрсөтчү, жеке таз баатыр? – дешет кыздар.

– Ой кокуй, атым азоо, үркүп жыгып кетет. Өлүп калса, кандын кызынын кунун кантип төлөйм, – дейт жеке таз.

– Ой, өлүп калса, бизде деле кызга жарагыдай кыздар бар, – дешти.

– Ай силер, ар качан эле ушинтип каласыңар, эми атым үркүп кетип өлтүрөт, – деп кыйыктанымыш болду жеке таз.

– Ой түгөнгүр десе, өгүнү деле алтын-күмүшүңдү төлөп бербедик беле, – дешти. Анан баягы кыздар тегеректеп келип түшүрө турган болгондо, жеке таз согончогуна беките келген шибеге менен атты матап койгондо, ат мөңкүп-мөңкүп келип жыгып кетти.

– Атаны кокуй, наалат күн ай-ие, кандын кызы өлүп калды ээ. Эми эмне арга кылам? – деп буркурап.

– Кой, эми буга бир кыз берели, – дешип ордодогу кыздын бирин беришти. Жеке таз энесинин сөөгүн бир жерге көөмп коюп, кызды өңөрүп алып, жети тазга келди.

– Ой, жеке таз баатыр, бул өнөргөнүң эмне? – деп сурашты таздар.

– Бул өңөргөнүм кандын ордо кызы. Энемди өлтүрүп алып: «Өлүү кызга тирүү кыз бересиңерби?» – деп барсам, энемдин сөөгүн алып калып, ушул кызды бериշти, – дейт тигилерге жеке таз.

– «Атаңдын көрү десе, биз деле энебизди өлтүрүп алып, ошентип барып, бирден катын алып алсак болбойбу», – дешти да, жетөө жети энесин өлтүрүшүп: «Өлүү кызга тирүү кыз бересиңерби?» – деп кандын ордо кыздарына барды. Аларды кыздар карматып алып: «Өлүү кызга тирүү кызды ким берет экен» – дешип аябай сабатып, таздарын дагы таш менен сүрттүрүп, беттерин тыттырып коё беришет. Андан ыза болуп келген жети таз: «Сен бизди алдап энебизди өлтүрттүң, өзүбүз аябай таяк жедик», – дешип жеке тазды өлтүрмөк болушту. Жеке таздын мойнуна сыйыртмак салып, токойдун четиндеги чынар терекке алып барып, чытырата таңып туруп өрттөш үчүн өздөрү отун жыйнаганга кетишти.

Ошол учурда сур жорго минген, суусар тебетей кийген, бир көзү сокур, алдында айдаган отуздай чаар аты бар байдын баласы келатат. Аны көрө койгон жеке таз байланган чынарды сүзгүлөп: «Көзүмдү бер, көзүмдү бер», – деп кыйкыра баштайт. Байдын баласы таңыркап токтой калат. Ошондо гана тигини жаңы көргөндөй болуп: «Ой, бай болгур, көзүм ордуна келиптирби, карап койчу?» – деп сурайт.

– Көзүңүз ордунда эле турат, эмне болду эле? – деп сурайт бала.

– Эмнеси курусун, көзүм кашайып көрбөй калган. Мына эми көрүп калдым. Касиеттүү терек деген ушул! – дейт жеке таз.

– Ой, айланайын аке, менин да көзүм сокур, бир жардам кыл?

– Болуптур, – дейт бир аз кыйылгансып туруп жеке таз. – Сен менин киймимди кий. Сени менин ордума таңып коём. Бир чай кайнамда көзүң ордуна келет. Теректи

үч жолу: «Көзүмдү бер, көзүмдү бер», – деп сүз. Ошентип жеке таз байдын баласын өзүнүн ордуна терекке таңып, кийимин кийип, жоргону минип, чаар жылкыларды айдап жолго түшөт.

Ал аңгыча жети таз отун көтөрүп жетип келишет да, теректин түбүнө отундарды үйө баштайт. «Өл, куураган таз, өрттөнүп өл!» – дешет.

–Ой, айланайын акелер, мен ал эмесмин, мен байдын уулумун. Аман калтыргыла, сураганыңарды беремин! – деп жанталашат бала.

–Ии, куусун мунун, дагы алдаганы турасыңбы? – деп болбой коюшат жети таз. Чучуктай чыңырып жатып байдын баласы күйүп бүтөт. Анын күлүн кудукка салып, көңүлдөрү куунак жети таз жеке таздын катынын алып келелик деп үйүнө келсе, жеке таз суусар тебетейди кийип төрдө отурат. Үйдүн тегереги толгон чаар жылкы. Жети таз айраң таң калышат.

–Ой, жеке таз баатыр, сен кайдан тирилип келдиң? – дешет.

– Ээ, кайданды эмне кыласыңар. Мен силерге ыраазымын. Силер мени өрттөп кудукка күлүмдү салбасаңар, мен мындай байлыкка жетпейт элем. Кудуктун түбү толгон мал экен. Ал жерден чоң атама, чоң энеме жолуктум. Силердин да чоң атаңар ошол жерде экен. Алар салам айтты. Эгер мүмкүнчүлүк болсо, келип мал-мүлк алып кетсин дешти, – дейт.

– Эми аларга кайтип жолугабыз? – деп сурашты жети таз.

– Иттен оңой. Колуңарга узун чыпык алып, кудукка салсаңар чыпык айланса, анда алардын чакырганы. Болду, эч нерсеге карабастан шар кире бергиле.

Жети таз колдоруна узун чыпык алып кудукка барышат. Эң улуусу кудукка чыпыгын салганда айланып кетти. Бизди чакырып жатат дешип, баардыгы кудукка киришет. Ошентип, түбү терең кудукка түшүп жети таз апат болуп, айла-амал менен жеке таз душмандарынан кутулуптур.

## ЖАЛКОО АЯЛ

Үлгери бир киши аялына: «Чепкен жасап берсең боло», – дейт.

– Жүн алып келип бер, аны тытып, түйдөктөп, анан жип ийрип, таар кылып согуп, чепкен тигип берейин деп аялы күйөөсүн жүнгө жиберет. Аялынын айткан жүнүн таап келип берет күйөөсү. Арадан дагы бир топ мезгил өтөт. «Чепкен качан даяр болот?» – деп эри сурайт.

Аялы жүн жыйган тактанын алдына колун салып: «Мына бир момо томолок», – деп ийрилген жипти көрсөтүп, ордуна кайра коёт. Мына дагы бир момо томолок деп, дагы бир ийрилген жипти алып чыгып көрсөтүп, кайра ордуна коёт да, мурдагысын дагы алып чыгып эрине көрсөтөт. Бар болгону эки тоголок жип ийрилген экен, ошол экөөн алмак-салмак көрсөтүп: «Жипти болсо ийрип койдум, мына жаз чыгып, күн жылыды, өрмөк согом, жыгач таап кел», – деп күйөөсүн токойго жиберет. Эрин жиберип коюп, өзү жашырынып эринин артынан жөнөйт. Жыгач кыйып жаткан жерине келип:

– Адырга кыйган анда өлөт, өрмөк соккон үйдө өлөт! – деп үнүн кубултуп кыйкырат да, кайра үйүнө тез келип, төшөккө чүмкөнүп жатып калат. Аңгыча жанагы үндөн элеңдеп коркуп эри да үйгө келее, аялы онтолоп, жаман кыйналып жатат. Эри жөн-жайын сураса:

– Куйкум жыттагым келип жатат, – деп онтолойт. Эри кой союп, баш-шыйрактарын куйкалап туруп жыттатса, аялынын баягы онтоосу кетип, бир аз кабагын ачып отурат да, кайра талып жатып калат. Бир топтон кийин эсучун жыйып: «Куйкум жыттата көр», – дейт. Шашып калган эри дагы бир койду териси менен куйкалап, аялына жыттатат. Ошондо аял бир аз жакшы болгонсуп калат.

Дагы бир күнү аялынын баягы оорусу кармап: «Куйкум жыттата көр», – деген кезде соёрго кою жок, эмне

кыларын билбей, кой издесемби деп турса, аялы: «Кой союп убара болбой, чыгымы да канча, тиги тактанын алдындагы жиптен, ийриле элек жүндөн деле түтөтө бер, – дейт. Аялынын оорусу кармаган сайын жиптен, жүндөн түтөтө берип, баягы алып келгенинин баары түгөнөт. Ошондо гана аялы оор үшкүрүнүп: «Өх, эми эс алып, биротоло айыктым окшойт», – дейт кадимкисиндей.

Ошондо гана эри токойдо жыгач кыйып жатканда уккан: «Адыргы кыйган анда өлөт, өрмөк соккон үйдө өлөт», – деген кереметтүү сөз укканын аялына айтып:

– Чепкен кийбесем кийбей коёюн, деги сен аман болчу, – деп маңдайында отуруп калган экен. Ошондон «аялдан амал качып кутулбайт» деген сөз калыптыр дейт.

## ЧЫНЧЫЛ ЧЫПАЛАК

Бармак, Сөөмөй, Атыжок, Чыпалак деген беш бир тууган болуптур. Бир күнү Бармак: «Уурулук кылалы», – деп инилерине кайрылат. Анда Сөөмөй: «Кылса кылалы», – деп макул болот. Ортон карап туруп: «Уятын кантебиз?» – дейт. Атыжок Ортондун сөзүн угуп эмне дээрин билбей туруп калат. Аңгыча Чыпалак: «Сойсо соёлу, сорпосуна тоёлу», – деп кубаттап жиберет.

Беш бир туугандын үчөө уурдаганды колдоп, экөө ыргылжың болуп калат да, көпчүлүк кылган таптын демилгеси менен уурулукка барышат. Айылдагы бирөөнүн семиз коюн уурдап келишет. Түндөп союп, этин жеп, сорпосуна тоюп, терисин ташка жайып коюп уктап калышат.

Аңгыча коюн жоготкон киши келип, беш бир туугандары ойготуп:

– Коюмду жоготуп издеп жүрөм, көрдүңөрбү? – деп сурайт.

– Көргөн жокмун, – дейт Бармак.

– Көргөнүм жок, – деп безеленет Сөөмөй.

– Кандай кой эле? – деп сурайт Ортон.

Койдун ээси койдун өңү-түсүн, эн тамгасын айтып бүтө жаздап калганда Чыпалак чычкаланып, бирдеме айтчудай болуп кетет.

Ошондо тигинин өңүн көргөн койдун ээси: – Чып-чып Чыпалак, чычаңдаган кызталак, чыпылдабай чыныңды айт! – деп катуу айтат.

– Коюңду биз сойгонбуз, сорпосуна тойгонбуз, терисин ташка жайып койгонбуз, – деп Чыпалак чыдабай кетип айтып коёт.

– Жарайсың, Чынчыл Чыпалак, – деп койдун ээси аны мактап, берки төртөөн бирден жаакка чаап, кылмышын ашкерелеп, коюн төлөтүп алыптыр.

## ЖЭЭРЕНЧЕ ЧЕЧЕНДИН АЯЛЫН УГУЗУУ

Илгери көрө билген көсөм, сүйлөсө чечен бир киши өткөн экен. Ал кезде бир эл экинчи эл менен жоолашып, каршылашып урушуп, жоокерчилик заманды баштарынан кечирип турган учур болгон. Жээренче чечен канга акыл-насаат сөз үйрөтүп, кысталышта кеңеш берип жүргөн кеменгер көсөмү, кеңешчиси экен.

Күндөрдүн биринде алардын элине кайсы бир күчтүү душман кол салат. Ошол чырдуу согушта Жээренче чечен кол башчылык кылып, душманы менен катуу салгылашып өз жеринен алыс кубалап жүрүп көпкө кармалып калат. Ал согушта жүргөндө чечендин алган зайыбы каза табат. Чечендин жеңиштүү өз элине келе жатканын уккан эл да, эл баштаган карыя акылмандары баш кошуп отуруп, аялынын каза болгонун жолдон угузмак болот. Түшчүлүк жерден тосуп, Жээренче чечендин алдынан чыгышат. Ары жактан кол менен чечен келет. Бардыгы ба-

рып-келгендердин ахыбалдарын, жөн-жайын сурашат, бир мейкин талаада отурушат. Ошондо чеченге бир теңтуш карыя сөз баштап, андан бир топ тамсил сурайт.

– Чеченим, көпту көрдүң, көп жашадың, ушу инилериндин эсинде калгыдай сөз айтып бер, – деп төмөнкүдөй суроолорду берет.

– Атасы өлгөндө не болот? – деп сурайт.

– Атасы өлгөн киши аскар тоосу ураган менен тең болот. Кузгундай көзүн кызартып, сакалын аппак кубартып, жараткан алла тил алса, баламдан мурун мени ал деп, атаң турса кашында, туу эле болоор башыңа! – деп жооп берет Жээренче чечен.

– Энеси өлгөн не болот? – деп экинчи суроосун сурайт.

– Энеси өлгөн кишинин, дарыя чалкар көлү соолгон менен тең болот. Чачы куудай болгуча, тиши буудай болгуча, ал ак байбиче энекең, бары-жокту тең санап, төрдө отурса берекең, – дейт.

– Агасы өлгөн не болот?

– Агасы өлгөн кишинин айтарга сөзү кем болот!

– Иниси өлгөн не болот?

– Иниси өлгөн кишинин чабарга камчысы кем болот. Бет алышып жоо келсе, жан салышып доо келсе, жаман да болсо ага-тууган, ага-иниң артында турса дем болот.

– Жеңеси өлгөн не болот?

– Жеңеси өлгөн кишинин жеңи желден жыртылат, жакасы кирден кырылат.

– Келини өлгөн не болот?

– Келини өлгөн кишинин кермеден аты бошонгон менен тең болот.

– Эжеси өлсө не болот?

– Эжеси өлгөн кишинин эркелер жери аз болот.

– Карындашы өлгөн не болот?

– Карындашы өлгөн кишинин барып конорго жери аз болот.

– Баласы өлгөн не болот?

– Баласы өлгөн кишинин өзөгүн өрт алган менен тең болот.

– Катыны өлгөн не болот?

– Ой, атаңдын көрү ай-йе!.. Кудайдын буйругу экен, менин байбичем каза болгон экен ээ! Бир төшөктө төрт баш киши жатат экенбиз. Кайыр кош, кантейин! Катын өлсө капкалуу шаар бузулган менен тең болот, – деп камчы сабы менен жер таянганга, камчы сабы сынып кеткен экен.

Угузуп, жайланышып отургандан кийин баягы киши:

– Чеченим, бир төшөктө төрт баш киши жатып калыптырбыз, деген сөзүңузгө кандай түшүнсөк болот? – деп сурады.

– Мурунку байбичем абысын-ажынга, ага-иниге, сөөк-тамырга жана өзүмө жыты сиңишип калган киши эле. Эми дагы бир катын алармын, санап жүрүп, мен оюм менен эки баш, алганым болсо чечендин кайсы жеринен жазып, жаңылар экенмин деп, ал өзүнүн ою менен эки баш. Мына ушинтип, бир төшөктө төрт баш жатып калабыз, – деп жооп берген экен.

## ХАН МЕНЕН ТИЛЕМЧИ

Өткөн заманда бир хан эки вазири менен жол жүрүп, шаарга кире бериште куудай сакал карыя тилемчиге кезигет. Бирок хан тилемчиге тыйын бербейт. Хан өтө берип кайра тартканда тилемчи даш бир ирет. «Оомийин!» деп бата тилейт.

Хан тилемчиге кайрылып келип:

– Сен экини онго неге сатпайсың? – деп сурайт.

– Мен сатар элем тиркигим жок, тишим жок, – деди тилемчи.

– Жашыңдан бери тууган жоксуңбу?

– Үч тууп, үч сүрүндүм, – дейт тилемчи.

– Эмесе, акмакка арзан болбо, – деп хан жасоолдору менен бастыра берди. Жолдо кетип баратып жасоолдору:

– Ханым, эмне деп сүйлөштүңөр, түшүнбөдүк? – деп сурашат.

– Эй, акмактар, мен силерден жашырып бирдеме айттымбы. Эгер үч күнгө чейин сөздүн маанисин таппасаңар, башыңарды алам, – деди.

Вазирлер жандырмагын таба алышпайт да, карыя тилемчиге эки эрдин кунун берип, баягы табышмак сөздүн жандырмагын айттырып алышат да, ханга келип айтышат. Эртеси хан жалгыз өзү тилемчиге келет да, дагы сүйлөшүп калат.

– Арзан болдуңбу, кымбат болдуңбу? – дейт хан.

– Кымбат болдум, – деп жооп берет тилемчи.

– Болуптур анда, – деп хан бастыра берет.

Хан менен тилемчинин сүйлөшкөнүн угуп көрбөйлүбү?

– Сен экини онго сатпайсыңбы дегени, эки ай иштеп, он ай жатпайсыңбы дегени экен.

– Тиркигим жок, тишим жок дегени, карып калдым дегени.

– Тууган жоксуңбу дегени, бала-чакаң жокпу дегени.

– Үч тууп, үч сүрүндүм дегени – үч аял алып, үчөө тең бала-чакалуу болгондо өлдү дегени.

– Акмакка арзан болбо дегени, вазирлерден кымбат ал дегени.

– Кымбат болдум дегени, ансыз да кымбат алдым дегенн экен.

## АСАН КАЙГЫ МЕНЕН АЗИЗ ЖАНЫБЕК КАН

Илгери Асан кайгы аттуу акылман Сырдын боюнда жашаган экен. Күндөрдүн биринде азиз Жаныбек кан: «Асан аке, дүйнөдө малга кирипшей турган адам болобу?» – деп сураптыр. Анда Асан кайгы: «Биздин бала – Төлөн мырза малга киришпейт»,–

деп жооп бериптир. Акылман кеткенден кийин кан эки жигитин чакырып: «Асан кайгынын эки туу бээсин жайдак минип, кара терге чөмүлтүп, Төлөн мырзанын алдынан чыккыла. Анын эмне дегенин мага айтып келгиле!» – деп буюрат. Ошондо эки жигит кандын айтканындай, эки бээни жайдак минип, каратерге чумултуп Төлөн мырзанын алдынан чыгышат. Төлөн мырза карап туруп; «Ээ акмактар, алдыңарга тердик салып минсеңер болбойбу, жайдак минип көчүгүңөр жоорубайбы» – деп бастырып кетиптир. Жигиттер келип Төлөн мырзанын сөзүн Жаныбек канга айтышат.

Азиз Жаныбек кан дагы бир күнү Асан кайгыны чакыртып алып: «Ээ Асан аке, алдыдан миң кол качырып чыкса, ошо миң колго айбыкпай качырып кирчү азамат барбы?» – деп сурайт. Асан кайгы: «Биздин Төлөн мырза качырып чыгат», – дейт.

Кан жигиттерин чакырып, жарак-жабдыктары менен миң кол даярдап, Төлөн мырза келе жатканда капыстан качырып чыккыла, деп буйрук берет. Жарак-жабдыкчан миң кол Төлөндү качырып алдынан чыкты эле, Төлөн мырза колундагы кушун асманга ыргытып жиберип, кылычын сууруп алып, миң колго бөрүдөй тийип, төртөөбешөөнү кылычтап жиберет.

Жигиттери Жаныбек канга көргөндөрүн айтып келди Жаныбек кан, Төлөн мырзаны алып келгиле, деп жигиттерин жиберет. Ал келгенде Төлөндү карап туруп: «Малга эмнеге киришпейсиң?» – деп сурайт. «Бери караса маңдайы ысык, нары караса соорусу суук, кыйкырса жоо алат, ышкырса жут алат, малга карабайын, эр азаматтын көөнү калбасын деп ойлочу элем», – деп жооп берет. «Сени миң колго качырып тиет дейт, аның кандайча?» – деп кан сурайт. «Ажалың жок болсо миң колуң да өлтүрө албайт. Ажалың жетсе, бир эле кишиден өлөт», – деп жооп берет Төлөн мырза.

– Аны кайдан билесиң, Төлөн мырза? – деп сурайт кан.

–Бир убактарда жүз миң кол менен аттандык эле. Ошонун миңи мылтыкчан элек. Аңгыча табылгынын түбүндө жаткан бир коён алдыбыздан качып өтө берди. Коёнду миң мылтыкчан атты эле, миңинин огу тең тийген жок. Эң аягында мен атканда, боор терисинин алакандай жери түшүп калып, ошондо да өлбөй жүгүрүп кетти. Менин атканым жаза кетчү эмес эле, ажалы жогунан миң бир октон өлбөй кеткен. Ошондон улам билемин, каным, –деп жооп берди.

Жаныбек төлөнгө ыраазы болуп бир сарпайы чепкен жаптырды. Дагы бир күнү Жаныбек кан Асан кайгыны чакыртып алып: «Асан аке, мен күнүгө куш салсам асманга бир муштумдай сары неме учуп чыгып, жолтоо болчу болду. Ошону атып берчү адам бар бекен?» – деп сурады. Асан кайгы баягысындай эле, аны Төлөн мырза атып берет дейт. Анда эртең жиберип жиберсеңиз, – деген кан ордосунда калды.

Асан кайгы үйүнө барып: «Балам, сен эртең канга барасың. Кан куш салууга сени менен талаага чыгат. Ошол кушту саларда асмандап учуп буудайык келет. Учуп келатканда мылтыгыңды дүрмөттөп туруп бөтөгөсүн жара ат. Жара аталбасаң өзүңдү зыян кылат», – дейт.

– Аны атып берсем, кан мага эмне берет? – деп сурайт Төлөн.

–Аны атып берсең Жаныбек кан, сенин башыңдан ылдый дилде куят. Бирок дилдени алба, ага ыраазымын деп айт. Эки кызымдын бирин ал дейт, ага да ыраазымын деп болбой койгун.

–Кан таарынып калат да, ата. Деги андан эмне сураймын? – дейт.

– Баарына ыраазымын, каным де. Мага теменедей жер бериңиз, жырындыдай суу бериңиз деп сура, уулум! – деп Асан кайгы Төлөн мырзаны канга жөнөтөт.

Төлөн Жаныбек канга келет. Атасы айткандай, Жаныбек колуна куш кондуруп, жигиттерин ээрчитип талаага

чыгат. Кушун саларда асманга муштумдай сары неме атылып чыгат. Аны Төлөн мырза атып түшүрдү эле, кан ыраазы болуп: «Өз боюңдай дилде алгын!» – деди: «Ыраазымын, каным», – дейт Төлөн. «Анда кызымдын бирин алгын!» – дейт кан. Төлөн ага да ыраазычылыгын билдирет. «Деги эмне сураныччың бар, Төлөн мырза, айт» деп сурайт Жаныбек кан. «Каным мага чалкыган жериңизден теменедей жер, жырындыдай суу берсеңиз, мен ошого ыраазымын», – дейт Төлөн. «Сүйгөн жериңди алгын, мырза!» деген кан балага уруксат берет.

Төлөн мырза атасына келип болгонун айтып берет. Ошондо Асан кайгы Сырдан көчүп Чүйгө келет да, бул Чүй эмес эле чуу экен деп, андак көчүп Кочкорго түшөт, Кочкорду көрүп: «Кочкор эмес, кокуй экен, тогуз жолдун тоому, бөрү, койдун чаркы экен», деп Асан кайгы андан көчүп, желмаян минип Жумгалга түшөт. Жумгалды көрүп: «Табын тапса алтын көмүркөй жер экен, табын таппаса колун жумган жер экен», – деп, андан көчүп Нарынга келет. Нарынды карап туруп: «Нарын эмес кайгыр экен», – деп андан көчүп Текеске барат.

Андан ары Үч-Күбөккө келди да, Төлөн мырзага бир жерди көрсөтүп, «казчы» дейт. Тебелеп туруп казган жерге топурагын кайра салса, топурагы мурдагы ордуна батпай калды. «Ушул жерден не кармасаң алтын болот. Жайыкышы жайлуу Үч-Күбөк деген жер ушул», – деди Асан кайгы Төлөн мырзага.

Үч-Күбөк аңчылыкка бай берекелүү жер экен, сууга барган катындар кундузду чака менен уруп алчу экен. Ошондо асан кайгы Жаныбек кан баары бир мени эрмектегенин койбойт, андан көрө жолду бекители деп, бирин таш, бирин чалма менен Үч-Көбүктүн бардык жолун бекитип салган дешет. Ошол убактан ушул күнгө чейин Асан кайгынын эли Үч-Күбөктө жашайт.

## АКЫЛДУУ ДЫЙКАН

Илгери бир кан эсирип отуруп, өзүнүн жигиттерине, мага акмак кишини таап келгиле, деп буйрук берет, эки жигити акмакты издеп жолдо келатып кеңешишет. Биринчиси: «Эми кимди алпарабыз. Алпарбасак бизди жазага тартат», – дейт. «Сен акмаксың го дейм, кимди алпарабыз деген да сөз болобу. Жолуккан эле кишини эркине койбой алып барабыз. Кан чакырып жатат десек, айласы жогунан барат да», – дейт экинчи жигит.

Ошентип экөө келе жатып, карагай тарткан кишиге жолугушат, эки жигит: «Карагайыңды таштагын да, биз менен жүргүн. Сени кан чакырып жатат», – дешти. «Токтогула, карагайымды үйүмө жеткирип коюп, анан барайын. Кан эмне үчүн чакырды?» – деп сурады карагайчы. «Эмне үчүн чакырды дейт тура, секин кандай жумушуң бар? Жүр дегенде жүрбөйсүңбү. Кан деген акмакты таап кел деген, жүргүн», – деп шаштырат жигиттер. «Жок, жигиттер, карагайды атайы мээнет менен тоодон алып келе жатып, аны жарым жолго таштап бара албаймын. Мен андай акмак эмесмин, оокат кылып жүргөн кишимин», – деп кетип калды.

Эки жигит андан ары жүрүп отуруп, өрмөк соккон бир аялга жолугушту. «Жеңе, сени кан чакырып жатат, жүргүн», – дешти жигиттер.

– Ботом аял кишини чакыртып кан эмне кылат экен? – деп чочуп кетет өрмөкчү аял.

– Аял кишини кеңешке чакырмак беле. Акмак адамды чакырып кел деген. Эркектер менен айтышпай тезирээк жүрбөйсүңбү! – дешет.

– Оо кокуй күн, ушул ала жазда бекер жүргөн киши акмак болбосо, ким акмак болот. Мен деле оокатым үчүн өзүмө керектүү жумушумду жасап, жанталашып жатам. Акмакты тапчу жеринен таап алгыла. Мен барбаймын! – деп аял жигиттерди кубалап чыкты.

Эки жигит андан ары жүрүп кетишти. «Эми жөнүбүздү айтып отурсак, эч ким болбойт экен. Андан көрө кезиккен эле кишини зордоп алып кетели», – деп кеңешишти. Алар жер айдап жаткан бир дыйканга жолугуп: «Ой, дыйкан, жүргүн канга», – дешти. «Эмгек кайнап жаткан-да эмне үчүн барам?» – деп сурады. «Көп сүйлөбөй, жүргүн! Кан акмакты таап кел деп жиберген. Сен акмак экенсиң!» – дешти жигиттер. Тигилерге дыйкандын ачуусу келип: «Силер үчүн акмакты даярдап койгон жок. Көзүмө көрүнбөй жоголгула» – деди. «Эмесе акмакты таап берчи», – деп дыйканды кармап коё бербей коюшту. «Мени коё бергиле, күн ысып баратат, жер кургай электе айдоомду бүтүрүп алайын», – деди дыйкан.

– Жок, же өзүн канга жүргүн, же бизге акмак ким экенин айтып бергин. Баарыңар эле акмак эмеспиз дейсиңер, ким акмак экенин биз кайдан билебиз! – деп жакалашты жигиттер.

– Макул эмесе, мен акмакты айтып берейин, коё бергиле, – деди. Анан бир аз ойлонуп туруп: – Акмакты таап кел деп, силерди айдаган кандын өзү акмак! Же акмакты издеп жүргөн экөөң акмак. Мындан артык акмакты дүйнө жүзүнөн таппайсыңар! – деп катуу айтты.

– Сен канга сөз тийгиздиң, барып айтабыз, – дешти.

– Бир айтмактан миң айткыла. Деги кан өзү укса экен, – деди.

Эки жигит канга келип дыйкандын сөзүн айтып беришти.

– Ошол дыйкандын колу-бутун байлап алып келгиле! – деди кан.

Дыйкан жигиттердин айдоосу менен кандын алдына келди. Кан дыйканды кекетип: «Менин акмак экенимди сен билген экенсиң да. Эгер эле билгич болсоң мынабу тулпарымды сынап билип берчи!» – деп тулпарын көрсөтүп, үч күн убакыт белгилеп берди. Дыйкан кандын тулпарын багып, жем берип, сугарып жүрүп, үч күндөн ки-

йин кандын алдына келди да: «Каным, тулпарыңыз тулпар экен. Бирок эшектен бүтүп, уйдан жалгашыптыр», – деп айтат. Бул сөзгө кандын ого бетер ачуусу келип, дыйканды өлтүрмөкчү болуп жатканда, жылкычысы келип: «Бул кишинин сыны туура, каным. Кулундагандан кийин энеси өлүп калып, бир музоосу өлгөн уйга телигенмин», – деди. «Муну сен кайдан билдиң?» – деп сурады кан дыйкандан.

– Каным, тулпарыңызды үч күн бактым. Сугарганда суудан чыгып келатып, арткы бутун кагат экен. Ушул себептен уйдан жалгашканын билдим. Эшектен бүтүптүр деген себебим, түнкүсүн чөп салганда, тулпарыңыз ар дайым эшекче бакырат экен, – деп жооп берди дыйкан.

Кан ыраазы болуп дыйканга нан берип узатты, ал эми кандын аялы жоолуктун учуна беш сомдук алтын түйүп берди.

Дагы бир күнү кан дыйканды чакырып алып: «Сен тапкыч болсоң, азыр менин оюмда эмне турат, ошону тапчы», – деди. Дыйкан кан эмне деп ойлоду экен деп ойлонуп бир аз турду да: «Аа, ушу сөзүн айтып жатканда башын тырмап жатпайт беле, чачымды алдырсамбы деп турса керек» деп ойлоп, дыйкан унчукпай барып, кандын чачын устарасы менен алып чыкты. Тапканыңа баракелде деген кан дагы бир нан берип, дыйканды узатып жиберди.

Күндөрдүн биринде кан дагы дыйканды чакыртып алып: «Сен кыйын тапкыч болсоң, менин аялым кандын кызыбы, же мен кандын баласымынбы? Ошону билип берчи?» – деп сурайт. Дыйкан ары-бери ойлоп убара болбой туруп эле: «Сиздин аялыңыз кандын кызы экен, өзүңүз наабайчынын баласы экенсиз», – деп жооп берди.

Бул сөзгө кан ачууланып, дыйкандын башын алмакчы болуп, анан энесинен сурады: «Чыныңды айткын, эне, мен кимдин баласымын?» – дейт. «Уулум, мен жаш кезимде жалаң гана кыз төрөгөнүм үчүн, күйөөм кордой

баштады. Ошондо шаарыбызда бир кембагал өзбектин аялы менен достошкон элем. Экөөбүздүн тең боюбузда бар болчу. Эгер мен кыз төрөп, сен эркек төрөсөң, экөөбүз алмашып алалы, экөөбүздүкү тең кыз же эркек болсо, акыреттик дос кылалы, деп көп дүйнө берип, убадалашкан элем. Кийин толгоо келер убакта күйөөмдү шаарга жиберип, өзүмдүн үстүмө эч кимди кийирбей элге билдирбей жатып төрөгөн кызымды ошол аялга бердим. Эки жумадан кийин аял эркек төрөп, баласын көрсөтпөй түнүчүндө мага алып келип берген эки-үч күндөн кийин күйөөм шаардан келди. Мен сырымды эч адамга билдиргеним жок, кийин чоңойгондо кызым бөлөк болуп кетпесин деп, сага алып берген элем, уулум, – деди.

Кан энесининин сөзүн угуп: «Сен муну кантип билдиң?» – деп дыйкандан сурады. Анда дыйкан: «Мен табышмагымды таап эки жолу келгенимде, экөөндө тең нан берип узаттыңыз. Ошон үчүн сизди наабайчынын баласы экен дедим. Аялыңыз бир жолу келгенде эле, алтын түйүп жоолук берди. Мына ушундан кандын кызы экендигин билдим», – дейт дыйкан. Кан мунун билбегени жок экен го деп ойлоп, дыйканга: «Кудай кайсы жерде турат, билип берчи?» – деп сурайт. «Каным, мен ушул кебетем менен канга акыл айткандай болуп, кудайдын кайсы жерде турганын айтсам, кусур уруп кетер. Ошондуктан сиз менин кийимимди кийип, кечирим сурап тизелеп туруңуз. Мен сиздин кийимиңизди кийип, тагыңызга отуруп кан болуп туруп айтайын, болбосо ушул кебетем менен кантип айтам? – дейт. Кан ага макул болуп кийимин которуштуруп кийинишип, өзү айыптуу киши болуп тизелеп турат. Дыйкан тактыга кандын ордуна отурат. Анан кандын жигиттерин чакырып:

–Ушул убакка чейин акмакты таппай кайда жүрөсүңөр. Мындан артык акмак бул дүйнөдө барбы? Алып барып бул акмактын башын алып таштагыла! – деп буйрук берет.

Көпкөн желдеттер башка сөздү уксунбу, мурунку кан-ды желкелеп барып башын кесип ыргытышып, кумар-дан чыгышат. Дыйкан кан болуп такка отуруп кала бе-риптир.

## АЙЛАКЕР БАЛА

Үлгерки заманда Багдад шаарында багар-кө-рөрү жок бир тоголок жетим жашаптыр. Ал көчө кыдырып тилемчилик кылып, өлбөгөн күндү көрүп, өлбөстүн отун жагып, буйурган суусун ичип, эптеп жашаган экен. Күндөрдүн биринде жетим бала ада-тынча тилемчилик кылып жүрсө, бир адам жолугуп: «Ба-лам, кайдан жүрөсүң, атың ким?» – деп сурайт. Анда бала: «Атым Айлакер, кайдан келгенимди, эли-журтумду бил-беймин, ата-энем кичинемде эле көз жумушуптур», – деп жооп берет.

–Ээ, балам, эмне айла-амалың бар? Атыңды койгон ким экен?

–Менде эч деле айла-амал деген жок. Атымды ата-энем койсо керек.

–Эмесе, балам, баары бир ата-энең, башка багар-көгөрүң жок экен, мага бала болгунуң! – дейт берки киши.

–Жакшы болот, ата, сокурдун тилегени эки көз, де-гендей менин тилегеним да ошол эмеспи, – деп бала баягы адамга бала болуп калат.

Ал бир күнү эшикте ойноп отурса атасы чакырып: «Ээ Айлакер, сен мынабу бактын башында эмне бар экен-дигин билесиңби? – деп сурайт. «Билем ата, анда ак сары деген куштун уясы бар», – деп жооп берет. «Эмесе, куш азыр уясында жатат, сен кушка билгизбей жумурткасын уурдап келгин», – дейт атасы. Айлакер бакка чыгып ба-рып, кушка билдирбей бир жумурткасын уурдап келет.

Чал баланы карап туруп: «Эми акырын барып билдир-бей уясына салып кел», – дейт. Айлакер бакка чыгып ба-

рып, кушка билдирбей жумуртканы уяга салып келди эле, атасы: «Колуң эптүү, өзүң тирикарак экенсиң, ишке жарай турган кебетең бар экен», – дейт. Ал күнү кеч кирип калганда атасы баласын чакырып: «Мынабу жердеги абышка-кемпирдин үйүн билесиңби? – деп сурады. «Билбегендечи, билем!» – дейт Айлакер. «Ошол кемпир-чалдын бир карын сары майы бар. Аны же өздөрү жебейт, же кишиге бербейт. Түнкүсүн уурудан коркуп ортосуна алып жатышат. Баргын да, ошону уурдап келгин», – дейт атасы.

Айлакер макул болуп, абышканын үйүнө жетип барат. Чынында эле абышка-кемпир төшөгүн кенен салып, майды ортолоруна алып уктап жаткан экен. Айлакер жыла басып, төшөктүн жанына барат да, абышканын үнүнө окшотуп кырылдап, «кемпир, ары жат» деп кемпирин акырын түртүп коёт. Кемпир арылап кетет. Андан кийин «абышка, ары жат» деп кемпирдин үнүнө окшотуп, абышканы бир түртөт. Абышка да арылап кетет. Ушуну эле күтүп турган Айлакер карап турчубу, майды көтөрүп алып, үйдөн чыгып кетет.

Аңгыча абышка ойгонуп кетип, эки жагын сыйпаласа, карын май жок. Абышка өзү да жаш кезинде амалдуу экен. Бул иштин Айлакер колдуу болгонун түшүнүп, төшөгүнөн дароо тура жүгүрүп, Айлакердин атасынын үйүнө жетет. Барса, бала али үйүнө жетелек экен. Абышка үйгө кирип, бир чаканы уурдап чыгып, эшиктин алдынан тосуп тура калат. Аңгыча айлакер майды көтөрүп алып келип калды эле, абышка: «Келе балам, майды мага берип, бул чакага суу алып жетип кел», – деп шаштыра колундагы чаканы бере койду. Бала болсо, өзүмдүн атам экен деген ойдо майды берип, чаканы алып суугa жөнөйт. Сууну алып келип: «Мына ата, суу алып келдим», – дейт бала. Анда атасы: «Ээ, балам, сени суу алып кел дедим беле, май алып кел дебедим беле», – дейт. Айлакер алдатканын билет да, кайра жүгүрүп, абышканын үйүнө жетет. Барса, абышка үйүнө жетелек экен.

Ал тез үйгө кирип, кемпирдин жоолугун алып салынып, абышканы тосуп турат да: «Түлөөң курган чал, кайда кеттиң, эчкилериңди карышкыр кууп кетти», – дейт кемпирдин үнү менен. «Кайда кетти? Ме майды, карма!» – деген боюнча бере салып, өзү эчкилерин издеп кетет. Айлакер болсо майды алып үйүнө келет. Абышка эчкилерин таппай кайта келсе, эчкилери короодо жатат. Аны көрүп кемпирине ачууланып:

– Эчкилерди карышкыр кууп кетти дебедиң беле! – деп кыйкырат.

– Сен эчкиге кеттиң беле, майга кетпедиң беле? – деп сурайт.

Абышка Айлакерге алданганын билип, санын бир чаап кала берет.

## ЖООМАРТТЫК

Туурунку өткөн заманда бир падыша болуптур. Анын кырк вазири болуптур. Бир күнү падыша вазирлерин чакырып алып:

– Жоомарттык мал менен болобу, же баш менен болобу? – деп сурайт.

– Жоомарттык мал менен болот да. Малы жок болсо, кантип жоомарттык болот, – дешет көпчүлүк вазирлери.

– Жоомарттык мал менен болсо, мал да силерде, дүйнө да силерде, үчөөң биригип бир падыша элге той өткөргүлө, – дейт падыша.

Падышанын айтканын эки демек беле, ошентип той башталат. Тойду башкарган үч вазир болду, той аяктар күнү падыша думананын киймин кийип, башына телпек кийип, колуна аса таяк алып, ийнине куржун асынып, ак вуруп биринчи вазир башкарып жаткан тойго барат. Вазир аны көрүп: «Думанага кайыр-секет алып чыккыла!» – деп кызмат кылгандарга айтат. Тойдун түрдүү тамагынан табакка салып чыгышат. Думана тамактарды куржу-

нуна салып алып, экинчи вазир башкарып жаткан шаанкөккө барат. Ал дагы думананы үйгө киргизбестен, кайыр-садагасын берип сырттан жөнөтөт. Думана үчүнчү вазирге барат. Кайыр-садага сурап, анан үйгө конуп кетүүнү суранат. Бирок вазир: «Үйдө төрө, мырзалар бар. Сен жата турган орун жок!» – деп кийирбей коёт.

Ошондо думана караңгы киргенине карабастан көчө менен жүрүп отуруп, акыры бир жесир кемпир менен жетим баланын кара алачыгына туш келет. Бала сыртка чыгып, думананы көрүп: «Думананы кондуралыбы?» – деп энесинен сурайт. «Макул айланайын, думана болсо үйгө кийир», – дейт энеси. Думана үйгө кирип, жайланышып отурат. Бала бир байга үч жылы малай жүрүп, ошол күнү акысына он кой алып келген экен.

– Конокко бир кой соёлу, эне? – дейт баласы. Энеси макул болуп, койду союшат.

– Мага эки эле бөйрөгү керек, калган этин жебейм, – дейт думана.

– Эки бөйрөккө да киши тоёбу. Андай болсо он койду тең соёюн. Жыйырма бөйрөк болот, – деген бала койлорунун баарын союп, думанага жыйырма бөйрөгүн берет. Думана ак батасын берип, конбостон андан ары жүрүп кетет.

Эртеси кан өзүнүн падышалык таажысын кийип, той башкарган үч вазирин чакырып алып:

– Тойду кандай тараттыңар? Бай, кедей кылып бөлгөн жоксуңарбы? Тойго думаналар келдиби, аларды жакшы коноктоп узаттыңарбы? – деп акырын чегип сурайт.

– Тойду абдан жакшы узаттык. Келген меймандарды даражасына карап бөлгөн жокпуз. Думаналарга кайыр-садага берип, чапан кийгизип узаттык. Абдан ыраазы болуп кетишти. Элдин баары ыраазы болду, – дешет.

– Менин байлаткан он коюм бар эле, түндө жок. Уурдаган ууруну таап, алдыма алып келгиле! – деп вазирлерине буйрук берет.

Вазирлери ары чапкылашып, бери чапкылашып, акыры базарга барышат. Он койдун этин жаңыдан сата баштаган баланы көрүшүп, койду уурдаган ушул экен дешип, аны падышанын алдына алып келишет.

– Кой табылды, ууруну алып келдик! – дешет вазирлери.

Бала малай жүрүп үч жылдык эмгегине он кой алгандыгын, үйүнө жаңы келгенде бир думананын келгендигин, ал бөйрөк гана жейм дегенинен он коюн бүт союп, бөйрөктөрүн думанага бергендигин айтты. Падыша вазирлерине баягы кайыр-садагаларын көрсөтүп, ушуларды ким бергенин билесиңерби, – деп сурайт.

– Биздин дасторкондун жемиштери турбайбы. Тойго келген думанага бергенбиз, – деп моюндарына алышат.

Ошондо падыша өзү думана болуп тойго баргандыгын, конокон десе, төрөлөр, мырзалар бар, орун жок, дешип кондурбаганын айтып:

– Жоомарттык мал менен болот бекен, же баш менен болот бекен? Жоомарттык баш менен болот экен. Мына он койдун бөйрөгү, – деп баланын берген жыйырма бөйрөгүн алып чыгып, вазирлерине көрсөткөн экен.

– Он коюн бир думанага союп берген бала жоомартпы, же бир думананы сыйлап, бир түн кондура албаган силер жоомартсыңарбы? – деп вазирлерин уят кылыптыр. Падыша ошондо малай жүргөн баланы биринчи вазир кылып алыптыр.

## УБАДАГА БЕК ЖИГИТ

Илгери өткөн заманда үч бир тууган болгон экен. Алар ата-энеден эрте ажырап, көрүнгөн байдын жумушун жасап, эптеп күн көрүшөт. Бир күнү байдын чөбүн чаап, аябай чарчап көлөкөдө дем алып отурушса, жакын эле жерге бир топ кара чыйырчыктар конуп калат. Биринен бири озуп жем издеп жаткан кара чыйырчыктарга карап, бир туугандын улуусу:

–Ой чиркин, ушундай жер жайнаган малым болсо, өмүр бою бир да кишини иренжитпей, кенен өмүр сүрүп өтөөр элем, – деп улутунат.

–Эгер менин ушундай короо-короо коюм болсо, өзүбүз сыяктуу кедей-кембагалдарга каралашып, үйгө мейман келсе кой союп, элди ар дайым сыйлап, алардан алкыш алып гана жүрөт элем! – деп ортончу бир тууганы өзүнчө тилек кылат.

Алардын эң кичүүсү үндөбөй отурган соң: «Ал эми сенин ушунча малың болсо, эмне кылаар элең?» – деп сурашат эки агасы. «Менби?! Менин мынча малым болбой эле, эл катарлуу азын-оолак жандыгым, үстүмдө үйүм, жанымда акыл-эстүү жарым болсо, мен дагы эч кимди иренжитпей өмүр сүрөөр элем», – деп жооп берет. Алар ушундай таттуу кыялга батып, ойлору менен жыргап жатышканда, маңдайына келип калган ак сакалдуу карыяны байкабай калышат. Сакалы тизесине түшкөн алиги карыянын кайдан чыга калганын билишпей, үчөө тең орундарынан атып турушат.

–Менин атым убада, балдарым, – дейт карыя. – Силердин тилегиңерди жанатадан бери угуп турдум. Эгерде силер айткан сөзүңөргө турсаңар, мен силердин тилегиңерди орундаймын! – дейт таягын көтөрүп.

–Биздин тилегибизди орундатсаңыз, биз айткан сөзүбүзгө турабыз. Эч качан жаңылбайбыз! – дешти бир тугандар.

–Эмесе, мен силердин тилегиңерди орундайын. Сен экөөң мал дедиңер, тээтиги көрүнгөн дөбөнүн артында эки короо кой жайылып жүрөт. Бир короосу өңчөй ак, экинчи короосу жалаң кара түстө. Барып, бириң агын, экинчиң карасын алгыла, – деп күнгө чагылышкан таягын силкип-силкип алды. Экөө чуркаган боюнча карыянын көрсөткөн жерине келишсе, чын эле эки короо кой жайылып жүрөт. Экөө эки короону айдап, эки тарапка өздөрүнчө кетишет.

Карыя таягын силкип-силкип туруп, эң кичүүсүнө карап:

– Эми сен тээтиги түтүн чыккан жерге бар. Үй десең тилеген үйүң, өмүрлүк жарың, азын-оолак малың ошол жерде. Бар эми, тилеген тилегиңе жет! – деп ак сакалын сылап коюп, карыя көздөн кайым болот.

Ушул күндөн баштап, үч бир туугандын турмуштары оңолуп, өз тилектерине жетип, жакшы жашап калышат. Күндөр жылып, айлар оошуп, жылдар өтөт. Бир күнү баягы карыя убада, жанына пейил менен бакытты ээрчитип: «Ошол жигиттерди барып сынап көрөлүк, айткан сөздөрүнө тураар бекен?» – деп жолго чыгышат. Алай-дүлөй бороон болуп жатканда алды менен улуусунун үйүнө келишет.

– Биз кудайы конок болобуз. Бороон өпкөдөн өтүп баратат. Отуңа жылынып, муздаган сөөктү жылытып чыгалы, үйгө кирүүгө уруксат эт, баатыр! – дейт келген карыялардын үндөрү дирилдеп.

Малына ээ боло албай жаткан бай:

– Ушундай кымкуутта, койлор сууктан кырылып жатканда, конок эмес кудай болсоңор да кеткиле! – деп кыйкырат.

Сакалдарына муз тоңуп калтыраган карыялар ал жерден чыгып, ортончу байдыкына келишет. Ал дагы ачууланыи, карыяларды тосууга чамасы жок экендигин айтып, кубалап жиберет.

Эки бир туугандын жүзүн көрүшүп, эми кичүүсүнүн үйүнө жөнөштү. Жолоочуларды көрүп, жан-алы калбай үргөн иттин үнүнөн үйдөн атып чыккан үй ээси коноктордун атын алып мамыга байлап, өздөрүн колтуктап үйгө киргизип, жылуу мештин жанына отургузуп, кайра чыгып коноктордун аттарын жайлап, отко коёт. Коноктордун суу болгон кийимдерин чечинтип, башка чепкен, чапан кийгизип, ысык чай берип, меймандарга деп бир коюн союп жакшылап сыйлап мейман кылат.

Эртеси коноктор кайтаарда убада баягы калыбына келип:

– Балам, урмат-сыйыңа чоң рахмат. Өлүмдөн уят катуу дегендей, убадага бек жигит экенсиң. Аз дөөлөткө мас болуп, эл менен иши жок, тигил агаларыңа окшобойсуң. Ар дайым ушундай болуп, айткан сөзүңө бек тур. Өркөнүң өссүн, балам! – деп бата кылып, таягын силкип коёт. Баягы жигиттин кашына бакыт конуп, пейли андан бетер оңолуп, түбөлүк бактылуу жашап калган экен.

## ОБОЗГЕРДИН КЫЗЫ

Үлгери бир кан өзүнүн обозгери менен күнүгө ит агытып, куш салып ууга чыгуучу экен. Күндөрдүн биринде экөө адатынча уудан кайтып келе жатканда, кан обозгерине: «Экөөбүздүн тең аялдарыбыздын боюнда бар. Кудай буюруп, бири эркек, бири кыз болсо, куда бололу. Эгер экөө тең уул, же кыз болсо достошторалы», – дейт. Обозгер канга макул болот.

Көп өтпөй кандын аялы эркек, обозгердин аялы кыз төрөйт. Экөө ордодо бирге чоңоюшат, бирге ойношот. Жылдар өтүп бойго жетишет. Кан менен обозгер убадаларына турушуп бала менен кызды үйлөндүрүп коюшат.

Күндөрдүн биринде кандын уулу ит агытып, куш салып сейилдикке чыгат. Кел жээгинде өрдөккө кушун салса, куш өрдөккө карабастан, токойдун арасындагы чөп алачыкка барып конуп калат. Кандын уулу куштун аркасынан сабап келип: «Үйдө киши барбы?» – деп кыйкырат. «Үйдө киши бар», – деп зайып эшикке чыга калганда, кандын уулу: «Тиги конгон кушту алып бер!» – дейт.

– Сен андай эле кушуңду кишиге алдырып ала турган мырза болсоң, өзүңдүн кол алдыңдагы обозгердин кызын албай эле койбойсуңбу? Кандын уулуна кандын кызы ылайык. Алыскы бир шаарда Сыйпа деген кыздын бир

түндө үч сүйлөткөн кишиге тиемин деген убадасы бар. Ошону барып албайсыңбы. Бир айлык жол басып жетесиң ал кызга, – деди тиги зайып.

Кандын уулу кушун алдырып, колуна кондурат да, үндөбөстөн бастырып кетет. Ошондон баштап кандын уулунун көңүлү бузула баштады. Аялын жаман көрүп, ур-бериге алган күндөрү да болду. Акыры бир күнү кандын уулу жигиттерин ээрчитип, азыгын мол камдап, Сыйпа кыз жашаган шаарды көздөй жол тартат. Көп күн жол басып, баягы камдаган азык түгөнүп айлалары кеткенде, кандын баласы, жигиттерди ээрчитип жүрүп талаада өлтүргөнүм убал болор, андан көрө аман-эсендеринде кайтарып жиберейин деген ойго келип: «Эми мындан ары өзүм жалгыз барайын, силер элге кайткыла», – деп уруксат берет.

Жигиттери элине кайтып, өзү тобокелге салып жалгыз жөнөйт. Бала жүрүп отуруп, азык-түлүгү такыр түгөнүп, акыры минген атын союп жейт. Эки этекти кайрып кыстарып, жөө жөнөйт. Арып-ачып, өңдөн азат. Аңгыча бел ашып, бир дөңгө чыкса, шаарга келип калыптыр. Ал шаардын четиндеги уй баккан бир абышкага кезигет.

–Ээ балам, кайдан жүрөсүң? Эрдиң кеберсиген, этегиң түрүлгөп, кантсе да ыраак жерден келаткан баласың го? – деп сурайт чал.

–Ооба, ата, ыраактан келе жатам. Мен бир кандын баласы элем. Сыйпа кыз аттуу падыша бар дейт, ошону алайын дедим эле, – дейт бала.

–Оо, кокуй, сен аны алалбайсың, – дейт чал баланы тойгузгандан кийин. – Тээтиги мунараны көрүп турасыңбы? Ал жалаң кишинин башынан куралган мунара. Экиүч күнү эс алып ал да, кайра кет. Тил алсаң койгун, бөөдө өлүм болосуң. Ал кызды бир түндө үч сүйлөткөн киши гана алат. Бир түндө үч сүйлөтүп ала коёбуз деп, нечен сен өңдүү кандын балдары келип сүйлөтө албай, баштары

алынып, жалаң баштан бир мунара болгонун көрүп турбайсыңбы? Сен аны сүйлөтө албайсың!» – деди.

–Ошонун кабарын угуп, мен сүйлөтүп алууга атайы келдим. Сыйпа кызга беттешпей элге кантип кайра барам! – деп бала чынын айтты.

–Айткан тилди албай койдуң, эмн кандын дарбазасынын алдына барып унчукпай тура бер. Бир кезде «эмне турасың?» деп желдеттер келет. Ошондо келген себебиңди айт! – деди чал.

Бала дарбазанын алдына тураар менен эки желдет келди да:

–Ой, жигит, эмне келдиң? Айт себебин, – деп кыйкырышты.

–Мен Сыйпа кызды сүйлөткөнү келдим, – деди бала.

Желдеттер сыйпа кызга барып: «Таксыр каным тиги турган кандын баласы экен, сизди үч сүйлөтүп алмакка келиптир», – дешти.

– Мейманды үйгө кийирип, төшөк салып, ар түрдүү тамак-ашты алдына койгула. Жакшылап оокаттанып ошол жерде эс ала берсин! – деди Сыйпа кыз буйрук берип.

Желдеттер баланы алып барып Сыйпа кыз айткандаи жайгаштырышты. Болжолдуу убактысы болгондо баланы алдырууга желдетин жиберди. Баланы Сыйпа кыздын алдына алып келишет. Бала ар түрдүү кептерден сөз салат. Бирок кыз унчукпайт. Ошентип таң атканча отура беришти. Бир кезде баланын жини келип:

«Жиндисиңби? Келесоосуңбу? Дудуксуңбу?» – деп кыйкырат. Кыз такыр унчукпайт. Дагы бир далай сөздөрдү айтат. Бирок кыз бирооз ачпай таң атырат. Таң агарып атканда желдеттерин чакырып:

– Бул жигиттин башын алып мунарага кошкула, денесин баягы орго таштагыла! – деп буйрук кылды Сыйпа кыз. Эки желдет тигини эки колунан алып дегдеңдетип баш алчу жерге алпаратканда, падыша кыздын музоо кайтарган кемпири көрүп: «Муну кайда алпаратасыңар?» –

деп сурайт. Желдеттер өлтүргөнү алпаратканын айтышат. Анда кемпир: «Айланайындар, бир аз токтой тургула, мен Сыйпа кыздан сурап алып, музоо кайтартайын», – деп жүгүрүп кетет да, дароо Сыйпа кызга барып, ушуну мага бер, музоо кайтартып алайын деп сурайт. Сыйпа кыз макул болот.

Кемпир кандын баласын үйүнө ээрчитип келип, музоо кайтартып койду. Бала аман калганына сүйүнүп, музоо кайтарып жүрүп: «Мен катын чанганды эмне кылат экенмин. Куш салып, ит агытып жүрө бербейимби?» – деп өз башын өзү койгулап арман кылат. Бала ошентип музоо багып турсун.

Эмдиги сөздү обозгердин кызынан баштайлы. Кандын баласы кеткен соң, аялы ойлонуп отуруп: «Мени күйөөм жаман көрсө да, аз күнү жолдош болуп калдым эле, өлүүсүн, же тирүүсүн билейин», – деп чачты төбөсүнө түйүп, эркекче кийим кийип, күлазыкты мол алып, мыкты тулпар минип күйөөсүн издеп жөнөйт. Ал эчен күн, эчен ай жол жүрүп, акыры атынан ажырап, жарагын колуна алып, жөө жүрүп отуруп, бир бийик белге чыгып эс алат. Ошол жерде эки жагын карап отурса, чоң өзөндүн боюнда бүлбүл болуп бир шаардын карааны көрүнөт. Ал күнү кечке жол жүрүп, күн батарда бир теректин түбүнө конoюн деп кайрылса, анын түбүндө алтындан оюп жасалган төрт орундук, ортосунда бир чатыраш оюн турат. Эмнеси болсо да байкайын деп, теректин башына чыгып кетет. Жылдыз толгон убакта көлдөн чыгып келген эки эркек жанаша эки орундукка, кыз жалгыз орундукка отура кетишет. Аңгыча кыз: «Адам ээй, адамзаттын жыты жыттанабы?» – деди эле, берки экөө: «Адамзат биякка кайдан келмек эле, андан көрө чатырашты тик!» – деп коюшат.

Ошентип, баягылар чатыраш ойноп калышты. Бир канча убакыт өткөн соң, көпкө ойлонушуп отуруп, кыз эки эркекти утуп алат. Бирок тиги экөө чырдашып, «оюн-

дун шартын туура аткарган жоксуң» деп моюн беришпей турган болгондо, обозгердин кызы:

– Ой, жигиттер, чырдашпагыла, кыз оюндун шартын туура аткарды, – деп үн чыгарат. Үчөө тең чочуп кетип, теректин башын карай коюшса, бир адам отурат.

– Бери түш, сен эмне болгон жансың? – дешти тиги үчөө.

– Мен адамзатмын, – деп обозгердин кызы теректен түшүп, үчөөнүн жанына келет. – Мен жайымды айттым, силер өзүңөр кимсиңер? – дейт.

– Биз жиндердин падышаларыбыз. Сен биз менен чатыраш ойнойсуңбу?

– Ойносо ойнойлу, бирок байге эмне болбт? – деп сурайт кыз.

– Биз утсак, башыңды алабыз. Сен утсаң, тилеген тилегиңди айт, биз ошого жеткиребиз, – дешти тиги үчөө.

Төртөө чатыраш ойной башташат. Көпкө ойноп отуруп, обозгердин кызы жин падышаларын утуп алат.

– Убада боюнча, эмне максатың бар, айт орундаталы, – дешти үчөө.

– Сыйпа деген падыша кызды бир түндө үч сүйлөткөн киши алат деген кабарды угуп, аны алсам деп, алыстан келдим эле. Ошол кызды үч сүйлөтүүгө жардам бергиле? – дейт обозгердин кызы.

– Макул, жардам берели, – дешти тигилер. – Сен бир табышмактуу окуя айтып, Сыйпадан сура, ал сүйлөбөйт. Ошондо биз тактанын алдында жашынып жатып, тескерисин айтабыз. Калыс кан эмеспи, чочуп кетип, туура жообун айтат. Ошондой акыл менен сүйлөтпөсөк, ал сүйлөбөйт. Керек мезгилде биз өзүбүз даяр болобуз, – дешип кайра көлгө кирип кетишти.

Обозгердин кызы эртеси кечинде эптеп шаарга жетип, баягы чалдын алачыгына кайрылат. Чалга салам айтат.

– Балам, бул элдин баласы эмессиң го. Алыстан келаткан түрүң бар.

– Ата, Сыйпа деген падыша кыз бар экен. Ошонун шаары кайда, аны үч сүйлөтүп туруп алайын деп келдим эле? – дейт обозгердин кызы.

– Оо-уу балам, ал кыздын кереметн да, касиети да күчтүү. Сыйпанын шаары ушул, бирок сен аны алалбайсың. Сага окшогон эчендер келип сүйлөтө албай, жалаң баштан мунара тургузулду. Кой балам, тил алгын да, дем алып алып, кайра жолуңа түш! – деди чал.

Обозгердин кызы ага көнбөй кандын дарбазасынын алдына барып туруп, эки желдеттин коштоосунда дүрдүйнө жайнаган бөлмөгө киргизилип, дем алып жатты. Бир кезде желдеттер келип Сыйпа кыздын үстүнө алып барды.

Мейман сыйпа кыз менен учурашып, аны алганы келгендигин айтты. Кыз үндөбөй астейдил күлүп: «Мени үч сүйлөткөн адам алат. Мени бир түндө үч сүйлөтө албасаңыз, башыңыз алынат. Бул шартты билсеңиз керек. Эмесе сүйлөтүүчү бөлмөгө киргин», – деди. Ошондо обозгердин кызы мурда барып, кире бериштеги кооз тактага отурду.

– Ал такта меники, сиз тигиндей өтүп отуруңуз! – деди Сыйпа кыз.

– Мен өлүүчү. Же күйөө болуучу кишимин, ошон үчүн бир түн каалаган жериме отурамын! – деп көшөрүп отуруп алды. Сыйпа да макул болуп, төргө отурду. Мейман ар түрдүү кептерден баштады. Сыйпа түк унчукпайт. Түн ортолоп калганда «баягылар келгендир» деп болжоп аңгемени мындайча баштады. Илгери, илгери бир жыгач уста, бир темир уста, бир кийим тигүүчү, бир молдо болуп, төрт адам жолоочу жүрөт экен. Ууру-бөрү күчтүү болгондуктан, кезек менен аттарды күзөтмөк болушат. Биринчи кезек жыгач устага тиет, ал эригип отуруп жыгачтан кишинин түспөлүн жасап коюп, кезекти темир устага бериптир.

Темир уста аттардын жанына барса бир киши турат. Абайлап караса жыгач түспөл. Ошондо темир уста ага сөйкө, билерик, шакек, мойнуна мончок тагып, анан кийим тигүүчүгө кезекти берет. Кийим тигүүчү барып көрүп, «ии жыгач уста менен темир устанын жасаган өнөрү экен» деп ойлоп, ага не бир кооз кийимдерди тигип кийгизип, жыгач кызды жасалгалап, акыркы кезекти молдого өткөрүп, уктап калат.

Молдо аттарды аралап барып кызды көрөт. Байкаса жыгач. Ошондо молдо, «мага тигил үчөөнүн көрсөткөн кереметі экен» деп дем сала баштайт. Анан баягы жыгач кызга жан кирип, тил бүтөт экен. Эртеси ал кызды тиги төртөө «мен алам, сен албайсың» дешип талашып калышат. Сыйпа падыша, айтыңызчы, кызды төртөөнүн кимиси алат? – деп сурап калды эле падыша кыз унчуккан жок. Анда обозгердин кызы:

– Жандуу Сыйпа айтпаса, жансыз такта, сен айтчы? – деп тактаны бир салды эле, «кызды жыгач уста алат» деген күңгүрөнгөн добуш чыкты. Ал добуштан мелтиреп отурган Сыйпа кыз чочуп кетип: «Андай эмес, ал кызды жан салган молдо алат!» – деп жиберди сыйпа кыз бир сүйлөдү деген коңгуроо кагылды. Бул кабар шаарга дүңк эле дей түштү.

Экинчи аңгеме мындайча башталды: «Илгери бир байдын жалгыз кызы болуптур. Ошол кызга бир күндө үч кандын баласы жуучу жибериптир. Кыздын атасы кимисине берерин билбей башы катып, ары-бери ойлонуп туруп, үч күйөөгө: «Үчөөң үч түрлүү буюм алып келгиле, кимики артык болсо, ошонуңа кызымды беремин», – деп үч күйөөнү кайра кайтарып жиберген экен.

Арадан эчен айлар, жылдар өттү. Акыры үчөө үч түрдүү буюм алып келе жатышып, бир жолдон кездешип калышат да, ар кими өзүнүн буюмдарынын касиеттерин айтып мактана кетишет. Көрсө, алардын бири алма, бири килем, бири күзгү сатып алган экен. Алманын ээси: «Мунун касиети – өлгөн адамды тирилтет», – деди. Килемдин

ээси: «Килемге отурсаң, каалаган жериңе дароо жеткирет», – дейт. Күзгүнүн ээси: «Дүйнөдө эмне болуп жатса, ошону даана көрсөтөт», – деди.

Анда үчөө: «Кана, көрөлүчү, колуктубуз эмне кылып жатты экен? – деп күзгүнүн бетин ача коюшса, үчөөнүн талашкан кызы каза болуп, жайына койгону мүрзөгө алпаратыптыр. «Кана, килемдин өнөрүн көрөлүчү» деп, үчөө килемге отуруп дароо жетип келишти да: «Токтогула, коё тургула!» – деп кызды койдурушпай, кайра көтөрүп үйүнө алпарып, алманы мурдуна тийгизсе, кыз тирилип тура келет. Ал жерден «мен аламын, сен албайсың» дешип талаша кетишет. Кана, падыша кыз, айтыңызчы, кызды үчөөнүн кимиси алат? – деди эле, Сыйпа кыз унчукпады. Анда обозгердин кызы: «Жандуу Сыйпа айтпаса, жансыз силер айткыла!» – деп дагы тактаны бир салат. Ошондо тактадан «Тез жеткизген килемдин ээси алат» деген күңгүрөнгөн добуш чыкты. Сыйпа кыз дагы чочуп кетип: «Андай эмес, кызды тиргизген алманын ээси алат», – деп сүйлөп жиберет. Аңгыча Сыйпа кыз сүйлөдү деген экинчи коңгуроо кагылып, шаардагылар бүлүк түшүп калат.

Кандын баласынын аялы эми үчүнчү аңгемесин айта баштады.

– Илгери бир кемпир кандын уюн саап, күнүгө эртең менен эрте канга сүт алып барып берчү экен. Күндөрдүн биринде баягы кемпир адат боюнча таң заардан сүт алып бара жатып, сүттү жерге коё коюп бир жакка чуркап кетет. Дал ошол кезде бир айрыкуйрук келип, бир жыланды жерден эңип алып кемпирдин сүтүнүн үстүнөн алып өтүптүр. Ошол кезде жылан заарын төгүп жиберсе, сүткө келип түшөт. Кемпир аны билбей сүттү көтөрүп кетет. Кан сүттү ичер менен мурт өлүптүр. Бул кандын өлүмүнө үчөөнүн кимиси айыптуу? Жооп берчи, Сыйпа кыз? – деп обозгердин кызы падышага кайрылат. Сыйпа жооп бербей мелтирейт. Ошондо кыз: «Бул канды кудайым дудук кылып жаратыптыр. Андан көрө жансыз такта сен өйдөсүң, сен айтчы, ким айыптуу?» – дейт. Ошондо тактанын

алдынан: «Кандын өлүмү үчүн кемпир эле күнөөлү», – деген үн чыгат. Адилет көнгөн Сыйпа кыз чочуп кетип: «Жок, андай эмес, айрыкуйрук күнөөлү!» – деп сүйлөп жиберет. Дароо сыйпа кыз үч сүйлөдү деген коңгуроо кагылып калкына кабар берилет.

Кызды сүйлөткөн кандай ырыстуу неме болду экен, же сыйкырчыбы, бат эле таң атып, күйөөнү көрсөк экен, деген элдин тынчы кетет. Таң атып, эл чогулуп келе баштады. Обозгердин кызы Сыйпа менен аркы-берки кептен салышып отурду.

– Менден башка сиздин колдон аман калган адам барбы? – деп сурайт бир кезде обозгердин кызы.

– Бирөө бар, аны музоо кайтарган кемпир сурап кеткен. Ал ошондо болууга тийиш, – деп жооп берди Сыйпа кыз.

– Ушул өлгөн пенделердин башын көрүп чыксам болобу? – деди кыз.

– Эрк сизде, – деген Сыйпа кыз уруксат берди.

Обозгердин кызы өлгөн жигиттердин баштарын бүт карап чыгат, бирок күйөөсүнүн башы көрүнбөйт. Андан таппагандан кийин, мен үч күнгө бир жерге барып келем, деп коюп, баякы Сыйпа кыз айткан музоочу кемпирдикине таап барса, күйөөсү музоо кайтарып жүрүптүр. Чачы, тырмактары өскөн, кир, адам сыпаттан кеткен.

– Мынабу музоо баккан балаңызды мага сатыңыз, мен жолдош кылып алайын, – деп баягы кемпирге жабышат. Кемпир макул болот. Кемпирдин сураган дилдесин берип, күйөөсүн сатып алып шаарга келет. Тазалап, жуунтуп, жаман кийимдерин чечинтип алып, алардын баарын бир чоң сандыкка салып бекитип, ачкычын өзү алып, сандыкты Сыйпа кызга алып барып, «бек катып ал» деп берет. Кайра келип, өзү кандай кийинсе тиги күйөөсүн да так ошондой кийинтип, өзүнүкүнө окшош ат мингизип, үч күнү алып жүрүп тыңытып, кол кармашып достошот да: «Мен тез кетейин, ошондой зарыл жумуш чыгып кал-

ды. Сыйпа кызды сүйлөткөн мен элем. Үйүмдө аялым бар, аны кыялбадым. Сыйпаны сен ал. Сыр билгизбей кызга баргын, ашык сүйлөбө, сөз айтса сөзүнө карата жооп бер, анан үйүңө тезирээк алып кайт», – деп бала менен коштошуп, обозгердин кызы кете берди.

Кандын баласы Сыйпа кызга барат. Сыйпа каныша себин сексен төөгө жүктөтүп, күң менен кулдарын алып, баланын шаарына жөнөйт. Обозгердин кызы мурун келип, жүдөңкү тартып үйүндө отуруп калат. Бир аз күндөн кийин кандын баласы Сыйпа кызды алып келип, өзүнчө өргөө көтөртүп, чоң той берет. Мурунку аялы обозгердин кызын: «Кет, селпейген каракчы десе, дале жүргөн тура», – деп кордоп кирет. Ошондо обозгердин кызынын ачуусу келип Сыйпага барат да: «Мен бир сандыкты аманат таштадым эле, ошону бериңизчи?» – деп сандыктын ачкычын койнунан сууруп чыгат. Сыйпа кыз ошол жерден оозун карманып, өзүн сүйлөткөн ушул келинчек, экенин билет да, сандыкты алып келип, таазим кылып алдына коёт. Обозгердин кызы сандыкты ачып, элден мурун кандын баласынын музоо кайтарган кийимдерин сууруп чыгат. Анда кандын баласы: «Бул кийимдер меники эмес, бул чач да, тырмак да меники эмес!» – деп танат. Обозгердин кызы: «Сыйпа кызды кантип сүйлөтүп алдың эле, айтчы?» – дегенде унчуга албай жер тиктейт. Ошол жерден бала менен Сыйпа кыз экөө тең обозгердин кызынын бутуна жыгылып, бүт бийликти ага берип, үчөө ынтымактуу болуп жыргап жашап калышкан экен.

## АКЫЛМАН СЫНЧЫ

Бир адам жолоочу жүрүп келе жатса, жолдон бир адам жете келет да: «Бизден мурун кеткен из төөнүн изи экен. Анын бир жак көзү сокур экен», – дейт. Жолоочу ага көңүл бөлбөйт. Андан ары бир аз жүргөндөн кийин баягы киши: «Бир жагына та-

руу, бир жагына буудай жүктөп алыптыр», – дейт. Андан ары жүрө бергенде: «Үстүнө мингени кош бойлуу аял экен, артында ээрчиткен куйругу чолок сары ити бар экен», – деп толуктап коёт. Ошондо жолоочу таң калып, бир чети жини келип: «Сен жинди болсоң керек, аларды көрдүң беле, көрбөсөң кайдан билдиң?» – дейт. Анда тиги киши: «Мен жинди эмесмин, шаарга жете баралы, мына ошондо менин сөзүмдүн чындыгын көрөсүң», – деп коёт. Баягы киши шаарга жакындаганда «жанагыны далилдесем болот эле, бирок шашып бара жаттым эле» деп, жөнөп кетет.

Жолоочу өз жолу менен жүрүп отуруп бир кандыкына келип конуп калат. Кан чай ичилгенден кийин:

– Алыстан келе жатыпсыз. Көргөн-билгенден сөз сала отуруңуз? – деп жолоочудан сурап калат.

– Жолдон бир кишиге жолуктум. Жинди дейин десем, жинди эмес. Кебете-кепшири кадимки соо адамдай, бирок соо дейин десем, соо эмес жинди кишинин кебин салат. Ошого азыркыга чейин таң болуп отурам, – дейт жолоочу.

– Кандай кеп айтты ал киши? – деп кан сурады.

– Айта турган деле кеп эмес, дөөдүрөп койду көрүнөт. жолдо келе жатып, «бизден мурун шаарга кеткен из төөнүн изи экен деп койду. Дагы бир аз жол жүрүп келип, төөнүн бир көзү сокур экен, үстүнө мингени кош бойлуу аял, ээрчиткени чолок куйрук сары ит экен деди. Андан бери келип, төөнүн бир жагына таруу, экинчи жагына буудай артып алыптыр дейт. Мен ишенген жокмун. Шаарга жакындаганда, далилдесем болот эле, бирок шашып баратам» деп жөнөп кетти.

Кан арыдан-бери эки жигитин чаптырып, баягы кишини таптырып келди да:

– Кечээ эмне дедиң эле? Аны кайдан билдиң? – деп сурады.

– Аны билиш кыйын деле эмес. Бизден мурун кеткен төө экенин изинен билдим, сокур экенин чөп чалышынан билдим, анткени сол тарабындагы чөптү сыдырып жеп

отуруптур, оң жагына тийбептир. Аял жерге түшүп заара ушатып, боортоктоп араң минген экен, андан кош бойлуу экенин билдим. Жумшак кумда сайылган из бар, сары жүн түшүп калыптыр, андан куйругу чолок сары ити бар экендигин билдим. Жолдун бир жагына таруу, экинчи жагына буудай чачылыптыр, андан таруу менен буудай жүктөп баратканын билдим. Таксыр каным, аялды издеп таптырып келиңиз. Эгер айтканым калп болсо, башымды алдырыңыз, – деди.

Аңгыча кандын жигиттери сокур төө минген чолок куйрук сары ит ээрчиткен кош бойлуу аялды алып келип калышты. Кан тиги кишинин тапкычтыгына, кыраакылыгына таң калды. Анан ошол кишиге тулпарын сынатмакчы болуп, жигиттерине алдырып келет. Сынчы тулпарды көрүп:

– Эти уй, сөөгү тулпар экен! – дейт.

Кандын абдан ачуусу келип, тулпарды баккан, таптаган кишисин алдырып, сынчынын сөзүн айтып каарданат. Сынчынын айтканы туурабы, же жокпу деп тигинден сурайт.

– Каным, бул сынчынын айтканы туура. Тулпар туулары менен энеси өлүп калып, кулунду уйга телчигенибиз чындык болчу, – дейт саяпкер.

– Менин ата-тегимди билип берчи? – деп сурайт кан сынчыдан.

– Сиз кулсуз, ал эми аялыңыз кандын кызы, – дейт сынчы.

– Дөөрүбө, жети атамдан бери кан болсо, анан мен кайдан кул болом! – деп каарданып сынчынын башын алдырмак болот.

– Ишенбесеңиз, энеңизден сурап көрсөңүз болот, каным, – дейт.

Кан энесин чакыртып, сынчынын айтканына жооп беришин сурайт.

– Балам, өсөрүм калбай, өлөрүм калган чагымда бир кишинин канына ортоктош болгум келбейт. Муну бир ку-

дай, бир вазир, бир сенин энең, анан мен билчү элек. Вазир менен сенин энең эчак аркы дүйнөгө кетишкен. Эми биздиң сырыбыз дагы бир кишиге маалим болсо, кудайдын кудурети ушул экен, кулак сал, чынын айтып берейин. Сенин атаң жети аял алган экен, жетөөнөн тең бала көрбөй, сегизинчи кылып мени алат. Бат эле боюма бүтүп, төрөр күнүм жакындаганда кан: «Чыр эткен баланын үнүн уга элек элем. Эркек төрөсө сүйүнчү жибергиле, кыз төрөсө көзүмө көрүнбөсүн», – деп кырк жигити менен ууга чыгып кетет. Айлам кетип ыйлап, жашы санаалаш вазир менен акылдаштым. Вазир мени эч кимге көрсөтпөстөн сарайга алып келип камап койду. Мен кыз төрөдүм. Вазир болсо үч күнгө чейин эч жанга билгизбей, чар тараптан эркек төрөгөн аялды издеп жүрүп, үч күн дегенде сени таап алып келди. Мен сарайда кызымды сага айырбаш кылып, кедейдин аялына дүр-дүнүйө берип узаттым. Кийин өз каным алыстап кетпесин деп, кызымды сага алып бердим, – деп энеси көз жашын төктү. Муну угуп, кан сынчыга ыраазы болуп, ат мингизип, тон кийгизип, сыйлап узат-кан экен.

## АКЫЛМАН ВАЗИР

Илгери, илгери бир кан болгон экен. Ал кандын атагы элге жайылып, айткан сөзү эм болуп туруптур. Ошондон улам өзүн акылманмын деп ойлочу экен. Бирок «аял жакшы эр жакшы, вазир жакшы кан жакшы» дегендей, кандын жакшылыгы анын вазиринин акылмандыгынан болуптур. Бирок кан аны түшүнгөн эмес. Бир күнү кан менен вазир ууга чыгышат. Удан кеч кайтып, айылына жете албай калышат. Ошондо кан менен вазир алдынан чыккан үйгө түнөп кетүүнү ойлошот. Жолдогу бир жыбытта бир ак үй, бир кара үй тигилип турган экен. Эки үйдөн эки ит үрүп чыгат. Вазир айбандын да, чөп-чардын да тилин билген неме

экен. Ак үйдүн ити үрүп жатып: «Кан менен вазир бүгүн биздикине конот. Менин ээм бир кой соёт, мен кан-жинине тоём, таң атканча ыксырап уктайм», – деп мактанат берки итке.

Анда кара үйдүн ити үрөт дейт: «Кан менен вазир биздикине конот. Менин ээм жалгыз ак токтусун соёт, мен анын кан-жинине тоём. Кан менен вазирдин атын таң атканча кайтарып чыгам. Сен уктап калып, кан менен вазирдин аттарын уурдатып жибересиң», – деп үрүптүр.

Вазир менен кан кара үй менен ак үйгө жакындап келгенде, кан ак үй жакка бастырат. Вазир канды чылбырдан алып, кара үйгө түшүрөт. Кандын ачуусу келет. Бирок үйгө барганда сүйлөшөрмүн деп унчукпайт. Кан менен вазирге кембагал дыйкан чайын берип, алардын келгенине жетине албай жалгыз коюнун козусун алып келет. Ошондо сырттан кой маарайт дейт: «Атаңдын көрү ай, он бирди туудум, бири дагы тукум болгон жок. Ушунумду калтырса болот эле. Миң төлдүн башы ак токту деген ушул болчу, андан көрө мени сойсочу», – деп каңырыгы түтөйт. Койдун сөзүн түшүнгөн вазир мыйыгынан күлүп, бата сурап турган дыйканга кайрылып: «Кой, алдагы козуңду сойбо. Бизге сыртта маарап жаткан коюңду сой!» – дейт. Үйдүн ээси макул болуп, козуну коё берип, койду алып келип соёт. Мында да кандын ачуусу келип, мунун эмне кылганы деп ойлойт. Үйгө барганда жакшылап сүйлөшпөсөм, мунуку ашып баратат, деп ичинен кек түйүп калат.

Алар өткөн-кеткенди сүйлөшүп отуруп этти жешет, андан соң жомок айтуу башталат. Үйдүн ээси бир топ кызыктуу жомокторду айтат. Вазир күлкүлүү жомокторду айтып берет. Кандын эрксизден капасы жазылып өзүнүн билген үч жомогун айтып бергиси келет. Бирок, ушул жаман кара үйгө жомок айтып бергендей мен киммин, деп айтпай коёт. Анда кандын үч жомогу кеңешет дейт. Биринчи жомогу: «Мени бул ызалады ушул үйдө эле айтса болмок. Мен эртең менен ага көрсөтөм. Кара курт бо-

луп өтүгүнүн башына кирем да муну чагып өлтүрөм», – дейт. Анда экинчи жомогу: «Эгер сенден аман калса, жолдон кан чаңкаган кезде уу булак болуп алдынан чыгам. Бир ууртаганда эле өлөт» – дейт. Үчүнчү жомок: «Эгер силерден аман калса, мен уктап жатканда жабуудан ажыдаар болуп түшөм. Андан аман кала койбос», – деп кеңешти бүткөрүшөт. Жомоктордун сүйлөшкөнүн да вазир билип коёт. Эртең менен кан өтүгүн кийгени жатканда, вазир өтүгүнүн башын чарт кесип алат да, өзүнүн өтүгүн бере салат. Кандын ого бетер жини келип, сени үйгө барганда даргага астырам деп кекенет.

Эртең менен чай ичип алып аттанып кетишет. Жолдон таарынган кан үн катпайт. Күн ысып кан менен вазир чаңкайт. Кетип баратышса эле, алдынан бир булак агып жатат. Кан аттан түшкөнчө вазир булакты аты менен тепсетип, атын заардатып жиберет. Кандын ачуусу ого бетер келет. Ошол ачуусу менен үйүнө жетет. Күн батып кетет. Эртеси вазирин даргага асмакчы болуп, кан жатып алат. Кан жаткан бөлмөдө таң атканча күзөт кылууну ойлойт вазир. Кылычын кармап, көз ирмебей турат. Бир маалда кирип келаткан ажыдаардын башын кыя чабат. Ошондо ажыдаардын бир тамчы каны төшөктө жаткан аялдын төшүнө таамп калат. Ажыдаардын канын соруп салайын деп жатканда кан ойгонуп кетип, аялын вазир өөп жаткандай көрүп, дароо жигиттерин чакыртып, вазирди таңдырып салат. Эртеси элдин көзүнчө даргага асмакчы болот. Ошондо вазир канга кайрылып: «Каным, мени туура эмес күнөөлөп жатасыз. Карыяларды чакыртып, менин күнөөмдү аларга коюп бериңиз», – деп суранат.

Кан макул болуп, карыяларды чакыртып, аларга кан өзүнүн вазиринин кылган күнөөлөрүн санап берет да: «Мунун шиши толду, акырында келип койнумда жаткан аялыма кол салып жатканы эмнеси?» – дейт.

– Кандын айткандары туурабы, вазир? – деп сурашат карыялар.

– Кандын айткандары туура, аксакалдар. Бирок аларды мен эмне үчүн жасадым, ошону угуп алгыла, – деп болгон тарыхын айтып берет. Экөөнүн ууга чыкканын, кайтып келатып кара үйгө коногонун, козу сойдурбай кой сойдурганын, анан жомоктордун кекенип калганынан кара курт кирип кеткен өтүгүн кесип, өзүнүкүн бергенин, булак суунун уу экендигин, ажыдаар соро турган болгондо башын кесип алганын, бир тамчы каны аялынын көкүрөгүнө тамп кеткенин, уу сиңип кетпесин деп соруп салганын толугу менен айтып берип: – Мен канымдын жанын гана сактаганым болбосо, башка күнөөм жок! – деп сөзүн аяктайт.

Кан вазиринин акылына ыраазы болуп, аны бекер күнөөлөгөнүнө уят болуп, «кандык мага ылайык эмес экен» деп ойлойт да, кандык тактыны вазирине өткөрүп берген экен.

## АЛЫМКУЛ ТҮШЧҮ

Илгери Өмүрбек аттуу кан казынасын уурдатып жиберит: «Ууруну ким таба турган болсо малымдын теңин берем, таппасаңар баарыңды күнөөгө тартам!» – деп бүт элин чогултуп жар салат. Элдин айласы кетип, кандын каарынан коркушуп: «Мына ушул Алымкул деген түшчү, ууруну ушул таап берет» дешип, бир кишини көрсөтүшөт. Алымкул айылдан алыс үй тиктирип, ууруну табууга кырк күн мөөнөт алды. Кан кырк күнү кырк кой союп, Алымкулду бакмак болду. «Баары бир кан өлтүрөт, андан көрө кырк күнү кырк кой сойдуруп жеп, анча-мынча болсо да жыргап алайын деп», – кырк өрүк алып баштыгына салып койду. Бир күн өткөндө бир өрүктөн жеп коюп, баягы өрүктүн түгөнүшүн санап жатты.

Кандын казынасын уурдаган кырк ууру болчу. Алар түшчү Алымкул эмне түш көрүп ууруну таптырат экен,

барып билип кел деп, бир уурусун жиберишет. Ууру келип үйдүн артынан Алымкулду тыңшап турду. Алымкул жатаар маалда баягы өрүктөн бирди алып: «Кырк элең бирөөң келдиң», – деп өрүктү жеп жатып алды. Үйдүн артында тыңшап турган ууру Алымкулдун сөзүн угуп, коркуп кетти. Ал ууру жолдошторуна барып: «Ко-куй, биз өлгөнү калыпбыз. Мен тыңшап турсам, кырк элең бирөөң келдиң деди да, жатып алды», – деп айтып берди. Эртеси дагы бир ууруну жиберишет. Алымкул уурунун тыңшаганын кайдан билсин. Эки күн өттү деп санаа чегип, өрүктүн бирин алып туруп: «Кырк элең экөөң келдиң!» – деп экинчи өрүктү жеп жатып алды.

Ууру менин келгенимди кадимкидей эле билип койду деп, жолдошторуна айтып барды. Үчүнчү күнү уурулар бир чолок уурусун жиберет. Алымкул жатарында өрүктөн бирди алса, курт жеген өрүк колуна тийиптир «Кырк элең үчөөң келдиң, келгенде да майрыгың келдиң», – деп айтат. Эшикте турган чолок ууру коркуп: «Билерин го билиптир, мен качканымда деле канга айтса кармап алат, андан көрө өзүм айтайын», – деп баягы чолок ууру кирип барат салам айтып. Алымкул сыр билдирген жок. Ууру: «Түшчү аке, менин эмнеге келип турганымды билип тургандырсыз?» – деди. «Билип турам, билбегендечи...» – деди Алымкул.

– Түшчү аке, – деди ууру. – Кандын казынасын биз уурдадык эле. Мурунку күндөрү келген урууларды да билип койдуңуз, бүгүн мен келдим эле, мени да билип: «Кырк элең үчөөң келдиң, келгенде да майрыгың келдиң» дедиңиз. Эми бизден эмне алсаңыз да, канга бизди айта көрбөңүз, жаныбызды аман алып калыңыз. Уурдаган буюмдарды жардын түбүнө көмгөнбүз, эчтекесин короткон жокпуз, – деп жалынат.

– Ээ, болуптур балдар, – деген Алымкул ичинен сүйүнүп, бирок сыр бербей. – Бүгүн келбесеңер, эртең канга айтмакчы элем, келгениңер жакшы болду. Силерди мен сак-

тап калайын, бирок экинчи бул кандын казынасынан жана айылынан бир чамынды да албагыла. Кандын казынасынан уурдаган буюмдарга кол тийгизбей, өзүңөр суунун аркы өйүзүнө өтүп, бул жерден кеткиле. Эгерде экинчи ирет айылдан чычкак улак жоголсо, силерди дароо канга кармап берем! – деди Алымкул түшчү.

Ууру сүйүнгөн боюнча кетип, жолдошторун болгон окуяны айтып, түнү менен башка жакка качып кетишти. Экинчи бул жакка келип ууру кылбаска ант беришти. Алымкул болсо, уурулардын оңой жерден табылганына сүйүнүп, өлүмдөн калганына тобо келтирди. Кырк күнгө чейин кандын кырк коюн жеп, чайын ичип жыргап жата берди. Кырк күн бүткөн күнү канга салам айтып кирип келди.

–Каным, казынаңыздан уурдалган буюмдар бүт бойдон жардын түбүндө көмүлүп жатат. Барып каздырып алыңыз. Казынаңызды кырк ууру уурдаган экен. Алар суудан өтө качышты. Эми аларды таба албайсыз. Бирок мындан кийин сиздин элден чычкак улак да жоголбойт, – деди.

Кан жардын түбүндөгү дүнүйөсүн ташытып алды. Алымкулга убадасы боюнча малынын теңин бөлүп берди. Арадан көп убакыт өтпөй жылкычылар бир бээ жоголду деп калышты. Кан Алымкул түшчүгө айтты. Алымкул түш көрөм деп жатты. Ошол мезгилде бир жылкычы бээнин суу жээгинде кулундаганын түшчүгө айтып келди. Эртеси Алымкул канга: «Каным, бээңиз боөз экен, суугa жылкыларды сугарганы айдаганда ичинде экен, суунун жээгинде кулундап калса керек», – деп айтат. Кан жылкычысын суугa жиберсе, бээ кулунун ээрчитип ошол жерде жүрүптүр.

Эки-үч күндөн кийин кан ойлонуп отуруп, Алымкулду сынамакчы болду. Топ чымынды кармайын деп колун серпти эле, чымын учуп кетти. Үчүнчү жолу кармап алып, Алымкулга алып келди да: «Алымкул, менин колумда эмне бар? Эгер тапкыч болсоң, тапчы?» – деди. Алымкул эми накта өлгөн экенмин деп ойлоп, өзүнүн абалын түшүндүрүп

канга кыскача мындай деди: «Биринчи жолу кутулду, экинчи жолу кутулду, байкуш чымын жан үчүнчү жолу тутулду», – дейт. Кан анын колундагы чымынды айткан экен деп ойлоду. Алымкул түшчү айткан сөзүнүн дал келгенине сүйүндү. Кан Алымкулду чоң олуя экен деп таң калды.

Бир күнү кан Алымкулду ээрчитип мончого келди. Алымкул канткенде кандан кутулуштун амалын издеди. Бир убакта кан суу көтөрүп келе жатканда Алымкул жинди болумуш болуп, канды жетелеген боюнча кышкы суукта эшикке алып чыкты. Чыгып келе жатканда кандын башы босогого катуу тийди. Эскилиги жетип араң турган мончонун төбөсү күр-р этип түшүп кетти. Кан эшикке чыгып: «Бали, Алымкулум, сен болбосоң, мончонун төбөсү басып калмак экен. Сен төбөсү түшөрүн билип, эшикке жетелеп чыккан экенсиң го», – деп ага ыраазы болду. «Мен ошону билип, сизди майып болуп калбасын деп, алып чыкпадымбы», – деди. Кан ыраазы болуп: «Бир ажалдан алып калдың, эми башыңа азаттык бердим!» – деп Алымкулду бошотуптур. Алымкул айла менен кандан кутулганына сүйүнүп, өз оокатын өзү кылып жашап калган экен дейт.

## АТА СӨЗҮ

Илгери бир Ашымкан аттуу байдын жалгыз уулу болгон экен. Ашымкан атагы алыска угулган бай болбосо да, өз элинде кадыры бар, жүздөгөн майда жандыгы бар, элүүдөй жылкысы бар адам экен. Бай өлөр алдында баласына мындай осуят калтырыптыр:

– Балам, мен өлгөндөн кийин артымда калган дүйнө сага опаа болбойт. Сага калтыраарым жети осуят: биринчиси – кандын вазири менен дос болбо, экинчиси – жаңы байып келаткан адамга карыз болбо, үчүнчүсү – долу аялга сырыңды айтпа, төртүнчүсү – туз арамы кылба, бешинчиси – эртеңки ашка күйсөң күй, кечки ашка күйбө, алтынчысы –

тобокелге бел байла, жетинчиси – калыстыгыңдан жанба! – деп айтыптыр да, дүйнөдөн кайтат. Бала атасынын өлгөнүнө санаркап өңдөн азат. Бирок турмуш деген турмуш экен, бара-бара унутулуп, оокатын жасай берет.

Күндөрдүн биринде баягы жигит атасын ойлоп отуруп, анын өлөр алдында айтып кеткен осуяттары эске түшүп, ошону сынамакчы болот да, кандын вазирине миң дилде берип дос болот.

– Атам өлүп жалгыз калдым, өйдө бассам өбөк, ылдый түшсөм жөлөк бол. Атамдын калтырып кеткен мал-мүлкү, дүнүйөсү сага да, мага да жетет. Андан көрө кол үзүшпөй дос болуп жүрөлү! – дейт вазирге.

Бала дагы бир күнү атамдын экинчи осуятын сынайынчы деп, жаңы байып келаткан байдан «үч күнгө» деп миң дилде карыз алат. Дагы бир күнү жай отуруп аялына сыр айтат: «Менин баланча байдын уулу – байбачада алалбай жүргөн өчүм бар. Барып ошонун башын кесип келем, сен жүктүн астына ор каздырып кой», – деп үйдөн чыгып кетип, караңгылата кызыл-ала бир нерсени ороп келип орго көөмп таштайт. Эртеси вазирдин келе жатканын көрүп, сынамакка аялын сабай баштайт. Вазир арага түштү эле, арачы бербей экөөн тең урду-бери кылат. Бир кезде аялы чаңырып: «Кечээ эле баланча байбачанын башын кескен кан ичкич!» – деп кыйкырат. Бала муну угуп, аттигиниң, атамдын айтканы чын экен деп барып отуруп калат. Вазир досу «ай-уй» дегенге көнбөстөн, баланы канга айдап жөнөмөк болот. Үйдөн чыга элек жатса, баягы миң дилде берген бай келип, «дилдемди бергин» деп жакадан алып, мен да канга барчумун деп ээрчип алды. Төртөө канга барышат. Кан вазирдин сөзүн угуп отуруп, баладан: «Байдын баласын өлтүргөнүң чынбы?» – дейт.

Бала болгон окуяны башынан аягына чейин айтып келип: «Ошол байдын баласын чакырта койсоңуз эле чын, калп экендиги билинет», – деди. Кан баягы өлдү деген байбачаны чакыртты эле, бир заматта жетип келип са-

лам берди. Ал эми аялы айткан орду каздырса, эчкинин башы чыкты. Кан байдын карыз дилдесин кечип, вазир менен аялды кууп жиберди да, баланы өзүнө биринчи вазир кылып дайындады.

Арадан ай өтпөй кандын аялы өлүп, бир жаш кызга үйлөндү. Аялдын балага көзү түшүп калып, аркы-беркиден сөз салды эле: «Атам туз арамы кылба», – дебеди беле деп, анын алдоосуна көнбөй койду. Анда кандын аялы баладан өч алмак болуп: «Таксыр каным, ушул вазир балаңдын көзүндө оту, сөзүндө мурчу бар. Мага сөз айтып жүрөт, акыр түбү өзүңө зыян кылбасын! – деп канга айтат. Кан аялынын сөзүнө ишенип, баланы өлтүрмөк болот да, наабайчысын чакырып: «Эртең менен үрүң-баранда биздин үйдөн ким барса да, ысык тандырга салып жибер!» – деп буйрук кылат. Эртеси кан балага «наабайчыга барып нан алып кел» деп жумшайт. Бала эчтекеден капары жок келатса, саардан бир үйдөн түтүн булап, бир кемпир түндүк тартып жол карап туруптур. Кемпир баланы көрүп: «Балам, бүгүн күнгө жума, жалгыз балам өлдү эле, ошого куран окуп, даам сызып кет!» – деди. Бала үйгө кирейин десе, нандан кечигип кала турган. Кандын каарынан коркот. Отурбай эле кете берейин деп, кемпирдин көңүлүн кыйбайт. Ошондо атасынын: «Эртеңки ашка күйсөң күй, кечки ашка күйбө», – деген осуяты эсине түшүп, кемпирди ээрчий үйгө кирет. Кандын аялы бала нанга кеткенден кийин, «өлөр алдында бир көрүп, баланы табалап калайын» деп артынан чыгат. Аял баладан мурда жеткендиктен, наабайчы кандын айтканы ушул тура деп, тандырга салып өрттөп жиберет.

Бала антип-минтип куран окуп, тамак ооз тийгиче күн бир убак болуп калат. Андан чыгып, шашкан боюнча наабайчыга келип, нанды алып канга келет. Кан анын аман келгенин көрүп, аябай таң калат. Анан кан, сөзүнүн чынын айтып, аялын чакыртса, ал жок. Бала болгон иштин жагдайын канга айтып берип: «Атам туз арамы кылба», –

деди эле, мен туз арамы кылган жокмун, деди. Кан балага ыраазы болуп, өзүнүн ишенчээктигине уялып калды.

Күндөрдүн биринде эл арасында, Мисир шаарына соода кылууга барган киши, алып барган мал-мүлкүн жакшы соодалап келет имиш, деген сөз тарап кетти. Бул кабар канга да жетет. Кан бир чети жер көрмөк, бир чети соода кылмак болуп, жанына вазир баланы, жигиттерин алып, мизир шаарын көздөй жөнөп калат. Ой менен, чөл менен жүрүп отурушуп, бирок суунун айынан малы да, адамдар да чаңкап, чаалыгышат. Акыры чөлдөгү бир кудукка келишет.

Суу алып чыгууга кудукка жигиттеринен түшүрөт, бирок кайра тартып алышса эле башы жок чыгат. Муну көрүп кандын жигиттери дүрбөлөң түшүп калышат. Бала тобокелге бел байлап «кудукка мен түшөм» дейт. Кан кыйылып жатып макул болот. Ал кудукка түшүп суу сузуп алмак болгондо, кудуктун түбүндө отурган эки аялдын бири: «Сууну алаардан мурда, биздин талашыбызды чечип бер!» – дейт. «Талашыңар эмне?» – деп бала сурайт. Анан бир аялдын алдында бака, экинчи аялдын алдында жылан жатканын көрөт. Бирөө жыланды түртүп коюп, ийрилип жатып калса эле жалынып-жалбарып калат. Экинчиси бакага үйрүлүп түшөт. Аңгыча бир аял: «Жылан менин балам, бака мунун баласы. Экөөнүн кайсынысы жакшы?» – деп сурады.

Бала ойлонуп туруп: «Атам калыстыгыңдан жанба», – дебеди беле деп: «Ар кимдики өзүнө, ай көрүнөт көзүнө», – деген экен. Ошондо эки аялдын тең жарпы жазылып: «Оп бали, сөзүң сөз эмес бекен, бая эле ушинтип айтышпайбы?» – деп кудуктан суу алууга уруксат беришиптир.

Бала сууну алып, аман-эсен кудуктан чыгып келет. Андан жүрүп отурушуп Мисир шаарына барышып, бир пулун эки эсе кылып кайра кайтышат. Элге келгенден кийин кан: «Сен кан болууга ылайык, калыс адам экенсиң», – деп тактысын берип, бала кан болуп калыптыр.

## АЛКЫШ

Илгери, илгери бир дүнүйөкор адам болуптур. Мал-мүлкүмө зыян келтирет, тамак-ашымды ичип кетет, деп элден бөлүнүп, бир ээн коктуга бөлүнүп барып жалгыз жашайт. Ал коктунун төрүнө жайлап, жакасына кыштап, малын багып жүрө берет. Күн сайын ченеп тамак жасап, малынын туягын көбөйтүү менен алек болот.

Ошентип жүрүп карыйт, кемпири да алдан-күчтөн кете баштайт. Бир күнү алардыкына чоочун жолоочу келет. Жолоочу алыс жол бара жатканын айтып, тамактанып, тыныгып алгысы келгенин баяндайт. Дүнүйө-кор абышка-кемпир адатынча: «Биз сени кондура албайбыз, араң жан сактап жаткан бизди коюп, ылайыктуу жериңди таап конбойсуңбу, карыган адамдарды кыйнаба», – дешет. Алар бул жолоочу эмес эле мал уурдап жүргөн немеби деп ойлошуп, тамак да бербей коюшат. Бирок жолоочу да көгөрүп керели кечке кезерип отура берет.

– Жок дегенде улагаңарга эле жатып кетейин? – деп суранат кеч киргенде баягы жолоочу.

– Жатсаң жат, – дешип аргасыз уруксат беришет. Чарчап келген жолоочу тез эле уктап кетет. Тигинин катуу уктаганына көзү жеткен соң, кемпири ченеп суу куюп, ченеп эт салып, тамак бышырат.

Тамак бышкандан кийин экөө шыбыш алдырбай иче баштайт. Экөө тоёт, бирок эмнегедир казандагы тамак артып калат. Мындай кызыкка түшүнбөй абышкасы кемпирин, тамакты көп салыпсың деп жемелейт.

– Тиги жолоочуга берейин деген экенсиң го, – дейт абышка.

– Жок, күндөгүдөй эле ченеп жасадым эле, андан көрө сен мага көрсөтпөй кошуп койсоң керек, – дейт кемпири.

Ошол кезде уктап жаткан жолоочу ойгонуп кетет. Сураштырып иштин жайын түшүнгөн соң:

–Бул менин ырыскыма буюрган тамак тура. «Конок-тун ырыскысы өзү менен» деген ушул. Мага бербейин дегениңер менен, буюрган тамакка айла жок экен, – деп тамактын калганын ичип жатып алат.

Абышка-кемпир ошондон кийин: «Элден бекер эле бөлүнүп, жалаң мал деп тоодо жүрүппүз. Келген конок өз ырыскысы менен келет турбайбы. Андан көрө кайра эл арасына баралы», – деп тогуз жолдун тоомуна келип конушат.

Жолдон өткөн арып-ачкандарга колдо бар тамактарын берип, элдин алкышын алат. Алкыш менен кемпир-чал кайра жашарып, жыргап-куунап эл арасында жашап калышкан экен.

## ЭКИ БИР ТУУГАН

Илгери бир аял эки уулуна эки жерди бөлүп берет. Балдары бөлүп алган жерине эгин эгип, бак тигишип, жайлай иштешет. Уулдары түнүчүндө уктап жатканда энеси караса, экөөнүн башында дайыма эки чолпон жылдыз жанып турганын көрчү экен.

Жай өтүп, берекелүү күз келет. Уулдары эгинин оруп-жыйып, опмайдалап бастырып, сапырып, тазалап, кызыл данын эки жерге үйүп коюп, үйлөрүнө келет. Энеси мал союп, чечкор өткөрөт. Түнкүсүн балдары кезектешип кырманды карамак болушат. Алды менен кичүүсү келип, ары басып, бери басып жүрүп, агасынын эгинин ташып, өзүнүкүнө кошуп коёт. Түн ортосу оогон кезде улуусу кырманга күзөткө келет. Караса, инисинин кызылы көбөйүп калган.

–Инимди баба дыйкан колдогон экен. Ошондуктан анын эгини көбөйгөн тура. Кичүүсүнтүп тигини тигинт, муну минт деп көп жумшачу элем. Ошол эмгегин баба

дыйкан билген экен. Эмгеги акталыптыр, – деп кубанып таң атарда үйгө келип, инисинин жанына жатып уктап калат.

Кырманды караганы энеси келсе, улуу уулунун эгини кыбыр этип кыбырап, бир даны эки дан болуп, улам көбөйүп отуруп, кичүү баласынын эгинине жетип, ага да дан чачырайт. Дан чачыраган сайын кичүү уулунун даны азая баштайт. Ошондо эгиндин көбөйүшү токтолуп, тымып калат.

Шашып-бушуп аял үйүнө келсе, уулдары дале уктап жатат. Улуу баласынын башында мурдагыдай эле чолпон жанып, кичүүсүнүн башында бир кара ит үрүп турганын көрүп, чочуп кетет. Балдарын ойготуп:

– Балам, түндө эмне иттик кылдың эле, жашырбай айт? – деп кичүү баласынан сурайт. Кичүү уулу түндө агасынын эгининен алып, өзүнө кошуп койгонун жашырбай айтып берет.

– Балам, түндө сен эмне иш кылдың эле, жашырбай айт? – деп улуу баласынан сурайт. Улуусу көргөн-билгенин, ойлогонун айтып берет. Андан кийин энеси өзү барып кырмандан көргөндөрүн, уктап жаткан уулдарынын башында тургандарды, кичүү уулунун башындагы үрүп турган итти көргөнүн балдарына айтып берет.

Мына ошондон кийин кичүү баласы ичи тардыгын коюп, агасына жардам берип туруп калышыптыр.

## ЖЭЭРЕНЧЕНИН БАЛАСЫ

Жээренче чечендин баласын эл өтө жоош дечү экен. Бир күнү Жаныбек кан Жээренче менен сүйлөшүп отуруп:

– Жакшыдан жаман туулабы, чеченим? – деп сурайт табышмактатып.

– Жок, каным, жакшыдан жаман туулбайт! – дейт Жээренче.

Жээренченин бул айтканы кандай, жок дегенде өз баласынан деле салыштырып көрбөйбү, деп ойлойт кан бирок ачык айтпайт. Жылдар өтүп Жээренче чечен кайтыш болот. Жоокерчилик замандардын бир күнү Жаныбек кан калмактарга жортуулга бара турган болуп, кол жыйнап, ага Жээренченин баласын да коштурат. Жээренченин баласы каршылык кылбай эл менен жоого аттанып кетет.

Душман менен кагылышуу катуу болот. Күчтүү душманга туруштук бере албай жаныбек кандын колу артка чегинип кача баштайт. Келе жаткан жолдо кандын аты жүрбөй калып, душмандын колуна түшө турган болот. Ошондо Жээренченин баласы:

– Таксыр каным, жүрбөй калган атыңызды мага бериңиз. Сиз менин атымды миниңиз, мен сизге биротоло тартуу кылам. Мен колго түшсөм эч нерсе эмес, сиз колго түшсөңүз «Калмактын канын чаап аламын деп барганда, колу качып кетип, каны колго түшүп калыптыр» деген, жалпы элди булгаган түбөлүк жаманатты сөз калаар. Тез, бул атты миниңиз! – деп өз атына мингизип, жүрбөй калган кандын атын Жээренченин баласы минип, кан кутулуп кетиптир.

Элине кайтып келип, тынч турмушта жашап жатып: «Капырай, Жээренче чечендин айтканы чын экен го, жоош көрүнгөн менен баары бир жакшы адамдан жакшы туулат дегенге эми ишендим», – дептир Жаныбек кан Жээренченин баласынын жортуулдагы сөзүн эстеп.

## КАН МЕНЕН САЯТЧЫ

Бир күнү Чомотой саятчынын кабары каардуу кан Алдаяркангa жетет. Чомотой дүйнөдө эмне куш болсо, ошол куштун тилин бүт билет экен. Кай жерде катылган казына болсо, чачылган алтын, күмүш, каухар болсо куштарды жумшап жыйдырып алат экен.

Азыр Чомотой саятчынын байлыгындай эч бир кандын байлыгы да жок имиш деп угат.

Өз элин ажыдаардай соргон ач көз кандын сугу саятчынын өнөрүнө эмес, анын дүнүйөсүнө түштү. Эптеп айыпка жыгып, байлыгын тартып алууну көздөгөн кан желдеттерин жумшап, саятчыны алып келгиле деп буйрук кылды. Кан буйругу көз ачып жумганча аткарылды. Саятчы кандын сурагынан өттү. Баш ийип кулдук урду.

– Алдаяр каным, биринчи буйрук алданыкы, экинчиси сиздики кулдук уруу биздики, чакыртыпсыз келип калдым, – деп таазим кылат.

– Сен, акмак, жанагы куштардын тилин кайдан жана кимден үйрөнүп жүрөсүң? Ошону айтып бергин мага? – деп мурдатан камдаган суроосун берди каарданган Алдаяр кан.

– Алдаяр каным, муну өзүм да билбеймин, тилим чыкканда эле адамча жана кушча сүйлөп чыкты. Ата-энемден сурабай калыптырмын, алар мен жаш чагымда эле оо дүйнөгө кетишкен, азыр менин эмне үчүн адамча да, кушча да сүйлөп калган сырымды билген киши жок. Бул жообума ыраазы болуңуз, каным. Эми менин суроомо жооп берер бекенсиз, каным? – деп Чомотой саятчы таазим кылат.

– Сура, саятчым, эмне сурамакчы элең? – деген кан тыңшап калат.

– Алдаяр каным, мен сиз менен ушул жашка келгени көрүшкөнүм ушул, ооз ачып сүйлөшкөнүм да ушул. Сиз сөз баштаганда эле мени акмак дедиңиз, мунун жайы кандайча? – деп сурады саятчы. Мындай сөздү укпаган кандын эки көзүнөн чаары чыгып, ачуусу келип:

– Сен чыныгы акмаксың! – деп бакырды. – Акмактыгың ушул – сен менин алтын, күмүш, каухарымды уурдап жатасың. Куштарды жумшап ташытып алдың, ошол күнөөңдү билбейсиңби? Башың менин кылычымдын мизинде турганын түшүнбөйсүңбү, акмак? Акмактыгыңды эми билдиңби?

– Кечириңиз, алдаяр каным, – деди саятчы. – Аларды мен уурдап алган жокмун. Менин дос куштарым сиздин

өлкөнүн чегинен эмес, али жапайы айбандан башка адамдын изи түшө элек сырт өлкөдөн алып келишкен. Мен ал өлкөнүн кай тарапта экендигин айтсам, сиз таң калбаңыз. Сиздин жердин чегин жакшы күлүк ат менен бир жумада кыдырып чыгууга болот, ал эми тиги бай өлкөдө куштун учкуну кузгун бир жумада түз учуп жетип, кайра экинчи жумада гана келет, – деди.

– Сен ууру эмесмин деп актанба, акмак! Жеткен ууру экендигиңди мойнуңа аласың! – деп ачууланды кан чыдай албай. – Биринчиден, менин чегимди буздуң, экинчиден, менин чегиме келген бардык нерселер жалгыз гана меники, мага айтпай катып алганың үчүн башың алынат! – деди. Кан саятчыга дагы башка күнөө таап жабайын деди эле, бирок саятчы:

– Алдаяр каным, менин башымды кескенде эмне чыгат. Андан көрө болгон дүнүйөмдү сиз алыңыз да, башымды аман коюңуз. Бирок, алдаяр каным, ошол алып келген дүнүйөмдүн баарын элге таратып жибердим эле. Азыр үйүмдө жарым кадак алтын жок, болгон күндө да аным мага кереги канча, – деди.

– Акмак! – деди кан. – Сен жөн эле мага дүнүйөңдү бергиң келбей жатат. Сенин дүнүйө казынаң меникинен да көп деп бекеринен айтпайт. Кана айт, казынаң кайда? Азыр жигиттериме өзүң көргөзүп бергин, бул сөзүм эки болбойт! – деп ого бетер каарданды. Анда саятчы:

– Эгер дагы жок десем башым кесилип калбасын, жүргүлө жигиттер! – деген саятчы жигиттерди ээрчитип үйүнө жөнөдү. Кан болсо казынам эми толот деп кубанып үйүндө калды. Кандын жигиттери саятчынын үйүн, короо-жайын нечен күн, нечен түн тинтип, кенедей да алтын, күмүш таба алышпады. Жигит башчысы ачууланып:

– Сен кан менен ойноп жатасың, казынаң кайда, айткын, деп кыйнады. Саятчы болсо, алтын, күмүшүн элге таратып жибергенин айтты. Болгон окуя канга жетти. Каарданган кан Чомотой саятчыны зынданга салдырып, бүт элине:

–Кимде ким Чомотой саятчыдан алтын, күмүш, каухар алса кандын казынасына жеткирсин. Эгер жеткирбей жашыра турган болсо, баары бир билинет. Саятчы менен кошо зынданга түшөт, башы алынат! – деп жарыя кылды. Эл ичи уу-дуу болуп, казына канга гана ылайык, биздей букара, кедей-кембагалдарга алтын, күмүштүн эмне кереги бар, кандын казынасына жыйнап берели да, саятчынын өмүрүн сурайлык, дешип, алтын, күмүш, каухарларын алып келишип тапшырышты эле, кандын казынасы ашып-ташып кетти. Кан ага да болбой, дүнүйөнү элге таратып, элдин көөнүнө жагып алып, куштарга да, элге да падыша болгону жүргөн неме экен, деп, саятчыны катуу жазага тартмай болду.

Саятчы өлөрүн сезип, өзүн кайтарып отурган желдеттен: «Канга бир кезигип өлсөм арман жок эле», – деп суранды. Каардуу кан саятчыдан акыркы жолу бир сөз сурап калууга өзү да куштар эле, дароо алдырды.

–Алдаяр каным, – деди саятчы алдына келгенде. – Менин башымды кесиңиз, бирок менин денемди жерге көмдүрбөңүз, тетиги ак кар баскан тоого таштаттырыңыз. Бүт канаттуулар талап жеп кеткендей болсун, себеби мен ал канаттуулардын акысынан кутулган жокмун. Ошон үчүн өз денем менен кутулбасам, менин колумда алардын керегине жарай турган эч нерсе жок. Ушуну аткарсаңыз, мен чексиз ыраазымын. Аткарам деп бир гана сөз айтыңыз да, менин башымды кестире бериңиз. Менин башка сөзүм жок. Балким, сиздин мага айта турган сөзүңүз бар чыгар, айта бериңиз, билсем жооп берем, билбесем дагы күнөөлүү болуп кете бермекмин, – дейт.

Кан саятчынын өлүм алдындагы зор кайратына таң калды. Кексе кан ткгини ичинен аяп турса да, айтканынан кайтпаска тырышты. Бирок андан сурай турган нерсесин сурап калышты ойлоп:

–Менин суроомо жооп берсең да, жооп бербесең да башың алынат. Ойлонуп көр, – деди. Саятчы сурай бериңиз дегендей ишарат кылды. – кана, кайран акмагым,

айтчы, бул дүйнөде кайсы жаныбар узун өмүр сүрөт? Анын себеби эмнеде? – деп сурады. Саятчы токтолбостон:

– Дүйнөдө узун жашаган кузгун, анын себеби кузгун учкул канаты менен талбай учат экен жана мүрөктүн суусунун кайдан чыгаарын билет экен да, ошондон ичет экен. Узун өмүрдүн дабаасы ошол, каным, ыраазы болгонуңузду билгизсеңиз мен да көңүлүм жай болсун, – деди саятчы.

– Мүрөктүн суусу кайда болоорун сен билесиңби? – деп сурады кан.

– Билем, бирок өзүм өлүм алдында туруп, душманымдын узун жашашын каалабаймын. Сизге мен эртеңки өмүрдү да кыйгым келбейт. Сиз жазыксыз адамды айыптап, эч сураксыз башын алдырып, алсызга күчүңүздү көргөзүп, өкүмүңүздү аткартып жатасыз. Ошондуктан, ал сыр менин каным менен кошо жерге сиңип жок болушу мүмкүн, – деп саятчы сөз бүттү дегендей тетири карап кетти.

Кан ойлоно түштү, чын эле саятчы акмак эмес, мен акмак болуп жатпайымбы, өзү башы кесилген жатса, мага мүрөктүн суусун таап бермек беле. Андан көрө саятчы мага мүрөктүн суусун таап бергиче өлүмдөн куткара турсам, акыры менин кылычымдын мизинен кутулбасы айкын да деп, буга кур ачуунун кереги жок экеяин сезген кан:

– Саятчы досум, сени кайраттуу жана акылман адам дегендеринен өз көзүм менен көрүп сынайын дедим эле, эми сыныма толдуң, өмүрүң азат. Жанагы мен койгон айып куруу жалаа, элден жыйналган дүнүйө кайра таратылат. Кабагыңды ачып, катын-балаңа бар жана кандын сени убара кылганын көңүлүңө алба, – деп кан ордосуна кирип кетти. Ал эми саятчыны сакчылары бошотуп жиберди. Саятчы түнөрүп үйүнө келди, анын бошогонуна үйбүлөсү, жалпы эли-журту кубанды, бирок өзүнүн өңүнө кубанычтын изи да кирген жок. Эми ал кандын акыркы касабынан кантип кутулуштун амалын издеди.

Саятчы баягы өз конушуна конуп, ары-бери учуп өткөн канаттууларга өз сырын айтып, кандан кутулуунун ама-

лын сурады эле, бардык куштар: «Адамзат менен кездешмек тургай, жанына баргандан коркобуз» – дешти. Акыры кутулуунун амалын бир жылкы боло турган окуяны алдын ала билген соно деген куш ойлоп тапты. «Саятчым, – деди соно, – эч нерсеге капа болбо, каныңдын алты айлык гана өмүрү калыптыр. Сени чакырган кезде мүрөк суусу келирки ушул күнү даяр болот, дегин. Ага чейин кан өлөт, сен күткөн жыргал заман келет, кан өзү өлө койбойт эле, ага коңшу кан кол салат, камылгасыз жатканда басып алат. Ал кан сендейди урматтаган адилет кан», – дейт соно куш.

Бир күнү кан саятчыны чакыртып, мүрөктүн суусун алдырып бергин деп буйрук берет. Саятчы баягы куштун айтканы боюнча бир аз кыйылып туруп, ал алыс жерде, бир жылсыз колго тийбейт, дейт. Кан ага макул болот, сүйүнүп көңүлү жайланып жата берет. Алты ай чамасы өтпөй коңшу кан согуш ачып, беймарал жаткан кандын алсыз колун талкалап, кандын өзүн өлтүртүп салат. Анан мурдагы кандын каарынан азап чеккен элди жыйнап, эл арасындагы акылмандарды чогултуп, өз элиңерге өзүңөр башчы тандап алгыла деп жарыя салат.

Эл да, жалпы акылман карылар да Чомотойду башчы кылып берүүсүн жеңген кандан суранышат. Ал макул болуп, Чомотойду башчы шайлап, өзү кайра кайтып кетет. Чомотой куштун да, өз элинин да падышасы болуп көп жыл жыргап өмүр сүргөн дешет.

## АМАЛДУУ КЕДЕЙ

Илгери өткөн заманда бир кан: «Кимде ким мага жыл маалында кыдырды көрсөтсө, бир табак дилде берем!» – деп жар салат. Элдин баары ага кызыгып калышат. Бир кедейдин аялы: «Барып кандын дилдесин алып келсең болбойбу», – деп күйөөсүн уруша берет. Кедей болсо аялынын сөзүнө көнбөй: «Эмне, жыл маалында өлүп калайымбы, барбаймын», – дейт. Анда

аялы: «Үстүбүздө тиккен үйүбүз болбосо, кийерге кийим, ичерге тамак болбосо, баары бир жыл маалында өлөбүз, андан көрө ага чейин ичип-жеп бир жыл болсо да жашап туралы, барып алып келгин!» – дейт. Аялынын тилине ууруп, айласы кеткен кедей канга барып: «Менин азыркы абалым деле өлгөн менен тең, дилдеңизди бере бериңиз, жыл маалына чейин кудайдан тилеп көрөйүн», – деп кандын дилдесин алып келип, ичип-жеп жата беришет.

Бир күнү аялы экөө жылды эсептешсе жыл маалына жети күн калыптыр. Ошондо аялы: «Жети күндөн кийин кандын вазири келет, мен сени кыдырды издеп кеткен деймин. Сен тоого качып кет», – деп күйөөсүн тоого кычырып жиберет. Тоо-ташты керелден кечке аралап жүрүп кедейдин чарык чокойу бат эле түшүп калат. Үйүнө келсе, аялы кайта кубалайт. Бир күнү, эмне болсо да үйгө барып өлөйүн деп келатса, алдынан бир киши чыгат. Андан качайын десе, артынан бир киши чыгат. Андан качам деп, алдындагы кишиге беттешип калат. Шашкалактап салам айтып, кандын кишилериби деп коркуп, чын сырын айтат.

– Жокчулуктун айынан, убактысынча болсо да жеп-ичип туралы деп, жыл маалында кыдырды көрсөтмөк болуп кандан миң дилде алганым чын. Дилде болсо түгөндү, бирок кыдырдын көрүнө турган түрү жок. Тоодо качып жүргөнүм да ушундан, – дейт кедей. Анда тиги чоочун киши: «Оо, жолуң болгур, кандан качып кутула албайсың, кан сени өлтүрүп эмне кылсын, андан көрө, каным, жокчулуктун айынан бир табак дилде алганым чын эле, кыдырды таппадым деп алдына бар», – дейт. «Канга деле барат болчумун, бирок аялыма баргандан корком. Жок дегенде мени үйүмө киргизип койсоңуз», – деп кедей берки кишиге жалооруй карайт. Чоочун киши кедейдин сөзүн кыйбай аялына ээрчитип келет. Кедей жаналы калбай тиги кишини колунан келишинче сыйлап жөнөтөт. Кетип бара жатып тиги киши: «Эми чочубай

эле канга бара бер, мен кетейин», – деди эле. «Жок деген-де кандын дарбазасына чейин узатып койсоңуз, жүрөгүм даабай жатат», – деп туткактап кетирбейт. Кандын дарбазасынын алдына келгенде: «Киргизип койсоңуз, коркуп жатам!» – дейт.

Алар кандын дарбазасынан өткөндө кедей берки чоочун кишини кароол жигиттерге көрсөтүп: «Канга айткыла, мен убада боюнча кыдырды көрсөткөнү алып келдим, тосуп алсын!» – дейт. Бул сөздү угуп, кандын сарайы бүлгүнгө түшүп калышат. Тиги чоочун кишинин да эси чыгып, кетенчиктеп кетмекчи болду эле, кедей: «Баары бир, эми сен да өлөсүң, мен да өлөм, ажалдан кутулуунун бир гана жолу бар, кан кирип келип: «Ассалоом алеким, кыдыр ата деп салам берет. Алик алба. Кан саламын кайталайт, унчукпай тура бер, акыры, кыдыр ата, эмне унчукпайт деп, менден сурайт. Андан аркы жоопту мен берем. Сен белги бергенде гана эшикке чыгып, дароо жок бол», – деди кедей.

Аңгыча кан келип, эки колун бооруна алып: «Атсалоом алеким, Кыдыр ата!» – дейт. Тиги алик албайт. Кан тизесин бүгүп саламын кайталайт. Чоочун киши унчукпай тура берет. Кандын тынчы кетип: «Касиеттүү кыдыр ата, эмне үчүн унчукпайт?» – деп кедейден сурайт. Анда тиги кедей: «Касиеттүү кыдыр ата адамдардын көздөрү ачык турганда сүйлөбөй да, касиетин көрсөтпөй да коёт деп уктум эле», – дегенде, кан бүткүл сарайдагылардын көздөрүн жуумп турууга буйрук берип салды.

Ошол мезгилде кедей тиги чоочун кишини «чыгып жогол» дегендей белги берди эле, берки дароо жылып жоголду. Кан бир аз күтүп көзүн ачса маңдайында кыдыр түгүл караан да жок. Кедей канды карап:

– Каным, кыдырды бир көрөрүн көрдүңүз, эми мага ыраазысыз го, – деп таазим кылып жайдары үйүнө кеткен экен.

## ДЫЙКАНДЫН АЯЛЫ

Илгери бир байдын малын багып, эгинин айдап, чөбүн чаап оокат кылган дыйкан болуптур. Ал жаздын күнү эки өгүзгө буурсун илип, жер айдап жүрсө, бир убакта буурсунду эки өгүзү тарта албай туруп калат. Буурсун ташка такалдыбы деп, эңкейип караса буурсунга такалган таш эмес эле ат башындай алтын экен. Киши көрө элегинде катып алайын деп, эки жагын элеңдеп караса бир атчан кетип баратыптыр. Кантсе да менин алтын катып алганымды көрүп калды көрүнөт. Азыр канга айтканы баратат, андан көрө чакырып сурап көрөйүн, деген ойдо чакырат.

Чоочун адам бастырып келип: «Эмне дейсиң, дыйкан?» – деп сурайт. Балким алтынды көргөн эмес болсочу деген дыйкан амалданып: «Сени калыс болсун деп чакырдым. Мен кызыл өгүз күчтүү дейм, катыным кара өгүз күчтүү дейт, мунун кайсынысы күчтүү?» – дейт. «Ой, акмак десе, кайдагы болбогон сөздү айтат. Ушул үчүн да адамды убара кыласыңбы?» – деп бура бастырды. Анда дыйкан, бул жөн эле билмексен болун жатат, эми чындап канга айтып барат деп ойлоп, тиги кишини кайта чакырат. Берки жанына келгенде: «Бул айдала турган жерге мен таруу себейин дейм, катыным буудай сепкин дейт, кайсынысын сепсек жакшы чыгат?» – деп сурайт. Анда жолоочу: «Айтканың ушубу?» – дейт. «Ооба, ушул», – деп жооп берет дыйкан. «Анда сен жеткен акмак экенсиң!» – деген тиги атын чапкан бойдон жолго түшөт.

Дыйкан эми чындап коркуп: «Бул ачуусу менен барып канга айтса, ал мени өлтүрөт, андан көрө алтынды өзүм алып барып берейин», – деп өгүздөрүн коштон чыгарып, алтынды капка салып көтөрүп үйүнө келди да: «Ой, катын, бол, мен канга барам. Тамагың болсо бер», – деди. «Канга эмнеге барат элең? – деп сурайт аялы. «Жумуштарым бар», – деген дыйкан тамакка отурат. Аялы тиги-

нин сөзүнө күлүп: «Бар, жолуңдан калба, балким, кан сага кызын берип калгысы бардыр», – деп эшикке чыгып, дыйкан ала келген капты ачып караса ат башындай алтын бар экен.

Дыйкандын аялы алтынды катып коюп, ордуна чийдин дүмүрүн капка салып коёт да, билмексен болуп кайта үйгө кирет. Дыйкан капты көтөрүп алып, кандын дарбазасынын алдына келет. Келген жумушун сакчыларга айтат. Кандын уруксаты менен дыйкан кирип келип, таазим кылып, эмне айтарын билбей делдиреп бир саамга туруп калды. Кан: «Эмнеге келдиң эле?» – деп сурады эле: «Сизге мына муну алып келдим», – деп кабынын түбүнөн алып силкип жиберсе, чийдин дүмүрү тоголонуп, топурак-чаңы менен кандын алдына түштү. Аны көргөн дыйкан: «Каным, сизге алтын алып келдим десем, дүмүр тура», – деп аңкайып калды. Каары келген кан: «Эй акмак, сен эмне үчүн тактымды булгайсың? Буга окшогон чийдин дүмүрү талаада азбы, мунун эмнеси таңсык, азыр башыңды алдырайынбы?» – деп желдеттерин чакырат. Дыйкан шашкан бойдон: «Кулдугум бар, каным. Кандын акылы миң кишилик деген сөз бар эмеспи. Бул чийдин дүмүрүн мен беш кадак десем, катыным сегиз кадак дейт. Канча экенин биле албай, чечсе да кан чечет деп сизге алып келдим», – деп эптеп сөз табат. Анда кан, кууланып жаткан баш кесер болуп жүрбөсүн, сынап көрөйүнчү деп ойлоп: «Бул итти эшикке алып чыгып, сабап туруп камап салгыла!» – деп буйрук берет.

Жигиттер дыйканды эшикке алып чыгып сабашат да, анан камап салышат. Бир кезде дыйкан: «Канда сөзүм бар эле, бир эле жолу алып баргыла?» – деп жигиттерден суранат. Жигиттер ээрчитип канга алып барды эле, кан: «Эмне сөзүң бар эле, айт?» – дейт. Анда дыйкан: «Бул топуракты мен семиз жердики десем, катыным арык жердин топурагы дейт. Экөөбүздүн кимибиздики туура, адилет кан эмессизби, эртерээк чечип үйүмө кетириңизчи?» –

деп сурайт. Ошондо кан, бул накта келжиреген акмак неме экен, бир аз сабап туруп кетирип жибергиле деп буйрук берет. Аябай таяк жеген дыйкан сенделип отуруп үйүнө араң жетет. Катыны алдынан тосуп, каткырып күлүп: «Ии, кандын күйөө баласы канбача, кадырлуу конок болуп кайткан түрүң бар», – деп үйгө киргизип майлуу эт, казы-карта алдына койду эле, дыйкан көрүп турган көзүнө ишенбей: «Катын, мен бир балаага жолуккан түрүм бар. Көзүмө көрүнчү көрүнүп жаткан окшойт. Буурсун айдап жүрүп, ат башындай алтын таап алдым. Канга алып барсам алтыным чийдин дүмүрү болуп чыкты. Кандын каарына калып таяк жедим. Үйгө келсем, нанга кенен жетчү эмес элек, минтип казы-картаны алдыма коюп отурасың. Бул да болсо кудайдын көрсөткөн сырыбы деп, көзүмө ишене албай отурам», – деди. Анда аялы жаркылдап күлүп: «Алтын тапканың да чын, абышкам. Алтын деп чийдин дүмүрүн канга алып барганың да чын, азыр жей турганың казы-карта экендиги да чын. Көзүңө көрүнгөн эч нерсе жок, коркпой колуңду созуп жей бер», – деп далысынан сылады. Дыйкан иштин жайына түшүнүп:

– Катын, сен акылдуу жан экенсиң, ал эми мен акмак экенмин. Кан менден да акмак көрүнбөйбү, менин алдаганыма ишенди, сен болсо экөөбүздү тең алдапсың, бирок аз гана таяк жегеним болбосо, иштин баары биздин пайдабызга чечилиптир. Мен сага ыраазымын!» – деп аялына абдан ыраазы болуп, ат башындай алтынды четинен соодалап, мал күтүп, жыргап жашап калышкан дешет.

## САРЫ ТАЗ

Илгерки өткөн заманда Кыйран ууру деген болуптур. Ал жаш кезинен малдуунун малын койбой, баштуунун жанын койбой уурулук менен ошол элге атагы чыгып, Кыйран аты өчүп, Кыраан ууру атка конуптур. Кыраан ууру кыркка чыкканча пер-

зент көрбөй, элүүгө эңкейип, бели бекчейип, көзү чекчейип калган кезде өңү сары, көзү көк, оозу жалжайган, мурду балчайган, башында бир тал чачы жок, итий сымал балалуу болуптур. «Баланын өзүн көрүп, атын кой» дегендей эли-журту чогулуп, азан чакырып атын Сары таз коюшуптур.

Бирок Сары таз жерден боорун көтөргөндөн чуулу чыгат. Атасын тартып колу туткак, айылдагы куюшкан, көмөлдүрүк, жүгөн дегенден эч нерсе койбочу болот. Күндөрдүн биринде атасы «өзүм карып бара жатам, артымдагы балам өнөрүмдү алып калчудайбы, жокпу» деп, сынамакка аны ээрчитип алып айылдын четине чыгат да: «Мен тетиги терекке чыгып барып, басып жаткан сагызгандын жумурткасын уурдап келем, сен карап тур», – дейт. Бала макул болуп карап турат. Атасы көз ачып-жумганча терекке чыгып барып, басып жаткан сагызганга билдирбей бир жумурткасын уурдап, кайра түшүп келди. «Көрдүңбү, балам, өнөрдүн күчүн?» – деп мактана кетти атасы. «Кокуй, ата, шымың кайда?» – деп сурады Сары таз атасына. Атасы ошондо билди өзүнүн шымын эчак чечиндирип алганын, ошондо Кыраан ууру баласына: «Анык өзүмдү тарткан экенсиң, азамат!» – деп ак батасын берген экен.

Күндөрдүн биринде ошол элдин каны жар чакырды.

– Кимде ким эч чындык кошпой кырк ооз калп айтып берсе, ошого кызымды беремин, айта албаса башы алынат! – деп кан убадасын берет. Нечен эр-азаматтар кырк ооз калп айталбай эмне болуптурмун деп келип, бөөдө өлүм болуп жатышты. Ал кабар Сары тазга да жетет. Ал жээрде чолок кунанын минип, желки ээрдин жаланып-жуктанып, кандын ордосуна желдире бастырып келди да:

–Кырк ооз калп айтып, чыны жок жалкы айтып, кызыңды алганы келдим, айталбасам башым алынып өлгөнү келдим! – дейт. Кан аны кабыл алып, жан-жөкөрлөрү менен чогулуп угууга даяр отурушту. Ошондо таз: –

–Мен өз атам туула электе чоң атамдын жылкысын кайтардым. Күндөрдүн биринде жылкы арасындагы кырк кулач бээм жоголуп кетти. Отуз кулач кара аргымагыма минип алып бир дөбөгө чыгып бардым. Аттын үстүнө сексен кулач укурукту коюп, теребелге көз жүгүртсөм, бээм көрүнбөдү. Укуруктун үстүнө тебетейимди сайып алып карасам да көрүнгөн жок. Жерге түшүп, тебетейимдин үстүнө кепичимди коюп карадым эле, бээм суунун аркы өйүзүндө жаңы эле тууп, кулунун жалап туруптур. Атыма олбуй-солбуй камчы уруп жетип бардым. Атка минип, бээни учкаштырып, кулунду өңөрүп, суудан өтмөк болдум эле, атым кайкалап жата калды. Анан бээни минип, атты учкаштырып, кулунду өңөрүп өтөйүн десем, бээм баспай койду. Ошондо кулунду минип, атты учкаштырып, бээни өңөрүп, чу коюп дарыядан өтүп кеттим. Суудан өттүм да, күн кечтеп кеткендиктен, эки терекке атым менен бээни аса байлап, тезек терип жагып жылынмакчы болдум. «Тезек» деп этек толтура терип келгеним чил, бөдөнө, кекилик болуп чыкпаспы, «терек» деп аттарымды байлай салганым эки ак куу болуп калбаспы, бир жегенде он бөдөнө бир жедим, отуз кекилик, отуз чил, эки ак куу жумуруума жук да болбой калды. Кантмек элем, курсак чала тоют болуп, кыңырылып уктамак болдум. Катуу уктап кеткен экенмин, аңгыча тоо менен тоо кагышкандай катуу добуш чыкты. Ойгонуп кетсем эки өтүгүм мушташып жатыптыр. Көрсө, мен кекилик, чилдин этин жегенден кийин май болгон колумду оң өтүгүмө аарчып, сол өтүгүмдү жөн коюптурмун. Ошондон улам экөө мушташып жатыптыр. Иштин жайын түшүнгөндөн кийин ачуум аябай келип, экөөн эки муштап, бирин башыма, бирин аягыма жаздап жата кеттим. Эртең менен ойгонуп өтүгүмдү кийейин десем, бирөө бар, бирөө жок.

Көрсө, баягы майлабаган өтүгүм мага таарынып качып кетиптир. Артынан издеп чыктым. Жолдо келе жатып аябай суусап калыптырмын, бир арыктан суу ичтим.

Ошентип, түшкө маал бозокорлордун айылына келсем, баягы өтүгүм бозо сунуп жүрөт. Чакырып кийип алып кетмек болдум эле, элдин баары эле: «Жарты чеке калак баш, карга менен бок талаш», – деп мени карап күлүп жатышыптыр. Көрсө, баягы суу ичкен жериме жарты чекем түшүп калыптыр. Кайра суу ичкен арыкка келип, жарты башымды таап, чапташтырып койсом жиги билинбей калды. Мына, ишенбесеңер кармалап көргүлө, – деп сары таз башын көрсөттү канга.

Бирок кан баягы убадасынан танып, Сары тазды теңсинбей, «эртең кел, бүрсүгүнү кел» деген болуп, создуктуруп жатып кызын бербей койду. Таз ага кекенип: «Сага жети зыян кылбасам, таз атым өчсүн» деп кете берди. Бирок Сары таздын жети зыянын эч ким билген жок.

Арадан көп убакыт өтпөй кандын казынасына ууру кирди. Ал экинчи үчүнчү күнү да кайталанды. Ошондо кан вазирлерин чакырып: «Бул ууру укмуш окшойт, кантип кармайбыз?» – деп суроо салды. Ошондо баш вазир: «Казынанын оозуна калыңдап желим төктүрүңүз. Келген ууру желимге жабышып чыга албай калат. Эртеси кармап алабыз», – деди. Сары таз атасын ээрчитип ал күнү да ууруга келди. «Ата, казынага мен түшөйүн?» – деди Сары таз. «Менин өлөрүм калды, өсөрүм калган жок, мен түшөйүн?» – деп атасы болбой койду. Кыраан ууру казынага түшүп, алтындан сузуп бере берди. Сары таз тартып ала берди. Бир убакта атасын чыгарып алайын десе, балтырына чейин желимге батып чыга албай калыптыр.

Сары таздын айласы кетип ары-бери чебеленди эле, атасы: «Айланайын балам, экөөбүз тең өлүм болбойбуз, кайратыңды жыйып туруп менин башымды кесип кет. Мен ичеримди ичтим, жеримди жедим, эгер мен колго түшсөм, мен да, сен да өлөсүң, ошондуктан менин айт-канымды аткар, балам! Тулку боюмду ким таанымак эле! – деди атасы. Сары таз ыйлап-ыйлап, акыры башка айласы болбогондон кийин атасынын башын кесип алып үйүнө кетти.

Эртеси кандын жигиттери канга келип: «Казынага түшкөн ууру кармалды, бирок тулкусу калып, башы жок», – дешти. Кан вазирлерин чакырып дагы кеңеш курду эле, бир вазири: «Тогуз жолдун тоомуна өлүктүн денесин илдирип коюңуз. Өлүктүн бир жагына кырк, экинчи жагына кырк кароолчу койдуруңуз. Ким өлүккө келип ыйласа, ошол уурунун жакындары болуп чыгат. Ошондон улам таап алабыз ким экендигин», – дейт. Кан акыры вазирдин сөзүн макул таап, анын айтканындай жасатат.

Бул кабар Сары тазга да, энесине да жетет. Энеси, кыраанымды кантип көрбөй каламын деп, күнүгө эки маал ыйлап уулунун мазесин алат. Ошондо Сары таз: «Көрөм деп калдыңыз, эми болуптур, бирок кароолчулардын жанына барганда калп эле мүдүрүлүп жыгылып, тизем демиш болуп ыйлап бугуңузду чыгарып алыңыз. Баары бир кандын желдеттери канга алып барат, ошондо өзүм бир мусапыр кемпирмин, мүдүрүлүп жыгылып кетип, тиземди оорутуп алып, ошого ыйладым деңиз», – деп энесине акыл айтып жөнөтүп жиберет. Кемпир уулунун айтканын жасап, мүдүрүлүп жыгылып ичтеги бугун чыгарып алат. Жигиттер кемпирди канга алып барат. Кемпир ага уулунун үйрөткөнүн айтат. Кан «өзүнчө жүргөн мусапыр турбайбы» деп, кайра-садага бердирип жөнөтүп жиберет.

Арадан эки күн өткөндөн кийин Сары таз кандын айтылуу кара жоргосун уурдап кетет. Кечке маал аттын бир капталын, өзүнүн бир капталын акка боёп, чапкан бойдон келет да, атасынын сөөгүн ала качып жөнөйт. Кароолчулар айтылуу кара аргымакка кайдан жетсин, кырк кароол «ак кийимчен, ак атчан киши алып кетти» дешсе, кырк кароолчу «жок, кара кийимчен, кара атчан киши алып качты» дешип сурагандардын башы маң болуп кала беришет. Кан эртеси: «Сексениң жүрүп бир кишини айра тааный албайсың», – деп сексенинин тең башын алдырып салат.

Кан эртеси вазирлери менен кеңеш куруп, казынага ууру кирбесин деп, бакырчаак төөнү кайтартып коёт. Аны

Сары таз угат да, бир боо беде көтөрүп алып, түн ичинде жетип барат. Өзү көрүнбөстөн бедени узун жыгачка байлап туруп төөнүн алдына таштап коёт. Ал жемек болуп обдулган сайын, жыгачты улам тартып отуруп, төөнү казынанын оозунан алыстатып кетет. Анан төөнү алып барып союп алат. Эртеси канга бакырчаак төө уурдалды деген кабар барат. Кан: «Кимде ким ууруну таап берсе, каалаганын орундатам!» – деп элине жар чакыртат. Ошондо бир мастан кемпир кандын алдына келип: «Мени он бештеги балага алып берсеңиз, ууруну кармап берем», – дейт. Кан макул болот.

Эртеси кемпир эл аралап чыгып: «Айланайын эл-журт, жалгыз балам катуу ооруп жатты эле, ошого жаңы союлган төөнүн эти дары дейт, соопчулукка берип койгула?» – деп айылдан айылга кыдырат. Сары таздын энеси мастан кемпирдин амалын кайдан билсин, куулук-шумдук менен иши жок бечера «түндө эле союлган төөнүн эти» деп, бир асым эт берет. Мастан жаңы эле кеткенде Сары таз үйүнө келет да, иштин жайын түшүнүп, кемпирдин артынан жете келип: «Айланайып энеке, ошол эттен кантип жебей кетесиз», – деп акидей асылып жатып, кайра үйүнө алып келет. Кемпирди коноктойт. Бир маалда сыр алдырбай: «Ээ, энеке, кан кызынын күйөөсү каадалуу Канбача кайсы күнү колуктусуна күйөөлөп келет?» – деп сурайт. Анда кемпир: «Кан күйөөсү Канбача берекелүү бейшемби күнү кечиинде кандын сарайындагы чынар теректин түбүнө келип отурат. Ошол убакта кандын кызынын нөөкөрлөрү чыгып, ак кийизге салып, кандын кызынын өргөсүнө алып кетишет», – дейт. Сары таз «ал айтканың чын болсо, чындыгына күбө» деп бир колун кесип алат. Ошентип улам бир мүчөсүн кесип отуруп, кемпирди өлтүрөт. Эртеси күнгө бейшемби экен, Сары таз көп ойлонуп отурбай, бир койдун табарсыгын, кемпирдин бир колун алып, кандын сарайындагы чынар терекке жетип келет. Аңыча кан күйөөсү Канбача каадалана басып, сөөлөт менен

теректин түбүнө келип отурат. Бугуп жаткан Сары таз шапа-шупа өлтүрүп, сөөгүн көлчүккө ыргытып жиберет да, анын кийимин кийип, отуруп калат. Аңгыча кан кызынын нөөкөрлөрү келип: «Ии, жездекебиз күтүп калган турбайбы», – дешип, ак кийизге салып, кан кызынын өргөөсүнө көтөрүп барышат.

Түн ортосу болгондо Сары таз: «Эшикке чыгып даарат ушатып келе калайын», – деп кийине баштайт. Кандын кызы: «Оо, мындай эле отура калчы», – деп болбой коёт. Анда Сары таз: «Ишенбесең колумду кармап турчу», – деп, кемпирдин колун карматып, табарсыкты жарып коюп чыгып кете берет. Кандын кызы колду кармап тура берет, тура берет. Акыры тажап «Ой, болбодубу» деп колду тартып алайын дегенде, табарсык бетине былч этип келип бир тиет. Эртеси бул кабар канга жетет. Кандын кызын түнүчүндө бирөө келип шылдыңдап кетиптир деген кабар, элге дүңк эле дей түшөт.

Кан эми чындап ыза болот. Элин чакырып: «Ушуну ким таап берсе, эмне тилеги болсо ошону орундатам!» – деп жар салат. Ошондо эл арасынан дагы бир мастан кемпир чыгып: «Муну кызыңдын боюндагы бала табат. Бала тамтуң басып, тили жаңыдан чыга баштаганда элиңизди чубатууга салыңыз. Ошондо кимди «аталап» жанына барса, баланын атасы ошол, түндөгү кылган иш да ошонуку», – дейт. Ошентип, тогуз ай өткөндөн кийин кандын кызы эркек бала төрөйт. Атасы уятына чыдабай бүк түшүп жатып калат.

Ай айланып, жыл жылат, бала экиден үчкө карап, тепилдеп чуркап, булдурап сүйлөй баштайт. Ошондо кан элин эки айландырып чубатууга салат, бирок бала бир да бирөөн карап койбойт. Акыры кандын жигиттери Сары тазды алып келишет. Бала аны көрө сала «ата» деп кучактап калат. Кан дароо: «Сары тазды даргага аскыла!» – деген буйрук берет. Ошондо Сары таз: «Таксыр каным, даргага асууга шашылбаңыз. Менин каным бөөдө мойну-

ңузга кетет. Мен өзүм бала жылдыздуумун, жалаң эле бул бала эмес, шаардагы ушул куракtагы балдардын бардыгы мени «ата» дешет. Үч күндөн кийин шаардагы ушундай балдардын баарын жыйдырыңыз. Эгерде ошолордун баары мени көрө сала «аталап» жүгүрбөсө, башымды алып саласызбы, даргага асасызбы, өзүңүз билиңиз», – дейт.

Кан ага макул болуп, үч күндөн кийин шаардагы кичинекей бөбөктөрдүн баарын жыйдырат. Сары таз болсо ар кандай боёкко боёлгон беш-алты тулуп чүкөнү үч күнгө чейин кичинекей бөбөктөрдүн баарына таратып, алардын ар бирин эркелетип, ойнотуп чыгат. Балдар жыйылганда Сары тазды алдырып келди эле, балдардын баары көрө сала «ата, чүкө» дешип, чуркап жетишти. Анда Сары таз: «Көрдүңүзбү, каным, мен бала жылдыздуумун дебедим беле?» – деди канга карап. Кан аны коё берди.

Арадан эки-үч күн өткөрүп, Сары таз канга келди да: «Каным, сизге бир суроо берсем болоор бекен?» – деп сурады. Кан суроо сураганга уруксат берди. «Бир ачууңузду бересизби, каным?» – деди таз. «Берейин, эмне болуп кетти?» – деп сурады кан. Анда Сары таз: «Каным, кулдугум бар, кырк калп айткан кишиге кызымды берем деп, убада бергениңиз эсиңиздеби? Ошол кырк калпты айткан мен элем, убададан танган сиз элеңиз. Ошондо ыза болуп «жети зыян кылбасам Сары таз атым өчсүн» деп, өзүмө өзүм ант кылдым эле. Биринчиси, капкалуу казынага кол салдым. Экинчиси, караандатпай турган кара жоргоңузду уурдап алып, көз жаздым кылдым. Атымдын бир жагын ак, өзүмдүн бир жагымды ак кылып алып, атамдын сөөгүн ала качтым. Бир кишини сексениң айрып тааный албайсыңар деп, сексен желдеттин башын алдырдыңыз, бул сизге жасаган үчүнчү зыяным болду. Казынаны бакырчаак төөгө кайтартып койдуңуз, аны амал менен союп алдым. Мастан кемпириңизди өлтүрүп, анын колу менен табарсыгын кызыңызга карматып коюп түн ортосунда кетип калдым. Ошентип, күйөө балаңызды өлтүрүп, кызыңыз-

ды шылдың кылдым. Балам мени таанып койду, сизден үч күндүк мөөнөт алып, андан да амал менен кутулуп чыктым. Мына болгон иш ушундай, каным! – деп мойнуна алды Сары таз.

Кан бир чети ыза болуп, бир чети сөз берип койгонуна өкүнүп: «Болуптур, азамат экенсиң. Мени менен коңшулаш кан, өзүңдү ушунчалык шылдың кылган бир ууруну таба албагандан кийин эмнең кан деп, ар дайым шылдың кылчу болду. Ошого бир сыр көрсөтсөң, мен баарын берем, кандыгымды да, кызымды да беремин!» – деди кан.

Сары таз макул болуп, чоң эркечтин чаначын алып, думананып кийимин кийип, экинчи шаардын канына жөнөп кетти. Кандын сарайына кирип, бир чынар теректин түбүнө жашынып жатып алды. Аңгыча кеч да кирди. Эки чынар терекке чаначты кере байлап. Сары таз тиги кандын эшикке чыгышын күтүп жатты. Бир маалда кан эшикке чыкты эле, аңдып турган Сары таз койчубу, арыбери кандын башын чаначка тыгып, дароо оозун байлап, көтөрүп алып сакчыларга келди да: «Алдымды тоспогула, каныңарды бир шайтан тегеректеп жүрүптүр. Дубанын күчү менен шайтанды кармап, чаначка салдым. Шаардын четине алып чыгып, бир чай кайнамда өрттөп жибербесем, кайра тирилип кетиши мүмкүн. Анда шаардын бүтүн калкына зыяны тиет», – деди. Кароолчулар «кудайлап» жакаларын карманышып, алдын тоспой чыгарып жиберишти. Ал гана эмес ат менен шаардын чекесине чейин жеткирип да коюшту.

Сары таз чаначты көтөрүп отуруп, кайнатасынын кан сарайына келди да, бул жолку олжо сиздики деп алдына таштап койду. Кан чаначтын оозун чечсе, коңшу шаардын каны чыга келди. Ошондо уурдалып келген кан сөзгө жыгылып, эки кандыкты кошуп, Сары тазды кан көтөрүүгө макулдугун беришти. Ошентип, Сары таз эки элдин каны болуп, кандын кызын алып, жыргап-куунап жатып калыптыр дейт.

## БАЙ БАЛАСЫ

Үлгери бир баидын маңдайына кармаган жалгыз уулу болуптур. Бай уулуна «андай бол, мындай бол» деп, акыл-насаатын ар дайым айтып уулунун жакшы киши болушун каалайт. Бирок уулу атасынын сөзүн сөз ордуна көрбөй, кулак какпай жүрүп бой тартат. Күндөрдүн биринде атасы чакырып алып: «Балам, мен болсом карып баратам, өлөрүм калды, өсөрүм калган жок. Сенин жалгыз жүргөнүң болбойт. Жашың жетти, эл ичинен карап көрүп, менин көзүмдүн тирүүсүндө келинчек алгын. Бирок жаштык кылып өң-түсүнө кызыкпагын, балам. Пейилине, акыл-эсине карап алгын. Атанын сөзүн эске алып жүргөн жакшы болот», – деп акыл айтты.

Бала атасынын сөзүн укмаксан болду. Өзүнө киши теңебей, эл таанybай, тулпар ойнотуп, чаң ызгытып, көөп жүрдү. Ошентип жүрүп бир келинди сулуулугуна кызыгып, өзүнөн бир топ улуу жубанды алды. Анда атасы дагы чакырып: «Балам, ат тердетип алыстан алдың, айткан сөзүмдү укпадың, алдыңкы турмушуңдун кандай болоорунa көзүм жетпейт. Атанын кебин укпаган бала карыпчылыкты көп көрөт дечү эле илгерки бабаларыбыз, эми артың кайырлуу болсо болду», – деген атасы тим болот.

Бир күнү бай ооруп калат. Өзүнүн өлөрүн билип, баласына айткан менен пайда болбосун сезип, балама эч жамандык кылбас деген ой менен келинин кашына чакырып: «Сага айта турган аманат сөзүм бар, балам. Балам болсо жаш, анча-мынчаны көп ажыратып билбей калды. Мен өлгөндөн кийин жакшы менен да, жаман менен да жүрөр. Ошону менен кагылып, өз оокатын өзү жасап кетүүгө жараар, жер астында жети казынам бар. Балам аркы-беркини көрүп кагылганда алып оокатыңарды кыларсыңар», – деп казынасынын ачкычтарын келинине берип, баласын табыштап, андан көп өтпөй эле бай көз жумат.

Атасы өлгөндөн кийин баласы жаман менен да, жакшы менен да жүрдү. «Ай-кой» деген киши болбоду, арак ичип, кумар ойноду, эки жыл өтпөй атасынан калган мал да, дүнүйө да түгөнүп бүттү. Аялы болсо кайнатасы табыштап кеткен казына жөнүндө билгизгеп жок. Колундагы акчасы, малы түгөнгөндөн кийин, күнүгө бир шылтоо таап уруша баштады. Ал аял башка күйөөгө тийип, казынаны бүт өзүнө калтыргысы келип, бир күнү күйөөсүнө: «Малды болсо аягына чыктың, эми эптеп жан сактоо үчүн короо-жайды саткын!» – деди. Күйөөсү макул болду. Аялы дагы акыл таап: «Башка кишиге сатсаң арзан алат. Сен барып Байбатчаны конокко чакырып келгин. Ошол кымбатка сатып алат. Ал бай киши эмеспи», – деп күйөөсүн жиберди. Күйөөсү Байбатчаны чакырып келип, аны коноктой башташты. Аял болсо өз күйөөсүн мас кылыш үчүн ага баса-баса арак куюп берип шыкай берди. Күйөөсү андан шек алып, бир кезде мас болумуш болуп жатып калды. Ошондо аялы Байбатчага:

–Мен сени мурдатан эле жактырам. Биздин короону күйөөмө саттырганы жатам. Анын баасынан качпай сатып алыңыз, алдында жети казына бар. Күйөөм билбейт, ачкычы менде. Үйдү алсаң, биз баш кошуп алабыз. Байлык менен жашай беребиз, – деди аял жалынып-жалбарып.

–Мага казынаны көрсөтчү? – деп сурады Байбатча.

Аялы колуна чырак алып, Байбатчаны ээрчитип казынанын оөзун ачып көрсөтө баштады. Калп мас болгон байдын баласы алардын артынан аңдып барып, атасынын казыналарын көрүп, эми гана атасынын айткан сөздөрү эсине түшүп: «Ушул үчүн атам аялды акыл-эсине карап ал деген тура. Эгер акылдуу аял болсо, менин кедей болгон убагымда жамандык кылбайт эле, атамдын байлыгын бирөөгө бербейт эле», – деп ойлоп кайра келип ордуна жатып алат. Аялы менен Байбатча үйгө кирип, акырын кеңешип, ишти бүтүрүп жатышты. Түн бир оокумда Байбатча үйүнө кетти. Эртеси аялы жадырап-жайнап: «Короо-жай-

ды Байбатча кымбатка алмай болду. Сатсак тезирээк саталык!» – деп калыптыр. Күйөөсү сыр билдирбей короо-жайды сатыш үчүн элге кабар кылды. Анын кабарын билген адамдар келип баасын бычып жатышты. Акырында Байбатча келип бааны ашыра берип сатып алды. «Кире турган үй таап алып, короону бошотуп берейин, бир ай мөөнөт бер?» – деп сурады бала Байбатчадан. Ал ага дароо макул болду. Себеби анын көңүлү жай эле.

Эки-үч күн өтпөй аялы уруш чыгарды да: «Короо-жайдан да айрылдык, малдан да айрылдык, эми кайда барып жашамак элем. Мен кетемин! Мен мындай кордукка чыдай албаймын», – деди аялы. «Кетсең кете кой, жолуң болсун. Чын эле кантип жашамак элең», – деди жай гана күйөөсү. Аялы дароо төркүнүнө кетти. Ал эми байдын баласы атасынын акыреттик досуна барып, болгон ишти айтып, атамдан калган казына бар экен, ошону ташып алайын деп, эки жүз төө сурады. Аяш атасы эки жүз төө берди. Баягы жети казынадагы дүңүйөнү түн жамына төөгө жүктөп, баарын ташып алды. Казынанын ичин суу көң менен саман-топонго толтуруп койду да, оозун мурдагыдай бекитти. Бир ай мөөнөт бүткөн күнү: «Короо-жайыңыз бош, келип кирсеңиз болот», – деп Байбатчага айтты да, өзү аяш атасыныкына көчүп кирип алды.

Аял бир ай өтпөй Байбатчага тийип, баланын үйүнө көчүп келишти. Байбатча жер алдындагы казынага таянып, колунда болгон малы менен акчасынын түгөнүшүнө шашылды. Көңүлү жай болуп жатып да, туруп да, аракбозону иче берди, күргүштөтүп малды соё берди. Кумар ойноп, болгон акчасын уттуруп тынды. Байбатча «менин байлыгым түгөнбөс байлык» деп карызга алып кумар ойноп, чачынан көп карызга батты. Байбатча менен аялы бир күнү казынага киришти. Анын ичинде чириген саман, суу көңдөн башка эч нерсе жок болуп чыкты. «Мени алдап малымдан айырдың, элге-журтка шерменде кылдың», – деп аялды чачтан алып тепкиледи. Атка тетирисинен мингизип төркүнүнө айдап жиберди.

Байдын баласына аяш атасы өз кызын алып берип, үйүнө кийирип бала-жото кылып алды. Бир жыл өткөндөн кийин бала кайын атасынан шаарга барып соода кылып келүүгө уруксат сурады. Кайнатасы уруксат берип, кербен башчыларынын он чактысын чакырып, биринчи кудайга аманат, экинчи силерге аманат деп, аларга тапшырып жөнөтүп жиберди. Бала жүз төөнүн жүгү менен кербен башчыларга кошулуп жүрүп кетти.

Алар нечен күн, нечен түн жол жүрүп бир үйдүн тушуна туш келишти эле, алардын алдынан бир кемпир чыга калып: «Бүгүн конуп унаа-жүктөрүңөрдү эс алдырып кеткиле», – деп шыпылдады. Кербен башчылар тил албастан кете беришти. Бала алардын сөзүнө карабастан ошол жерге конуп калды. Кемпирдин буту бутуна тийбей жүгүрүп, төөлөрүн чөгөрүп, унаа жүктөрүн түшүрүп, коюн союп, чайын кайнатып, кызматын кылып, сыйлай баштады. Тамак желип болуп, намаз шам болгондо кемпир бир шам менен мышыгын колтугуна көтөрө келип: «Менин ушул мышыгым таң атканча ушул шамды кармап отурат», – деди. Бала ал сөзгө ишенген жок. Кемпир: «Эгерде ушул мышыгым таң атканча шамды кармап чыкса, жүз төөңдү булу менен бересиңби? Кармап чыга албаса мен берейин жүз төө булу менен. Кандай дейсиң?» – дегенде, кантип эле мышык шам кармап чыксын деген ой менен бала кемпир менен мелдеше кетти. Кемпир шамды мышыкка карматып коюп таң атканча отурду. Таң атканча мышык да талбастан шамды кармап отурду. Эртеси убадасы менен кемпир баланын жүз төөсүн бардык дүнүйөсү менен алып койду.

Байдын баласы жалгыз аты менен кербен башчылардын артынан жүрүп отуруп, кайсы бир шаарга жетти. Кербендер соодасын бүтүрүшүп, кайра үйгө тартканы жатышыптыр. Жүз төөнү булу менен уттуруп жибердим деп, кантип атамдын бетин карайм, деген бала кеткиси келбей ошол шаарда калып калды. Кербендер өз элин карай жол

тартышты. Баягы табыштаган кербен башы байдын баласынын башынан өткөндөрүн кайнатасына айтып берди. Атасы дүйнөгө кайгырбастан, баланын келбей калганына капа болуп, биротоло жок болуп кетеби деп коркту. Бала болсо баягы шаарда жүрүп, ичерге тамагы жок, киерге кийими жок болгондуктан ашпозчуга малай болуп калды.

Күндөр өтүп, ай жылга айланды. Бир күнү баланын келинчеги атасынан, шаарга барып соода кылып келейин деп, жүз төөнүн булун сурады. Атасы жалгыз кызына кыйылып туруп, аргасыз уруксат берди. Кыздын багып жүргөн бир чычканы болуптур. Ошол чычкан менен жүз төөнүн булун алып, кербендерге кошулуп, эркекче кийинип жолго чыгат. Бир нече күндүк жолго баргандан кийин баягы кемпирдин үйүнө туш келишет. Кербендер конбостон жүрүп кетишти. Ал эми кыз өзүнө тиешелүү кербен булу менен, жигиттери менен конуп калды. Кемпир кубанып, балбалактап чуркап кызматын кылып жүрдү. Тамак ичип болгондон кийин кемпир баягы мышыгы менен шамын алып келип:

– Бул мышыгым, мынабу шамды таң атканча кармап чыгат, – деди.

– Капыр кемпир, мышык шамды таң атканча кантип кармап отурсун, калп айтасың, – деп калп билбемиш болот.

– Анда мелдешели. Ушул мышыгым таң атканча шамды кармап чыкса, жүз төөндү булуң менен бересиң. Эгер кармай албай калса, жүз төөнү булу менен мен беремин! – дейт кемпир.

Келин макул болду. Кемпир мышыгына шамды карматып койду. Жарым түн болгондо кемпирге байкатпастан баягы бакма чычканын коё берди. Мышык чычканды көргөндө көзү кызарып, шамды таштай чычканды көздөй чуркады, чычкан болсо бир тешикке кире качты. Мышык болсо ошол тешиктен чычканды аңдып отурду. Келин кемпирге карап: «Мышыгың кайда, шамың кай-

да?» – дегенде кемпир шылкыйып отуруп берди да, жүз төөсүн булу менен келинге берди.

Келин шаарга келип, алып келгендерин сатты. Баягы утуп алганы менен кошулуп эки жүз төөнүн булу төрт жүз төөнүн булуна айланды. Эртеси атка минип, күйөөсүн издеп келе жатса, күйөөсү бир ашпоздун эшигинин алдында күйпөктөп от жагып жаткан экен. Келин күйөөсүн карап туруп, бир гана жылтылдаган көзү калганын көрду. Анан аны чакырып беш сомдук алтын акча берди да: «Менин жаткан жерим тиги чоң алтын сарай, ошого кечинде мантуу алып баргын», – дейт. Тиги эркекче кийинген өз аялын кайдан таанысын, кеч киргенде убадасы менен мантуу алып келип, үйгө кирбестен эшиктн ачып туруп, колун сунуп мантууну берет. Колуктусу үйгө кирсин дегенинен айласы жок үйгө кирип, жыртык чапанынын этеги менен тизееин жаап, бүрүшүп отурат. Колуктусу аны өзүнүн жанына отургузуп, тамакты бирге жеп: «Эртең дагы алып келгин», – дейт. Күйөөсү эртеси кечинде дагы мантуу алып келет. Алар тамакты бирге жеп отурганда колуктусу: «Сен кайдан жүргөн немесиң? Бул жердин адамы эмессиң го?» – деп сурайт. Ошондо байдын баласы башынан өткөндөрдүн баарын төкпөй-чачпай айтып берет. Акырында колуктусу: «Аялың бар беле?» – деп сурайт. «Аялым, балам бар эле», – дейт жигит. «Колуктуңа эмне үчүн барбайсың?» – деп сурады аялы. «Кантип барамын?» – деп улутунду байдын баласы. Анан кайсы бети менен барарын айтты жигит. Ошондо аялы:

–Сага соопүчүн жүз төөнү булу менен берсем, кайра үйүңө барасыңбы? – деп сурады.

–Барат элем, бирок аны сага кандай кылып төлөп берем? Мурункудан бешбетер ошондо шерменде болбоймунбу? – дейт бала.

–Элиңе баргын, мен булумду бекер берейин, – деди аялы.

Байдын уулу макул болуп, кожоюнунан бошотууну сурап барды. Ал анын мойнунда карызы бар экендигин

айтып бошотподу. Эгер карыз акчаңды төлөсөң, анда бошоп кете бер деди. Колуктусу келип ашпоздун акчасын төлөп, бошотуп алды. Ошондон кийин гана балага өзүнүн ким экендигин көрсөттү. Күйөөсү аялынын акылына ыраазы болуп, анын алдында кечирим сурады.

Күйөөсүн мончого түшүрүп, жаңы кийимдердн кийгизип, алдына алкынтып ат мингизип, экөө төрт жүз төөнүн булу менен үйүн көздөй жол тартышты. Жолдо кербенин жалдаган жигиттерге айдатып, өздөрү алдыга түшүп, кабагы ачык, карды ток, байлыгы мол болуп, өз үйүнө көп олжо менен келип түшүштү. Баланын сырын билдирбей кыз:

– Балаңыз эки жүз төөнүн булу менен келмекчи болуп жаткан кезде, так үстүнөн чыгып калдым. Анан мен алып барганды чогуу булдап, кайра тарттык, – деп атасына билдирген жок. Атасы болсо балдарынын аман келгенине кубанып, сүйүнүчү койнуна батпай жатып калды. Бир күнү кайыр сурап жүргөн бир думана аял келди. Карап көрүшсө, байдын баласынын мурунку аялы экен. Ошондо: «Менден кайтпаса, кудайдан кайтсын!» – деп аялга бир сыйра кийим менен бир топ оокат берип жолуна кайтарды.

Байдын уулу атасынын айткандарын дайыма эстеп, өзүнүн кийинки аялы менен кабагы ачык, тийген күндөй жыргал өмүр сүрүп калыптыр.

## КОРКОК БААТЫР

Илгери, илгери бир заманда Коркок баатыр деген адам жашаган экен. Ал жан-жаныбарды мындай кой, чымындан да коркчу экен. Коркок баатыр эч жумуш да жасабай, атасынын тапканын ичип-жеп жашап жүрө берет. Атасы өлгөндөн кийин Коркок баатыр чымырканып, эми коркоктукту коюп, эл катары тиричилик кылууну ойлойт.

Бир күнү аттын жооруна үйүлгөн чымынды көрүп, аны коркок уучтап кармап алып санап көрсө, туура жүз

чымын болуптур. Ошондон кийин Коркок баатыр бир жакка жортуулга чыгып, душманды жеңгиси келди. Анан атасынан калган жоор атты токунуп, кыбыла тарапка бет алды. Жүрүп отуруп, үч айрылыш жолго туш келсе, ортосунда кара таш жатат. Ошол таштын бетине:

– Ортоңку жолго түшкөн өлөт! – деп Коркок баатыр жазып кетет. Коркок баатырдан кийин дагы бир эки баатыр келип, таштагы жазууну окуп чочушат. Бирок алар бир аз кеңешип туруп: «Өлтүрө турган жол болсо, экөөбүз тең өлөлүк!» – деп экөө тең ортоңку жолго түшүшөт. Алар жүрүп отурушуп Коркок баатырга жете келишет.

– Салоом алеким! – деп Коркок баатыр салам айтып жиберет.

– Алеки салам, – дешип беркилер көңүлсүз учурашышат.

– Ботом, силер таштагы жазууну окудуңарбы? – дейт Коркок баатыр тигилерден коркуп жатып.

– Окудук! – дейт баатырлар дагы эле көңүлсүз.

– Ырас болду, эми жолдош болуп баралык. Мен теңдеши жок баатыр болом. Силер менин атымды токуп жүргүч болосуңар, – дейт Коркок баатыр тигилерге шек билдирбей.

– Сиз бир чапканда канча кишинин башын аласыз? – деп сурады тиги баатырлар. Ыңгайсыздана түшкөн коркок шашкалактап:

– Менби, мен бир чапканда жүз кишинин башы ыргыйт, – деди.

Тигилер чен эле сестенип калышты. Аны сезген Коркок баатыр:

– А силер бир чапканда канча кишинин башын чабасыңар? – деди.

– Биз бир чапканда үч кишинин башын чабабыз, – дешти баатырлар.

Аңгыча алдыларынан жоо чыгып калат. Жоодон эки баатыр тең качып:

– Баатыр, сиз барсаңыз экен, бизден көрө сиз алп экенсиз, – деп шашып калышат. Анда коркок баатыр тигилерге карап:

– Былжырабай баргыла! Мен ушундай жоого да булганып отурамбы. Аябагандай күчтүү жоо келсе гана мен барамын! – деп ачууланат.

Эки баатыр макул болуп, жоого бет алып киришип жеңип келишет. Андан ары жүрүп отурушса, алдыларынан аябагандай көп жоо кезигет.

– Эми сиз барыңыз? – дейт баатырлар. Коркок макул болуп кетип баратса, жоонун жигиттери алдынан качырып келе жатат. Коркок корккондуна чыдай албай көзүн таңып алды. Аны көрүп, качырып келе жаткан жоонун жигиттери да көздөрүн таңып алышты. Коркок бир убакта көзүн ачып караса, жоонун баары көздөрүн таңып алышкан. Алар эки жакка кайсалактап жүрүшөт. Коркок баатыр аларды көрүп, кол башчысынын кылычын сууруп алып, башын кыя чаап өлтүрдү да, калгандарын кырып кирди. Жоону жеңип, Коркок баатыр жолдошторуна барып:

– Адам болбой калгыла, ушуга да мени жибересиңерби, – деп мактанды. Андан ары үчөө дагы бир канча жол жүрүп, кезиккен жоону багынтып алышат да, Коркок баатырды кол башчы кылып дайындашат.

Ошондон кийин Коркок баатыр күндөн күнгө күчөп, кийин таптакыр Коркпос баатыр атанып кеткен экен.

## КОЙЧУ МЕНЕН КАРА ДӨӨ

Илгери, илгери кайсы бир жерде Макмут деген койчу анча-мынча жандыгы менен оокат кылчу экен. Ал ар күнү эртең менен мөөнгө жуурат куюп алып, кой-эчкисин жайып кетет. Макмут койчу абдан алсыз болот. Ар күнү бир карышкыр менен түлкү алмак-салмак келишип койчуну кыйнап, түлкү куйругу менен жыга чаап мөөндөгү жууратын ичип кетсе, карышкыр ачка болгондо кой-эчкисинен каалаганын жеп

кетчү болот. Күндөн күнгө жандыгы азайып отуруп, он бештей эчкиси калат. Өзү илмейип арыктайт. Эмне кылар айласын таппайт.

Күндөрдүн биринде кой жайып жүргөн койчуга Кара дөө жолугуп калат. Кара дөө да алыстан жол жүрүп чарчап, курсагы ачып, Макмут койчунун эчкилерин жемек болуп:

– Эчкилериңди мага бер. Курсагым ачка, жакшылап тоёюн? – деп койчуга жакшылык менен кайрылат. Жаны кашайган койчу кыжырданып:

– Бербейм! – дейт.

– Бербесең тартып алам. Керек болсо өзүңдү кошо жеп коём, – деген дөө тигинин кыжырдана карап турганын көрүп, бир аз сестене калат да: – Андай болсо мелдешели, кимибиз утсак, эчкилерди ошонубуз алалы. Эгер бул акылга көнбөсөң, анда сени жеймин, уктуңбу? – дейт.

Макмут коркконунан макул болот. Кара дөө биринчи шартын айтат.

– Биринчи, тоо кулатышабыз. Эртең мен күңгөйдүн тоосун кулатам. Сен тескейдин тоосун кулат. Эмесе эртең ушул жерден жолугушабыз, – деп Кара дөө дем алганы кетет.

Эртеси айтылган жерге келишет. Кара дөө чечинип алып, күңгөйдүн тоосун бири бирине ургулап жатып, бат эле түз жерге айлантып салат. Макмут болсо бир чоң кара таштын түбүнө барып, тегерене басып жүрө берет. Бир маалда бышылдап Кара дөө келет да:

– Сен эмне айланып турасың? Тоону кулатпайсыңбы? – деп сурайт.

– Ушул кара таш жердин борбору экен. Эгер ушул ташты былкылдатып эле койсом, жер астын үстүн болуп кете турган, – дейт Макмут.

– Кой, андай болсо тие көрбө, – деген дөө коркуп кетет. – Мөөрөй сеники. Эми токой сындырышалы. Эртең

мен күңгөйдүн токойун, сен тескейдин токойун сындыр. Эртең дагы ушул жерден жолугушалы.

Макмут буга да айласыздан макул болот. Эртеси Кара дөө чечинип салып, күңгөйдүн токойунун быт-чытын чыгарат. Макмут болсо бир узун теректин түбүнө келип, учун бир карап, түбүн бир карап, тегерене басып тура берет. Бир маалда адатынча бышылдап Кара дөө келип:

–Ии, Макмут, эмне карап турасың? – деп таң калыштуу сурайт.

–Кара дөө, ушул терек дүйнөдөгү жыгачтардын падышасы экен. Эгер мен кичине эле балта тийгизсем, бүтүн дүйнөдөгү жыгач-талдар жердин астына кирип кетип, от жага албай кыйнала турганбыз, – дейт.

–Кокуй, андай болсо тим кой, падышанын каарына калбайлы. Бул жолу да мөөрөй сеники. Эми жерди оё тебишели, – дейт дөө.

Макмут макул болуп, экөө бир жерди белгилешет. Макмут үйүнө келип, аялына айтып жууратты абдан коюу кылып уюткун деп айтат да өзү дем алып жатып алат. Эртең менен жууратты мөөнгө куйдуруп алып баягы белгилеген жерге эртерээк келип, баягы мөөндөгү жууратты бир жерге көөмп коёт. Кара дөө келгенде биринчи сен тепкин деп, дөөгө кезек берет. Дөө күч менен жерди бир тепкенде, өзү киндигине чейин кирип кетет. Экинчи кезек Макмутта эмеспи, ал чуркап келип баягы жуурат көмүлгөн жерди бир тепкенде, балч этип туш-тушка чачырап жайнап калды. Макмут дөөгө мактанычтуу карап:

–Мына, көрдүңбү, сен тепкенде жөн эле кирип кеттиң, а мен болсо жердин мээсин чыгара тептим. Мөөрөй меникиби? – дейт.

Кара дөө шылкыйып жыгылып берет да, эртең биздикине мейманга кел деп, Макмутту мейманга чакырат. Бирок ал жерден өзүн өлтүргөнү жатканын Макмут билет да, дөөнүн сыйлаган сыйын көрүп, жатар маалда короосунда турган дөңгөчтү алып келип, өзүнүн ордуна жат-

кырып, өзү жашынып калат. Бир кезде дөө акырын туруп келип, баягы дөңгөчтү айбалтасы менен жара чаап:

– Макмутту жайладым, эртең менен өлүгүн ыргытгырып таштайын, – деп кубанып кайра жатып уктап калат. Дөө уктагандан кийин Макмут жарылган дөңгөчтү ордуна коюп, өзү мурдагы ордуна жатып алат. Эртең менен Макмут эрте туруп аркы-терки басып жүрөт. Дөө ойгонуп тигини көрүп таң калат. Чай ичип жатканда:

– Макмут аке, түндө түш көрүп жаттыңызбы? – деп сурайт.

– Түш деле көргөн жокмун. Түндө мойнумду чымынбы, чиркейби, айтор бирдеме чаккансып кетти, – деп жооп берет Макмут сыр билдирбей.

«Айбалта менен чапканымды чымын, чиркейби деп жатат. Бул оңой киши эмес экен. Мындан эртерээк кутулбасам болбойт», – деген ойго келип, Кара дөө Макмутту узатып, көп алтын берет. Кетип жатып:

– Кара дөө, сыйга сый деген, эртең биздин үйгө мейман болуп кетиңиз? – деп конокко чакырат.

Дөө макул болот. Макмут койчу үйүнө келгенден кийин кемпирине:

– Кара дөө келгенде жакшылап чай бергин. Андан кийин эшикке чыгып: «Макмут, бул мейманга эмне эт салайын?» – деп кыйкырып сура. Мен аркы коктудан: «Мурунку дөөнүн башын сал, кийинки дөөнүн төшүн сал, ал аз келсе, алдагы дөөнүн сан этин кесип ал!» – деп кыйкырам, – деп экөө акылдашып алышат.

Эртеси дөө келгенден кийин Макмуттун аялы жакшылап чай берет. Андан кийин эшикке чыгып, үнүн көтөрүп: «Макмут, кайсы этти салайын? деп кыйкырат. Макмут болсо ары жактан: «Мурдагы дөөнүн башын сал, кийинки дөөнүн төшүн сал, ал аз келсе, алдагы дөөнүн саның кесип ал!» деп кыйкырат. Эрди-катындын сүйлөшкөн сөзүн уккан Кара дөө коркуп кетип, Макмуттун кара алачыгын мойнуна илген боюнча качып жөнөйт.

Кара дөө качып баратып баягы Макмутту жыга чаап койчу түлкүгө кезигип калат. Дөөнүн шашканын көргөн түлкү:

– Эмне шашкалактап качып баратасың, бегим? – деп сурайт.

– Ой, тиякта Макмут деген алптан качып баратам. Ал мени өлтүрүп коё элегинде көздөн далдоо болоюн, – дейт дөө.

– А кокуй күн десе, анын кенедей да алы жок. Мен куйругум менен эле жыга чаап айранын ичип алчу элем, – дейт түлкү.

– Жок, калп айтпа, ал жанда жок күчтүү адам, – деп дөө болбойт.

– Жүрү, аны мен азыр жыга чаап берейин, – деп түлкү дөөнү ээрчитип келе жатканда, Макмут алдынан чыгып:

– Кайран досум десе, жарайсың ишке, качкан дөөнү алдап ээрчитип келе жаткан турбайсыңбы? – деп кыйкырат.

Шашып калган дөө түлкүнү башка бир чаап өлтүрүп, өзү качып бара жатып ыза болот да: «Ушу Кара дөө кебетем менен Макмут дегенден качыптыр деген сөзгө калганча, өлгөнүм артык!» – деп бийик асканын башынан секирип кетип өлөт экен.

Ошондон улам, «билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат» деген макал калса керек. Алы жок Макмут койчу акыл менен аман калган экен дейт.

## АККӨҢҮЛ МЕНЕН КАРАКӨҢҮЛ

Илгери бир Аккөңүл деген менен Каракөңүл экөө дос болуп, алыс сапарга чыгышат. Экөө тең эки атка сылай азык-түлүк жүктөп, эчен күнгө жетерлик күлазык камдап, кулак угуп көз көрбөгөн алыс жерге жүрүп кетишет. Арадан айлар өтөт, жеп-ичкенде-

ри бир гана Аккөңүлдөн болуп, Каракөңүл эч нерсесин коротпой келе беришет.

– Качан сенин азык-оокаттарың түгөнгөн кезде меникине кол салабыз. Антип үнөм кылбасак болбойт! – деп убада кылат Каракөңүл. Ага ишенген Аккөңүл болгон оокатын досунан аябай бейкам кете берет.

Бир күнү Аккөңүлдүн азыгы түгөндү. Аты арыктады. Эми азык менен багуу кезеги Каракөңүлгө келди.

Бирок Каракөңүл азыгынан бербеди. Аккөңүл ачка болуп, алы кетип: «Баатыр, убадабыз ушундай беле? Меникин түгөткөндө, сенин азыгыңды жемек эмес белек?» – деди Аккөңүл.

– Жок, Аккөңүл, сенин азыгың такыр түгөнө элек. Эми жетелеп келаткан атыңды сой. Аттын эти түгөнгөн соң, менин азыгымды жейбиз. Менин убадам ушундай болчу, – деп дагы жооп тапты Каракөңүл.

Аккөңүл байкуш дагы макул болду. Жетелеген атын сойду. Аттын эти деле көп өтпөй түгөндү. Бир күнү акыркы этти жеп болгондо:

– Кана, баатыр, жол азыгыңды алып кел, жейли, – деди Аккөңүл.

– Жок, сенин азыгың бар. Бир көзүңдү оюп берсең, мен токоч берем. Коркпой эле кой, бир башка бир эле көз жетет, – деди Каракөңүл.

Ошентип Аккөңүл бир көзүн бир токочко сатты. Бирок бир токоч эмне болот, ал да бир-эки күндөн кийин ачка болуп, алдан тайыды.

– Эй баатыр, азыгыңдан бериш. Бир кезде меникин чогуу эле жеп атпадык беле? Менин курсагым ачты, алдан тайыдым, – деди Аккөңүл.

– Жок, Аккөңүл, сенин азыгың али бар. Эми жалгыз көзүңдү чукуп берсең, мен бир токоч берем. Адам көзү жок деле жашаса болот, – деди.

Айласы кеткен Аккөңүл жалгыз көзүн оюп берди. Ошентип тамак үчүн көздөн айрылып, темселеп калды.

Ал эми Каракөңүл беркини шылдыңдуу карап туруп: «Кош, Аккөңүл, эми өзүңдү кара-кузгун жесин», – деп атын шарт камчыланып жүрүп кетти. Аккөңүл болсо арманын айтып зар какшап ээн талаада жалгыз калды.

Аккөңүл темселеп жүрүп отуруп, шылдырап аккан суунун боюна келип, бир аз суу ичип чарчаган неме жата кетти. Бою талыкшып бат эле уйкуга кирди. Уктап жатып түш көрөт. Түшүндө туулган жеринде, туулган элинде жүрүптүр. Алты саны аман экен. Эки көздү мурдагыдан да жакшы көрөт. Айланасына суктана карап жаткан кезде, кимдир бирөө «тур» деп калды.

Аккөңүл ордунан шак тура калса эч нерсе билинбейт. Эки көзү мурдагыдай эле ордунда экен. Жүрөгү алып учуп, көңүлү көтөрүңкү, курсагы да ток. Азыр эле түшүндө көргөн керемет, алтымыш күндүк азык, кырк кишилик кубат берип салыптыр. Ошентип Аккөңүл күндөп-түндөп жол жүрүп отуруп, ээн талаа эрме чөлгө кез келет. Мына ошол ээн талаада беш күчүк тууган канчыкты көрөт. Канчык күчүктөрүн багарга азыгы жок экен. Аккөңүл баштыгын аңтарып жатып кичине нан таап, аны канчыктын алдына таштады да:

– Сен да мендей карып экенсиң, берейин десем азык жок. Эл кыдырып, жер кезип, мен да сендей байкушмун! – деп канчыктын башынан сылады. Канчык кыңшылап эркелеп. Аккөңүлдү ээрчип кетейин десе, күчүктөрүн таштап кете албай кала берди.

Аккөңүл андан ары жолго түштү. Дагы көп күн, көп түн жол жүрдү. Бир күнү кечинде жол боюндагы көп коргонго туш келди. «Бул тегеректе адам жашайт экен. Эмне болсо да ушул коргондордун арасына түнөйүн, эртең менен эки жактан карап көрөм», – деген ой менен төбөсү түшкөн коргондун ичине кирип жатты. Эмнегедир уйкусу келбеди. Түн ортосу ооп калган кезде кайдандыр дабыш угулуп, алар жакындаган сайын аттын дүбүртү чыгып, бир топ атчандар коргонду аралай келишип, аттарын ко-

шоктоштуруп коюп, өздөрү алоолонтуп от жагышты. Аккөңүл дымын чыгарбай тыңшап жатты. Арасынан бирөө бакылдап сөзгө кирди.

– Достор, тогузубуздун тең катын-балабыз жок. Үй-жай деген да жок. Ушинтип талаалап жүрүп өтүп кетебизби? – деп калды.

– Аның ырас, бирок оокат кылыштын акылын мен таптым. Менин акылымды угасыңарбы? – деди экинчиси. Башкалары макул болушуп тигинин акылын укмак болушту.

– Ушул коргондун арасында бир далай мал бар. Ал эми тетиги коргондун артында бир чычкан бар. Ошол чычкандын тогуз дилдеси бар. Ал чычкан күндө эртең менен күн чыккан кезде дилделерин сергитет. Аңдып туруп алтынды алсак, ал мал эмеспи, ал оокат эмеспи. Бир күндүк жерде чоң калаа бар. Ошол калаанын чыгышындагы көчөдө Кунакун деген сарттын ат башындай жамбысы бар. Короомду сатам деп жүрчү эле, короосун сатып алсак, ал мал эмеспи, оокат эмеспи. Короонун чок ортосунда жамбы жатат. Ошол эле шаардын канынын алтын казынасы бар. Ай сайын: «Кимде ким алтын казынамдан алтын, күмүш алып берсе, теңин кызмат акысына берип, теңин өзүм алам», – деп жар салып жүрөт. Ага кызмат кылып, алтын-күмүш алсак, ал мал эмеспи, оокат эмеспи. Ушуларды аткарсак, биз да байып үй-жай күтөбүз, – дейт.

Калгандары бул акылды макул көрүштү. Аккөңүл бул сөздөрдүн баарын тыңшап жатып анығын билди, кантип иштешти түшүндү. Таң атып күн чыккандан кийин Аккөңүл баягы кишилерди байкап караса, эч дайындары билинбейт. Алар отурган жерге барса, адамдын изи тургай, жаккан оттун калдыгы да жок. Аккөңүл бул керемет экендигин билди. Мага аян берген экен, эми түндөгү айткандарын жасайын деп, коргондун артына чыкса бир чычкан дилде ташып жатыптыр. Аккөңүл аңдып отуруп анын тогуз дилдесин алып жолго түштү.

Бир күн жол басып бир шаарга келди. Ал жерден баягы Кунакундун короосун таап, аны тогуз дилдеге сатып алды. Ал ар күнү короонун ортосун казып жамбыны таппак болду. Бир күнү кетмендин мизи чак этип бир нерсеге тийди. Ал жерден чын эле ат башындай жамбы чыкты. Аккөңүл эми кадимкидей байып калды. Бир күнү шаардын каны: «Кимде ким алтын казынамдан алтын алып берсе, ага теңин берем!» – деп жар салып калды. Бирок эч адам чыкпады. Кандын алтын казынасы алты жүз саржан жер алдында эле. Ал жерге жетиш кыйын болгондуктан эч адам чыкпайт экен. Аккөңүл мен алып чыгам деп канга барды. Кан макул болуп, Аккөңүлдүн белине алты жүз саржан аркан улаштырып байлап, алтын казынасына салды. Аккөңүл алтын казынага жеткенде алтынды койнуна да, кончуна да салды. Аркан менен аны кайра тартып алышты. Кан убадасына туруп, алтындын теңин берди. Ошол күндөн баштап, кан Аккөңүлдү чакырып, алтын казынасынан алтын-күмүш алдыра турган болду. Аккөңүлдүн баркы менен кадыры аша баштады кандыкынан да. Акыры ал ошол шаардын чоң байы болуп, үй-жайы, катын-балалуу болду.

Эми Аккөнүл ушул мураты менен тура турсун. Аны менен сапарга бир чыгып, Аккөңүлдүн көзүн оюп алып кеткен Каракөңүлдүн аңгемесин уланталы. Каракөңүл жүрүп отуруп жайылып жаткан көп малга туш болот. «Бул кимдин малы?» – деп сурайт. «Бул Аккөңүл дегендин малы», – деп жооп берет малчылар. Андан ары жүрүп отуруп: «Тиги алтын чатыр кимдики?» – деп сурайт. «Ал да Аккөңүл байдыкы», – деп жооп беришет кызматчылары. Бул ким болду экен деп жайын сурайт. Малчы Аккөңүлдүн кандай азап-тозок тартканын, азыркы көргөн жыргалын айтып берет.

Ошондо Каракөңүл уялганына чыдабай Аккөңүлдүн алдына келип:

– Ассалоом алейкум, Аккөңүл бай,
Бал шимип, казы кертип жегениң май.
Мал күтүп төрт түлүктүү, доорон сүрүп,
Жатыпсыз ак чатырда конушуң жай.
Ичкениң кант сапырган кыпкызыл чай,
Билбеймин, элебеймин акмак болуп,
Кечиргин бир күнөөмдү теңирим ай!
Качсам да, узабаймын мен кутулуп,
Баксаң да, өлтүрсөң да эрк өзүңдө,
Мен келдим алдыңызга кол куушуруп.
Башында бирге чыгып, сапар тартып,
Аягы мен жаңылдым иттик кылып,
Канчалык ит болсом да сизге кулдук,
Алик ал, саламымды жарык кылып, –

деп Каракөңүл какшанып байды карап турду. Аккөңүл тигини карап туруп: «Битке теңелип көйнөгүңдү отко салба» деген макалды эстеп, саламына алик алды. Каракөңүлдү жакшылап мейман кылды. Көргөн-билгенинин баарын, баягы коргондо жатып уккан сөздөрү менен байыганын айтып берди. Жаман оюнда Каракөңүл да баягы коргондорго барып байымак болду. Жол жүрүп отуруп баягы коргондорго келди. Аккөңүл айткан төбөсү жок коргондун ичине кирип жатты. Чын эле түн ортосу ооп калганда дабыш чыгып тогуз адам келди. Каракөңүл өзүнүн бар экендигин билдирбей тымтырс жата берди. Тиги кишилер мурункудай эле сүйлөшө башташты. Баягы бакылдап сүйлөгөн адам дагы эле:

–Достор, тогузубуз тең ушинтип жүрүп өтүп кетебизби? – деди.

–Качан болсо кайгыланып жүрүп, бизди түгөтө турган болдуң. Бул коргондун артындагы чычканда тогуз дилде бар эле, андан да айырдың. Кунакундун короосундагы жамбыдан да айырдың. Былтыр келгенде тиги төбөсү түшкөн

коргондо бирөө тыңшап жаткан болуу керек. Биздин түбүбүзгө ошол киши жетмек болду! – деп калды экинчиси.


– Чын эле ошондой болуп жүрбөсүн, – деди үчүнчүсү.

– Тегеректи карагылачы? – деп буюрду баягы биринчи киши.

Тогузу тогуз жакка жабыла чуркап, Каракөңүлдү төбөсү түшкөн коргондун ичинен сүйрөп чыгышты да, өлтүрүп туруп, өрттөп, күлүн көккө сапырып жиберишти.

Ошондон улам эл арасында: «Бирөөгө көр казсаң кененирээк каз, балким өзүң түшүп калаарсың!» – деген макал айтылып калса керек.

# Сыйкырдуу жомоктор



## РУМ ПАДЫША МЕНЕН ТУРУМ ПАДЫША

Илгерки бир заманда Турум деген падышанын баласы куш салып кечинде үйүнө келатса, ак тайлак минген бир кыз алдынан чыгат.

– Кайдан келатасың, атың ким? – деп сурайт бала.

– Мен Рум падышанын Каракөз деген кызымын. Мени издеп таап ал! – деп ак тайлакка камчы басып жөнөп кетет.

Кара кашка аргымагым кууса жетет, ушу кызды кармап эле алайын, деген бала кызды кууп жөнөйт. Бирок тиги жерден чаң бурк этип, бул жерден чаң бурк этип, ак тайлак чуркаганда бала жетпей калат.

Турум падышанын баласы бир топ жигит менен эртеси да ууга чыгып, кечинде үйүнө кайтып келатса, баягы кыз дагы алдынан жолугат. Бала дагы кууп жетпей калат. Ошондон тарта баланын оюнан жанагы кыз кетпей, өңүнөн азып, санаа тартып, жүдөп кетет.

– «Менин балам өңүнөн азып кетти, эмне болгонун сураштырып билгилечи?» – деп вазирлерине тапшырма берет.

Алар падышанын баласына келишип:

– Сен эмне санаа тартып жүрөсүң? Эмнегедир өңдөн азып, жүдөп баратасың? – деп сурашат.

– Рум падышанын Каракөз айым деген кызы мага эки жолу жолугуп, мен эки жолу кууп жетпей калдым. Каракөз айымды алышым керек. Аны атама айткыла. Каракөз айымды алууга ыраазычылык берсин. Мен жалаң ошону ойлоп жатып азып кеттим, башка оорум жок! – дейт.

Баланын айткандарын вазирлери Турум падышага төкпөй-чачпай айтып келишет. Турум падыша бир топко ойлуу отуруп:

– Алса алсын! Анда жолго камдагыла, – деп баласына курал-жаракчан кырк жигит кошуп берип, кырк бээни союп, кырк төөгө азык, кырк төөгө пул, дүйнө артып Румдун шаарына жөнөтөт.

Кербен бир нече күн жол жүрүп, Румдун шаарынын четине жетип конот. Жигиттерин күзөткө коюп, өзү дем алганы жатат бала. Бир оокумда чурулдаган чуу чыгат, чочуп ойгонуп кетип караса:

– Тос эле тос, карма эле карма! – деп бирөөнү бир нече киши кубалап жүрөт. Качып келаткан кишини бала карматып алат да:

– Сен эмне болгон жансың? – деп сурайт.

– Мен Рум падышанын колуна түшкөн Кыраанкара деген ууру элем, ал эми сен кимсиз? – деп кайра баладан сурайт.

– Мен Турум падышанын баласымын. Рум падышанын Каракөз айым деген кызын издеп келатам, – дейт бала.

– Эгер мени тигилерден куткарып алсаң, мен сага Каракөз айымды уурдап келип берем, – дейт Кыраанкара.

– Сени кантип куткарып алам?

– Кырк төөңдү дүйнө-пулу менен берсең, куткарып аласың.

Бала дароо макул болуп, кууп келгендерге кырк төөсүн пулу, дүйнөсү менен кармата берип, Кыраанкараны куткарып алат. Алар дем алып отурушкан кезде Кыраанкара:

– Каракөз айым менен Жансүйөр деген кызды өзүм эле алып келем. Тиги кырк жигитиңди кайра кетирип жибер, – дейт. Бала буга да макул болуп кырк жигитин үйүнө жиберет. Кыраанкара тоодогу токойду аралап жүрүп, балтасы менен токойду кыркып жол ачып баратса, алдынан бир кыз чыгат: «Кайда баратасың?» – деп сурайт Кыраанкара.

–Рум падышанын Каракөз айым деген кызы тоодогу ак сарайда жашайт. Аны кырк кыз, кырк жигит болуп кайтарабыз. Мен ата-энеме тамак жасап берейин деп кетип баратамын, – дейт кыз.

–Эмесе сага бир сыр айтайын, – деген Кыраанкара кызды өзүнө тартып: – Каракөз айымдын сүйгөн жигити алыстан келиптир. Сен анын турган жерин эле көрсөтүп кой, – деп ээрчитип алат. Алар токойду аралап жүрүп отурушуп араң жетишет. Ал жерден Кыраанкара Каракөз айымды чоң куржундун бир көзүнө, Жансүйөрдү экинчи көзүнө салып алып көтөрүп жөнөйт. Аны байкап калган күзөтчүлөр артынан кууйт. Кыраанкара канаттуулардын, айбанаттардын, өсүмдүктөрдүн тилин билген, бир уктаса кырк күн уктап, кырк күнгө чейин такыр уктабаган күлүк адам болуптур.

–Бүгүн үйгө жетебиз, мен кырк күн уктаймын, менин кырк бөлмөлүү үйүм бар, силерге бир аял кырк бөлмөнү бирден кыдыртып чыгат, бөлмөдөгү дүйнөлөрдү көрсөтүп, кайра жыйнаганча кырк күндүн өткөнү билинбей калат, – дейт Кыраанкара.

Ошол күнү куугунчуларга жеткирбей куржунун көтөрүп алып үйүнө келген Кыраанкара баягы өзү айткандай уктайт. Бир аял үйдүн ар бир бөлмөсүн ачып, ичиндеги дүйнөнү тигилерге көрсөтө баштайт. Кыркынчы бөлмөнү ачып көрсөткөндө, анда эки тулпар турат. Аял эки тулпарды Каракөз менен Жансүйөргө жетелетип сугартат. Аңгыча бир калдайган кара булут келип, эки тулпар менен эки кызды көтөрүп алып кетет. Ошол күнү Кыраанкара ойгонот.

–«Эки тулпар менен эки кызды бир калдайган кара булут келип көтөрүп кетти», – дейт бала.

–Бир тулпар меники, бир тулпар алп кара куштуку болчу. Экөөбүз мелдешип жарышканбыз. Ал асманга учкан, мен жерде жүгүргөнмүн. Ошондо алп кара куштан мен озуп, анын тулпарын утуп алганмын. Ал ошого ичи

күйүп алып кеткен турбайбы, – дейт да чоң балтасын көтөрүп барып, бир чоң теректи кыя баштайт. Көрсө, алп кара куштун жаны ошол жерде экен.

– Кара жаным, кыйба! Ой жаным ай, жаным! Мына аманатың, – деп эки кызды, эки тулпарды алып түшүп келет.

Эртеси Кыраанкара баланы бир ийнине, кыздарды бир ийнине көтөрүп баланын үйүнө жөнөйт. Ошол күнү анын үйүнө жептей, бир токойго конуп калышат. Кыраанкара уктамыш болуп жатса, бир маалда дарактын башына үч көгүчкөн конот.

– Бул баланын атасы ушул кызды алганына капа болуп, балам ууланып өлсүн деп, уудан кошуп куш жасап, уудан эр токумдуу ат камдап, уудан тайган алып атасы эртең жолдон тосуп чыгат, – дейт бир көгүчкөн жанындагы жолдошторуна.

Эртең менен турушканда Кыраанкара балага карап:

– Сенин атаң, сенин келинчек алып келатканыңды угуп, алдыңдан токулгалуу ат, куш, тайган алып чыгат. Достук кылсаң, ошол үчөөнү тең мага бергин? – деп сурап калат.

– Берейин, досум, – дейт бала. – Алар сага аздык кылат. Андан да көп нерсе берсем болот сага.

Эртеси баягы Кыраанкара айткандай атасы тосуп чыгат.

– Балам, мынабу атты минип, кушту кондуруп, тайганды ээрчитип ууга чыгып, көңүлүңдү ачкын. Сенин келинчек алганыңа кубанып алып келдим, – деп алдына тартат.

Бала атасынын тартуусун алып, досуна берет. Досу атты, кушту, тайганды алат да токойго барат, анан баарын өрттөп туруп, күлүн суугa салып жиберет.

Атасынын айласы кетип, бир күнү баласы уктап жатканда, баламды соруп өлтүргүн деп, ажыдаарды жиберет. Кыраанкара аны билип, уктабай кылычын камдап, аңдып жатат. Ажыдаар эшиктен жылып, үйгө белчесинен

киргенде Кыраанкара аны кылыч менен бөлө чабат. Кан чачырап Каракөз айымдын бетине тийет. Каракөз айым ууланып калбасын деп анын бетине жоолук жаап, тамган канды Кыраанкара соро баштайт. Бала ойгонуп, ичинен наараазы болуп калат.

– Досум, мен сага жакшылык кылып жатам, сырымды айтпаймын. Айтсам таш болуп калам, жакшылыкты билбейт турбайсыңбы? – дейт.

– Жок, сен дос эмес, мага кас экенсиң! – деп болбойт.

– Эми досум, сен үчүн таш болсом болоюн, сырымды айтайын. Атаң сенин Каракөз айымга баш кошконуңа наарaзы болуп, сени өлтүрүү үчүн ууланган ат, куш, тайган алып келип тосподубу. Алар менен ууга чыккан-да сен ууланып өлмөксүң, ошондуктан мен аларды алып өрттөп жоготтум. Кийин соруп өлтүр деп ажыдаарды жиберди, кылычымды даярдап түнү менен аңдып жатып, ал үйгө жылып киргенде бөлө чаптым. Анын каны Каракөз айымдын бетине чачырап калды эле, ууланып калбасын деп, соруп жаткан болчумун, – дээр менен Кыраанкара белине чейин көк таш болуп катып калат.

– Айтканындай эле бул көп жакшылык кылды эле, эми мунун жакшылыгынан кантип кутулам! – деп бала Кыраанкараны көтөрүп алып жөнөйт. Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп бир жерге барып жатып калат. Ак кийинген, ак боз ат минген ак сакал карыя келип:

– Ой балам, эмне жатасың? – деп сурайт. Анан баланы ойготуп, ордунан тургузат да: – Сен барып Кара тоону тап, анда капкалуу кара булак бар. Аны сен «кайдан табылчу элең, капкагың кайдан ачылчу эле» деп туруп, Кыраанкаранын биринчи буттарын салгын. Буту тыбырайт, анан булакка бүт денесин малгын. Кыраанкара «ушунча уктаган экенмин» деп тура калат. Баргын, балам! – деген сөздү айтып карыя көздөн кайым болуп кетет.

Бала Кыраанкараны көтөрүп алып, Кара тоого жөнөйт, барып капкалуу кара булакты табат. Баягы карыя

айткандын баарын аткарып, булактын капкагын ачат. Андан кийин Кыраанкаранын бутун салат, ал тыбырайт. Анан денесин булакка матырып алат.

– Өх, абдан уктаган экенмин, – деген Кыраанкара тура келет.

Алар ал жерге бир аз өргүү жасап, анан Кыраанкара баланы көтөрүп алып, бир күндө үч айлык жолду басып, анын элине жөнөйт. Бала кетип бараткanda: «Кыраанкара мурункуга караганда кандай басып калды экен, сынап көрөйүн», – деп тебетейин түшүрүп жиберет.

– Ой досум, тебетейим түшүп кетти! – дегиче Кыраанкара жарым күндүк жолго узап кеткен экен.

Алар жүрүп отурушуп баланын айлына келишет. Айылда чогулган көп элдин карааны көрүнөт. Кара кементай кийген, кара өгүз минген бир койчу жолугуп калат. Андан сурашса, койчу:

– Балам болсо өлдү, анын досу Кыраанкара таш болуп калды деп, алардын ашын берип, эми эки кызды өзүм алам деп кан той өткөрүп жатат, – деп иштин жөн-жайын айтат.

– Сен койчум, – дейт Кыраанкара, – азыр канга барып айт. Акылыңа кел, ээси келатат, аманатын колуна сал, дегин, – деп койчуну той болуп жаткан жерге, баланын атасына жиберет.

Койчу канга барып. Кыраанкаранын айткан сөзүн айтат.

– Бул жаман койчу эмне дейт! – деген кан ачууланып, жигиттерине койчуну кубалатып чыгат. Койчу Кыраанкаралар турган жакка качат. Кыраанкара койчуну кууп келгендердин сазайын берип, чаңын асманга чыгарып, кыргын салат. Канды туткундап, дарга асат.

Ошентип, бала кандын таажысын кийип, такка отуруп, атасынын ордуна кан болот. Чоң той берип, Каракөз айымга баш кошот. Ал эми Жансүйөр кызды Кыраанкарага алып берип, кош айтышып, аны эли-жерине узаткан экен.

## КАМЫР БАЛБАН

Мурунку өткөн заманда баласыз кемпир-чал болгон экен. Бир күнү кемпир камыр жууруп жатып: «Алда кудай ай, ушул жууурган камыр бала болуп калсачы?» – деп арман кылып айтып, тышка чыгып кетет.

Тыштан кайра келсе, баягы камыры чын эле бала болуп калыптыр. Кемпир-чал бири-бирине сүйүнчү айтышып, кубанычка бөлөнүшүп, той беришип, атын Камыр балбан коюшуптур. Чынында эле ал абдан балбан, жүрөгүндө калы бар эр чыгыптыр. Камыр балбан алтымыш өгүз, элүү ат араң кыймылдата турган темир таяк жасатып алып, он жети жашында саякатка жөнөйт. Жолундагы шаар эли үркүп качып кетет. Таягы жерди дүңкүлдөтүп солкулдатса, эл «жоо келатат» деп качышат экен.

Ошентип жүрүп отурса, алдынан Тоотолтоң деген адам чыгат.

– Эмне өнөрүң бар? – деп Камыр балбан сурайт.

– Балбандыгым бар! – деп жооп берет Тоотолтоң.

– Эмесе жүр, экөөбүз жолдош бололу, – деп ээрчитип алып жүрүп отурса, алдыларынан Суусулпаң деген адам кезигет.

– Эмне өнөрүң бар? – деп сурашат андан.

– Мен агып бараткан дарыяларды, сууларды алаканым менен токтотууга жарайм! – деп жооп берет.

Аны да кошуп алышат. Үчөө жолдош болуп андан ары жүрүп отурса, жолунан Айалпаң деген кездешет.

– Эмне өнөрүң бар? – деп сурашат андан да.

– Мен тоодогу айбанаттардын баарын таш менен уруп өлтүрүүгө жараймын, – деп жооп берет.

Төртөө биригип алып, өздөрүнчө тоого чыгып, аң уламакчы болушат. Алардын күндө бирөө кезектешип кошто калып, калганына эт бышырып, тамак жасап турмак болот. Адегенде Айалпаң калат. Беркилер кечинде келиш-

се, эч кандай тамак жок. Биз жез тумшук от алымыш болуп келип, этин жеп, өзүн аябай сабап кетиптир.

Экинчи күнү Суусулпаң калат эт бышырганга. Ал күнү да жез тумшук этин жеп, өзүн сабап кетет. Ал күнү да ачка калышат. Үчүнчү күнү Камыр балбан калып, эт бышырып отурса, жез тумшук келип:

– Эт берчи? – деп Камыр-балбандан сурайт.

– Эт жебей, чок же! – дейт Камыр балбан.

Экөө ошол жерден кармашып, Камыр балбан баягы темир таягы менен чабарда, жез тумшук качып жөнөйт, тиги артынан кууп жетпей калат. Жез тумшук кара үңкүргө кирип кетет.

Кечинде жолдоштору келгенде, Камыр балбан болгон ишти айтып, үчөөнү ээрчитип үңкүргө түшсө, бир ак үй бар экен. Алар үйгө кирсе, үч кыз ыйлап отурушат. Баягы жез тумшук уктап жатат. Аны Камыр балбан темир таягы менен бир-эки жолу чаап жиберсе, тура калып кармаша кетет. Үч кыз унчукпай отура беришет. Камыр балбан жез тумшукту өлтүрүп, үч кыздан сыр сураса, ал үчөө тең зордоп алып келген хандын кыздары экен.

Үч кызды Камыр-балбан сыртка алып чыгып, үч жолдошуна барып, үч кыздын бирин өзү алып, экөөн Тоотолпоң менен Суусулпаңга берет. Айалпаң кур калат. Ошондон үчөөнүн ичинен наразычылык чыгып, Камыр балбанды өлтүрмөк болушат. Аны балбан билип калып, үчөөнү тең кызылдай сабай турган болгондо, алар качып кетишет. Үч кызды шаарга алпарып, ханга кабар айттырат. Үч кыз тең ошол хандын кыздары экен. Хан өзү хандыктан түшүп, Камыр балбанды хан көтөрөт. Ошентип Камыр балбан хан болуп, карыган ата-энесин алдырып, жыргал турмушта жашап калышыптыр.

## ЭКИ БИР ТУУГАН

Илгери өткөн заманда бир хандын катыны өлүп, андан эки бала калыптыр. Хан катыны өлгөндөн кийин алган аялы кичүү баласына кас болот. Бир күнү хандын улуу баласы кырк жигити менен куш салганы кеткенде, хандын аялы: «Сенин кичүү уулуң мени уруп койду», – деп ханга даттанат. Хан аялынын сөзүнө ишенет да, баланы жылаңачтатып туруп аябай сабатып, эки жигитине: «Ыраак алпарып, башын кесип салгыла!» – деп буйрук берет.

Эки жигит баланы алысыраак алып барып, кийимин чечип алып, өзүн коё беришет. «Атаңа көрүнбө, эгер көрүнсөң, анда бизди да өлтүрөт. Биз башыңды алып, көөмп салдык деп, кийимиңди алпаралы», – деп эки жигит кайра кетишет. Байкуш бала айласыздан ыйлап кала берет. Бир убакта агасын эстеп, анын кеткен жолун утурлап жөнөйт. Бала ыйлап баратса, агасы астынан чыгып, болгон иштин баарын угат. Агасынын да жаны кейип, инисин кучактап алып ыйлап, экөөбүз мындан көрө тентип өлөлүк дейт да, атын жигиттерге коштотуп жиберип, экөө ыраакы жолго жөнөп кетишет.

Алар жүрүп отурат, бирок жакын жерден бир да айылдын караанын көрүнбөйт. Тоого жетип, бир чоң таштын түбүнөн сызылып аккан суудан ичишип, эс алып уктап калышат. Бир маалда агасы ойгонот, бирок иниси такыр ойгонбойт. Барып караса, иниси өлүп калыптыр. Агасы эмне кылар айласын таппай ыйлап, баланын башына чүкөдөй алтын коюп, ким көмсө, ошол алсын деп жазып коюп, андан ары жүрүп кетет.

Жүрүп отуруп жолдон бир абышка-кемпирге кезигет. Ал абышка-кемпирдин берген тамагына тоюп, бир аз дем алып, баягы абышкага:

– Менин жолдогу инимди чамаңар келсе, көөмп кетсеңер экен, – деп жалынып суранат.

– Макул, көөмп кетебиз, – деген абышка тигиге жол көрсөтүп коюп, өздөрү да жолго чыгышат.

Бала жүрүп отуруп бир шаарга келсе, элдин баары кейип отурат.

– Эмне кейип жатасыңар? – деп сурайт бала.

– Бул жерде бир ажыдаар бар. Ал эртең баарыбызды жутат! – дешет.

– Мен ажыдаардан силерди сактап калсам, ханыңар мага хандыгынан түшүп береби? – дейт бала.

Баланы ханга алпарса, хан макул болот. Ошондо балага ажыдаардын тили бүтөт. Ал ажыдаарга барып сүйлөшүп, күнүгө бир кыз, бир кой берип туруууга ажыдаарды көндүрөт. Ошентип бала хан болуп калат.

Эми баладан бөлүнүп кеткен абышка-кемпир жөнүндө сөз болсун.

Алар өлгөн баланын жанына келгенде бир жылан чыгып, абышка менен арбаша кетет. Абышка арбашып жатып, жыландын атын таап, аны өлтүргөндө тиги балага жан кирет да:

– Абдан катуу уктап калыптырмын, – деп тура келет.

– Сени аюу-жылан арбап өлтүрүп койгон тура, – деп абышка балага түшүндүрүп, алтынды алып кемпири менен кете берет.

Бала жүрүп отуруп, агасы келген шаарга туш болот. Шаардын четиндеги бир алачыкка келип, шыкаалап караса, бир абышка-кемпир бир кызды алмак-салмак өөп ыйлап отурушат. Бала салам айтып кирип барат. Алардан сураса: «Ушул шаарда бир ажыдаар бар, ошого күн сайын бир кыз, бир койдон берүүчү элек, эми кезек биздин кызыбызга келди», - деп ыйлап отурушту.

– Эмесе мага тамак бергиле, бир кылыч таап келгиле, – дейт бала.

– Бизге жардам бересиңби? – деп сурашат абышка-кемпир.

– Ооба, сиздин кыздын ордуна ажыдаарга мен барам! – дейт бала.

Баланы тамакка тойгузуп, кызча кийиндирип, бир кылыч таап берип, ажыдаарга алпарышат. Ал соро баштаганда бала кылычты туурасынан кармай берип, ажыдаар оп тартуунун күчүнөн тең бөлүнүп калат. Баланын эси ооп жыгылат.

Эртең менен хандын эки жигити ажыдаарга берилчү койду алып келишсе, ажыдаар өлүп, жанында бир бала жатат. Тамак алып келген эки жигит баланы чала-була өлтүрүп, көлдүн жээгине алып барып көөмп салып, «ажыдаарды биз өлтүрдүк» деп ханга чаап барышат. Жигиттердин баатырдыгына арнап көп алтын берип, экөөнө эки кыз алып берет.

Кызын аман алып калган балага абышка-кемпир куран окутуп, көл жээгине кой алып барып союп, кемпир тезек терип жүрсө, кызынын тонунун этеги чыгып жатат. Кемпир абышкасын чакырып, экөөлөп сууруп алышса – баягы бала. Алар от жанына алып келишип, оозуна сүт тамызып жатып, тирилтип алгандан кийин, бала оңолгуча багып жүрүшөт.

Бир күнү бала базарга барса, баягы эки жасоол жигит аны көрүп:

– Бизди, бизге кошуп сизди да бир бала тилдеди! – деп ханга даттанып келишет. Хан токтолуп турбастан:

– Андай ээнбашты дарга астырып таштагыла! – деп буйрук берет.

Баланы дарга асмак болгондо, көп кербенчи кезигип:

– Бул баланы кандуу суугa соёлу. Эгер биз кандуу сууга киши мууздабасак, бизди агызып өлтүрөт, – деп баланы акчага сатып алып барып суу жээгине мууздамакчы болуп жатышканда, бала аларга:

– Мен силерди өзүм алып чыгайын, суудан, – дейт. Кербен башы макул болот. Бала чыпалагын канатып, кербенчилерди суудан өткөрөт. Кербенчилер балага төрт төөнүн жүгүн беришет. Ал андан ары жүрүп отуруп, бир шаардын базарына барса, бир бала:

– Төрт төөнүн жүгү, – деп бир үкөктү арабага салып жүрөт.

Бала баягы үкөктү сатып алып ачса, бир сулуу кыз отурат. Ал сулуу кыз баланын башынан өткөргөндөрүнүн баарын сурап, жазып алат.

– Сен эмне сатып алдың? – деп сурашат кербенчилер четке чыгып.

Бала кызды көрсөтөт. Кызды көргөндө, алардын арасында талаш болуп, баланы үкөккө салып, сууга агызып жиберишет. Үкөктү бир абышка кармап алып, үкөктү ачса – бала. Абышка бала кылып алат.

Кербенчилер кызды талашып отуруп ханга барышат. Кыз баягы жазып алгандарын ханга берет. Хан аны окуп чыгып, бала өзүнүн бир тууганы экенин билет. Өзүнүн эки жасоолун жана кербенчилерди карматып келип, жонунан кайыш тилдирип, абдан кыйнап өлтүртөт.

Бир тууган инисин издетип таап, жанагы кызды ага алып берип, экөө жыргалчылыкта дооран сүрүшкөн экен.

## КАН МЕНЕН ВАЗИР

Бир кездерде кан өзүнүн вазирине ачуусу келип, өлтүрмөкчү болот. Бирок кандай өлтүрүү жагын көпкө ойлонот. Бир күнү үч каздын учуп баратканын көрүп:

– Ушул үч каздын тилин билип кел. Алар эмне деп учуп баратат! Эгерде тилин билип келбесең, башыңды алам! – дейт каарданып.

– Макул, – деп вазир үч каздын артынан чаап бара жатса, мунарада чыгып турган кандын кызы көрүп, вазирди чакырып: «Эмне чаап бара жатасың?» – деп сурайт.

– Кан тээтиги учуп бараткан үч каздын тилин билип кел, билип келбесең башыңды алам, дегенинен артынан чаап баратам. Алардын тилин билбесем, кан өлтүрөт, – деп жооп берет.

– Ээ, вазирим, сен каздын тилин кантип билесиң? Сен эмес кан билбей жатса, андан көрө кайра барып канга мындай де: Бир каз: «Вазир жакшы кан жакшы», деп айтып бара жатса, экинчи каз: «Катын жакшы эр жакшы», деп айтып, канга бар. Ушинтсең бир жооп айтаар каның, – деп кыз вазирди кайра жолго салат.

Вазир канга келип, кыз айткандай айтып берет.

– Жок, муну сен каздардан сураган жоксуң. Бул жооп менин гана тукумумдан чыкмак. Ким айтты, айткын?! Айтпасаң, азыр башыңды алдырам! – дейт кан. Вазирдин айласы кетип, капаланып, кайгырып, эмне кыларын биле албай:

– Эки күн уруксат бериңиз, каным, айтып берейин, – деп уруксат алат да, кайда бararын билбей кайсалаган вазир кайра баягы кызга келет. Кандын айтканын айтып, эмне кылыш керектигин сурайт.

– Чынын айтыңыз, тагдыр башка салганын көрөсүз да, – дейт кыз.

Вазир эки күндөн кийин канга келип: «Сиздин кызыңыз айтты эле», – деп ажалдан калат. Кан кызына каарданып: «Ага бирди көрсөтөйүн!» – деп ойлоп, үйүнө келип, бардык шаарларга кабар берет:

– Жакшыңардан жаманыңар көп келгиле, – деп элине жар чакыртып. – Келбегениңерди жазалаймын! – деп буйрук кылат.

Элдин баары келип, кандын алдынан чубап өтө берет. Элдер самсаалап өтүп жатканда, бир келесоо сары таз: «Барсамбы же барбасамбы?» – деп отуруп, бир убакта зөөкүрлөнүп кандын алдына келип калат. Кан аны чакыртып алып, кызын ошол тазга бермек болот.

Кандын кызы атасы элди чакыртып жатканда эле, аны бир жаманга берерин билип, күйөөсүнө, өзүнө эки сыйрадан кийим тиктирип, ички бетине алтындан шыкатып салат. Элдин аягы өтүп бүткен соң, кан кызын чакыртып: «Кызым, сени ушул тазга арнадым, ушуну менен оокат кыл!» – дейт.

–Макул атаке, сиздин айтканыңызды мен орундайын, менин бир суроомду да сиз аткарыңыз? – деп суранат.

–Айт суроондду, мен аны аткарам, – дейт кан.

– Мен уруксат бермейинче, ушул шаардын жарыгы түнүчүндө жагылбасын. Күүгүм кире электе элиңиз жатсын, сиз да ошентиңиз?

Атасы кыздын суроосуна көнөт. Кыз болсо баягы таз-ды ээрчитип, камыштуу саздын жээгине алып барат. Ал жерге алтындан үй салдырат. Экөө ошол жерде оокат кы-лып калат. Кыз таздын башын жууп-тазалап, дарылап жатып айыктырат.

–Ат сатып кел, – деп бир күнү колуна акча берип, базарга жиберет. Базардан бир семиз ат сатып алып, таз кечинде үйүнө келет.

–Бул атты эмне үчүн сатып алдың? – деп сурайт кыз.

–Семиз экен, анын үстүнө отун-суу тартканга жарайт, – дейт.

Кыз ал атты үйүнө калтырып, эртеси да ат сатып алыш үчүн күйөөсү экөө базарга баратса, бир отун арткан боз ат баткакка тыгылып, ээси чыгара албай жатканын көрүп, кыз жанына барып:

–Ушул атыңды сатпайсыңбы бизге? – деп сурайт.

–Сатам, сатам! – деп боз аттын ээси сүйүнүп кетет.

Кыз атты сатып алат. Семиз аттын ордуна ыркыйган арык ат аласың деп, жолдо карата күйөөсү урушуп келет. Аялы унчукпай жүрүп отуруп, үйүнө келгенден кийин атты жууп-тазалап, анан бага баштайт.

Бир түнү Кызыралейсалам, Акыл, Бак үчөө канга учу-рашалы деп келе жатышса, шаарда жылт эткен от, былк эткен киши жок. Үчөө таң калышып, кобурашып келе жатышканын таздын аялы үйдө жатып угат. Бир убакта баягы үчөө тигилердин үйүнө гана от жанып турганын көрүп, бул кандай адам, элдин баары уктап жатса, бул от жагып отурат. Бул соо адам эмес, ырыстуу адам экен деп, баягылар кайрылып:

– Бул үйдө ким бар, адам болсо бери чыксын! – дешет.

– Бул үйдө ким болсун, киши бар, керек болсо өзүңөр аттан түшүп, киргиле, – дейт кыз.

– Мен Кызырмын, батамды берем, бери чык! – дейт Кызыр.

– Чыкпайм, керек болсо өзүң келип бата бер! – дейт кыз.

– Мен Акылмын, бери чык, акылың жок болсо акыл берем, – дейт.

Кыз ага да жогоркудай жообун берет. Андан кийин Бак айтат.

– Мен Бакмын, багың жок болсо бак берем, бери чык! – дейт.

– Үчөөңөргө тең мен керек болсом, өзүңөр келгиле, мен өзүм бара албаймын, – дейт кыз.

– Бу кандай адам? Буга үчөөбүздүн тең керегибиз жок экен, – дешип берки үчөө таң калышат да, жок муну көрөлүчү деп, үчөө тең аттан түшүп, үйгө киришет. Кыз үчөөнө карап туруп, анан Акылга айтат.

– Сен Акыл болсоң, таң атканча менин күйөөм менен жатчы? – дейт.

– Макул, – деп Акыл таң атканча күйөөсү менен кучакташып жатып, таңга жуук үчөө тең кайра кетишет. Эртең менен жигит турса, кадимкидей акыл кирип калыптыр. Кыз бир күнү күйөөсүнө:

– Эми мен сага бир сөз айтам, сен ошону аткаргын, – дейт. Күйөөсү макул болот. Баягы боз ат тулпар болчу. Кыз аны таптап отуруп табына келтирген. Күйөөсүнө тулпарды мингизип:

– Сагызганды барып чапчы? – дейт. Жигит сагызган канатын бир сапар ирмегенде чабат. Экинчи күнү сагызган эңкейе бергенде чабат. Үчүнчү сапар барып чапканда, былк эткенде чаап салат. Ушуну көргөндө кыз күйөөсүнө айтат:

– Кандын бир алтын кийиги бар. Ал жылына бир маал келет. Жыл сайын кууп кармай албайт. Сен ошого бар-

гын да, кармап берип, дос болуп кел. Бара жатканында алтын кийикти кууп келаткан канга учурайсың. Кан сага: «Алтын кийикти куугун!» – деп кыйкырат. Сен анда болбогун. Андан кийин кырк жигит учурайт. Ошолордун эң акыркысын күтүп туруп: «Артта дагы киши барбы?» – деп сура. «Жок» дегенден кийин гана, тулпарыңдын оозун коё берип отуруп, баарынан өтөсүң, анан канга жетесиң, ага кайрылып: «Кийигиңди кармап берсем, дос болосуңбу?» – дегин. Аны «дос болом» деп үч жолу айттырып, колунан кармап туруп кол алыш да, андан кийин чу коюп отуруп кийикке жетесиң. Кармаганыңдан кийин кийикти ээрдин кашына артып алып, шаарды аралап чаап жүрө бер. Кан сенден, «досум, соогат» деп чаап келет. Жолду ката унчукпастан шаарды аралап отуруп, үйүнө алпарып байлап кой. Кан үйүнө келгенде, эгер сени жакшы көрсө, тактысынын жанындагы бөлмөгө, жаман көрсө, үйүнүн жанындагы үйгө киргизет. Ал сөзгө келип: «Дүйнөмдүн барын берейин, ошого ыраазы бол!» – дейт. Сен унчукпай отура берип, тамак ичилип бүткөндө: «Каным, экөөбүз дос бололу, мага дүнүйөнүн кереги жок», – деп кош айтышып үйгө келе бергин, – дейт кандын кызы.

Алтын кийиктин келер кезин болжоп, кан кырк жигити менен аң уулап, кийиктин жолун тосуп чыгат. Кыз аны билип, күйөөсүн тулпарга мингизип, колуна укурук берип жө-нөтөт. Жигит жүрүп отуруп канга барып, кыздын кула-гына куйгандарынын баарын аткарып, үйүнө келет. Жи-гит кийикти өңөрүп чаап келе жатканда, кан «досум, соогат» деп сураса, тоотпой баратканын көргөн эл таң калышат. Мына ушул күндүн эртеси кыз атасына келип, түнкүсүн чырак жактырууга уруксат кылат.

Жигит боз тулпарын алчаңдатып күнүгө базарга келет. Ага элдин баары таң калышып, кээси бата беришет.

– Баягында ушул жигит алтын кийикти кармап келди эле. Ошондон баштап кан түнкүсүн чырак жандырууга уруксат кылды, – деп билгени жигитке алкыш айтышып, бир далай жыл чырак көрбөгөн эл ага ыраазы.

Кыз болсо күйөөсүн күнүгө кандыкына жиберип, аныкында конок болуп кайтып турат. Кыз бир күнү күйөөсүнө: «Мен сиздин үйдөн көп даам таттым. Сиз деле бир күнү биздикинен даам сызып кетиңиз» деп, канды чакырып кел, – деди. Күйөөсү макул болуп, бир күнү канды үйүнө чакырып келет. Канды төркү бөлмөсүнө киргизип, кыз өзү тамак бышыра берет. Кан тамак ичип отуруп: «Ушунун катынын көрсөм», – деп ойлоп, - «Досум, катыныңды чакырчы?» – деп жигитке айтат.

– Азыр келет, – деген жигит отура берет.

– Качан келет? – деген кан шаштыра берет. Тамак желип бүткөндө жигит аялын кандын үстүнө ээрчитип киргенде, кан кызын көрүп бакырып, кызы да ыйлап, кучактешып көрүшөт. Кан кызынын мыктылыгына баа берип, өзүнүн кан тактысын күйөө баласына берип, өзү жөнөкөй киши болуп жатып калат.

Мына ушундан улам: «Катын жакшы – эр жакшы» деген лакап элге тарап кеткен экен.

## АСЫЛ ТАШ

Илгертен нечен кылым мурда кыргыздын улуу тоосунун эки капчыгайын ээлеп, жанаша жашаган эки байдын толгон малы бар экен. Байлар бирин бири жакшы көрбөй, бирине бири көз артып, ушунун малын канткенде ээлеп алам, дешип, ичтеринде жаман ой катылып, котур ташы койнунда жүрдү. Арадан көп жылдар өтүп, эки байдын бири көз жумду. Анын артынан кемпири да каза болду. Алардын жалгыз уулу он эки жаш курагында жетим калды. Жанаша конгон экинчи бай ушундан пайдаланып тоголок жетимдин малы менен мүлкүн бүт бойдон алмакчы болуп:

– Сен, балам, жарык дүйнөдө жалгыз досумдан калган жетимимсиң. Менин да жалгыз уулум чоң кербен менен бирге алыскы сапарга кетип, ошол бойдон кайтпады,

билбейм бир кырсык болгон окшойт. Ошондуктан сен менин уулумдун ордуна уул бол. Өз атаңдан кем бакпасмын. Мени да өз атаңдай көр, – деп көп сөздөрдү айтты.

Бала жаш эмеспи, макул болду. Ушинтип жетимди бала кылып алдым деп, бай бүт айлына жар чакыртты. Жетимдин мал-мүлкүн өзүнө кошуп алды. Ошентип байдын байлыгы эки эсе артып, эми жетимден кантип кутулуунун жолун издей баштады. Жетим да бөлөк байдын балдарына кошулуп молдодон сабак алып жүргөн. Бир күнү сабактан келе жатып, жолдо буту сынып жаткан баканы көрөт. Бала аны үйүнө алып кетмекчи болду. Бир аз баскандан кийин алды жакта баткакка тыгылып жаткан арабаны көрдү. Бала ушул бакanyн бутун тепсеп кеткен дал ушул араба болсо керек, деп ойлоду. Бала арабанын ээсине карап:

–Сен эмне, сокур болуп калгансыңбы? Мына бул байкуштун бутун эмнеге тепсетип кеттиң? – дейт.

–Мына кызык! Эми баканы коргой турган киши табылган тура! Мунун сага эмне кереги бар? – деп арабанын ээси балага ачууланып, камчысы менен жондон ары тартып жиберди. Бала далысы ооруса да ыйлаган жок. Баканы үйүнө алып келип, бутун таңып, курсагын тойгузуп, короонун ичине кичинекей чуңкур казып, ал чуңкурга суу толтуруп, баканы ошого коё берди. Андан кийин күн сайын баканы карап, суугa тамак-аш таштап турду.

Бай асыранды баласынын короонун ичиндеги көл-чүккө күн сайын эки-үч жолдон чуркап барып, ал жерде бир нерселерди жасап жатканын байкап калат. Ал баланын эмне жасап жүргөнүн билмекчи болот. Бир күнү бала сабагына кеткенден кийин, бай көлчүккө барып караса, көлчүктө аркы-терки сүзүп бака жүрөт. Бул бака биякка кайдан келди, алып келсе жанагы жубарымбек алып келсе керек, – деген ойго келди. Кечке жуук бала сабагынан келип, көлчүктөгү бакасын көргөнү барды. Анын артынан бай аңдып чыкты. Карап турса, көлчүктөгү бака чыга келип, баланын берген азыгын жеп, кайра суугa кирип кетти.

– Мен сени бала кылып багып алдым эле. Мен сени киши болобу деп ойлогом! – деген бай абдан ачуулана баштады. – Бирок сен менин кызматымды барктаган жоксуң. Сен мага жакшылык кылбай, ушул жаман бакага жакшылык кылып, күн сайын эки маал буга тамак берип жүргөн экенсиң. «Мал арыгын сактасаң – ооз майлайт, киши арыгын сактасаң – төбө кандайт!» – деген ушул тура. Сен эми менден таптакыр кеткин. Бакаңды көтөргүн да, көзүмө көрүнбөй жогол! – деп бай каарданды.

Бала баканы колуна алып, башы ооган тарапка кете берди. Ал ээн талаа, эрме чөлдө кетип баратып, жолдо бир көлгө туш келди. «Ушул көлгө баканы коё берейинчи, бул байкуш да эптеп оокатын кылсын» деген ойдо баканы көлгө коё берди. Бака көлгө түшүп:

– Сен мени ажалдан аман алып калдың эле. Мен дагы сага ошончолук жакшылык кылышым керек. Мынабу асыл ташты алгының. Эмнени кааласаң, ушул таш тилегиңе жеткирет, – деп адамча сүйлөдү. Анан бака оозун ачып, кусуп жибергенде, оозунан кичинекей көк-жашыл таш ыргып кетти. – Ал эми сенин мындан аркы жолунду айтсам, көп күн жол жүргөндөн кийин, жолдун айрылышына кезигесиң. Эгер айрылыштагы чоң жолго түшсөң, алты ай бою басышың керек, бирок ал жол тынч, сага зыян кылган эч нерсе болбойт! Ал эми тар жолго түшсөң, үч ай жол басасың, бирок ал жол эн эле коркунучтуу! Сен тар жолдон коркпогун. Сенин колуңда асыл таш бар эмеспи. Бул таш колуңда турганда, сен эч нерседен кор болбойсуң, – деген бака сөзүн бүттү.

Бала бака менен кош айтышып, тынбай басып отуруп, баягы жолдун эки айрылышына келди. Ырас эле бири чоң, экинчиси тар жол экен. Баканын айтканын эске алып, бала тар жолго түштү. Жолунан ар кыл жырткычтар чыгып, баланы качырып келип, бирок эч кандай зыян кылбастан кайра кайтып турушту. Ошентип бала узак жол жүрдү. Бир күнү бир жерге келип, бир аз дем алмак бол-

ду. Дал ошол жерден жыландын сыйрылып калган эски терисин көрдү.

«Колумдагы асыл таштын керемети канчалык экен, ушуну бир сынап көрөйүнчү» деп колундагы асыл ташты жыландын терисине тийгизди. Жылан ошол замат тирилип чыга келди. Анан балага ышкыра карап:

– Сен мени тирилтип алдың. Дал ушул күндөн тартып мен сага түбөлүк дос болом. Менин айткан сөзүмдү көкүрөгүңө түйүп ал, качан мен керек болсом, «кел, жыланым» дейсиң, мен дароо сенин жанында болом, – дейт. Ошентип жылан балага сырын айтып берип, сойлоп өз жолу менен кетти. Бала да өз жолун улантты. Жолдо барatsa өлүп жаткан аары жатыптыр. Бала асыл ташын аарынын өлүгүнө тийгизип, аны да тирилтип алды. Аары мурутунан бирди үзүп берип:

– Эгер башыңа кыйын иш түшсө, мурутумдун учун отко күйгүзүп жибер, ошол замат мен жардамга келем, – дейт.

Бала дагы көп күн жол жүрдү. Бир күнү келатса жолдун жээгинде адамдын куурап калган баш сөөгү жатыптыр. Бала ага өзүнүн асыл ташын тийгизди эле, ал куу баш татынакай мырза жигит болуп тура келди. Асыл ташынын күчү менен адамды да тирилтип алганына кубанган бала, аны өз агасындай көрүп, андан ары жолун улантты.

– Сен мени кантип тирилтип алдың? – деп сурады бир күнү мырза жигит. Бала баканы кандай кылып бакканын, ал бака ага асыл таш бергенин, ошол асыл таштын күчү менен тирилтип алганын айтып берди. Берки жигит да өз атасынын бай болгонун, атасынын баланы кербенчилерге кошуп берип, алыска соода кылууга жибергенин, жолдо каракчылар кол салып, кербенчилердин мал-мүлкүн бүт тартып алып, өздөрүн өлтүрүп кетишкенин айтып берди. Анан жигит балага өзүнүн ыраазычылыгын билдирип, мындан ары экөө түбөлүк дос болууга убада берди.

Экөө дагы узак жолу жүрүштү. Бир түнү тыныгып жатканда мырза жигит балага карап: «Сен мага чыныгы

дос болсоң, койнуңдагы асыл ташты мага бер, эртең кайра өзүңө берем», – деп сурады. Бала эч шек алган жок, асыл ташты койнунан суурул, жигиттин колуна кармата салды. Эртесинде бала ташты кайра сурады эле, жигит аны бермек түгүл, балага үндөбөй койду.

Алар дагы узак жол басышты. Акыры ээн талаа, эрме чөлгө жетишти. Аябай суусап, каны катып баратышып, асманда учуп жүргөн карганы көрүштү.

– Суу жок жерде карга да жашабайт, жакын жерде суу болуш керек! – деп, бала кыйкырып жиберди. Ырас эле бир аздан кийин терең кудуктун жанына келишти. Кудукта аркан бар, бирок чака жок экен.

– Сен менден кичүү эмессиңби, анын үстүнө жеңилсиң, кудукка түшүп, калпагыңа суу сузуп чык! Мен сени белиңен аркан менен байлап түшүрүп, кайра тартып алам, – деди мырза жигит.

– Менин калпагымдагы суу экөөбүзгө жетеби? – деп сурады бала.

– Жетет, андан көп суунун деле кереги жок, – деп жигит бырс күлүп койду. Бала оюна эч жамандык кирбей, макул болуп кудукка түштү. Анан калпакка толтура алып чыгып келе жаткан суусун жигит шап ала коюп, ошол замат арканды коюп жиберди. Бала кайра кудукка түшүп кетти. Жигит кудуктан бир топ узап кетишкенден кийин бул жерге кербенчилер келишти. Кербенчилер кудукка чака сала коюп суу алмакчы болгондо, кудуктун түбүндө жаткан адамды көрүп калышты.

– Баланы кудуктан алып чыккыла! – деп буйурду кербен башы. – Буга кимдир бирөө кастык кылып, кудуктун ичине таштап кеткен окшойт! – деди. Кербенчилер баланы кудуктан чыгарып, тамак беришип, көңүлүн ачышып, жүктүү төөгө мингизип өздөрү менен ала кетишти.

Кербенчилер жүрүп отурушуп бир чоң шаарга жетишип, соодасын кылып жүргөн кезде, бала шаарды аралап көрүп чыкмакчы болуп адашып кетет. Кербенчилер

аны издеп таппай, өз жерине кете беришет, ал эми бала чоң шаарда тентиреп жалгыз калат. Баланын курсагы ачып, кайда барарын билбей, көчөнүн боюндагы теректин түбүндө алсырап отурса, бет алдынан аргымак ат минген, жакшы кийинген, мурутун чыйраткан мырза жигит бастырып өтүп баратат. Бала карай салса, ал баягы өзү тирилтип алган досу экен. Бала сүйүнгөн боюнча ага жүгүрүп барып, салам айтат. Жигит дароо атына камчы уруп, жүрүп кетет.

Баягы жигит асыл ташты алгандан кийин ушул шаарга келип, ташты ханга берип, өзү анын вазири болуп алыптыр. Атына камчы басып чаап кеткен жигит дароо ханга барып:

– Биздин шаарга балакеттүү бала пайда болду. Аны кандай да болсо жоготуу керек. Андан жамандык гана болбосо, жакшылык жок! – дейт.

– Андай болсо, аны зынданга салып салгыла! – деп буйрук кылат.

Ошентип бала зындандын түбүндө жатат. Бир күнү анын эсине баягы жылан түшүп: «Кел, жыланым!» деп жиберет. Бир заматта жанында жылан пайда болуп, эмне үчүн чакырганын сурайт.

– Мени зынданга салып салды. Ушундан куткара аласыңбы? – дейт.

– Бир кезде сен мени өлгөн жеримден тирилтип алдың эле, эми сага кантип жардам кылбайын. Хандын кызы катуу ооруп жатканын уккандырсың. Менин айткан дубамды эсиңе түйүп кой. Ошол дуба менен сен хандын кызын айыктырасың. Ал кызды сенден бөлөк эч ким айыктыра албайт. Анын үстүнө мен азыр барып, ал кызды чагып алам. Ал кыз өлө турган болот. Так ошондо сенин пайдаң тиет. «Хандын кызын мен айыктырам!» деп уламулам кыйкыра бер. Ошондо сени зындандан чыгарып алып, хандын кызын көрсөтүшөт, – деп дубасын үйрөтүп, жылан зындандан чыгып кетти.

Жылан хандын ордосуна сойлоп кирип, төшөктө ооруп жаткан хандын кызын чагып алып, ого бетер өлө турган кылды. Хандын кызы эми ого бетер катуу онтой баштады. Адамдар хандын кызынын оорусу катуулап калганын байкашып, аны сактап калыш үчүн дарыгерлерди издей башташты. Миңдеген дарыгерлер келип, ар кимиси өз билгенин жасашты, бирок хандын кызы алсырай берди. Ошондо хандын айласы кетип, элин чогултуп:

– Кызымды ким айыктырса, ошол дарыгерге кызымды күйөөгө берем! – деп жар чакыртты.

Бул кабарды элдин баары укту. Ал кабарды уккан койчуман да бир күнү зындандын жанынан койлорун жайып өтүп баратып, хандын кызын айыктырып ала турган киши табылар бекен деп ойлоду. Ошентип өтүп баратса, зындандын түбүнөн: «Хандын кызын мен айыктырам!» – деп кыйкырып жаткан үндү угат. Койчу токтой калып, үндү даана уккандан кийин, хандын желдеттерине кабар кылат. Алар келип баладан:

– Сенин аны айыктыра аларың чынбы? – деп сурашат. Бала сөзсүз айыктыраарын айтат. Ошондо баланы хандын ордосуна алып келет да:

– Ханым, бул жигит сиздин кызыңызды айыктырам деп жатат, – дешет.

– Сен чын эле айыктыра аласыңбы? – деп хан кайра сурайт.

– Айыктырам, ханым! – деп жооп берет бала.

– Эгер айыктырсаң, анда ушул кызымды сага берем! – дейт хан.

Баланы кыйналып жаткан кызга алып келишет. Бала өлгөнү калган кызды көрүп, ага жыландын үйрөткөн дубасын окуду эле, бир аздан кийин кыз башын көтөрүп, айыгып чыга келет. Хан абдан кубанып, баланы мончого салууга буйрук берип, андан кийин жакшылап кийинтип, тамакка тойгузуп, анан жакшы жасалгаланган бөлмөгө жаткырып койду.

Бул кабар хандын вазири болуп жүргөн жигитке жетти. Ал ханга келип, даттанган түрдө:

–Таксыр ханым, сиз өзүңүздүн кызыңызды тентип жүргөн балага бересизби? Бала дайыны жок, теги жок кайырчынын бири эмеспи! – дейт.

–Мен өзүмдүн кызымды ким айыктырса, ошого бермек эмес белем. Ал убадам калкыма белгилүү. Ушул бала айыктырды, эми ушуга беришим керек, – деп хан терең күрсүнүп койду.

–Анын айласын биз табабыз, ханым, – деди жигит. – Мен айласын тапкандан кийин, кызыңызды өзүңүз каалаган адамга бериңиз. Ал эми менин оюм мындай. Бул шаардан сиздин кызыңызга окшогон үч кыз таап, анан төрт кыздын үстүнө чүмбөт жаап, төртөөнү төрт арабага отургузуп коюңуз. Арабалар да, кыздардын үстүнө жабылган чүмбөттөр да, ал түгүл арабага чегилген аттар да окшош болсун. Мына ошондо, жанагы балакеттүү бала ушул арабалардан сиздин кызыңызды таап алсын. Эгер таба албай калса, сиздин убадаңыз кайра кайткан болот да, кызыңызды өзүңүз каалаган кишиге бересиз.

Митайым вазиринин бул оюн хан жактырып, ошол замат макул болуп, эмесе ушундай деп жар чакыргыла деди. Алардын жанагы ою да балага жетип, ал өзүнүн досторун чакырды. Оболу аарыны эстеп, анын берген кылын күйгүздү эле, дароо аары учуп келди. Ага бала өзүнүн ахыбалын толук айтып берди. Бир аздан соң аары досу:

–Кыздарды арабага салып, көчөгө алып чыккандан кийин, мени байкап тургун. Мен хандын кызы отурган арабанын үстүнөн ызылдап учуп, сага үн берем. Сен басып келип хандын кызынын арабасын токтот. Ошентип, хандын кызы сеники болот, – деди.

Болжогон убакта көчөгө төрт араба чыкты. Баланы жаңылтыш үчүн дагы бир араба кошушту. Кыздарды арабага салып, орто жерине хандын кызын жөнөтүштү. Аары ызылдап, так ортоңку арабанын үстүнөн учуп баратты.

Бала токтолбостон жүгүрүп барып, ортоңку арабаны кармап, арабага секирип чыгып, кыздын жанына отуруп алып, алар менен бир айланып, хандын ордосуна кайтып келишти.

– Тагдыр ушул экен! – деди хан. – Менин кызымды ушул балага буйруптур, башка айла жок. Кызымды ушул балага бердим! – деп жар айтат.

Хан кыз-күйөөсүнө атайын үй тиктирип, аларды шаан-шөкөт менен кийрип койду. Ошол эле кечке жуук баланын үстүнө баягы митайым вазир келип, баланын астында ыйлап-сыктап, жалынып-жалбарып жатканын сакчылар угуп, ханга айтып келишет. Хан вазирди чакырып:

– Сен менин күйөө балама эмне үчүн жалындың? – деп сурайт.

– Сиздин күйөө балаңыз мен сизге берген асыл ташты «меники» деп чатак чыгарып жатат, ошол себептүү аны менен айтыша кеттим! – деп вазир кайпактап жооп берет.

– Мен аны менен өзүм сүйлөшүп көрөйүнчү, – деп хан баланы чакыртып келет. Бала хандын алдына келип, баканы аман алып калганын, ал бака көк-жашыл кичинекей асыл ташты бергенин, ошол таштын күчү менен капкачан өлгөн, куураган башы калган жигитти тирилтип алганын, анан ошол жигит баланы кудуктун түбүнө таштап кеткенин, андан кийин да болгондорун төкпөй-чачпай айтып берет. Вазир чыдай албай:

– Мунун баары калп! Бул бала жеткен митайым! – деп кыйкырат. Ошондо хан асыл ташты койнунан сууруп чыгып, вазирге:

– Сөөмөйүңдү ташка тийгизчи! – деп буйрук кылат. Вазир сөөмөйүн ташка тийгизгенде, анын сөөмөйү капкара көмүр болуп күйүп калат.

– Эми сен тийгиз, бала, – дейт хан балага карап. – Эгер сенин колуң күйүп кетпесе, анда бул таш сеники.

Ошондо бул вазирдин колу кайра калыбына келет, – деп ташты сунат.

Бала колун ташка тийгизер замат вазирдин капкара болуп күйүп калган сөөмөйү калыбына келет. Ал эми баланын колу болсо, өзүнүн мурдагы калыбынан эч өзгөргөн жок. Хан окуянын чын экенине ишенди.

– Муну зындандын түбүнө салгыла, кайрадан куу башка айлансын! – деп буйрук берип вазирин зынданга салдырды.

Балага өзүнүн тактысын кошуп берип, алар жыргалда жашап калыптыр.

## ЖЕЗ КЕМПИР

Өткөн замандарда эки кыздуу жесир аял болгон экен. Анын оокаты күн өткөн сайын начарлап, турмушу өтпөй калат. Бир күнү аял бир кызын оң колуна, экинчисин сол колуна жетелеп, оокат издеп жөнөйт. Алар жүрүп отурушуп бир алачыкка туш келишет. Алачыкка киришсе териге оронгон кемпир төрдө жатат. Аял кемпирге ахыбалын түшүндүрүп:

– Багар-көрөрүбүз жок, бир жүргөн жанбыз. Түнөп кетели, уруксат берсеңиз. Бизге эч нерсенин деле кереги жок, – дейт.

– Каалаcorreсаңар, менин эле үйүмдө жүрө бергиле, – дейт кемпир.

Аял кемпирге ыраазы болуп, ошол үйдө жашап калышат. Кемпир керели-кечке тери жамынып жата берет. Аял болсо күнү-түнү жаны тынбай оокат жасайт. Күндөрдүн биринде кемпир:

– Жүрү, кийиз өтүктүн таманына салгандай чөп жулуп келелик, – деп келинди токойго алып келет. Аял чөп жулганы эңкейе бергенде, кемпир койнунан бычагын сууруп чыгып сайып өлтүрөт. Отту чоң калап жагып, баягы келинди шишкебек кылып жеп алат. Кемпир кайра тартып, алачыкка кирер менен: «Апабыз кайда?» – деп сурашат кыздар.

– Камырабай эле жата бергиле, силердин энеңер өтүгүңөрдүн таманына салгандай чөп жулуп жүрөт, жакында келер, – деп коёт кемпир.

Өзү жатар менен коңурукка кирет. Кыздар ары оодарылышып, бери оодарылышып уйкулары келбей таң атырышат. Күтүп отуруп бир маалда кыздардын улуусу: «Эмнеге энем кечикти?» – деп тынчсызданып, токойду көздөй жөнөйт. Жүрүп отуруп токойго барса, жаңы эле өчкөн оттун күлүндө адамдын сөөктөрү жатат. Ошол жерден энеси байланып жүргөн бүлөөнү, оттук ташты жана тарагын табат. Кыздар өпкө-өпкөсүнө батпай ыйлап, энесинин бүлөөсүн, оттук ташын жана тарагын алып, кайра алачыкка келет. Жолдо келатып эки чымчык кармай келет. Кыздар чымчыктарды көшөгөнүн ичине коё берет да, сиңдисин колдон жетелеп, тезинен күн чыккан тарапты бет алып качып жөнөшөт.

Ал эми кемпир уктай берип, бир оокумда ойгонсо, көшөгөнүн ичинде бир нерсе бүлкүлдөйт. «Кыздар ордунда экен», деген кемпир кайрадан уйкуга кирет. Кемпир жети күн, жети түн уктайт. Бир күнү курсагы ачкандан ойгонот. «Эми кыздарды жейин» деп көшөгөнү ачса, ичинде эки чымчык тырпырап учуп жүрөт. Ошол жерден кемпирдин ачуусу катуу келип, кыздардын аркасынан кууп жөнөйт. Жүрүп отуруп, кууп жетип, кармай турган болгондо, кыздардын улуусу:

– Эне, энекебай, бизге жардам бер! – деп бүлөөнү ийнинен алыс ыргытып жиберет.

Бүлөө түшкөн жерден чоң дарыя пайда болот. Кыздар бир өйүзүндө, кемпир экинчи өйүзүндө калат. Кемпир ташкындаган суугa киргенден коркуп, өкүрүп-бакырган боюнча кала берет. Кыздар андан ары качып жөнөшөт. Дарыя жети күн агат да, андан кийин кургап, ал эми бүлөө улуу кыздын чөнтөгүнө кайра барып түшөт.

Кемпир кайрадан кыздардын артынан түшөт. Анын жакын калганын сезген улуу кыз:

– Эне, энекебай, бизге жардам кыл! – деп оттук ташты ийнинен алыс ыргытып жиберет. Бир паста түптүз талаада бийик жалама зоо пайда болот. Ошентип кемпир дагы жете албай калат. Эже-сиңди артын карабай жүрүп отурушат.

Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп, баягы кыздар бир аралга туш болот. Аралдын наркы өйүзүндөгү алачыкта жашаган бир кара кемпирди көрүп:

– Энеке, бизге жардам берип коюңуз, – деп чакырышат.

– Мени карап көргүлөчү, өңүм сулуу бекен? – деп сурайт кемпир.

– Биз кептөн бери адам көрө элекпиз. Бизге өңүңүз күндөн да жарык, колуңуз биздин энебиздин колундай жумшак көрүнөт, – дешет.

Ошентип кемпир кыздарды суудан көтөрүп чыгарат. Аларды кемпир өз кызындай багып жүрөт. Күндөрдүн биринде кемпир:

– Менин эки балам бар, алар мергенчилеп кеткенине бир нече жыл болду, ошол экөөнү таап келгиле! – дейт кемпир. – Токойго барсаңар бугуга чана сүйрөткөн эки бала көрүнөт. Силер койнуңардагы бугунун терисинин өңүн көрсөткүлө. Алар теринин өңүн көрөр замат, силерди ээрчип жөнөйт.

Ошентип кыздар кемпирдин эки баласын издеп жөнөшөт. Жүрүп отурушуп токойго келишет. Балдарды таппай, көп кыйынчылыктарды тартып, акыры бир күнү араң дегенде табышат. Балдар аларды издеп барган кыздардын койнундагы бугунун терисин көрүшүп, «апабыз бул кыздарды бизге жиберсе керек» деп кыздарга жакындашса, чын эле ошондой болуп чыгат. Балдар баштарынан өткөн окуяларды айтып, кыздар да баштарынан кечирген кайгы-муңду айтышып, чогуу үйлөрүнө келишет. Улуу баласы улуу кызды, кичүү баласы кичүү кызды алып, жыргап жатып калышкан экен.

## КАРАЧ БААТЫР

Илгери бир абышка-кемпирдин Эгизбек, Сегизбек деген эки баласы болуптур. Алардын бир канча жылкысы бар экен. Эки бала эр жетип, Тайгылмандын тайгак ташы деген жерде жылкыларды жайып коюп жата беришет. Тайгылмандын ташы деген жерге эч бир адам чыгып көрбөптүр. Ошондуктан эки бала жылкыларын ээн-эркин жайып коюп, эртеден кечке ордо атышчу экен. Күндөрдүн биринде Буктугул менен Шуктугул деген эки дөө баягы тайгак ташты түбү менен омкоруп таштап, эки баланы жылкылары менен кошуп алып кетишет.

Балдардын атасы жылына бир келип, балдарын көрүп кетчү экен. Бир күнү келсе, ордосу тигилген бойдон калып, балдары жок. Баягы Тайгылмандын ташы омкорулуп калган. Абышка балдары жоо колдуу болуп кет-кенин сезип, ыйлап-сыктап үйүнө келет. Ошентип абышка-кемпир куу баш аталып, баладан да, малдан да ажырап, өлбөстүн күнүн көрүп, өчпөстүн отун жагып, жашап турушат.

Күндөрдүн биринде абышка түш көрөт. Түшүндө бир аппак сакал карыя келип: «Ыйлаган менен эч пайда таппайсың, тиги жогоруда бир булак бар, ошол булактын жанындагы мазар терекке барып, түбүнө түлөө өткөрүп, кемпириң экөөң түнөгүлө. Түн ортосунда асмандан ак алма түшөт, аны өзүң жегин. Дагы убакыт өтүп, таңга жуук кызыл алма түшөт, аны кемпириңе бер. Арадан убакыт өткөндө балалуу болосуңар», – деп айтып көздөн кайым болот. Абышка чочуп ойгонсо – түшү. Ашып-ташып мазар терекке барып, түлөө өткөрүп, кемпири экөө түнөп калышат. Абышканын айтканындай түн ортосунда асмандан ак алма түшөт. Аны абышка өзү жейт. Таңга маал кызыл алма түшөт, аны кемпирине берет. Эртеси үйүнө

кайтышат. Арадан көп өтпөй эле кемпиринин боюна бүтүп, тогуз айдан кийин эркек бала төрөйт.

Бала жерден боорун көтөрө баштагандан шок чыгат. Чоңойо баштап, айылдагы балдарды уруп-согуп, чуу салат. Бала онго чыгат. Бир күнү бир кемпирдин баласын уруп коёт. Кемпир баланы каргап: «Сен андай эле кыйын болсоң, колго түшүп кеткен эки агаңды таап албайсыңбы! Айылдагы балдарды уруп-сокпой...» – деп катуу айтат.

Буга чейин бала эки агасы бар экенин да, алардын жоголгонун да билчү эмес. Кемпирдин сөзүнөн улам капа болуп үйүнө келет. Энеси үйүндө жок экен. Бала үйгө жалгыз казанды гана калтырып, калган идиштердин баарын катып коюп, энеси келгенден кийин: «Эне, мага буудай кууруп берчи», – дейт. Энеси бадырак кууруп жатканда бала эшиктен: «Энеке эле, энеке! Көгүчкөндөр учуп өтүп кетмек болду, мен буудай чачып тузакка илиндирип алайын, кууруп жаткан буудайды алып чыга кой!» – деп шаштырып калат. Кемпир шашкан бойдон идиш таппайт. «Энеке, энеке, идиш жок болсо, колуңа эле уучтап чыга кал!» – деп баласы дагы кыйкырат. Энеси ысык буудайды колуна уучтап чыга калат. Бала энесинин колун ысык буудай менен кабыштыра кармап: «Айт энеке, чыныңды, менин эки агам болгонбу, же жок беле?» – деп сурайт. Ысык буудайга күйүп бараткан колуна чыдабаган энеси: «Сенин Эгизбек, Сегизбек деген агаларың бар болчу. Аларды жылкы кайтарып жүргөн жерниен Буктугул, Шуктугул деген эки дөө алып кетти деп угабыз. Башка дайын жок! – дейт жанталашып.

Бала энесинин сөзүн уккандан кийин колун коё берип: «Эмесе, энеке, мен ошол агаларымды издеймин!» – дейт. Ага баланын энеси да, атасы да көнбөйт. «Али жашсың, балтыр этиң толо элек, барар чагың боло элек, койгун балам», – деп коюшат. Бала үч күн тамак ичпей таарынып жатып алат. Акыр аягында кемпир-чалдын айла-

лары кетип, макул болушат. Эки агасынын кандай экендигин толук айтып беришет.

Бала онго чыкканча азан чакырып ат койгон эмес экен. «Эми жок дегенде баланча балабыз бар эле деп, айтып жүргөнгө атыңды коюп алалы, дешип кемпир-чал элди чакырып, той берип, баланын атын коюп берүүнү элден суранышат. Эл да балага кандай ат коёрун биле алышпай, ак сакалы кара сакалдууларды карайт, кара сакалдуулар, кер мурут жигиттерди карайт, кер муруттар боз балдарды карады, боз балдар качып-качып тарады, бирок эч кимиси ат тандай албады. Ошол кысталышта кайдан-жайдан бир абышка пайда болду. Абышка баланы өзүнө каратып: «Баатыр болчу кебетеси бар экен, аты Карач баатыр болсун!» – дейт. Элдин баары «Карач баатыр болсун!» – деп батасын беришип, тарап кетишет.

Карач баатыр эли-журту, ата-энеси менен коштошуп жүрүп кетет. Жолдо келатып бир аңга чыгылып жаткан даакысы түшө элек сары тайды көрөт. «Сен дагы бир шордуу өңдөнөсүң» деп сары тайды аңдан чыгарып, андан ары жолун улайт. Тай кишенеп Карачтын артынан ээрчип алат, кууса да болбойт. «Эми болбостур», деп тайдын башына нокто катар менен ал кунанга айланат, тердик салса бышты болот, ээр токуганда жайкалган опол тоодой аргымак болду. Ошентип, Карач баатыр сары тулпарга минип, жолун улап жүрүп кетти. Жолдо баратканда сары тулпарга тил бүтүп: «Сен ушул жол менен жүрүп отурсаң, бир терекке келебиз, ага жеткенде менин ээр токумумду алып, аса байлап кой. Ошол теректин ылдый жагында бейит бар, бейиттин арасында күмбөз турат. Ошол күмбөздүн ичине кирип, тердикти астыңа салып ээрди башыңа жаздап күн чыгышты баштанып, коркпой жата бер. Эртең менен бир киши келет да, бул жерге адамзат келчү эмес эле деп: «Ой, жигит, тур!» – деп ойготот. Анда турбагын.

Андан барып аяк жагыңдан ойготот, анда салам айтыгг тура кал да, ал адам менен достошуп кайт», – деди.

Карач баатыр бала сары тулпары айтканындай кылып, атын терекке аса байлап таштап, өзү күмбөздүн ичине кирип уктай берет. Эртең менен бир адам келип. Карачтын баш жагынан ойготот, анда турбайт. Андан келип аяк жагынан ойготкондо салам айтып туруп келет. Белгисиз адам Карач менен достошуп сырын айтат:

– Мен да бир абышка-кемпирдин жалгыз баласы элем. Эртең менен «жоо келди» деген кыйкырыктан ойгонуп кетип, сыртка чуркап чыксам кимдир бирөө айбалта менен жыга чапты. Көрсө, алар Буктугул мекен Шуктугул деген эки дөө экен. Экөөнүн учкаштырган эки баласы бар болчу. Болду-болбоду сенин агаларың болуш керек. Эгерде ошол дөөлөрдү өлтүрө турган болсоң, анда «Нурпери досума арнадым» деп башын кесип ал да, аларды баккан эки кызды да өлтүр. Алар тирүү калса, адам баласына көп зыян алып келет, ошол эсиңде болсун! – дейт.

Карач баатыр тиги адам менен коштошуп, атын токунуп, жолго чыгат. Бир жерге келгенде тулпары кан сийип жиберип, баспай туруп калат. Карачтын айласы кетип, ээр токумун сыйрып алып, көтөрүп жолго түшөт. Бир аздан кийин аты артынан жетип келет. Кайра минип жолго чыгат. Дагы бир топ жерге барганда аты дагы кан сийип, баспай коёт. Ээр токумун көтөрүп жөө кетти. Аты кайра жете келди, бирок Карач минбей жөө кете берет. Ал аңгыча аты айланып алдыга өтөт да, «бул чыныгы баатыр бекен, сынап көрөйүн» деп камыштын арасынан кара чаар жолборс болуп качырып калат. Карач да карап турбастан кылычын сууруп качырат. Ошондо: «Баатыр, сабыр кыл, жолборс менмин», – деп өз аты алдына тура калат. Бир аз жүргөндөн кийин сары тулпар: «Сенин эки агаңды алып кеткен дөөлөрдүн бири Буктугул сени издеп келе жатат. Анын аты да сыйкырдуу, менин тилимди байлап коюп, мен кан сийип баса албай жатканым ошондон болчу. Эми мен байладым ал аттын тилин, чечилбес кылып. Ал болсо менин тилимди

байлай турган сыйкырын жоготуп алды. Эми мен сарала ат болоюн, сен укурук сүйрөгөн жылкычы болосуң. Аларды амал менен өлтүрбөсөк, мындай өлтүрүү кыйын. Сен барып салам айткын. Ал кайда баратканыңды сураса, жылкы жоготуп издеп жүргөнүңдү айт. Ошондо дөө: «Карач деген келатат, аны билесиңби?» – деп сурайт. Сен «билем» дегин. «Ал жоого сексен өгүздүн этин бүт жеп, жети күн көлден башын чыгарып коюп, кар жаадырып жатат. Жети күндө көлдүн үстү тоңот. Ошондо муздарды асманга атылтып, Карач суудан чыга калып, жоого аттанат», экен деп айткын.

Карач жылкычынын кейпин кийип, аты сарала ат болуп жөнөйт. Аңгыча Буктугул дөө алдынан чыгат. Карач токтоп салам айтат. Дөө Карачтын келатканын айтып, андан сурайт. Карач болсо мурдагы аты үйрөткөндөй жооп берет. Карачтын кейпин башкача сүрөттөйт.

– Кой, андай болсо мен да сексен өгүздүн этин жешим керек экен, – дейт Буктугул дөө. – Сен мага өгүздөрдү союшууга жардам бер.

Карач макул болот. Дөө экөө сексен өгүз союшат. Карач бүтүндөй эттин баарын бышырып, дөөнүн алдына коёт. Карач ары-бери карап, бир жилик эт жегиче, дөө баягы эттин баарын жейт да, кар жаадырып, суук чакырып, көлгө жатып алат. Жети күн болгондо Карачтан: «Турсам болобу?» – деп сурайт. Көлдүн муздары чатырап жарыла баштайт. Шашып кеткен Карач: «Мен унутуп калган турбайымбы, дагы жети күн жатыш керек, бардыгы он төрт күн жатасың», – дейт. Дөө макул болуп, дагы жети күн жатат. Он төрт күндө муз калыңдап катып, дөөнүн мойну кейкеңдеп муздан чыга албай калат. Ошондо Карач баатыр Буктугулдун башын «Нурпери досума арнадым» деп туруп, шарт кесип алат. Аты кубанып: «Эми Шуктугул калды, аны өлтүрүш үчүн дөө өтө турган жолдун жээгине жашынгын. Бир убакта Шуктугул «сени Карач жебесем, сени Карач жутпасам» деп кыйкырып өтөт. Өтүп баратканда Шуктугулдан ак кебез булактап бараткан болот.

Ошол жерге таамай сайсаң, ал өлөт. Антпесең алышып алың, күрөшүп күчүң жетпейт!» – дейт сары тулпар.

Карач жолдун жээгине Шуктугулдун келерин күтүп жатып калат. Бир кезде ач айкырык салып, дөө келаткан экен. Жанынан чаап өтүп бараткканда жонунан кебез булактап чыгып баратат. Мына ошондо Карач аны таамайлап жонго сайып өтөт. Дөө ошол замат аттан кулайт. Анын башын да «Досум Нурпериге арнадым» деп кесип алат. Шуктугулдун аты асманга уча бергенде Карачтын аты, «муну өлтүрүү керек, антпесе Шуктугулду кайра тирилтип алат» деп, куйруктан тиштеп жерге алып түшөт. Карач дөөлөрдү, аттарын өлтүрүп, анан сарайына барса, ал жерде бири бирине коендой окшош кырк сарала тулпар байланып турат. Карач кыркын тең мууздап, Нурпери досуна арнайт. Эки сыйкырчы кыздын башын алат. Ошентип, эки дөөнүн катуудан казаны, жумшактан күлү гана калат.

Андан ары Карач эки агасын издеп келатса, бир төөгө жүк артып учкашкан эки абышкага кезигет. Алардын жөнжайын сураштырса, жоголгон эки агасы болуп чыгат.

– Мен иниңер болом. Силерди кармап кеткен эки дөөнү өлтүрдүм. Мени менен үйгө кетесиңер, – дейт Карач баатыр аларга.

– Эгерде инибиз болсоң, биздин эмне белгибиз бар экендигин билесиңби? – деп сурашат агалары.

– Экөөңдүн тең далыңарда калыңар бар! – дейт Карач.

Ошол жерден үчөө кучакташып көрүшүп, ал-ахыбалдарын сурашат. Эки агасы дөөлөр кармап кеткенден берки көргөн азап-тозокторун толук айтып, ушундай инисинин болгонуна кубанышып, ыраазы болушат.

Алар бир жума ошол жерде өргүү жасап, дем алышып, жолго ат-тон камдашып, бир жумадан кийин атаэнесин кездей сапар тартышат. Көп күн жол жүрүп үйүнө келишсе абышка-кемпир балдарынын күйүтүнө чыдабай, төшөккө жатып калышыптыр. Кемпир-чал балдарын

көрүп, кеткени келип, кемтиги толуп, күйүттөрү тарап, жыргап жашап калышкан экен.

## ЖАНЕК МЕРГЕН

Үлгерки өткөн заманда көргөнүн жаза атпаган Жанек деген мерген болуптур. Ал бир күнү мергенчиликке чыгып, самаган жерге жетпей, орто жолдо бир жерге конуп калат. Уктап жатса, таңга жуук түшкөргөндөгүдөй болуп, бир адам келет.

– Жанек, Жанек, элдин баары кетип, экөөбүз эле калып калдык. Жүрү, бат тур! – деп коюп, көздөн кайым жоголуп кетет.

Жанек чочуп кетип, башын көтөрүп тура калса, жанында киши жок, таң атып калыптыр. Ал туруп алып эки жагын карап, мени Кайып ойготкон экен го, деп таң калат. Атын токунуп, жолун улантат. Кечке чейин бир да жандык көзгө чалдыкпады. «Мен эмне болуп турам. Түшүмдө киши ойготуп кетсе, өңүмдө жолум болбосо», деп өзүнчө кайгырып кете берет. Кечке жуук бир жерге атын откоруп, эки жакты карап турса, тоодогу зоонун арасынан бир ээр токулган кийик турат. Аны атып жиберсе, таштын жараңкасына кире качат. Жанек кийиктин артынан кирет. Кирип барса бир сулуу кыз:

– Алда, Жанек ай, мени бекер атпадыңызбы! Эми кантейин, аксап калбадымбы! Отуруңуз, – деп атайын тактага отургузат.

Жанек кыздын сулуулугунан эсинен танып калат. Кыздын караган жагы жарык болуп турганын көрөт. Үйдүн эки жагында жыбыраган улактар байланып турат. Кыз тура калып эчкинин туягынан жасалган идиш алып, Жанекке айран куят. Айранды ичип түгөтө албайт. «Ичтим» деп кайра берсе, «түгөтө ичиңиз» деп кыз албай коёт. Жанек туякка куйган айранды кечке араң түгөтөт. Ал күнү кыз Жанектин кондуруп калат. Көрсө, баягыда таң-

га маал Жанекти ойготуп кеткен Кайып кыз ушул экен. Эртең менен кыз Жанекке жайнамазын берип: «Тиги көрүнгөн кырдын артында дагы эки кыз бар, андан кийинки кырларды ашсаң, эрди желки сары кыз, дагы бир эрди желки кара кыз келип: «Жанек жездем келиптир, деп тозуп алышат», – деп айтып көздөн кайым болот.

Жанек эки кырды ашып, үчүнчү кырдын башына чыкканда эле, ойдогу аппак боз үйлөрдү, шарактаган кыз-келиндерди көрүп таң калат. Бир маалда баягы айткан эки кыз келип: «Жанек жездем келиптир!» – деп эки жагынан колтуктап алып кетишет.

Жанек баягы кайып кыз берген жайнамазды башына коюп, жамбаштап жатса, кыз-келиндер келишип: «Бизди аралап киши келчү эмес эле. Бул адамды биздин кожоюнубуз жиберген экен го, атайы жайнамаз бериптир» – деп өздөрүнчө сүйлөшүп калат. Жанек болгон окуяны айтып берет. Ошентип өргөө көтөрүп, шаан-шөкөт менен Жанек баягы кайып кызды алат. Барган түнү колуктусу: «Сен таң аппак атканча кирпик какпай чык, эгер көз ирмеп койсоң эле, менден айрылдың?» – дейт. Жанек ал түнү таң сүргөнгө чейин уктабай жатып, аялы таң сүрүп келе жатканда түндүк тартканы эшикке чыгып кеткенде уктап калат. Аялы кайра үйгө кирсе, Жанек уктап калган. Кайыптын кызы чыркырап: «Көзүңдү ирмебе десе, бул уктап калган тура», – деп көздөн кайып болуп, асманга учуп кетет.

Бир маалда Жанек ойгонсо, аялы жок. «Мени кудай урган экен. Уктаба дебеди беле, мен андан айрылган экенмин», – деп кайгырып, суунун жээгине барып, анан суугa түшүп, жээкке чыгып отурса, асмандан чаңырган үн чыгат. Жанек тыңшап: «Жанек, Жанек дейм, менин убалыма калдың го, көзүңдү ирмебе десе, таңга аз калганда сени кудай урдубу?» – деп кыйкырып жатыптыр. Анан бир кезде: «Эмдиги жылы так ушул жерге келип этегинди тос», – дейт. Мергенчинин айласы кетип: «Ушунча жашка чык-

канча аялым жок, балам жок, деги мага кудайым эч нерседен айткан эмес экен го», – деп үшкүрүнүп үйүнө кайтат.

Келе жатса эки коктунун ичи толо аркар-кулжа, эчки-теке. Араласаң бир да бирөө мергенчи деп сезип койбостон жуушап жатышат. Анда мергенчи: «Эмне үчүн бул жаныбарлар менден сезденишпейт. Мени кайып колдогон экен. Бул жаныбарларга тийбейин», – деп ошол жерге түнөйт да, жуушаган кийиктердин аягындагы бир аксак кийикти атып алып, карагайдын түбүнө барып, этти бышырып жей турган болгондо, аты кошкурунуп калат. Аңгыча болбой эки колун тумшугуна каткан бир аял келип, жанына отура кетет. Жанек болот шамшарын кайраштырып койсо, тиги аял:

– Болотту да болотко кайрайбы? – деп үн чыгарат.

– Эт жеңиз, – деп Жанек бир кесим эт кесип берди эле, баягы аял жемиш болуп, жеңине катып жөнөп кетти.

«Токойдо жез тумшук болот дечү эмес беле. Бул мени соо койбойт», – деп ойлоп, Жанек эр токумун башына жаздап, чепкенин айкарасынан жамынтып, киши сыяктуу кылып карагайдын сыныгын жаткырып коюп, отту өчүрүп, мылтыгын октоп, карагайдын башына чыгып кетет. Түндүн бир оокумунда баягы жез тумшук: «Жанек мерген сенсиңби?» – деп чепкен жамынган карагайды мыкчып жыгылды. Карагайдын башында мылтык кезеп отурган Жанек: «Ооба, менмин!» – деп атып жиберет.

Жез тумшук бир чаңырып алып, жарадар болуп канды чубуруп, качып кетет. Жанек мерген чубурган кандын изи менен кубалап жүрүп отуруп, жез тумшуктун бир таштын жаракасына кирип кеткенин байкайт.

Таштын алдыңкы жаракасынан ылдый кеткен үңкүрдө баягы жез тумшук аял, абышка-кемпир отурат. Жаралуу аял бутунан кан агып, ыйлап жатат. Жанек мерген үңкүрдүн оозунан туруп баягылардын баарын атып өлтүрүп, жез тырмактарын кесип алып келет. Антип-минткенче арадан бир жыл убакыт өтүп, баягы асмандан кый-

кырып айткан суунун жээгине келип, этегин тосуп отурса, балтайган эркек бала этегине учуп келип түшөт.

Бул бала баягы алган кайыптын кызынан экен. Жанек баласын өзү багып чоңойтот. Баласы чоңойгондо акылдуу, балбан болуп, анан калса атасындай көзгө атар мерген болуп, элге кереги тиет. Ошентип, Жанек мерген эл-журту, баласы менен жашап калыптыр.

## АЛТЫН КУШ

Илгери бир абышканын үч уулу жана бир чоң түп алмасы бар экен. Ар жылы алмасынын мөмөсүн жеп, абышка жашарып турчу дейт. Бир жылы быша элек кезинде ошол алмасын бирөө келип жеп кетет. Кийинки жылы алманы кезектешип күзөтүшөт. Бир күнү абышканын улуу баласы күзөтүп отуруп, түн ортосу ченде уктап калып, дагы жегизип жиберет. Андан кийин ортончусу күзөтүп отуруп, ал да уктап калат. Абышка үчүнчү жылы кичүү баласына кайтартат. Ал түнү бою уктабай, чоор тартып отура берет. Бир убакта алтын куш келип алмага конуп, алманы жей баштайт. Бала акырын барып канаттан алганда куш учуп кетип, бир канаты үзүлүп колунда калат. Бала эртеси атасына куштун канатын алып келди эле: «Канатын таапсыңар, эми өзүн тапкыла!» – дейт. Кушту издемек болуп, абышканын эки уулу келишкен аргымак минип, келишимдүү курал-жарак алып жүрүп кетишет. Ошондо абышканын кичүү баласы да, мен да барып издеймин деп, абышкадан уруксат сурайт. Бир топтон кийин атасы макул болуп, сары кунанын балага токуп берип жөнөтөт.

Бала жүрүп отуруп жол боюндагы кара ташка барып такалат. Кара ташта кара жазуу турат: «Сол жакка баргандын өзү өлөт, оң жакка баргандын аты өлөт», – деп жазылыптыр. Ошондо бала минип бараткан сары кунан-

га тил бүтүп: «Өлсөм өлөрмүн, оң жакка бара бер», – дептир. Бала оң жаккы жолго салып жүрүп отуруп, токойдун ичин аралап киргенде бир бөрү качырып сала берет. Бала атынан түшө качат. Бөрү атты басып калат. Атынан ажырап, бир терекке жашырынып ыйлап отурган балага карышкыр жетип келет. Бала коркуп кетет. «Коркпо, мен сенин атыңды жедим, эми тилегиңе жеткиремин», – дейт. «Издегеним алтын куш эле», – дейт бала. Анда карышкыр: «Эми сен менин үстүмө минип, көзүңдү жум!» – деп буйрук берет.

Бала бөрүгө минип, көзүн жумду эле, бөрү нечен тоолорду жортуп өтүп, бир убакта: «Көзүңдү ач!» деди. Бала көзүн ачса бир шаарга келип калыптыр. Ошондо бөрү: «Куш мына бул үйдө, акырын барып бутунан кармабай, канатынан кармап алып чык», – дейт. Бала үйгө киргенден кийин карышкырдын сөзүн элес албай, кушту буттан алса, бутундагы коңгуроосу шыңгырап кетип, кандын күзөтчүлөрү сезип калып, баланы кармап алышат. Эртең менен баланы кандын алдына алып келишкенде, кан: «Кушту неге уурдайын дедиң?» – деп сурайт. Анда бала: «Менин атамдын бир түп алмасы бар, ошонун мөмөсүн жеген сайын атам жашарып турчу эле. Кушуңуз үч жылдан бери алма бышып калган кезде жеп кетип, атам ошондон бери карып кетти», – дейт.

– Атаңдын камкордугунда жүргөн бала экенсиң, сенин күнөөңдү кечтим, – дейт кан. – Ушул жакта бир кандын алтын жалдуу, алтын куйруктуу аты бар, ошону алып келсең, мен кушту сага берем, – дейт.

Бала бөрүгө келип, болгон окуяны айтып, кандын сөзүн толугу менен айтып берет. Анда бөрү: «Коркпогун бала, үстүмө мин да, көзүңдү жум!» – дейт. Бир кезде «көзүңдү ач» деген бөрүнүн сөзүнөн кийин көзүн ачса, алар дагы бир шаарга келип калыптыр. «Кырк сарайдан кийин дагы бир сарай бар, ошол сарайдын ичинде алтын жалдуу ат

багылат. Акырын барып чылбырдан албастан, жалдан кармап жетелеп чык!» – дейт бөрү балага.

Сарайга киргенден кийин алтын жалдуу атты көрүп, бала бөрү айткан сөздөрдү элес албай атты чылбырдан алат да, дагы колго түшүп калат. Эртеси кандын алдына алып келгенде бала эмне үчүн келгенин айтып берет. Анда кан: «Сен атаңдын камкордугунда жүргөн бала экенсиң. Сени жазага тартпайм. Ушул жакта дагы бир кандын сулуу кызы бар. Ошону алып келсең, атымды сага беремин!» – дейт. Бала андан чыгып бөрү досуна келип болгонун айтып берет. Бөрү досу дагы мингизип алып, башка бир шаарга алып барат. Ошол кезде таң агарып кетет. Бөрү досу баланы ошол жерге калтырып:

«Сен аны алалбайсың. Мен өзүм барайын», – деп жөнөп кетет. Кандын кызы эртең менен алдына кырк кыз, артына кырк кыз, оң жагына кырк кыз, сол жагына кырк кыз алып, бак ичине сейилдикке чыккан эле. Бөрү тосмодон секирип түшүп, алма жыгачына жашынып туруп, кыздар жанынан өтүп бараткaнда кандын кызын илип кетет. Жолдо келатып кыз менен бала бири бирине ашык болуп калышат. Аны бөрү досуна айтат, жардам сурайт.

Алар алтын жалдуу ат багылган шаарга келишти. Бөрү кубулуп, баягы кыздан да сулуу кыз болду. Бала айткан кызыңды алып келдим деп, кубулган бөрүнү алып келди эле, кан балага ыраазы болуп, атын кармата берди. Кыз менен бала алтын жалдуу атка минип андан ары кетишти. Ал эми кан кызды бир бөлмөсүнө киргизип коюп, бир убакта анын үстүнө кирсе кыз жок, ордунда бир карышкыр жатат. Кан коркуп чалкасынан кетип, эси ооп калганда, бөрү акырын жылып чыгып кетет. Аңгыча бөрү кыз менен баланын артынан жете келип, үчөө алтын кушу бар кандын шаарын көздөй жөнөштү. Жолдо бала бөрүгө: «Бул аттан да айрылгым келбейт, досум, жардам кыл!» – деп суранат.

Шаарга келишип, бөрү алтын жалдуу ат болуп кубулуп, аны жетелеп бала кандын алдына барды. Ыраазы болгон кан балага алтын кушту берип узатты. Бала алтын кушту колуна кондуруп, алтын жалдуу ат минип, сулуу кызды алып, көп дүйнө менен өз үйүн көздөй жөнөп кете берди.

Кан ошол күндүн эртеси жан-жөкөрлөрүн жыйнап, баягы бала алып келип берген алтын жалдуу атты минип ууга чыгат. Уучулар бир түзөң жерге аттарын кошоктоштуруп коюп, өздөрү кийик өңүп кетишет. Алар кетери менен ат болуп кубулган карышкыр өз өңүнө келип, кошоктолгон аттардын баарын жарып, жегенин жеп, анан учуп отуруп балага жете келет. Үчөө жүрүп отуруп, баягы баланын атын жеген токойго келген кезде токтошуп, бөрү балага бир тал мурутунан үзүп берип, достошуп ошол жеринде калат.

Кыз менен бала андан ары жүрүп кетишет. Бир кезде кыз: «Ушул жерде ат чалдырып, түнөп кетели», – дейт. Бала макул болуп ал жерге конуп калышат. Экөө уктап жатканда куш табалбай кайтып келаткан эки агасы келип: «Атабыз бул балам тапты, экөөң тапкан жоксуңар деп, бизди жаман көрүп калаар», – дешип акылдашып отуруп, инисин өлтүрүп, кызын, кушун, атын алып жүрүп кетишет.

Бир күнү баягы токойду көздөй жүргөн желден улам бөрү бала досунун жытын искеп ага жетип келет да, досунун өлүгүн карга-кузгун жеп жатканын көрөт. Ал жерден бөрү каргалардын паашасын кармап алып: «Өлбөстүн суусун алып келгиле, болбосо коё бербеймин!» – дейт. Каргалардын пашаасы каргаларын өлбөстүн суусуна жиберет. Каргалар өлбөстүн суусун оздоруна толтуруп алып келишет. Бөрү карганын төрөсүнүн канын өлбөстүн суусуна аралаштырып денесине сыйпайт. Бир маалда бала: «Абдан катуу уктап калыптырмын!» – деп туруп келет. Бөрү балага: «Сени агаларың өлтүрүп, кызыңды, кушуңду,

атынды алып кетишиптир. Мага мингин да, үйүңө тез баргын!» – дейт.

Бала үйүнө барса, улуу агасы кызды алганы жатыптыр. Бала: «Үйгө кирип, чоор ойноп берүүгө уруксат сурап бер», – деп кемпирди атасына жиберет. Кемпир тыштан кирип: «Бир бала чоор ойноп берейин, уруксат берсин деп жатат», – деп атасына кайрылат. Анда атасы: «Кирсин, балким менин кичүү баламдын күүсүн ойноор, кирсин», – дейт. Бала үйгө кирип чоор ойноп берет. Ошондо кыз: «Мени алып чыккан бала ушул. Ал эми тиги экөө муну өлтүрүп, мени мында алып келген», – деп кыйкырып жиберет. Атасы иштин жайын түшүнүп, кызды кичүү баласына алып берет. Бир күнү карышкыр кубулуп дуmana болуп балага келет. Бала аны таанып, жакшылап коноктоп узатып жиберет. Ошондон бери абышка алманын мөмөсүн жеп жылдан-жылга жашарат экен.

## КЕМПИРДИН ЖЕТИ БАЛАСЫ

Өткөн замандын биринде бечера кемпирдин жети баласы бар экен. Жети баласы жети түрдүү өнөр билиптир. Энеси эң мыкты жаа жасатып, аны кимисине берерин билбей: «Балдарым, баарың өнөрүңөрдү айткыла, кимиңдин өнөрүң артык болсо, ошонуңа берейин!» – дейт. Балдары өз билген өнөрлөрүн айта баштады.

– Энеке, – деди улуу баласы. – Алп кара куш асманда торгойдой болуп көрүнгөн кезде да ыргыта атамын! – деди.

– Энеке, мен жети жыл мурун кеткен кумурсканын изин билемин, – дейт экинчи баласы.

– Мен эки дүйнөнү алаканга салып койгондой көрүп турам, ар жерде эмне болуп жатканын жаңылбай айтам, – деди үчүнчү баласы.

– Мен ачка болгон жерде бардан жок кылып, жоктон бар кылып, канча адам болсо да тойгузууга жараймын, – деп калды төртүнчү уулу.

– Мен кандай чоң дарыя болобу, деңиз болобу, ташкын суубу, көз ачып-жумганча кеме жасап өтөмүн, – деди бешинчи баласы.

– Мен жеке эле кара жер менен эмес, дарыя-деңиздердин үстүнөн чуркасам да, таманымдан чаң чыгат, – дейт алтынчы уулу.

– Жоо жакындап кирип келгенде, кара жер жарыл десем жарылып, түбүнө түшүп, өзүм каалаган жерден кайра чыгып, душманымдан кутулуп кетемин, – деп айтты жетинчи кенже баласы.

Энеси балдарынын өнөрлөрүн угуп, бирок кимисинин өнөрү артык экенин биле албады. Ошондо өзү жасаткан жаасын берип: «Балдарым, мына бул жааны алып барып, Болбос канга өзүңөрдүн өнөрүңөрдү айткыла, кимиңердин өнөрүңөр артык болсо, ошонуңа берсин!» – деп балдарын Болбос канга жиберди.

Кемпирдин жети баласы Болбос кандын шаарына келсе, шаардын ичи чаң-тополоң, кыйкырык-чуу болуп дүрбөп жатыптыр. Балдар таң калышып: «Эмне болду, шаарыңарга жоо тийдиби?» – деп бир абышкадан сурашты. Анда абышка: «Ботом, түндө эл жатарда кандын жалгыз кызы жок, кайда кеткени белгисиз. Эми кан кызымды тапкыла, же болбосо баарыңдын башыңарды аламын деп, чаң салып жатат, балдарым», – дейт.

Жети баатыр кеңешип туруп, кандын кызын таап бермек болушту. Алар кандын сарайына бара жатышып: «Ой, биз олуя болбосок, аны кайдан табабыз», – деп калды бири. «Жинди го, кечээ эле энем өнөр сураганда, жети жыл мурун кеткен кумурсканын изин айтып берем дебедиң беле, кана изи кайда кетиптир?» – деп сурап калды экинчиси. Жети жыл мурун кеткен кумурсканын изин тапчу баатыр ары-бери карап: «Бул жер менен эмес, асмандап учуптур», – деди. Анда эки дүйнөнү алаканымдай билемин деген жигит, алаканын ачып-жуумп туруп: «Тойбос кан деген кандын алп кара кушу алып учуп баратат», – деди. Алар кызды куткарып алыш үчүн артынан кууп жөнөштү. Бара

жатып бир чоң дарыяга капталып калышты. Бир жагынан курсактары да ачып, балдар капа болуп турушту. «Эми дарыядан кантип өтөбүз, анын үстүнө курсак да ачты», – деп калды бирөө. «Ой, жиндилер, энем өнөр сураганда бардан жокту табам, канча адам болсо да тойгузам дебедиң беле?» – деп төртүнчү бир тууганына карады.

Ошондо ал асманды карап, алаканын жайып койду эле, эки кой маарап түшүп келди. Анын артынан нан, жемиш, башка тамактар да түштү. Алар кубанып тамак жеп, кой союп жатканда, дарыя, деңизден кеме жасап өтүп кетем деген баатыр, эт бышканча эле кеме даярдап коюптур. Балдар кубанып тамакка тоюп, кемеге отуруп, дарыядан сүзүп өтүштү.

Алар күнү-түнү жол жүрүп Тойбос кандын шаарына келишти. Көрсө, Тойбос кан Болбос кандын кызын түшүндө көрүп, ага ашык болуп, алп кара кушка алдырган экен. Жети баатыр жеткен кезде Болбос кандын кызы кырк кыз менен сууга түшкөнү келе жаткан. Баягы балдардын дарыянын үстүнөн чуркасам, таманымдан чаң чыгат дегени көл үстү менен барып, Болбос кандын кызына кошуп Тойбос кандын кызын да көтөрүп келип, балдар кайра жол тартышат. Болбос кандын кызына кошуп өзүнүн кызын да алып кеткенин Тойбос кан угуп, алп кара кушун жиберет. Алп кара куш асмандан торгойдой болуп көрүнгөндө, асмандан торгойдой болуп көрүнгөн алп кара кушту атып түшүрөм деген баатыр, мээлеп туруп атып жибергенде, алп кара куштун канаты сынып, Тойбос кандын эшигинин алдына барып түшөт.

Тойбос кан муну көрөр менен кемеге салып көп аскерин жиберет. Бул убакта, баягы кара жер жарыл десем, жарылып кетет деген бала, тебетейин жерге бир уруп, «кара жер жарыл» дегенде жер жарылып кетет. Балдар жердин түбүнө түшүп кетишет. Арт жагынан кууп жетип калган боз атчан аскер башчысы балдар менен кошо түшөт. Аскерлер кайсалап калып, кайра тартып, Тойбос канга көргөндөрүн айтат. Булар адам эмес, азрейил жин-шай-

тандар болсо керек дешти. Алар менен кошо аскер башчысынын да жерге түшүп кеткенин айтышты.

Тойбос кан кудайдын каарына калган экенмин деп ойлоп, экинчи бирөөнүн кызына ач көздүк кылбаска ант берип, өзүнүн кызынын үчүлүк, жетилик ашын берип, кудайга тобо кылып жатып калат.

Жети баатыр Болбос кандын коломтосунан чыгып келе жатса, шаар эли коркуп: «Бая күнү Болбос кандын кызын жутуп кеткен эле, эми кандын өзүн жутканы келе жаткан экен. Ушинтип баарыбыз жерге жутулат экенбиз», – дешип, бүт бойдон тоого качып чыгышат. Жети баатыр шаарга келсе адамдардан бири да жок. Артынан кууп кошо келген Тойбос кандын аскер башчысын кандын босогосуна байлап, эки кызды окшоштуруп төргө отургузуп, кой союп, анын этин казанга салып, от жагып жатканда, үйүнөн чыгып жаткан түтүндү көрүп: «Ким барып көрүп келет? – деп кан тоодогу качкан элине жар салат. Эч адам чыкпаган соң: «Өлсө кунсуз, сатса пулсуз» – деп ата-энеси жок жетим баланы барып көрүп келгин деп жиберет. Бала коркконунан макул болуп, кандын үйүнө келип караса, баягы кемпирдин жети баласы казанды асып салып, жыргап отурушат. Төрдө эки кыз өздөрүнчө ойноп отурат, улагада бир жигит байланып турат. Буларды көрөрү менен кубанып, Болбос канга келип сүйүнчүлөйт. Болбос кан баланын кебине ишене бербей:

– Дагы ким барып көрүп, билип келет? – деп элине кайрылат.

– Мага уруксат бериңиз, барып көрүп келейин», – деп бирөө чыгат.

Ал кандын үйүнө барып, жетим баланын көргөндөрүнүн баары чын экендигин канына айтып, сүйүнчүлөп келет. Бир кызыңыз эки кыз болуп келиптир дейт. Кан эли менен тоодон түшүп келишет. Кандын кызы аны кут карып келген жети баатыр экендигин айтып берет.

Жети баатыр канга кайрылып, энесинин айткандарын жана өзүлөрүнүн өнөрлөрүн толук айтып беришет. Болбос кан жети баатырдын өнөрү бирдей экендигин айтып, өзүнүн кандык тактысын балдарга берип, өзүнүн кызын улуусуна алып берет. Тойбос кандын кызын экинчи баатырга алып берет, ал эми калган инилерине шаарынан кыз тандатып алып берип, баарына бир чоң той берет.

Балдар үйлүү-жайлуу болуп, карыган энесин алдырып келип, очор-бачар жыргалда жашап калышат. Бирок, «Бул бир туугандардын ичинен кимисинин өнөрү күчтүү?» - деп ошол убактан ушул убакка чейин Болбос кандын башы катып жүрөт дейт.

## МАДЫЛГЕН СУЛУУ

Илгери малга бай, төрт түлүгү шай, Кулуке деген бир хан болуптур. Анын Мадылген деген жалгыз кызы ай десе аркы жок, күн десе көркү жок сулуу чыгыптыр. Кыздын сулуулугуна жараша, колунан көөрү төгүлгөн иштүү да экен. Ошол Мадылген сулуу бир күнү биттин ичегисинен ичик курап, атасына жабат. Хан ары ойлонуп, бери ойлонуп, ичик эмнеден жасалганын табалбаптыр.

Акыры кызы «биттин ичегисинен жасадым эле» дегенде кан: «Ким ушул ичиктин эмнеден жасалганын тааныса, анда кызымды ошол адамга беремин», – деп жар салат. Жасалган ичикти таанып, кандын кызын алмак болуп, төрт тараптан эл чогулат. Келген эл тоодой этти жеп, көлдөй чыкты ичип, томуктай эт, кашыктай чык калганда жээрде ат минген, чыйт түкүргөн, көзү кызарган бир абышка келет. Калган томуктай этти жеп, кашыктай чыкты ичип болгондон кийин: «Ичик биттин ичегисинен куралып жасалыптыр!» – дейт.

Кан убадасы боюнча кызын ушул чалга бермек болот. Той аяктап Мадылген сулуу аттана турган болгондо, жылкы арасындагы көк бышты кызга келип: «Мадылген сулуу, сен атаңдын элинен эл, жеринен жер бөлдүрүп алып эмне кыласың, андан көрө жылкынын ичинен мени ал, төөнүн арасынан куу ингенди, күңдөн Куйту күңдү, кийимден суусар телпекти, курал-жарактан кара болот кестикти ал. Башка эч нерсе албагын. Эркекче кийинип, тобокел деп жолго чык, калганын көрө жатарсың», – дейт. Мадылген сулуу атасына келип көк быштынын айтканын сурады эле, кан макул болуп, кызынын каалаганынын баарын берип жөнөтөт. Кетип бара жатканда кызыл көз абышка Мадылгенди: «Узун тарткан жериме жүрүп кел туура тарткан жериме конуп кел», – деп кете берет. Абышка кеткенден кийин адамдан акылдуу көк бышты: «Мадылген сулуу, желмогуз чал деген ушул. Баратканда такыр арт жагыңды караба. Чал адегенде кара чаар жолборс болуп келип, Куйту күңдү жейт. Артыңды карабай кете бер», – дейт. Бир кезде баягы чал кара чаар жолборс болуп келип Мадылгендин артында бараткан Куйту күңдү чаңыртып жей баштайт. Мадылген сулуу артына бурулуп койбой кете берет. Анан кыздын алдынан чыгып: «Келе жатасыңбы, Мадылген сулуу, узун тарткан жериме жүрүп кел, туура тарткан жериме конуп кел!» – деп дагы айтып, өзү узап кетет.

Ошондо көк быштыга дагы тил бүтүп: «Эми артың-дан кара чаар жолборс болуп келип, куу ингенди жеп кетет, дагы эле кылчайба», – дейт. Бир маалда чал кара чаар жолборс болуп келип, куу ингенди боздотуп качы-ратып жей баштайт. Мадылген сулуу артына карап да койбойт. Аңгыча ал алдынаң чыгып: «Ии, келе жатасыңбы, Мадылген сулуу, узун тарткан жериме жүрүп кел, туура тарткан жериме конуп кел», – деп дагы жүрүп кетет.

Алдындагы көк бышты: «Эми кара чаар жолборс болуп келип өзүңдү алат. Ага жеткирбейлик ээрге бек отур,

мага кайталап камчы сал! Булуттун асты, мундуу чөптүн үстү менен алып жүрүп кетем, эки көздү бекем жум. «Көзүңдү ач» дегенде жүрөктөй жерден жүлүндөй түтүн чыккан бир үйдү көрөсүң. Чалдын үйү ошол, түшүп үйгө кирип, отура бер», – дейт. Көк быштынын айтканындай эле аздан кийин кара чаар жолборс Мадылгенди качырып калат. Көк бышты жаныбар учуп жөнөйт. Бир кезде Мадылген сулуу көзүн ачса алдында баягы айткан үй турат. Көк бышты Мадылгенге: «Эми үйдө отура бер. Желмогуз чал келип, эки көзү кыпкызыл болуп чыгат. Ошондо кара болот кестигиң менен эки көзүн оюп алып, эшикке жүгүрүп чык, андан аркысын мага кой», – дейт.

Аңгыча желмогуз чал келип, эки көзү кызарып: «Мадылген сулуу, сакалымды карап берчи», – деп чалкасынан түшүп жатат. Мадылген сулуу ар кайсы жерин бир карап, эрмектеп отура берет. Бир убакта чалдын көзү оттой жанып, түрүлүп чыгат. Ошол кезде Мадылген сулуу кара болот кестиги менен эки көзүн оюп алып, үйдөн качып чыгат. Эшикте көк бышты коёндой жапыз болуп күтүп турган экен. Ал Мадылгенди мингизип алып учуп жөнөйт. Аттын күүсүнөн кар жаап, борошо уруп, көк бышты аска зоолордон өтөт, эрме чөлдөн өтөт. Ошентип бир шаардын четине келип, чөптөн алачык жасап туруп калышат.

Ал шаардын каны Акимкандын кырк аялы бар экен. Бирок кырк аялынын бири да төрөбөй, бир перзентке зар экен. Күндөрдүн биринде Акимкан жигиттери менен ит агытып, куш салып жүрсө, коё берген кушу чөп алачыкка барып конуп калат. Кан кушту алып кел деп, бир жигитин жиберет. Жигип чаап келип: «Үйдө ким бар. Кушумду алып бер?» – деп кыйкырат. Мадылген сулуу кушун алып берейин деп үйдөн чыга калганда, анын су-луулугун көрүп жигит эсинен танат. Анда кыз: «Адам көргөн немеби, же көрбөгөн немеби», – деп бетине суу чачып тургузуп жиберет. Жигити канга келип: «Таксыр каным, мен бир периште көрдүм. Эркекче кийинген менен эркек де-

йин десем, үнү назик, жүзү жумшак, бетинен нур чачырап толгон айдай толукшуйт! Сиз кырк аял алдыңыз, бирок бирөө да мен көргөн сулууга тең келер эмес. Кан жигиттин сөзүнө ишене бербейт. Эртеси күнү кан дагы куш салып чыкса, кушу учуп барып, дагы чөп алачыктын башына конот. Кан, алып кел деп, дагы бир жигитин жумшайт. Ал жигит да келип, Мадылген сулуунун сулуулугунан эстен танат. Аны да жоолугу менен желпип, суу сээп, тургузуп жиберет. Жигит канга келип мурдагы жигиттин сөзүн кайталайт. Баягы чөп алачыкка кандын кушу үчүнчү күнү да конот. Бул күнү Акимкан өзү бастырып келип, «кушту алып берем» деп чыккан кыздын сулуулугун көрүп, эси ооп талып жыгылып калат. Кыз, жоолугу менен желпип, суу чачып, эс алдырат да, канды да аттантып жиберет. Кан бул сулууга ашык болуп калат, бирок анын эркек же кыз экенин биле албай үйүнө келет.

Кан ары ойлонуп, бери ойлонуп, анан кырк аялына кеңеш салса, бир аялы: «Анын эркек же кыз экенин таанымакка, кырк ийикке сап жасап бергин деп, кырк табылгы алып барып бер. Аял болсо уңкул-чуңкул кылып жонот, эркек болсо жылма жонот, ошондон эле билсе болот», – дейт. Эртеси кан келе жатканда көк быштыга тил бүтүп:

– Мадылген сулуу, кан сага «кырк ийик сап жасап бер» деп, кырк табылгы алып келет. Сен мени кайчы тушай салып, кырга коё бер. Мен кыңырыңдап кетип баратканда «жардан уча турган болду» деп күйцөлөңдөп кал. Ошондо кан жигиттеринин бирин «алып кел» дейт. Сен «башка кишиге карматпайт» дегин да, ийик сапты жоно келейин деп кармай чык. Сабоолорду менин оң таноомо салып, сол таноомдон сууруп алсаң, адамдын көзү тайгылгандай ийик сап болот, – дейт.

Аңгыча болбой Акимкан жигиттери менен келип калат. Кан Мадылген менен аркы-беркини сүйлөшүп оту-

руп, «кырк аялыма кырк ийик сап керек эле» деп кырк сабоону кыздын алдына таштайт. Мадылген сабоолорду жонуп баштаганда көк бышты жарга чыга качат. Кыз «атымды алып келе коеюн» деп жөнөп калат. Сабоолорду көк быштынын оң таноосунан салып, сол таноосунан алганда чын эле укмуштай ийик сап болуп калат. Мадылген аларды алып келип канга берет. Кан таң калып, ийик саптарды алып үйүнө кайтат.

Ал күнү кандын дагы бир аялы: «Ээ, каным, анын эркек-кызын билбеске эмне, ат жарышмак ойнойлу дениз. Эркек болсо этеги кетет делбиреп, жеңи кетет желбиреп, кыз болсо кымырылып чабат, ошондон эле билсе болот», – дейт. Аны сезген көк бышты Мадылгенге: «Эртең кан сени менен жарышмак болду, сенин эркек-кызыңды таанымак болду. Этек-жеңиңди коё берип, атка бекем отуруп, оозумду тартпай коё бер. Кайра тарткан кезде кандын тулпарын караандатпай келемин», – деди.

Көк быштынын айтканындай эле эртеси кан кырк жигити менен келип: «Ии, мырза, ат жарышмак ойной-лу», – дейт. Кыз макул болот. Экөө жүрүп отурушуп, бир жерге баргандан кийин аттын оозун коё беришет. Көк бышты коё берген жерден эле кандын тулпарынан озуп чыгат. Кыздын этеги кетип элбиреп, жеңи кетип желбиреп, алдыга озуп келиптир. Кан үйүнө барып, болгон ишти айтып берет. Дале кыз экенин биле албай, ойго батып отурат.

Анда кандын кичүү тоқолу: «Каным, анын эркек-ургаачысын билмек эмне экен? Уу арак, бал арак тартып туруп, аны мейманга чакырыңыз. Үйгө келгенде уу аракты кызга, бал аракты сизге сунабыз. Тиги мас болот, анан эркек-ургаачы экени билинет», – дейт. Кан буга да макул болуп, эртеси мейманга чакырат. Ошондо көк бышты: «Менин тилимди алып, өзүңө өзүң бек болгун. Кан сага уу арак сундурат. Сен эки үйдөн ортосуна керме салып, ага мени аса байла да, арактын ачуусу көк быштыга, таттуусу мага деп иче бер. Мен мас болом. Кирип, чыккандар

«капырай жаныбар, өлө турган болду» дей беришет. Сен менин сөзүмдү бек кармап, камаарабай отура бер. Арактан баш тартпай иче бер», – дейт. Кыз көк быштынын айтканындай кылат. Мадылген сулуу арактан тартынбай ичип, былк этпей отура берет. Күн бешим болуп калган кезде бир абышка эшиктен кирип: «Капырай жаныбарга убал болбодубу, жок дегенде ээси мууздап койсо боло», – деди. Муну укканда мал боор эт менен тең деген туура белем, Мадылген чочуп кетип, ордунан козголгон экен. Ошол замат кыздын башынан суусар телпек ыргып кетип, кундуздай чачы төгүлө түшөт. Көк бышты куландай соо болуп, «өз убалың өзүңө, эптеп ата-энеңдин жүзүн көргөзөйүн дечү элем, акыр түбү дагы бир азапка дуушар болоорсуң» деп көздөн кайым болот. Акимкан чоң той берип, Мадылген сулууну аялдыкка алып, ага өзүнчө өргөө көтөрүп энчи бөлүп берет. Жыл айланбай Мадылгендин боюна бүтөт. Ай-күнүнө жетип, төрөй турган болгондо кан: «Ушул жашка келгенче «аа» деген баланын үнүн уккан жок элем, жүрөгүм жарылып кетер», – деп ит агытып, куш салып кетет.

Күндөрдүн биринде Мадылген сулуу толгоо тартып калат. Кырк аял тигинин толгоо тартканын билиш үчүн, «токолдун өргөөсүнөн барып от алып кел» дешип бир күңдү жумшашат. Күң от алайын деп, Мадылгенден коркот, от албайын деп, тиги кырк аялдан коркот. Айласы куруганда этегин түтөтүп чыгат. Ошентип, Мадылгендин толготкону кырк аялга белгилүү болот. Алардын эси кетип эңгиреп, алы кетип алсырап, кан эми бизди карабай кетти го деп сокусун минип, сок билегин камчыланып, туурдугун түптөгөн, туткучун теминген бир кемпирге келип: «Айланайын энеке, токолдун баласын жок кылып бериңиз?» – деп жалынып-жалбарып, кыркы кырк табак дилде алтын беришет. Кемпир толготуп жаткан Мадылгенге келип, Мадылгендин көзүн байлап, жаңы төрөлгөн эгиз кыз менен баланын ордуна эки күчүктү салып коёт

да, эки баланы сууга ыргытып жибererде, баягы көк бышты кайып болуп келип, балдарды сууга түшүрбөй тосуп алып кетет. Куш салып жүргөн канга: «Токолуңуз эки күчүк төрөдү», – деген сүйүнчү барат. Акимкан арман кылып, токолу менен эки күчүгүн кайсы бир аралга алпарып салгыла, деп буйрук кылат.

Мадылген эки күчүк менен аралда калат. Күндөр өтүп, айлар сызат, Мадылген кайгыдан жинди болуп өңдөн азат. Күндөрдүн биринде кайдан-жайдан баягы көк быштысы пайда болуп, эки баланы колуна берип: «Булар сенин балдарың. Эми мени минип тиги өйүзгө чык. Суудан кечип өтөрдө эки көзү жок сыйкырчы чал жолугуп, учкаштырып суудан өткөрүп койчу деп суранат. Сен «өткөрүп коёюн, эки кончуңа кум толтургун» деп айткын. Чал эки кончуна кум толтурат. Эки балаңды алдыңа алып, чалды учкаштырып алгын да, аны болот кестигиң менен ургулап жүрүп отур. Бир кезде ал сууга түшүп кетет. Андан кийин менин капшытымды жара сай. Мен өлөм, ыйлап-сыктабай этимди бышырып жеп, бата кылып, уулуңдун атын Айтомуш, кызыңдын атын Күнтомуш кой. Анан кырк кабыргамды эптештирип кармасаң, кырк канат темир үй болом. Ошол үйдүн ичинде оокатыңды кылып жата бер, андан аркысы өзү эле келет. Балдарыңа сак бол», – дейт көк бышты.

Бул сапар да көк бышты айткандай болот. Мадылген сулуу аттын кырк кабыргасын бириктирип, ал кырк канат үй болуп, алар ошол үйдүн ичинде оокаттарын өткөрүп калат.

Арадан бир топ жылдар өтөт. Айтомуш айтылуу балбан болуп чоңоёт. Күндөрдүн биринде Акимкан ит агытып, куш салып жүрүп, балага жолугуп калат. Алар аркы-беркини сүйлөшүп, чогуу уулашып кумардан чыгышат. Кечинде үйүнө барганда: «Айталаадан Айтомуш деген бала көрдүм», – деп аялдарына айтып барат. Ошол учурда кандын элине сырттан жоо кол салат. Айласы кеткен кан: «Эгер Айтомуш жоону кубалап чыкса, элибиздеги сулуулар Апал, Үпөлдү алып беремин», – деп айттырып бир

жигитин Айтомушка жиберет. Анда Мадылген сулуу жигиттин жолун тосуп туруп: «Апал, Үпөл деген эки кызды албайт экен Айтомуш», – деп кандын жигитин кайтарып жиберет. Кан жигиттерин дагы жиберет. «Апал, Үпөл – эки кыз, албайт экен Айтомуш», – деп Мадылген дагы кайтарып жиберет. Аңгыча бала ойгонуп калат да: «Апал, Үпөл эки кыз албайт деген эмне?» – деп атка минип, кандын элин жоодон ажыратат.

Акимкан жигиттерин ээрчитип Айтомушка келе жатып, баласы менен сыртка чыгып турган Мадылген сулууну таанып, эси ооп аттан кулап түшөт. Андан кийин алар менен жүз көрүшүп, болгон окуяны угуп, аялы ме-нен балдарын элине көчүрүп барат. Баягы мастан кем-пирди тогуз жолдун тоомуна алып барып, жыгачка сайып коёт. Кырк катынын даргага астырат. Ошентип, Акимкан уулу Айтомушту өзүнүн ордуна кан көтөрүп, Күктомушту күйөөгө берип, жыргап-куунап жатып калышыптыр.

## АЛТЫН БАЛЫК

Үлгери бир чоң шаардын Бекжан аттуу каны болуптур. Шаардын четинен бир чоң дарыя агып өтчү экен. Дарыянын жээгинде Ысмайыл аттуу жалгыз уулу бар, бир кемпир-чал жашап, жалаң балык кармап тиричилик кылчу экен. Чал бир күнү дарыяга тор салып, торун тартса тартылбайт. Күчкө салып жатып эптеп чыгарса, торуна алтын балык түшүп калыптыр. Бул балыкты мен өзүм эле чыгарып алып койсом, кан мени соо койбойт, ага кабар кылайын деп, кандын ордосуна барат.

Ушул мезгилде Ысмайыл атамдын торунан кабар ала кетейин деп, дарыя бойлоп торго келет. Торду караса тартылган боюнча турат, ичинде алтын балык. Аны көргөн Ысмайыл: «Ээ, жаныбар, атам көп балыктын убалына

калды эле, сен аман кутулуп кетчи», – деп алтын балыкты тордон чыгарып, суугa коё берди да, бир чоң ташты анын ордуна торго салып коюп үйүнө жөнөдү. Ушул мезгилде чал канга барып: «Каным, менин торума жөн балык түшпөстөн, алтын балык түшүп калыптыр, сизди чыгарып алсын деп, атайын келдим», – дейт. Кан алтын балыкты чыгарып алмакка он чакты жөөкөрү менен чалды ээрчип дарыя жээгине жөнөштү. Дарыяга жетип торду тартып карашса балык эмес эле таш болуп чыгат. Кандын каары келип: «Ээ акмак, чал, сен кимди алдамакчысың, ташты алтын балык деп канды убара кылганды сага ким койду. Азыр үйүңө баргын, эртең үй-бүлөң менен баарың даргага асыласыңар!» – деп жигиттерин ээрчитип ордосуна жүрүп кетет.

Чал капаланып үйүнө келип, кемпири менен уулуна: «Бизди кан даргага асып өлтүрмөк болду. Кудай мени урганда тордогу ташты алтын балык деп, канды алдап коюптурмун», – дейт. Анда кемпири: «Өлсөк биз өлөлүк, көрөрүбүздү көрүп, ичерибизди ичкенбиз. Балам, сен качып кеткин!» – деп баласынын белине эки нан түйүп берип жатып, кемшеңдеп ыйлап: «Балам, жолго чыкканда ар кандай адамдарга кез болорсуң, жолуккан адамың мейли чоң болсун, мейли кичине болсун, оокаттанып алалы деп белиңдеги нандын бирин, бирин кичине, бирин чоң сындырып алдына кой. Жанагы жолдошуң чоң сыныгын өзү алып, кичине сыныгын сага калтырса, ал киши менен жолдош болбогун. Эгер өзү кичинесин алып, сага чоңун калтырса, ошол киши менен дос болгун. Дагы бир айтарым, жолдо жолуккан киши менен баратып, чынбы, жалганбы, бошонуп алайын деп, жолдон чыгып отургун. Эгерде сен турганга чейин сени күтүп токтоп турса, аны менен жолдош болгун. Эгер күтпөсө, аны менен жолдош болбогун», – деп акыл-насаатын айтып жолго чыгарып, кала беришти. Ысмайыл болсо бет алган жагына кете берди. Белиндеги эки токочтон башка эч нерсеси жок эле.

Эртеси кан абышка-кемпирди алдырып келип, бирок кечеки айткан өкүмүн бузуп аларды даргага аспай коё берди. Чал-кемпир кубанып үйүнө келишип, бирок баласын таппай калышат. Ал эми Ысмайыл ал кезде абдан узап кеткен. Бир күнү кетип баратса, артынан бир топ киши жете келишти. Бала алардын бардыгын сынап көрдү, бирок энеси айткан киши табылбады. Жүрүп отуруп, башка бир кандын шаарына келип калган кезде, артынан өзүнө теңдүү бир бала жете келип, салам берди. Ысмайыл алик алып учурашып, андан ары бирге жүрүп отурушту. Бир убакытта оокаттанып алалы деп белиндеги нанын алып, аны чоң-кичине кылып бөлүп алдыга койду. Тиги бала чоңун өзүнө жылдырып, кичинесин алып жеди. Бала: «Энем айткан жолдошту эми таптым окшойт» деп ойлоду, бирок дагы сынамакчы болуп, андан ары кетип баратканда калп эле «бошонуп алайын» деп жол жээгине чыгып отура кетти. Бир топтон кийин караса, баягы бала дагы эле күтүп отурган экен. Энем айткан киши ушул экен деп, кайра келип экөө жолго түшүштү.

– Атың ким, жашың канчада? – деп сурады арттан келген бала.

– Атым Ысмайыл, жашым он жетиде, – деп жооп берди Ысмайыл. – Өзүңдүн атың ким, сен канчадасың? – деп өзүнөн сурады.

– Атым Ысырайыл, мен он алтыдамын. Сиз мага ага болот экенсиз. Мени иним деп жүрүңүз, – деди.

Экөө жүрүп отуруп бир кандын шаарына барышты. Базар аралап жүрүшсө, бир топ көпкөн балдар: «Ээ самтыраган байкуштар, ушулар да жашадым деп жүрөт ээ!» – деп боорун тырмап шылдыңдап күлүштү. Ага Ысырайылдың ачуусу келип, биринин колун, экинчисинин бутун жулуп алып, биринин башын кандап, дагы биринин көзүн чыгара чаап, базардан чыгып кетишти. Баягы таяк жегендердин жоро-жолдошторунан кырктайы чогулуп: «Кайдагы бир эки баланын кылганы ушул болду», – деп канга

арызданып барышты. «Тынч жаткан шаардын тынчтыгын бузган кандай немелер», – деп кандын ачуусу келип, бир вазирине он жигитти кошуп, «ошол эки баланы таап келгиле» деп буйрук берди. Алар издеп келип, эки бала жуунуп жаткан жеринен табышат. Вазир: «Бери келгиле!», – дегенине Ысырайыл: «Биз барбайбыз, өзүңөр келгиле!» – деп болбойт. «Байлагыла!» – деп вазир буйрук кылат. Жигиттер аттарынан түшүп, балдарга тап коюшканда: «Жакын келбегиле, келсеңер башыңар кесилет!» – деп Ысырайыл ордунан туруп, кармашууга даяр турат.

Ага болбой он жигит тигилерди байламакка качырганда, Ысырайыл бир нерсени кончунан сууруп алып, тигилерге карай шилтегенде, беш-алтоонун башы үзүлүп түшүп, калгандары качып канга барышат.

– Акылман таксыр каным, – дейт вазир. – Ал эки бала бала эмес эле бир желмогуз көрүнөт. Бир нерсени шилтеди эле беш-алты жигиттин башы үзүлүп түштү. Калганыбыз зорго качып кутулдук. Аларга башка бир айла кылбасак, алышып алыбыз, күрөшүп күчүбүз жетпей турган көрүнөт, – деди.

– Эки баладан качып келдик дегенден уялсаңар боло, акылсыз акмактар! Алыңар келбесе, бардык кошун менен барып, колу-бутун байлап мага алып келгиле! – деп буйурду кандын каары бетине чыгып.

– Таксыр каным, – деп сөз алды акылман бир вазири. – Бул балдардын бизге пайдасы тийчүдөй экен. Андан көрө аларга жакшы сөз айтып алып келели, өзүбүзгө жигит кылып алалы?

– Андай болсо, сен өзүң бил, – деп акылманга кан макул болот.

Акылман вазир эки атты жасалгалап токуп, коштотуп алып эки балага барды да: «Силерди каныбыз мейманга чакырып жатат. Сүйлөшөлү дейт, силер кандай дейсиңер?» – деп сөзгө алды. «Барса, баралы», – деген эки жигит атка мингенде аттарынын бели сынып кетти. Вазир тигилердин кебетесине карап таң калды. «Өздөрү ки-

чине эле туруп, алкынган аргымактар көтөрө албаганы эмнеси?» – деп жакасын карманды. Анан чү коюп кандын ордосуна келип, болгон окуяны канга айтып, ордодогу кырк ат кошулган арабаны алып барып: «Ушуга түшүңүздөр, мырза жигиттер, отуруңуздар?» – деп арабага отургузуп, кырк атты «чү» дегенде, кырк ат алка-шалка терге түшүп арандан зорго арабаны сүйрөп, кандын ордосуна келишти.

Араба тарткан аттарынын түрүн көргөндө кандын үрөйү учуп, тактысынан түшүп келип, эки колун бооруна алып, эки бала менен көрүшүп, гүлзардагы меймanканасына алып барып киргизди. Кан өз колу менен даам сунуп, тиги экөөнү аябай сыйлап отуруп:

–Он жигит отунчуңар, он жигит оюнчуңар болсун, гүлзар силер дем ала турган жайыңар, ичкен-жегениңерден кам санабай, дем алып жата бергиле, – деди.

Арадан көп күндөр, айлар өттү, эки жигит сайрандап жата берди. Күндөрдүн биринде кандын ордосуна тополоң түшүп, ызы-чуу болуп калды. Барып билип келүүгө жигиттеринин бирин жиберишти. Бир кезде баягы акылман вазир келип: «Ээ, жигиттер, иш чатак. Тээтиги тоонун ары жагында көп замандан бери бир ажыдаар жашайт. Ошого жыл сайын бир кой, бир кыз салык төлөп турчу элек. Айдан ай, жылдан жыл өтүп отуруп, бүгүн кезек биздин каныбызга келиптир. Кан жалгыз кызы Гүлжамалды ажыдаарга бергени жатат. Ошондуктан бүткүл кандын ордосу ызы-чууга түшүп, бүлүнгөнү ошол!» – деди. Анда Ысырайыл: «Каныңызга барып айтыңыз, кыздын ордуна экөөбүз барабыз», – деди. Акылман барып канга айтты эле, ал сүйүнүп: «Эгерде колдорунан келип, ошол ажыдаарды өлтүрүп берсе, кимисине болсо да Гүлжамал кызымды беремин!» – деп убада кылды. Андай болсо макулбуз деген эки бала жолго чыгышты. Экөө жүрүп отуруп тоонун түбүнө келишти.

Ушул жерден алар талашып калышты. Ысмайыл: «Мен биринчи барайын, сен тирүү кал», – деди. «Жок, биринчи мен барам, сен тирүү кал», – деп Ысырайыл болбоду. Акыры кепке келишип, биринчи Ысырайыл бармак болду. Ал кетип баратып: «Мен тоонун башынан көрүнгөндө ажыдаар бир чаңырып оп тартат, оозунан жалын чыгып, тоону каптап кетет. Ошондо мен да бакырам. Ажыдаар дагы бир жолу бакырат. Мен да бакырам. Ошол кезде сен чыгып баргын. Эгер экинчи жолу бакырбасам, анда менин өлгөнүм. Анда барбагын да, кайта элиңе кеткин», – деп Ысырайыл ажыдаарга бет алып жөнөп калды.

Тоонун башына чыкканда ажыдаар бир бакырды эле, тоону жалын каптады. Ажыдаар да бир чаңырганда таштар кулап, жер титиреди. Бирок Ысырайыл экинчи жолу бакыра алган жок. Аны тыңшап турган Ысмайыл: «Ысырайыл өлдү, ажыдаар жутуп койду», – деп ойлоп, ал өлүп мен тирүү калганда эмне кылмак элем? Мен да барып көрөйүн, – деп тоого чыгып барса, тоодой болгон ажыдаар эки бөлүнүп, куйругунан арыктын суусундай кан агып жатат. Ажыдаардын куйругуна басылып, колуна кырк кез кылыч кармаган Ысырайыл өлүп жатат Ысмайыл ыйлап-сыктап, Ысырайылды чоң суунун жээгине көтөрүп барып, үстү-башын жууп, сууга алып жатканда үч жолу чүчкүрүп, көзүн ачып, Ысырайыл тура калды.

Экөө канга көрсөтмөк болуп, ажыдаардын бир кулагын кесип алып, араңдан зорго сүйрөшүп, кандын ордосуна келишет. «Мына, ажыдаарды өлтүрүп, кулагын сүйрөп келдик», – деп аны кан менен вазирине көрсөтүшөт. Кан уккан кулагына ишенбей, кырк жигитин чакырып: «Ажыдаардын өлгөнү чынбы, калппы, барып билип келгиле!», – деп жиберет. Кырк жигиттин жандары чыгып, тоонун түбүнө келишти да: «Адегенде сен бар, мен бар», – болуп, бир топко кажылдашты. Акыры арасындагы бир баатыр атынын куйругун шарт түйүп, басмайылын бек таңып,

кылычын туура кармап: «Эгер мен кайтпай калсам, анда силер кайтып кете бергиле!» – деп жолдошторуна керээзин айтып, кайратын жыйып тоонун башына чыгып барса, ажыдаар тоодой болуп экиге бөлүнүп өлүп жаткан экен. Анан жолдошторуна кыйкырып: «Келе бергиле, ал өлүп жатат», – деп чакырганда, тигилер чыгып келишип, ажыдаардын өлүгүн көрүшүп, кудайлап жакаларын кармашты. «Кан ишенбей убара кылат», – дешип дагы бир кулагын кесип, кырк атка сүйрөтүшүп, араң ордого жеткиришет. Кан акыры ишенип: «Мен Гүлжамал кызымды ушул эки жигитке бердим!» – дейт. Ажыдаардын өлгөнүнө жана кызынын аман калганына арнап, кан кырк күн той өткөрдү.

Той тарагандан кийин кан эки жигиттин алдына келип: «Кана, Гүлжамалды кимиң аласың?» – деп шаштырып калды. Ысмайыл Ысырайылга: «Гүлжамалды сен ал!» – деди. «Жок, менден улуусуң, сен ал», – деп Ысырайыл болбоду. Ысмайыл акыры макул болду. Кан дагы кырк күн той берип, улак чаптырып жатып Гүлжамалды Ысмайылга нике кыйдырды. Ысмайыл кандын кызы менен сүт көл, май көлдүн ортосунда, заңгыраган өргөө тигип, кырк кыз, кырк жигит жумшап, эч нерсе ойлобой жатып калды. Арадан бир нече ай өттү. Гүлжамалдын жамалына мас болуп Ысырайылды эсинен чыгарып жиберди.

Күндөрдүн биринде Ысырайыл: «Бул Ысмайыл агам өз журтун, ата-энесин, жадагалса мени да эсинен чыгарып жиберди. Кандын дүнүйөсүнө, Гүлжамалдын жамалына мас болуп жатып алганы кандай?» – деп ойлоду да, мен мунун эсине салбасам болбойт деп, көчөгө чыкты. Аңгыча үймө-үй кыдырып келаткан думананы көрдү. Ысырайыл кандын казынасынан бир табак дилде, бир сыйра жаңы кийим алып чыгып, думанага берди да, кийимдерин чечтирип алып, өзүн жолго салды.

Ысырайыл ошол думананын кийимин кийип, таягын алып, куржунун асынып, Гүлжамал менен Ысмайыл жаткан өргөнүн кашына барып: «Ата-энесин, эли-жерин унутуп, башка элге келип жашап жүргөн адам араңарда барбы? Бар болсо, аны ары наадан, ары жаман деп билгиле!» – деп көпкө ак урду. Ысмайыл балким думананын сөзүнө көңүл бөлбөйт беле, Гүлжамал дароо сезе коюп: «Ээ, Ысмайыл, мынабу думана туура айтып жатат. Сенин да ата-энең, эли-журтуң бар эмеспи. Эгер болсо, өз элибизге кетелик. Бирөөнүн эли эл болбойт, жери жер болбойт», – деди. Ысмайыл ойлоно калып: «Анда мейли, кетсе кетеденди», – дейт. Гүлжамал акылман вазирди чакыртып: «Аталик», – дейт. Гүлжамал акылман вазирди чакыртын: «Атама барып айтыңыз. Ысмайыл ата-энесине, эли-журтума кетем деп уруксат сурап жатат, атама эп келсе, бизди тезирээк жөнөтсүн», – дейт. Акылман канга барып айтты эле, ал кетсе кетишсин деп уруксат берди да, малдын ар түрүнөн минден алсын, миң жигит коштоп барсын, деди. Ошентип алар жерине кетишке камынып калышты. Кан төрт түлүк малын айдатып, миң жигитти баштатып, кызкүйөөсүн жолго чыгарды.

Бирок Ысмайыл Ысырайыл досун такыр эстебей, оюнан чыгарып жиберет. Эки-үч күн өткөндөн кийин Ысырайыл бир күлүктү минип, бир күлүктү жетелеп артынан жете барды. Алар андан ары жүрүп отуруп, ээн талаа, эрме чөлдөгү жалгыз түп чынар терекке кез келишти. Теректин түбүнөн кичине булак суусу агат. Алар ушул жерде бир-эки күн ат тыныктырып, кошун эс алдырып жатмак болушат. Үй тиктирип Гүлжамал менен Ысмайыл уйкуга кетет. Ысырайыл уктабастан чынар теректин түбүндө күзөтүп жатты. Түндүн бир оокумунда чынар теректин бутагына жети кара кептер келип конду. Булар ажыдаардын арбактары экен. Аңгыча адамча сүйлөп: «Ысмайыл менен аялы үйдө уктап жатышат. Кептердин тумшугу тийсе ууланып өлөт. Муну ким «угуп туруп» айтса, ал ташка айланат», – деди. Анда бирөө: «Мен барып

уулантып келейин» – деп дыр учуп түштү. Муну угуп, көрүп турган Ысырайыл жүгүрүп үйгө кирсе, Гүлжамалдын бетине кептердин тумшугу жаңы гана тийген экен. Денесине тарап кетпесин деп ууну соруп жатканда, Ысмайыл ойгонуп кетип: «Ой, сен эмне менин катынымды өөп жатасың?» – деп чатак чыгарат. «Башынан эле өзүң ал десе болбой жатып алпердиң эле, эми кылган ишиң бул!» – деп таарынат. Ысырайыл аныгын айтайын десе таш болуп калам, айтпайын десе Ысмайыл таарынып жатат. Акыры айласы кетип, айтмакчы болот. Жарымын айтканда белине чейин, баарын айтканда Ысырайыл толук ташка айланды.

Ысмайыл ошондо гана эсине келип, ыйлап-сыктады, эч натыйжа чыгара албады. Ошондо Гүлжамал: «Токто, мен ак тулпарга минип кептерге жетейин. Эгер кептерлерден колума тийсе, каны менен Ысырайылды жуунтайын, айыкса ошондо айыгат», – деп ак тулпарды минип кууп жөнөдү. Ак тулпар күнчүлүк жолду бир саатта басып өттү. Аңгыча алдынан бир кара кептер учуп өтүп, караганга конду. Гүлжамал акырын барып кармап алды да, койнуна катып бир аш бышымда кайра келди. Дароо кептерди мууздап, каны менен Ысырайылдын башын жууп жибердиэле үч чүчкүрүп, кайта мурунку калыбына келди. Анан алар андан ары жөнөп калышты.

Ысмайылдын ата-энеси жашаган шаарга аз калганда бир жигитин: «Барып Бекжан канга айткын, же кандыкты берсин, же бери чыгып согушсун! Ысмайыл, Ысырайыл деген жоо келди деп айт!» – деп элчи кылып жиберип, өздөрү арттан келе беришти. Аны угуп Бекжан кандын ачуусу келип, вазирлерин чакыртып: «Бардык колду баштап барып согуш ачкыла, көпкөн немелерди жер менен жексен кылгыла!» – деп буйрук берди. Миңден ашык аскер жарак-жабдыгы менен согуш майданына барса, бир жалгыз атчан турат. Колбашчы: «Жалгыз адам менен согушуп

отурабызбы, байлап алып канга алпаргыла!» – деп буйрук берет аскерине. Аскерлер байлап алыш үчүн качыра берди эле, Ысырайыл кончунан бир нерсени сууруп алып, катуу шилтегенде бир нече жүз аскердин баштары кыйылып түштү. Калгандары качып, Бекжан кандын ордосуна кирип барды.

Ошондон кийин Бекжан кан тактысынан түшүп, кандыкты алсын, жанымды аман койсун деп, элчи жибергенден кийин, Ысырайылдар чатаксыз кандын ордосуна кирип, Ысмайылды такка отургузушат.

Бир нече күндөн кийин Ысмайыл өлдү деп ойлогон ата-энесин таап, ордого көчүрүп келди. Бардыгы жайлашып, көңүлдөрү тынч алгандан кийин Ысырайыл: «Ата-энеңди таап, көңүлүң жайландыбы?» – деп сурады эле, Ысмайыл: «Көңүлүм жай тапты, досум!» – деди. «Андай болсо бардык дүнүйө-мүлктү дарыянын боюна топтогун», – деди Ысырайыл.

«Айтканың аткарылат, досум», – деп бардык дүйнө-мүлктү жыйдырат. «Буларды экөөбүз таптык, ошондуктан тең бөлүп алабыз!» – деп бардыгын тең бөлүп, «наразылык жокпу» деди. Ысмайыл наразы эмес экендигин айтты. «Эмесе Гүлжамалды алып кел, аны да тең бөлөбүз!» – деди Ысырайыл. «Тең бөлгөндө өлөт, андан көрө сен ал!» – деп чырылдады Ысмайыл. «Жок, тең бөлөбүз. Сен оң жагын аласыңбы, же сол жагын аласыңбы?» – деп сурады. Ысмайыл ойлонуп: «Оң жагын алайын», – деди. «Андай болсо оң колун карма», – деп, өзү сол колун кармап туруп, кончунан баягы кырк кез кылычын сууруп алып, «мына чаптым» деп кылычын шилтегенде, Гүлжамал коркуп кетип эстен танды.

Аңгыча Гүлжамалдын мурдунан чычканга окшогон бир нерсе чыгып, качып берди. Ысырайыл кууп жетип кескилеп өлтүрдү да: «Мына ушул зыяндуу макулук ажы-

даардын чымыны эле, эми Гүлжамал тазарды. Эми сен, досум, элдүү, журттуу, тактуу кан болуп, максат мурасыңа жеттиң. Мен да сенин кылган жакшылыгыңды актадым. Менин кылган жакшылыгыма сен да ыраазы бол. Эми ачыгын айтайын, мен Ысырайыл эмес, баягы өзүң тордон бошоткон алтын балыкмын! Кош, аман болгула!» – деп алтын балык суууга секирип түшүп, суу түбүнө кирип кетти. Ысмайыл ошондо гана досунун ким экендигин билди.

## АКЧҮКӨ МЕНЕН КУУЧҮКӨ

Илгери бир кан болуптур. Ал кандын Акчүкө, Куучүкө деген эки баласы болуптур. Күндөрдүн биринде кан кырк жигити менен ит атытып, куш салып, ууга чыгат. Ошол кезде аялы жалгыз үйүндө отурса, үйүнүн чамгарагына чабалекей уя салып, балапандарын чыгарат экен. Чабалекей балдарына жем издеп кетсе, башка бир чабалекей келип, тиги чабалекейдин балапандарынын башын үзүп кетет. Аны кандын аялы көрүп: «Эгерде биз жок болсок, же өлүп калсак, башка бирөөлөр биздин балдарды да ушинтишет го», – деп капа болуп ыйлап отурса, кан келип: «Эмне ыйлап отурасың?» – деп сурайт. «Биздин үйгө чабалекей уя салып, балапан чыгарды эле, ал балапандарды башка бир чабалекей келип башын үзүп кетти. Кокустан биз жок болуп калсак, биздин балдарды да башка бирөөлөр ушинтет турбайбы деп, ошого капа болуп отурам», – деп чынын айтты. «Сен антип ойлобо, эгерде мен өлсөм, сен барсың, сен өлсөң, мен бармын!» – деп кан аялынын көңүлүн алат.

Күндөрдүн биринде кандын аялы каза болот. Турмуш деген турмуш да, кан башка аялга үйлөнөт. Кан баягысындай эле куш салып, ит агытып, ууга көп чыгат. Ошондой күндөрдүн биринде кандын аялына бир соодагер: «Сен

мага кандын кушун союп бер, сен экөөбүз башка шаарга кетебиз», – дейт. Аял макул болот да, канга: «Кушуңду таштап эле, итиң менен кийик кубалатып алсаң», – дейт бир күнү. Кан макул болуп кушун үйгө таштап, жигиттери менен ит агытып, ууга кетет. Ошол кезде баягы эки баласы тамак ичкени келсе, өгөй энеси эшикке чыгып келаткан экен. «Ушундай туруп тургула, мен кайра келип тамак берем», – дейт да, сыртка чыгып кетет. Балдар энеси кеткенден кийин казанда бир нерсе кайнап жатканын көрүшөт да, Кууччүкө казандын капкагын ача салат. Ачса, атасынын кушунун эти кайнап жаткан экен. Кууччүкө бөтөгөнү алып жеп, агасы Акчүкөгө башын берет. Аңгыча энеси соодагерди ээрчитип келип куштун этин чыгарса, бөтөгө менен башы жок. Анда соодагер: «Мага артыкча бөтөгөсү менен башы керек болчу!» – деп этти жебей чыр чыгарат. «Бөтөгө жегени кимиси экен, ошону алдап өлтүр, азырынча бөтөгө эрий элек!» – дейт соодагер. Тигилердин сүйлөшкөнүн угуп, балдар качып кетишет.

Жүрүп отурушуп «эки адам бир жолго түшкөнгө болбойт» деген эки айрылыш жолдогу кара ташты көрүшөт. Балдар таштагы жазууну окушуп, эмне кыларын билбей турушат. Бөтөгө жеген Кууччүкө ошол кезде алтын түкүрүп калган. Эки айрылыш жолдун бири, барса келгис, экинчиси барса кайра келчү жол эле. Эки бир тууган кеңешишет да: «Барса келгис жолго мен түшөйүн, шилекейимди сатсам да жан багармын», – деди Кууччүкө. Барса келчү жолго Акчүкө түшөт.

Акчүкө жолго түшүп алып кетип баратса, алыстан чаңдатып келаткан көп караан көрүнөт. Акчүкө чочуп, булар биз зыян кылбасын деп, жол боюндагы терекке чыгып алат. Теректин учунда бир куш конуп отуруптур. Аны Акчүкө кармап алат. Баягы көп киши келип эле, бала чыгып алган теректи кыя башташат. Жыгыла турган болгондо: «Башында мен бармын, акелер!» – деп кыйкырып жиберет. Көрсө ошол жактын каны өлгөндө кушун учуру-

шуп, куш эмнеге консо, ошону кан көтөрүп алышчу экен. Баягылар куштун артынан чыккан адамдар экен. Алар баланы көрбөй, терекке конгондуктан теректи кесе баштапыптыр. Ошону менен баланы алып жөнөшөт да, алпарып кан көтөрүп коюшат.

Ошентип, Акчүкө кан болуп калат. Эми Куучүкө барса келгис жолго түшүп алып жүрүп отурса, алдынан бирэки жандыгы менен оокат өткөргөн абышка-кемпир жолугат. Алардын баласы жок экен. «Баласы жокко бала болоюн, ботосу жокко бото болоюн деп жүрөм атаке!» – дейт Куучүкө. Алар бала кылып алышат. Бала эчки кайтарып жүрүп, күнүгө бир эчкиден сатып келип, үстүнө кошуп, абышканы байытып салат Бир күнү кечинде Куучүкө асманды караса, асманда жанашып эки ай турат. Бала таңыркап: «Ата, мурда бир эле ай чыкчу эле, азыр асманда эмнеге эки ай турат?» – деп атасынан сурайт. «Ал айдын сага эмне кереги бар эле, балам?» – деп абышка айтпай коёт. Экинчи күнү да эки ай турат. Бала дагы атасынан сурайт. «Ээ, балам, такып эле сурап калдың, ал биздин кырк кыз. Кыз кан деген ошол. Ай менен сулуулук чагылышып турат», – дейт.

Куучүкө баягы кызга кантип жетээрин билбей, дөңгө чыгып отурса үч киши мушташып жатат. Жанына барса, мушташкан үчөө бир тууган экен. Атасы өлгөндө андан бир топу, үч таяк, бир жайыл дасторкон калыптыр. Эми үч бир тууган ошону талашып мушташып жатыптыр. Ал үч буюмда үч касиет бар экен. Топуну кийсе эч кимге көрүнбөй калат дейт. Жайыл дасторконду жаяр менен каалаган тамагың жайнап калчу экен. Таягын болсо силкип туруп «кимди ур десе» ошону уруп берчү дейт.

Бала тигилердин жөн-жайын сурап билип: «Үчөөң жарышкыла. Кимиң биринчи келсең, ошонуң жайыл дасторконду ал. Экинчи келгениң топуну ал, артта калганың үч таякты ал!» – деп калыстыгын айтат. Үчөө макул болуп, буюмдарды балага карматып коюп жарышканы кет-

кенде, бала баягы топуну кийип, жайыл дасторконду колтуктап, үч таякты минип кыз канга учуп жөнөйт. Кыз канга келсе, ал кырк кызы менен сейил куруп жүргөн экен. Кууучүкө кыз канды алдына алып алып, нечен дарыялардан учуп өтүп, тоолорду ашып, бир кезде тегерегин арча-карагай курчаган кичинекей шаарга келип түшөт. Алар түшсө, шаардын ичинде басып жүргөн жан жок.

«Адамы жок кандай шаар? Эмнеси болсо да алтын дарбазалуу короого кирели» деп, ага киришсе, ал жерде да кыбыраган жан жок. Эртеси таң агарганда Кууучүкө: «Сен отура бер, мен аң уулап келейин», – деп кызды үйгө калтырып, өзү ууга кетет.

Эми сөздү баягы кан кыздын жанындагы кырк кыздан баштайлы. Алар кызды алдырып жиберип, түз эле канга барышат чурулдашып. Болгон окуяны канга айтышат. Кан каарданып, бүт элин чогултуп:

– Менин кызымды тапкыла! – деп элин кыстайт. Бирок кыз табылбайт. Элдин ичинен мен табам деген бирөө да чыкпайт. Муну көргөн кан башкача ойго келип: – Кимде ким менин кызымды таап, кайра ушул жерге алып келсе, кызымды ошол кишиге берем. Ким экендигине карабайм, – дейт. Ошондо эл ичинен бир жез кемпир чыгып, канга келип:

–Урматтуу каным, сиздин кызыңызды мен таап келем. Эгер тапсам, үйдө отурган котур балама кызыңды бересиңби? – деп сурайт.

–Иши кылып таап кел. Сенин балаңдын котуруна карабай, кызымды сага берем, кандың сөзү эки болбойт! – дейт. Жез кемпир сокусун минип, сокбилегин камчыланып, түз эле кыз менен бала келген шаарга келип түшөт. Кыз жайыл дасторконду жайып алып, тамактын түрдүүсүн коюп, жаңыдан чай ичейин деп жаткан кезде, кемпир кызды зордук менен сокуга мингизип, сок билегин камчыланып учуп кетет. Алар көз ачып-жумганча кандын алдында болушат.

– Мынакей, каным, сиздин буйругуңуз аткарылды, – дейт кемпир.

Кан ага макул болуп, кызын жез кемпирге жетелетип жиберет.

Куучүкө кечинде уудан келсе, аялы жок. Ар жак, бер жакты карайт, бирок аялын таппайт. Ал таң сүрүп келатканда колуна жаа алып, жүрүп отурат. Нечен белестерди, нечен тоолорду ашат. Бир кезде көгөрүп жаткан мөңгү музга туш келет. Муздан өтө берерде муз жарылып кетет да, Куучүкө сууга түшүп агып жөнөйт. Ал канча жерге агып келгени белгисиз, бир кезде көзүн ачса, суунун жээгинде жатат. Оң тарабында бир ажыдаар, сол тарабында бир ажыдаар баланы тиктеп жатышат. Бирөөнү караса, экинчиси мнн дегендей белги берет. «Ии, булар мени мингизип алып, бир жерге апарып жегени жаткан го. Мейли жесе, баары бир өлдүм», – деген ойго келип, экинчи ажыдаарга минет.

Экөө баланы асмандатып алып учуп жүрүп отурушуп, көз жеткис бийик зоокага келип конушат. Биринчи ажыдаар чоң кара ташты куйругу менен түртүп койсо, таш кадимки эшиктей ачыла түшөт. Анан Куучүкөгө кир дегендей белги берет. Куучүкө тартынбай кирет. Ал үңкүрдүн оозуна киргенде капкараңгы боло түшөт. Караңгы жер менен бир аз басканда, алтындан жасалган дагы бир эшик көрүнөт. Ал эшикти ачып кирип барса, төрдө ак сакалдуу карыя отурат. Баягы карыянын белинен өөдө кадим эле киши, ал эми белинен ылдый жылан түспөлдөш экен. Куучүкө салам айтып, босогого туруп калат. Карыя алик алып, баланы өзүнө чакырып, жанынан орун көргөзөт. Тамак желип бүткөндөн кийин:

– Кана, сүйлөй отур, балам, кайдан болосуң. Бул жерге кандайча туш болдуң? – деп сурайт карыя.

Куучүкө башынан өткөндөрдү төкпөй-чачпай айтып берет.

– Мен ажыдаарлардын падышасы Шаймерден деген болом. Өзүм көптөн бери оорумун. Менин ооруму адам баласы гана айыктыра алат экен. Сен мени айыктырсаң, сенден мен жардамымды аябаймын. Эки жолу жаңы төрөгөн аялдын эмчек сүтүнөн эки кашык ичсем, кулантан соо болуп айыккан турам. Ал сүттү өзүң таап келбесең, башка эч ким таба албайт. Мен сага бир ажыдаарды башы менен берем. Анын тилин да үйрөтүп коём, – деп падыша Куучүкөгө ажыдаардын тилин үйрөтөт.

Падыша бир ажыдаарын Куучүкөгө берип, жолго чыгарда: «Бул ажыдаарды кайда уч десең, ошол жакка уча берет. Кандай оюң болсо, баарын аткарат. Бирок сага айтаарым: Мындан мурун бир адам баласына ажыдаар берсем, сен келген ээн шаардын эли бири бири менен уруша кетсе, элди бүт сордуруп салыптыр. Ошентип алиги шаар элсиз калды. Сен андай кылбагын», – деди.

Бала макул болуп, сүт таап келгенге жөнөдү. Ажыдаарга минип алып учуп отуруп, күүгүм кирип калганда бир кыштактын четине келип конду. Бала ажыдаарын суунун боюндагы чоң таштын түбүнө калтырып, өзү айыл аралап келе жатса, бир үйдүн тегерегиндеги топураган элди көрөт. Жолдо келе жаткан кемпирден: «Энеке, бул жерде эмне болуп жатат?» – деп сурайт. «Эмне болсун балам, ушул айылдын бир келини жаңы төрөдү эле, эси ооп, эсине келалбай кыйналып жатат. Айылдагы табыптардын, молдолордун да алы жетпеди. Шордуу келин өлмөй болду», – дейт кемпир.

– Мени ээрчитип барыңыз, балким колумдан келип калар! – деп бала кемпирди ээрчип кыйналган келинге келди. Үйгө кирсе, келин чыдай албай жаткан экен. Ал колун келиндин бетине тийгизди эле, келин бир аз эс алып, тынчып жатып калды. Куучүкө келиндин эмчегинен агып жаткан сүттөн идишине куюп алды да, кайра катып алды. Бир кезде келин кадимкидей болуп күлүп-жайнап калды. Келиндин жээк жаааты, чогулган эл балага урмат-сый

көрсөтүп, айылдан узатышты. Бала ажыдаарга минип алып, түн бир оокум болгондо падышанын сарайына келип түштү. Алып келген эмчек сүттү бир түндө эки маал берди эле, эртесинде падыша сак-саламат айыгып, өз калыбына келди.

Падыша балага ыраазы болуп, колуна бир дары берди да: «Сен бул дарыны башыңа кыйынчылык иш түшкөндө чекеңе тийгизип, эмне кааласаң, ошол замат аткарылат. Бул дарыны эч бир адамга көрсөтпө да, касиеттүү сырын бир адамга айтпа!» – деп ажыдаарына мингизип Куучүкөнү жөнөттү.

Куучүкө жүрүп отуруп, баягы кыздын шаарына күүгүм талаш келди. Ажыдаардан түшүп, шаарды аралап кандын сарайын издеп келе жатса, бир жепирейген там турат. Үйдүн терезесинен шыкаалаcа, төрдөгү төшөктө тырманган бирөө жатат. Терезенин түбүндө баягы кандын кызы ыйлап отурат. Ошондон экөө кучакташып көрүшүп, канга барышат.

Куучүкө сарайга кирип, кандын алдына келип, баш уруп ызаат көрсөтүп, болгон окуяны айтты эле, кан ачуусу келип, жигиттерине Куучүкөнүн башын алдырсамбы деп ойлоду. Бирок кызынан чочулап, Куучүкөнүн колунан келбес ишке жиберүүнү туура тапты да:

–Сага бир иш тапшырамын. Эгер ал ишти аткарып келсең, кызымды сага беремин, аткара албай калсаң, башыңды аламын, – деди.

–Ал кандай иш, урматтуу таксыр? – деп сурады бала.

–Алты айлык жолдо бир түп терек бар. Ошол теректин түбүндө арстан жашайт. Анын оозунда аяктай алтын бар, ошол алтынды алып келесиң. Мен сага он күндүк убакыт берем. Эгер он күндүн ичинде алып келбесең, анда кызымдан үмүт үз, – дейт.

–Жарайт, каным, аткан октой барып алып келем, – деп Куучүкө жолго чыгат.

Шаардан чыга берип, Шаймерен берген дарыны алып, чекесине тийгизип ылаачын куш болуп жөнөйт. Учуп жүрүп отуруп, бир нече күн, бир нече түн дегенде баягы терекке жетет. Теректин түбүндө айбан жырткычтардын падышасы арстан уктап жаткан экен. Уктаганда оозу ачылып, дем алганда ал бирде таңдайына кетип, бирде оозунун учуна келип, тиштерине тийип турат. Аны кайтарып жаткан жырткычтардын да уйкусу келген түрү бар. Кайтарып жаткандар уйкуга кетсе, бир чычкан келип, арстандын тиштерине илинген этти жейм деп, улам арстанды ойготуп жиберет. Куучүкө буларды көрүп туруп, арстандын оозундагы алтынды кантип алуунун жолун ойлоп, дарыны алып чекесине тийгизип, мышык болуп, арстан уйкуга кеткенде, чычкандын келишин күтүп жашынып жатты. Бир кезде чычкан ийинден чыгып келе жаткандa мышык илип алып жеп койду. Ошол мезгилде арстан да аны кайтарып жаткан жырткычтар да мемиреп уйкуга кетишти.

Куучүкө алгыр бүркүткө айланып, арстандын жанына конду да, чеңгелин арстандын оозуна салып, алтынды илип алып асманга атып чыкты. Арстан ордунан ыргып туруп, асмандагы бүркүттү көрүп, теректи түбү менен жулуп алып бүркүттү урганда, бүркүттүн куйругун чала-була серпип өттү. Ал учуп отуруп кандын ордосуна келди да:

– Урматтуу каным, мына сиз сураган алтын, – деп Куучүкө баягы алтынды кандын алдына койду.

Ошондо кан жигиттин кыраан экендигине биротоло ишенди да:

– Мен карыдым, арыдым. Менин ордума күйөө балам кан болот! – деп жалпы элине жарыя кылды. Ошентип Куучүкө кан болуп калды.

Бир күнү Куучүкө инисин эстеп, аны издетип, иниси коңшу шаарда кан экенин билет. Ошентип, эки бир туу ган эки шаардын каны болуп, жыргап-куунап жашап к... лышыптыр.

## ӨНӨРЛҮҮ БАЛА

Үлгери өткөн заманда бир кан болуптур. Ал кандын жалгыз кызы бар экен. Ал сулуу десе сулуу, акылдуу десе акылдуу болуптур.

Күндөрдүн биринде кандын төрт тулпарын багып жүргөн абышканын жалгыз баласы, кандын жалгыз кызына ашык болот да:

– Ата, сен мага кандын кызын алып бер, – деп атасына айтат.

– Иттин гана баласы! – деп абышка баласына ачуусу келет. – Мен киммин, кейпим бул болсо, сенин кейпиң алдагы болсо, кан кантип бизге кызын берет?! – дейт. Бирок бала ага болбой атасын кыйнай берет. Абышка болсо баласына ачууланып, канча айтса да тиги укпайт.

Бир күнү кан эшигинин алдында ары-бери басып жүрүп, абышканын баласына ачууланып жатканын угуп, абышканы өзүнө чакырып алып: «Сен балаңды эмнеге эле тилдеп жатасың?» – деп сурайт. Абышка коркуп, сөз эмнеден болгонун айтпайт. Ага болобу, кан абышканы коркутуп жатып себебин айттырып алат.

– Андай болсо, – дейт кан. – Сенин балаң мага күн-түн дебей күйүп турган алтын чырак таап келип берсин, андан кийин мен кызымды балаңа беремин, – дейт.

Абышка үйүнө келет да, баласына кандын тапшырмасын айтат. Бала макул болуп, алтын чыракты таап келүүгө жол тартат. Бала чыракты издеп бир нече ай жол басат. Бир күнү түш ченде ээн талаада чарчап келип уктап калат. Бир убакта чочуп ойгонуп кетип, ылдый жагын караса, кумдан оргуштап кичинекей булактын агып чыгып жатканын көрөт. Бала тура калып калпагы менен булактагы сууну башка жакка төгүп жатып, булакты соолтот. Андан кийин булактын түбүн караса, түбүндө күйүп

турган алтын чырак турат. Бала түшүп барып алтын чыракты алат да, кайра бир нече ай жол басып келип, атасынан алтын чыракты канга берип жиберет. Кан алтын чырактын күн-түн дебей күйүп турганына ишенет да, абышкага: «Эми балаң элимде жок, жеримде жок өнөр үйрөнүп келсин!» – дейт. Абышка кандын тапшырмасын айтып келди эле, бала угар менен өнөр издеп жол тартат. Ал нечен шаарды кыдырып, өз элинде жок өнөр таппайт. Ошентип бир топ жылды өткөрөт. Чарчап-чаалыгып да, аябай арып-ачып бүтөт. Кайра үйүнө, келүүгө мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан, бир жарды кемпирдикинде отун-суусуна каралашып, оокат кылып жүрөт.

Бир күнү түн ортосунда эшикке чыкса, бир жаман тамдын жанынан жылтылдап күйүп жаткан отту көрөт. Бала жүгүргөн бойдон жетип барат да, бул эмне болду экен деп акмалап турат. Бир киши акырын оттун ысыгына бутун салып күйгүзүп, күл кылып, кайра бут жасап, колун отко салып күйгүзүп, кайра кол жасап жаткандыгын көрөт да, кантип үйрөнүш керек деп карап тура берет. Бир убакта эшикти шарак эттирип ачып, үйдөн бир кыз чыгып келет да, баланы кармап алат.

– Сен кайдан жүргөн баласың? Бул шаарда сендей неме жок эле, чынынды айт! – деп кыйнай баштайт баланы. Бала айласы кетип, башынан өткөндүн баарын айтып берет. – Андай болсо, сен биздикинде тургун. Тигил менин атам, анын андан да артык өнөрлөрү бар. Атам кээде ат болот, кээде канаттуу куш болот, кээде төө болот, кээде адам жей турган тамак болот. Мен сага ошол өнөрдүн баарын үйрөтөмүн. Үйрөнүп болуп, анан үйүңө кетесиң, – дейт кыз. Кыз балага атасынын бардык өнөрүн үйрөтөт. Бала кызга алкышын айтып коштошуп, баягы өзү жатып жүргөн кемпирдин үйүнө келет.

– Энеке, мен азыр чоң кара ат боломун, сен базарга алпарып саткын да, ошол акчага өзүңө оокат алгын, бирок менин башымдагы ноктомду сатпа. Эгер аны сатсаң,

менден ажырайсың, сатпасаң мен кайра келем, – дейт кемпирге. Кемпир ага макул болуп, атты базарга алып барып, бир топ акчага сатат. Ноктосун шыпырып алып, кайра жүрө берет. Ошентип жатып кемпир ашкан байлыкка ээ болот.

–Эне, – дейт бала бир күнү кемпирге. – Эртең шаарда чоң базар болот. Мен эртең чоң кара нар болоюн, сен мени базарга алып барып саткын, бирок ноктомду сатпа, эгер сатсаң менден айрыласың, – дейт.

Эртеси бала чоң кара нар болот. Аны базарга алып барат. Базарда кемпир бир топ киши менен соодалашып жатканда, баягы өнөрдүн ээси көрүп калат да, «бул менин өнөрүмдү үйрөнүп алган кандай неме» деп караса, баягы өзүнүн үйүндө жүргөн бала. «Ии, буга өнөрдү менин кызым үйрөткөн экен. Кой, муну сатып алып, үйгө алпарып, баланы балталап өлтүрөйүн», – деп ойлоп:

–Ай кемпир, кара нарыңды мага сат. Мен көп теңге берем, – деп сүйлөшө баштайт. Кемпир макул болот. – Төөңдү ноктосу менен сат! Жалаң ноктоң үчүн беш жүз теңге берем! – дейт абышка. Кемпир теңгеге кызыгып, нарды ноктосу менен сатып жиберип, үйүнө жүрө берет.

Абышка кара нарды жетелеп алып келип, үйүнүн алдындагы мамыга байлап коет. Аңгыча баягы өнөр үйрөткөн кыз, баланын эшикте кара нар болуп байланып турганын көрүп: «Кой, бул байкушту агытып жиберейин. Бул да бирөөнүн жалгызы эмеспи, эптеп күнүн көрсүн», – деп баланы агытып жиберип: «Сен эми куш болуп сызган бойдон качып жөнө да, өз айылыңа жеткин», – дейт.

Абышка сыртка чыгып, баланын артынан бүркүт болуп кубалап жөнөйт. Бала менен абышка бири бүркүт, бири кош болуп куушуп жүрүп отуруп, кечки бешимде бала турган шаарга келишет экен.

Бала зымырап учуп келип, дөбөдө отурган кандын жанына конуп калат. Абышка баланын артынан келет да, обочорook барып конот да, бирде кыргый, бирде каз

бирде өрдөк болуп кубулуп турат. Бир кезде бала таруу болуп кубулуп, кандын төш чөнтөгүнө куюлуп кетет. Абышка чоң кызыл короз болуп, «эми таруну терип жеп коёюн деп» кандын жанына келип жер чукуп турган кезде, бала кайра куш боло калат да, кызыл корозду басып өлтүрүп салат. Ал адам кейпине айланып өз үйүнө барат.

Кан кечинде көргөн укмуштуу ишине таң калып, эртеси элин чогултуп: «Бул ишти ким билет? Мен ушул жашка келгенче бир канаттуунун кубулуп, экинчи канаттуу болгонун көргөн эмесмин. Бул кандай укмуш? Ушул ишти көргөн-билгениңер болсо, айтып бергиле? – дейт.

Эл жымжырт болуп калат. Бир убакта баягы бала чыгып келип:

– Каным, уруксат бериңиз, ал ишти мен билем! – дейт.

Кан балага уруксат берет. Ошондо бала канга карап:

– Сиз мага менин элимде, менин жеримде жок өнөр үйрөнүп кел дегенсиз, ал эсиңизде болсо керек? Жанагы куш болуп корозду басып жеген мен болчумун! Менин үйрөнгөн өнөрүмдү ошол короз болуп кубулган адам да билчү. Бирок ал мага душман эле. Ошондуктан ал менин артымдан кууп келген. Бирок ал мени жей албай, мен аны жеп койдум. Душманымды өлтүрдүм, каным! – дейт бала.

Баланын айтканына элдин баары таң калышат.

– Ошол куш сен болсоң, анда азыр элге бир өнөрүңдү көрсөтчү? – дейт кан балага ишене бербей. Бала макул болуп, дароо бир чоң аргымак болуп элдин ортосуна алчаңдап чыга калат.

Кан менен эл баланын өнөрүнө ыраазы болушуп, кан болсо убадасы боюнча кызын берип, чоң той берген экен.

## АЖЫДААР АЯЛ

Илгери бир мүнүшкөр кан жигиттери менен куш салып жүрсө, кушу учуп кетет экен. Кандын

бир жигити артынан барып, таппай келет да: «Каным, бир укмуш, мен кушту кубалап баратсам, чоң таштын түбүндө ай десе арксыз, күн десе көрксүз бир сулуу кыз туруптур, салам берейин деп сулуулугунан сүрдөп жанына бара албай койдум», – дейт жигит.

Кан бул сөздү угаар менен баягы жерге келет. Чын эле ааламда жок сулуу кыз турат.

–Кайсы тараптан, кайсы элден келе жаткан перишттесиң? – деп сурайт кан.

–Күн чыгыш тараптан, өзүнө теңдеш бактылуу күйөө табар бекенмин деп өңдөн азып, жер кезип келем, – дейт кыз.

–Андай болсо мен бир элдин канымын, жактырсаң мага тийгин!

–Мен сизге тиейин, бирок бир шарт менен. Мен турган үйдө сиз гана болосуз. Башка адам кирүүгө тыюу саласыз, – деди кыз.

Кыз дагы айнып кетпесин деп ойлоп, кан дароо ма-кул болду да, кызды жоргого мингизип шаарына алып кетти. Кан шаан-шөкөт менен чоң той берип, аялын өзүнчө өргөөгө киргизип, айтылган шартты толук аткарды. Арадан күндөр өттү, кан өзүнчө эле жүдөй баштады. Каны качып кубарып, арыктап, сөлөкөтү эле калды. Кандын ордосуна жан келмек түгүл, асмандан куш учуп өтпөйт. Ошол күндөрү кан «сыркоолоп калдым» деп табып чакыртат. Адам аттуу табып кандын аялы турган ордого келип, «эмне бар болду экен» деп, ордонун эшигинен шыкаалап караса, ордону жарып аккан сууну бөгөп көл кылып алып жаткан ажыдаарды көрөт экен. Табып жүрөгүн токтотуп, дагы эмне болоор экен деп карап турса, бир оокумда баягы ажыдаар келишкен сулуу кыз болуп, созула басып үйүнө кирип кетет. Адам табып кандын оорусу эмнеден экенин толук түшүндү. Кайра канга барып: «Үйүңдөн көрүп дарылайм», – деп табыптыктын бардык ыгы менен кандын ден соолу-

гун шашпай текшерип чыкты. Кандын аялы бул убакта сынын бузбай созулуп отурду.

– Дартым эмнеден экен? – деп сурады кан.

– Эч кандай дартыңыз жок. Ден соолугуңуз таза, жөн гана мүнүшкөрдүктү таштагандыкы экен. Жигиттериңизди ээрчитип ууга чыгып, көңүл ачсаңыз эле, баары ордуна келет, – деп табып эч нерсе ооз тийбей, таазим кылып чыгып кетет.

Кан эртеси кушун колуна кондуруп, жигиттерин ээрчитип ууга чыкты. Кайра тартып келатканда жолунда табыптын турганын көрдү. Кан кайрылып салам берип: «Жол болсун, табыбым?» – деп сурады. Анда табып: «Каным, кечээ дартыңызды тапкан менен аялыңыздан айбыгып айта албадым, ал сулуу аял эмес – ажыдаар экен»,- деп болгон окуяны канга айтып берди. «Анын ажыдаар экенин өз көзүмө көргөз, анан ишенейин?» – деди кан.

– Болуптур, көргөзөйүн, – деди табып. – Биринчиси, тирүү кекилик алып үйүнө киргин, кекилик кирери менен жан берет, себеби ал айбандардын биринчи жоосу, көрөрү менен жүрөгү түшүп өлөт. Экинчиси, агып жаткан сууну какшытып, башка нукка салдыр! Кечинде туздуу тамак жасатып, кадырың салсаң да, алдап жедир! Үйүнө кенедей идишке да суу койдурба, анан уктамыш болуп карап жат. Мына ошондо билесиң, каным. Анан кийинки амалды өзүм табам! – деди табып.

Айткандай үйүнө тирүү кекилик алып келип, аялына көргөзмөк болду эле, аялы колуна алганча кекилик тырп этпей жан берди. Куштун жүрөгү түшүп калган го деп, аялына шек билдирбеди. Бир аз күн өткөн кезде кан экинчи шартты жасады. Түн ортосу ченде кан уктамыш болуп карап жатса, төшөктөн ажыдаардын башы сойлоп чыкты. Куйрук жагы кандын денесине тийип жатса да, аябай созулуп ар кайсы идиштен суу издеп жатты. Бирок суу таппай айласы кетип, кайра жыйрылып мурдагы калыбына келип, үйдө суу жок экен, өзөндөн суу алып келип

берчи деп, канды ойготту. Кан өзөнгө барып, анда да суу жок экен деп кайта келди. Аңгыча таң да атты. Аялдын тынчы кетти. Кан ордосуна барып көргөнүн жигиттерине айтып, дарыяга сууну кайра бурдуртуп ыраактан карап турса, аялы эки жакты абайлап карап сууну бөгөп, ажыдаар болуп сууга кирип, суусуну канганча шимирди. Кан Адам табыпты чакыртып, ажыдаарды кантип жок кылуунун сырын сурады.

– Каным, эми бул ажыдаардын сексен күндүк жашы калды. Ошондон кийин чыныгы ажыдаар болот. Ошого чейин жок кылбасаң, бүт шаарыңды сорот. Буга темирден, терезеси жок үй куруп, алдап киргизип, эшигин бекем жаап, туш-туштан от коюп, өрттөп жибербесек, андан башка айла жок. Тамакка уу кошуп берген менен сен жебесең, ал өлүп баратса да ооз тийбейт. Сен шек алдырбай мурункудай эле жүрө бер, – деди.

Кан бир жуманын ичинде темирден үй салдырат. Аялын алдап баягы үйгө киргизет. Аялы үйгө кирип, кылчайып канды чакырганча, эшик шак жабылып бекем бекитилет. Даяр турган усталар көрүгүн күркүрөтүп, туш-туштан отту үйлөп кирди эле, темир үйдүн ичинен кулак-мээни жарган ажыдаардын үнү чыкты. Эртеси эшикти ачып карашса, үй толгон ажыдаардын күлү калыптыр. Элди азаптан куткарган Адам табыпка кан ордосунан орун берип, ордо кишиси кылып алат. Эл аман, жер аман, амалдуу ажыдаардан кутулган кан мурдагы абалына келип, аман-эсен элин сактап көпкө өмүр сүрүптүр.

## СОКУР БАЙ

Илгери өткөн заманда көзү сокур, кыялы чукул, дүйнөгө атагы чыккан, төрт түлүгү шай, бир чоң бай болгон экен. Күндөрдүн биринде Сокур бай баласына миң дилде берип, базарга жиберет.

Баласы базарга бара жатып, бир топ адамдар чогулуп алып бир өлүктү сабап жатканын көрөт. «Эмне уруп жатасыңар?» – десе, тиги кишилер: «Биздин эки жүз дилдебизди карыз алып, төлөп бербей өлүп кетти. Ошол карызы үчүн уруп жатабыз», – дешет. Бала тигилерге эки жүз дилдесин санап берип, өлүктү бошотуп алат. Анан өлүктү ак кепиндеп көмдүрүп, атасы берген дилдесин бүт сарптайт. Кечинде үйүнө келгенде атасы: «Эмне алып келдиң, балам?» – деп сурайт. Бала жолдогу көргөндөрүн, дилдесин ошого сарптаганын айтып берет.

Сокур бай баласынын жоругуна капаланып: «Сени шаарга жиберейин, жакшы жигит таап келгин», – деди. Баласы базардан он эки жигит алып келди эле, Сокур бай ар биринин колунан кармап көрүп: «Булар жолдоштукка жарабайт, балам!» – деп чогуусу менен кетирип жиберди. Бала дагы базарга барып, жолдош боло турган жигит издеп жүрөм деп айтты эле, мен жолдош болом деп, бир чоочун жигит ээрчип алды. Сокур бай жигитти колунан кармап отуруп: «Ушул жигит жарайт!» – деп урматтап сыйлап кабыл алды.

Беш-алты күндөн кийин кырк төөгө жүк артып, баягы жигитти кербен башы кылып, өзүнүн баласын, дагы бир канча жигитти кошуп, соода кылып келүүгө жөнөтүп жатып: «Жүрүп отуруп узак чөлгө туш келесиңер, анда жалгыз булак бар. Суусасаңар да булакка карабай өтүп кеткиле», – деп эскертип, батасын берип, жөнөтүп жиберди.

Жигиттер көп күн жол жүрүштү. Анан баягы чөлгө жетишти. Бала өтүп кетели дегенине болбой жатып, кербен башы булактын жанына кербенди кондурду. Кербендер жайланышып калган кезде бир кемпир жыла басып келип, чыйылдаган үнү менен: «Жетим балдарым бар, багар, көрөрү жок жесирмин. Ары-бери өткөн силерге окшогон мырзалардын кайрымы менен эптеп жан сактап тура

быз», – деп ыйламсырап калды. Кербен башы кемпирдин курсагын тойгузуп, балдарына жер-жемиштен салып берип узатып жиберди да, өзү ага билинбей артынан ээрчип барды. Кемпир үңкүрүнө кирип беш баласына: «Баягы көзүн мен сокур кылган байдын балдары булактын башына келип конушту. Уу талкан жасап аларга алпарып берейин», – деп кеңеш салды. Балдары макул болду. Кемпир бат эле уу талканын жасап, сарала тулупка салып, үңкүрдүн төбөсүнө илип койду. Кербен башчы кемпирдин тулубуна окшош тулупка талкан салып келип ордуна илди да, кемпирдин уу талканын тулубу менен алып кетти.

Эртеси жол тартууга жүктөрүн артып жатышса, кемпир жанына келип: «Айланайын балдарым, кечээки силердин жакшылыгыңарды кантип унутайын. Менин колумдан келгени ушул, ооз тийип кеткиле!» – деп колундагы талканын берет. Кербен башчы сыр билдирбей: «Ыракмат эне, муну болсо балдарыңыз менен сиз да бөлүп жеп коюңуз», – деп уурдап алган талканын кемпирге берет. Кемпир талканды алпарып, балдары менен чогуу жешип, сокур болуп калышат. Артынан аңдып барган кербен башчы жигит аларды өлтүрүп, үңкүрдүн ичин оодарып-теңтерип, эки жүз төөнүн буюмун таап, оозун бекемдеп бекитип кайра келет.

Алар андан ары жол жүрүп, беш күнчүлүк жерге келгенде кербенчилердин алдынан бир адам чыгып: «Бул жерден алысыраак кетпесеңер болбойт, бөөдө өлүм болосуңар», – деп безеленди. Сокур байдын баласы кетели деп кербен башчыга жалынды. Кербен башчы анын айтканына болбой ошол жерге жүктү түшүрүп кондуруп, эки жагын караса, жакын эле жерде бир ак өргөө тигилип турганын көрдү. Өргөөгө келсе бир жак керегесинде кырк кыз, бир жагында кырк кой көгөнгө байланып, төрдө бир сулуу кыз ыйлап отурат. Кербен башчы: «Мында эмне отурасыңар?» – деп сурады кыздан.

–Биздин шаарды ажыдаар сормок болгондо, элибиз кеңешип жылына кырк кыз, кырк кой бермек болушкан. Убада боюнча бизди ажыдаарга бериш үчүн алып келип таштаншты. Эртең ажыдаар келип сорот. Жаш бала экенсиң, бул жерге кармалбай, тез кеткиле. Бөөдө өлүм болосуңар. Андан көрө тез кетип калгыла, – деп буркурапбоздоп ыйлады.

–Ажыдаар келгенде, кандай кубулуп келет? – деп сурады бала.

–Мурун шамал болуп, андан кийин мөндүр төгүп, заарын чачып, тилин чыгарып ышкырып келип, бизди сорот, – деди кыз. Кербен башчы бала белин бекем бууп, таң атканча бут серппей уктады. Эртеси түшкө чейин ажыдаарды күтүп отурду. Түш маалында кыздын айтканындай заар чачып, ышкырып ажыдаар келди. Башы эшиктен кире бергенде кылыч менен кыя чаап ажыдаарды өлтүрдү. Кырк кыз менен кырк койду бошотуп, элге белги кылып баргын деп, кыздын белине ажыдаардын терисин ороп берди. Кырк кыз менен кырк кой шаарга кирип барганда шаардын эли таң калышты, кантип аман калгандарын чурулдап сурап жатышты.

Аларды бир жигит куткарып калгандыгын айтышты. Ажыдаардын терисин көрсөтүштү. Кан ажыдаардын терисин көргөндөн кийин, жанагы жигитти кайдан да болсо таап келүүгө буйрук кылды. Анткени, кан мурда эле ажыдаарды ким өлтүрсө, ага кызымды берем деп жар чакырып койгон экен. Жигит жолунан калбай, кайра келе жатканда алам деп, коштошуп жүрүп кетет.

Алар бир канча күн жол жүрүп араң дегенде бир шаардын четине жетип конушту. Шаардан бир аял келип: «Жаныңардан аша кечкен адамсыңарбы, бул шаардын сыртынан түнкүсүн кыбыраган жан да, мал да баспайт. Бул жерде жер бетине атагы чыккан жети каракчы бар. Береги көрүнүп турган чоң шаардын баарын жеп бүтүштү. Силерди алар өлтүрүп коёт, кеткиле!» – деди.

– Ал каракчылар кайсы жерде турат? – деп сурады бала.

– Жаткан жери бул эле жерде, жетөөнүн жети чаар аты бар. Аларга бүт шаардын элинин алы келбей койду. Күн баткандан тарта шаарды кымкуутка түшүрөт, – деди аял.

Кербен башчы жигит жети каракчынын үйүнө барып, атын мамыга байлап коюп күтүп отурду. Бир убакта каракчылар келип: «Бул ким? Кайдагы өлө албай жүргөн неме биздин мамыга атын байлаган. Чык үйдөн!» – деп кыйкырышып, жетөө тең катар келип эшикке туруп калды. Кербен башчы жигит: «Бул менмин. Жалгыз каракчы элем, силерге кошулайын деп келдим. Жетөөң биригип бир шаарды алалбай жүрөт деп угуп, силер үчүн намысыма чыдабай келдим. Мен тиги жакта отуз эки шаарды алып келе жатамын!» – деди. Анда жети каракчы: «Жалгыз эле кандын казынасы калды, бүт шаарды басып алып болдук», – дешти. Анан алар кеңешип отуруп, бүгүн кандын казынасына тешип кирели дешти. Түн киргенде кандын казынасын тешишти. Кербен башчы жигит алты каракчынын бирин алып, биз экөөбүз эле алып чыгабыз деп, казынага кирди. Анан ээрчите келген каракчыны өлтүрүп: «Алыбыз келбей калды, дагы бирөөң кир. Үнүңөрдү чыгарбагыла!» – деп дагы бирин чакырды. Ошентип улам бирин казынага киргизип отуруп, баарын өлтүрүп, жетөөнүн тең кулактарын кесип алды. Жети каракчынын жети чаар атын тышка айдап чыгып, агытып жиберди.

Эртеси бул кабар канга жетти. «Шаарга бүлүк түшүрүп жүргөн жети каракчыны өлтүргөн жигит ким болсо да кызымды берем, алдыма келсин!» – деп жар чакыртты. Шаардын элинин арасынан: «Мен өлтүрдүм» – деп бара бергендер болду, бирок кан белгисин сураса эч нерсе көрсөтө алышпай кайра кетип жатышты. Эң артында кербен башчы жигит барып: «Каным, жети каракчыны мен

өлтүрдүм», – деп кулактарын көрсөт[illegible] кан [illegible] «Кыздарымдын ичинен көңүлүңө жакканын тандап алгын», – деди. Бирок кербен башчы өзүнүн жумуштап баратканын айтып, кайтып келе жатканда алмак болуп, ал шаардан жүрүп кетишти.

Кербенчилер акыры бара турган шаарына келишип, соода кылып бүткөндөн кийин кербен башчы Сокур байдын баласынын колуна төрт дилде берип: «Тээтиги жердеги ээр жасаган устага баргын да, ага ушул төрт дилдени берип, ээр жасап бергин деп айт», – деп устага жиберди. Бала устага барып ээр жасап бергин деп төрт дилдени берди. Эртеси кербен башчы Сокур байдын баласына дагы төрт дилде берип: «Устага барып жасаган ээрин кармап көрүп, мындан жакшыраак жасагын деп, бул төрт дилдени берип келгин», – деп дагы жиберди. Сокур байдын баласы кербен башчынын айтканын аткарды. Ошентип, бала ал устага ар бир күнү төрт дилдеден берип жүрдү. Он экинчи күнү кербен башчы байдын баласына төрт дилдени берип жатып: «Бүгүн устанын өнөрү түгөнөт, сен ээрин кармап көрүп, мындан жакшы жасагын деп, дилдени устага бергин. Ошондо уста, ээри дагы курусун, дилдеси да курусун, деп ыргытып жиберип, атына минип, бир чоң сууну кечет, андан кийин бир чоң үйгө түшүп атганып кетет. Сен устанын артынан түшүп, байкатпай баарын көрүп келгин», – деп баланы дагы жиберет.

Эртеси байдын баласы төрт дилдени алып устага барды. Жасаган ээрин кармалап көрүп, мындан дагы жакшыраак жасап бер, деди. Уста, ээри да курусун, дилдеси да курусун деп, ээр менен дилдени ыргытып жиберип, атына минип бастырып кетти. Бала байкатпай анын артынан түшөт. Уста чоң сууну кечип, ак өргөөгө түштү. Артынан барган байдын баласы уктабай түн ортосуна чейин отуруп, түн ортосунда уктап калды. Көрсө, баягы өргөө кандын кыздары ойноп турган үйү экен. Кандын кызы уктап жаткан баланы көрүп, муну өлтүрсөмбү деп, кылы-

чын сууруп, кайта койчу дегендей анын бетине так салып, таң атканда кетип калат. Сокур байдын баласы ойгонсо, күн шашке болуп калыптыр. Тура калса эч нерсе жок. Бала кербен башчыга ачууланып кайра келет. Кербен башчы баланын түрүн көрүп: «Сенин малыңды мен албаймын, сен барган үйгө түн ортосунда кандын кызы келип ойнойт. Мен сени ошон үчүн жибергенмин, сен уктап калып билбептирсиң. Күзгүгө карачы, кандын кызы сенин бетиңе так салып кетиптир. Бүгүн барып, таңга маал кыз кетеринде ичигин сурагын, ал берет», – деди.

Сокур байдын баласы кийинки күнү барып отурса, түн ортосунан кийин кандын кызы келип, бала менен таң атканча ойноп, таң атарда кетмекчи болду. Бала кандын кызынын ичигин сурады. Кыз ары карап ыйлап, бери карап күлүп туруп ичигин берди. Ичикти алып бала кербен башчыга келди. Кербен башчы кыздын ичигин кийип, кандын үйүнө меймандыкка барды. Кербен башчынын ичигин көргөн кан:

– Бул мейман кийип отурган ичик биздин кыздын ичиги экен, – деп аялына карайт. Анан кербен башчыга: – Бул ичик менин кызымдыкы экен, сиз кайдан алдыңыз? – деп сурайт.

– Бул ичиксиздин кызыңыздыкы эмес, – деди жигит.

– Жок, менин кызымдыкы экен, – деп кан кайра кайталады.

– Эгер кызыңыздыкы болсо алыңыз, бирок жаңылып калсаңыз сиз мага эмне бересиз? – деп сурады жигит.

– Жаңылсам, анда кызымды берем! – деп убада кылды кан.

Жигит баягы кемпирдин дүнүйөсүнөн кандын кызынын ичигине окшош кырк ичик алып келип, ага кандын кызыныкын кошуп туруп, кырк бир ичикти кандын алдына алдырып келди.

– Мына каным, ушундан кызыңыздын ичиги болсо, таанып алыңыз! – деди.

Кан кырк бир ичиктин арасынан кызынын ичигин таанып албай койду да, убадасы боюнча кызын кербен башчы жигитке берди. Кербен башчы кандын кызын алып, өз кошунуна келди.

Ошентип, кербен башчы менен Сокур байдын баласы соода кылган мүлктөрүн алып, кандын кызын алып, анан баягы жолдо калган кандын эки кызын кошуп алып, баягы булактагы кемпирдин жүз төөлүк дүнүйөсүн, мал-жанын алып, эки жүз жыйырма төөнүн жүгү менен Сокур байдын үйүнө келип түшүшөт.

Балдары келгенден кийин Сокур байга кайрадан көз бүтөт. Ал үч кызды, эки жүз жыйырма төөнүн жүгү менен соодаланган малын көрүп, абдан ыраазы болду. Балдарынын келиши менен бүт элин чакырып той кылды. Тойдун акыркы күнү баягы кербен башчы жигит:

–Эми мага уруксат бериңиз, тапшырган кызматыңызды аткарып келдим. Мен эми чынымды айтайын. Баягыда уулуңуз базарга бара жатып, көп дилде берип, карыздан куткарып алып, ак кепиндеп көмгөн өлүк киши мен боломун! Баарыңа ыраазымын, кош болгула! – деп коштошуп, бир заматта көздөн кайым болгон экен.

## ЖАГАЛЫМ МЕНЕН КАРЛЫГАЧ

Илгери бир кан жашаптыр. Анын аялы өлүп, андан Жагалым деген уул, Карлыгач деген кыз калыптыр. Күндөр өтөт, аялынын ашыжытын бергенден кийин кан бир сулуу аялга үйлөнөт. Анысы келген күндөн эле кандын балдарына өч болот. Жагалым уулу жаш чагынан ит агытып, куш салып, мергенчилик кылууну жакшы көрүп, өзү да көзгө атар мерген атыгат. Күнүгө кийикке чыгып, үйүн эт, майга толтуруп жиберет. Бир күнү кандын аялы ушунусун шылтоо кылып канга даттана кетет.

– Уулуң үйдү э., майга толтуруп сасытып жиберди. Кийиктин каңырсыган жытына чыдай албайм. Же бул баланды жогот, же мен кетем! – дейт.

Кандын айласы кетип, акыры баланы өлтүрүүгө макул болот. Алардын бул жаман оюн Карлыгач кызы билип калат да, агасынын жанынан карыш жылбай кайтарып калат.

Бир күнү Карлыгачтын аталаш жеңеси келип:

– Кыз, бүгүн биздикине барып, мага кемсел бычып берчи? – дейт. Мен кетип калсам, булар агамды өлтүрүп коюат деген ойго келип, кыз барбай коёт. Бирок эртеси дагы келип, акидей асылып жатып, үйүнө ээрчитип кетет. Кызы кетер менен кан менен аялы эч кимге билдирбей баласын өлтүрүп, көк уйду туюк сойдуруп туруп, анын терисине Жагалымдын денесин салып, оозун бекем бууп, көлгө салып жиберишет. Жагалымдын кийимдерин жүктүн артына катып коюшат.

Карлыгач эртеси үйгө келсе агасы жок. Анан агасын издей баштайт. Жүктүн артынан агасынын кийимдерин таап, аны өзү кийип, агасынын атын миннп, талаага чыгып кезиккенден сурап отурат. Аны көргөн-билген киши жок. Эч жерден таба албай, кайра тартып келе жатканда Карлыгачтын атына тил бүтүп: «Агаң көлдүн түбүндө жатат!» – дейт. Карлыгач ошондон чу коюп жүрүп отуруп койчуга келет.

– Койчу, койчу дешелик, бир табактан жешелик, тар төшөктө жаталык. Карлыгачтай кара беттин кара башы сүнүнчү, ушул көлдөн Жагалымды алып чыгып берчи? – дейт койчуга жалынып.

Койчу кочкорун минип көлгө түшөт, кочкору суугa чөгүп кетет. Өзү өлдүм-талдым дегенде араң чыгат. Карлыгач андан кийин уйчуга, төөчүгө, жылкычыга барат бирок алар да алып чыга алышпайт. Айласы кеткенд суугa өзүм түшөйүн, бир тууганымдан ажыраганча ө.

гөнүм жакшы деп, сууга түшө турган болгондо атына кайрадан тил бүтүп:

– Сен түшпөгүн, мен өзүм алып чыгам, – деп суугa кирип алып чыгат Жагалымды. Карлыгач агамдын сөөгүн таза жерге көмөйүн деп, көзүнүн жашын көл кылып, сөөгүн атына өңөрүп алып кетип баратып, кара ташка жолугат. Ошондо кара ташты карап туруп:

– Жарылгырдын кара ташы, жарылып кетсен не болот. Жагалымдай жалгызды, коюп кетсем не болот? – деп арман айтып ыйлайт.

Ошенткенде кара таш чарт экиге бөлүнөт, бирок таштын ичи курт, кумурскага жык толгонун көрүп, ага көмбей андан ары кетет. Бир кезде алдыпан ак таш кездешет. Ага кайрылган Карлыгач:

– Жарылгырдын ак ташы, жарылып кетсең не болот. Жагалымдай жалгызды, көөмп кетсем не болот? – деп дагы ыйлайт.

Ак таш чарт экиге белүнөт. Курт-кумурска жок, ичи таптаза экен. Карлыгач ошсл ташка агасынын сөөгүн жашырып, андан ары өзү кетет.

Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп: «Ким жамбыны атып түшүрсө, кызымда ошол жигитке күйөөгө беремин», – деп Кара кан элин жыйып, той берип жаткан жерге барып калат. Жамбыны эч ким атып түшүрө албайт.

– Мен атып көрөйүнчү, – деген Карлыгач ээрдин кашына илинген мылтыгын алып атып жиберсе, жамбы үзүлүп жерге түшөт. Дүркүрөгөн эл: «Кан күйөө, бек күйөө» деп аны көтөрүп кетишет. Той уланып Карлыгач жигит катары кандын кызына үйлөнөт. Бир топ күн өткөргөндө билинип калам деп ойлогон Карлыгач тойдун эртеси эле:

– Бир агам жолоочу кетип жок, ошону издеп чыктым эле. Ошол агамды таап келейин, – деп шылтоо айтып, андан ары жөнөп кетет.

Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп: «Ким жамбыны атып түшүрсө, кызымды ошого беремин», – деп элин жый-

ып, жамбы аттырып жаткан Кызыл кандын тоюна кез келет. Карап турса, жигиттердин эч кимиси ата алышпайт.

– Мен атып көрөйүнчү, – деп Карлыгач мылтыгын алат да, жамбыны байлап койгон жипти үзө атат. Эл Карлыгачты: «Кан күйөө, бек күйөө» дешип көтөрүп кетишет. Карлыгач кыз Кызыл кандын кызын алат да:

– Менин жолоочу жүрүп кеткен бир атам бар эле, ошол агамды таап келейин, – деп дагы андан ары жүрүп кетет.

Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп: «Ким жамбыны атып түшүрсө, ошого кызымды беремин», – деп той берип жаткан Ак кандын айылына туш келет. Карлыгач карап турса, жамбыны аткан киши чыкпайт. Анан Карлыгач жамбыны байлап койгон жипти үзө атат. Эл дүрбөп: «Кан күйөө, бек күйөө» дешип көтөрүп кетишет. Ошентип ал Ак кандын кызын да алат.

Бирок Ак кандын кызы: «Бул эркек эмес – аял, мунун эркек же аял экенин билиш үчүн, буга ийик саптаталы. Эгерде эркек болсо, ийикти сулуу кылып саптайт», – дейт да, Карлыгачка ийик менен сап берет. Тигилердин сынап жатканын билген Карлыгач атынын жанына ба-рып: «Ийикти кантип саптаймын?» – деп сурайт. Ошон-до аты ийик сапты оозуна салып туруп, кайра таштап коёт. Ийиктин сабы жылмаланып түшөт. Карлыгач ийик-ти саптап бере салат. Кыздын жеңелери сапталган ийик-ти көрүп: «Сулуу саптаптыр, эркек эле экен», – дешет.

Ак кандын кызы ага ишенбейт да, үйдүн эки капшытына бир эркектин ээр токумун, бир аялдын ээр токумун коёт. Эгерде эркек болсо, эркектин ээр токумун, аял болсо, аялдын ээр токумун карап өтөт дейт да, Карлыгачты: «Үйгө кирип, үйдөгү ээр токумдарды көрүп чык», – дейт. Карлыгач дароо бирдеме сезип, атына кеңешет. Аты: «Эркектин ээр токумун карап, аны кармалап өт», – деп акыл үйрөтөт. Карлыгач аты айткандай жасайт.

– Эркек эле турбайбы, кыздын ээр токумун карабастан, эркектикин карап өттү го, курулай эле сүйлөй бересиңби? – дешти жеңелери.

Кандын кызы буга да ишенбей, өңчөй эркектерди жарыштырып сынаймын, «кыз болсо – этек-жеңин кымырынып жүгүрөт, эгер эркек болсо – этек-жеңин делбиретип жүгүрөт», – дейт да, Карлыгачты жарышка түшкүн дейт. Карлыгач дагы ат менен кеңешет. Аты, этек-жеңиңди коё берип чуркагын, деген кеңешин айтат. Бу сапар да ал атынын айтканындай чуркап келип, кыздын жеңелери эркек дегени чын болуп, кандын кызы да бул сапар ишенип калат.

Карлыгач бир күнү үч аялынан:

– Атаңардын кандай жакшы буюму бар, ошону мага сурап бергиле, – деп айтат.

Ак кандын кызы, өлгөн кишини түртүп койсо аласалып кетет деп, атасынын алтын чокморун сурап берет. Кызыл кандын кызы, өлгөн кишиге тийгизип койсо күңгүрөнүп калат деп, атасынын күмүш чокморун сурап берет. Кара кандын кызы, өлгөн кишини түртүп койсо үшкүрүп тура келет деп, атасынын жез чокморун сурап берет. Карлыгач үч чокморду алып, үч аялын үч жол менен көчүрөт, өзү агамды издеп таап келейин деп, андан ары жүрүп кетет.

Үч аялы үч жактан көчүп келип, баягы белгилеп койгон жерге конушат. Карлыгач болсо ак ташка барат. Башынан өткөндөрүн, көргөн билгендерин жазып туруп, ээрдин алдыңкы кашына илип коёт да:

– Жарылгырдын ак ташы жарылып кетсең болбойбу, мен бир боорум Жагалымды алып кетсем болбойбу! – дейт.

Ак таш чарт этип мурдагы жарылган жеринен ачылат. Карлыгач алтын чокморду тийгизип койду эле, агасы аласалып кетти, анан күмүш чокморду тийгизгенде күңгүрөнүп алды, жез чокморду тийгизгенде, агасы үшкүрүнүп ордунан тура келди. Ошол кезде Карлыгач коён болуп жылт берип чийдин түбүнө кирип кетет.

– Өх, көпкө уктаган экенмин, – деп агасы ары-бери каранат. Анан кийимин кийинип, атын минейин десе ээрдин кашында кат илинип турат. Аны окуп бардык болгон ишти түшүнөт, анан атын минип жөнөйт. Кетип баратса бир топ киши бир коёнду тызылдатып кууп келе жатат. Коён чымылдап келип Жагалымдын койнуна кирип кетет. Кууп келе жаткан кишилер коёнду таппай калышат. Жагалым болсо, аны Кара кандын кызына алып барып: «Ушул коёнду жакшылап баккын!» – деп колуна берет.

Бирок Кара кандын кызы коёнду жакшы карабай арыктатып жиберет. Жагалым коёнду андан алып, Кызыл кандын кызына: «Ушул коёнду арыктатпай жакшы баккын!» – деп дайындайт. Бирок ал да жакшы бакпай, ого бетер жүдөтүп жиберет. Жагалым андан коёнду алып, эч сөз айтпастан Ак кандын кызына алып барып берет. Ал аялы коёнго убагы менен тамагын берип, суусун коюп, жакшы карайт. Коён essentially ончакты күндөн кийин калыбына келип, эттенип, кулпунуп чыгат. Ак кандын кызы ал коёндун адамзат экендигин билип:

– Сен коён эмессиң, сен адамзатсың, чыныңды айт! – деп өпкүлөп, жыттагылап, бооруна кысып эркелетсе баягы коён бир маалда кызга айланып, мандайына тура калат.

Ак кандын кызы коёнду жакшы багып жүрүп кызга айландырып алыптыр деген кабар тиги эки аялына угулат. Эки күндөш Ак кандын кызын көрө албай, кайын сиңдисин багалбай өлтүрүп алыптыр деген жаманатты сөзгө калтырыш үчүн, кыздын башын сен кара, ошондо мен мээсине темене кагайын, ошентип кызды өлтүрөлү деп кеңешип, Ак кандын кызынын өргөөсүнө келишет. Эки күндөш кызды боюна тарта башташат. Башыңды карап берели дешип, бири жүйүртө отуруп кыздын башын карай баштайт. Экинчиси: «Иий, мына бит, мына сирке», – демиш болуп жатып кыздын мээсине теменени кагып жиберет.

Жагалым ыйлай-сыктайт, айласы канча, тагдырга көнөт. Жагалым алдынтан көмүркөй жасатып, карындашын ошого салып коёт. Жапайы бугу карматып келип, баягы карындашы жаткан көмүркөйдү бугунун эки мүйүзүнүн ортосуна бекем байлап кадайт да, бугуну жибек аркан менен аркандатып коёт. Көп убактан кийин аркан чирип үзүлөт, бугу качып кетет. Жагалым түгөнбөс күл азык алып, темир чокой кийип, темир таяк таянып, карындашынын сөөгүн издеп жөнөйт.

Баягы бугу качып жүрүп отуруп, капкан салып, тузак тартып оокат кылган кемпир-чалдын капканына түшүп калат. Чал капканга түшкөн бугуну союп, көтөрүп жүргөн көмүркөйүн алып үйүнө келет. Көмүркөпдү ачса, андан айдай сулуу кыз чыгат. Аны көмүүгө ыраа көрбөй отурушса, улам башын сылаган кемпирдин колуна баягы темене урунат. Алар баштагы теменени сууруп алышса, кыз тирилип кетет. Ошентип кыз алардын колунда туруп калат. Эртеси чал тузагын караганы барса, бир карга илинип калыптыр. Аны чыгарып соёюн десе, карга адамча сүйлөп:

– Мени сойбогун. Карабай деген бай мен боломун. Мен сураганыңды берем, жанымды аман кой? – деп суранат.

– Мен сени коё берейин, убакыт таап кийин сага барам, ошондо сураганымды бересиң, – деп чал Карабайды коё берет.

Чал бир күнү Карабайдыкына барып келейин деп баратса, жолдо кой, уй, жылкы жер бетин бербей жайылып жүрөт. Чал малчылардан:

– Бул кимдин малы? – деп сурайт.

– Бул малдын баары Карабай байдыкы, – деп жооп беришет.

– Карабай менин досум, мага берчү нерсеси бар эле, ошону сурап алайын деп баратам, – дейт чал.

– Сен андан мал сураба, дүнүйө сураба, аны алганда эмне кылмак эле. Андан көрө Карабайдын «жайыл дасторкон» деген дасторкону бар. Аны жайыл дасторкон деп айтсаң болду, дүр-дүйнө тамак жайнап калат. «Чыч чебич» деген чебичи бар, аны чыч десең, жалаң өрүк, мейиз чычат. «Быш саба» деген сабаасы бар, аны быш саба десең болду, саба толтура кымыз болот. «Ур токмок» дегени бар, аны менен душманыңды токмоктотуп алсаң болот. Сен ошолорду сурап ал, – дешип чалга кеңеш беришет.

Чал барып малчылар айткан буюмдарын сурап алат. Карабай ары карап ыйлап, бери карап күлүп туруп берет. Чал бат эле байып кетет. Анын байыганын көрө албаган кээ бир кескилер ыгын таап, токмоктон башкасын уурдап кетишет. Эртеси чал айылдаштарына барып, менин буюмдарымды кайтарып бергиле деп сурайт. Бирок тигилер, көргөн жокпуз, билбейбиз дешип, ким уурдаганын да айтпай коюшат.

– Силер эле алдыңар. Алыстан ууру келмек беле, кана токмогум, ур, ур токмогум! – дегенде токмогу дароо баарын уруп кирет. Ал бирде асманга учуп чыгып, бирде жер менен сызып келип, уурулардын сазайын берет. Айласы кеткен уурулар: «Берели, байке, берели. Тигиниңди токтот! – дешип жалына башташат.

– Болду, токмогум, эми урба, – деп токмогун араң токтотот чал. Уурулар уурдап алган буюмдарын чалга беришет. Ошол күнү бир кан жигиттери менен куш салып чыгат. Кандын кушу учуп отуруп чалдын үйүнүн түндүгүнө келип конот. Артынан кубалап келген кандын жигити:

– Үйдө ким бар, кушту алып бергин! – деп кыйкырат.

– Үйдөн Карлыгач кыз чыгып кушту алып берет. Кыздын сулуулугун көргөн жигит кушту алып эси оогон боюнча кушун камчыланып отуруп канга жетет. Караса, кушу эчак өлүп калыптыр. Жигит сулуу кыздын жайын канга айтат. Эртеси да кан куш салып чыгат. Эртеси да кушу

чалдын үйүнө барып конот. Кандын дагы бир жигити келип, кушту алып, кыздын сулуулугунан кушун өлтүрүп канга барып, сулуунун дайнын айтат.

Үчүнчү күнү дагы куш салып чыккан кан, кушу учуп барып конгон үйгө өзү барат.

– Үйдө ким бар, кушту алып бер? – деп кыйкырат кан.

Карлыгач үйдөн чыгып кушун алып берет. Кан кыздын сулуулугуна кызыгып калат да, эртеси чалды өзүнө чакыртат. Карлыгач чалды эмне үчүн чакыртканын билип, көздүн кабыгынан тигилген баштык берип:

– Ушул баштыкты толтуруп алтын берсеңиз, мен сизге кызымды берем деңиз, – деп үйрөтүп чалды канга жөнөтөт.

Чал келгенден кийин кан кызыңды бергин деп сурайт. Чал болсо Карлыгачтын айтканын айтат. Сүйүнүп кеткен кан казынасындагы алтындан баштыкка салдырат, бирок баштык толбойт. Казынадагы бүт алтынын салдырат, дагы эле толбойт. Айласы кетип, эмне кыларын билбей турганда бир мастан кемпир келип:

– Мени он сегиздеги балага алып берсең, мен мунун айласын табам, – дейт. Кан макул болот. Ошондо кемпир төгөрөктүн төрт бурчунан төрт чымчым топурак алып келип баштыкка салат. Ошондо баштык толуп, ал тургай ашып-ташып кетет.

Айткан убадага туруп, чал кызды канга берет. Кан чоң той берип Карлыгачты шаан-шөкөт менен кан ордого алып келет. Жыл маалында эркек бала төрөп берет. Бала тестиер тартып чүкө ойноп калган кезде, баласына Карлыгач чүкө ойногондо дайыма:

– Бул менин колум эмес, таекем Жагалымдын колу деп ойногун, – дейт. Ошондон кийин баласы балдар менен чүкө ойногондо дайыма бул менин колум эмес, таекем Жагалымдын колу деп, сакасын өкчөп жүрдү. Күндөрдүн биринде чүкө ойноп жаткан балдардын сөзүн угуп калган Жагалым, балдардын жанына басып келет. Ал көп жыл-

дан бери дайынсыз кеткен карындашын издеп жүргөн. Жок дегенде анын сөөгүн таап, ак кепиндеп жашырайын деген ниети бар эле.

– Эй бала, эмне үчүн таекем Жагалымдын колу деп сака өкчөйсүң? Деги сен кимдин баласысың? – деп сурайт Жагалым.

– Мен кандын баласымын. Энемдин аты Карлыгач, ал эми Жагалым деген энемдин бир тууган агасы, – дейт бала.

– Бир боорум турбайсыңбы. Жагалым таекең мен боломун, – деген Жагалым баланы бооруна бек кысып, карындашына келип, анан алар сонун турмушту башынан кечиришип, чогуу жашап калышкан экен.

## АБЫЛАЙ ЖЕТИМ

Үлгерки өткөн заманда бир кемпирдин чалы өлүп, андан эки жаш чамасында бала калып, өлбөстүн күнүн көрүп жүрүп, бала он эки жашка келиптир. Бир күнү бала ойноп жүрүп, балдардан таяк жеп, атасы жок жетим деген сөздөрдү угуп, ыйлап үйүнө келет да:

– Менин атам кайда, энеке? Эгер бар болсо келбейби? – дейт.

– Аа, балам, сенин атаң кайра келбес оо дүйнө кеткен. Балдар туура айтат, сен атасы жок жетимсиң! – деп энеси да жашыйт.

Бала ичинен күйүп, атасын көрүп калбаганына өкүнүп, эми жок дегенде атасынын жасаган ишин улантkысы келип:

– Энеке, атам эмне кесип кылчу эле? – деп сурайт.

– Атаң тоого тор жайып куш кармачу, – дейт энеси.

– Анда атамдын торун берсеңиз, мен атамча куш кармап келип, мүнүшкөрлөргө берип, андан алтын табамын, – деп атасынын торун алып, тоого барат да торун жайып, бир ала карга кармап алып сүйүнүп келет.

– Бул куш эмес, балам. Куш кармоо колундан келбейт го, – деп энеси арсарсып калат.

– Мындан башка дагы эмне иш жасачу эле? – деп бала дагы сурайт.

– Атаң дарыядан балык кармачу эле, – дейт энеси.

– Анда мен да балык кармайын, – деген бала атасынын торун алып, дарыяга барат. Дарыя балыкка бай экен, кемпир кандай кармаштын ыкмасын үйрөтүп, көп олжо менен үйлөрүнө келишти. Ошондон баштап бала балыкты көп кармап, аны базарга сатып, үй-оокаттарын ондоп, дасыккан балыкчы болуп чыга келди. Күндөрдүн биринде бала адатынча көп балык кармап келип, энеси аларды көрүп жатса, арасында эң кооз бир балык бар экен. Ала коюп чакадагы суусга салды эле, өлө элек экен, бир аздан кийин кадимкидей сууда ойной баштады.

– Абылай балам, бул алтын балык экен. Биздин бактыбызга торго түшүптүр. Биз канга тартуу кылалы, ал бизге чоң нерсе тартуу кылат. Ошондо байыйбыз, балам, – дейт энеси.

Энеси айткандай эртеси бала айнек кумурага суу куюп, балыкты салып, канга тартуу кылганга барды.

Кан вазири экөө тең абдан кубанып, балага жүз дилде берип жөнөттү. Абылай өмүрү мынча дилдени көргөн эмес, сүйүнүп энесине келди. Алар базарга барыш буюм, мал сатып алышты. Жесир кемпирди карабай калган ага-туугандары эми Абылайдын төрүнөн кетпес болушту. Арадан анча көп убакыт өтпөй эле Абылай жетимди кандын жигиттери издеп келип алып кетишти. Кан адилеттүү болгон менен, анын вазири каардуу, башкесер, кара мүртөз эле.

– Алтын балыктуу болгонубуз жакшы, бирок түгөйү жок жарашпайт экен. Ошол балыктын түгөйүн таап келесиң. Эгер таап келе албасаң, анда башың алынат, – деди кандын вазири.

Экинчи балыкты таап келүүгө бир ай мөөнөт беришти. Бала эмне кылсын, болгон окуяны айтып энесине кел-

ди. Алар тобокел кылышып эртеси дарыяга чыгышты. Бирок андай балык кармаш кайда, күндөр өтө берип, берилген мөөнөт да бүттү. Бала өңдөн азып, кебетесинен кетти. Ошентип, канга барчу таң да атты. Эң акыркы үмүтү менен жайган торун көтөрсө алтын балыктын элеси көрүндү. Кубарган түсү, туйлаган жүрөгү калыбына келди. Тартуу кылып алтын балыкты канга алып келип, эки жүз дилде алып кайра кайтты.

Күндөрдүн биринде вазир канга келип:

– Каным, баары жакшы. Эми тиги балага Алтын-Көлдү таптыруу керек, балыктар кумуранын ичинде эркинче ойноной албай жатышат. Мен Алтын-Көл чыгыш тарапта перилердин колунда деп уккам. Чоңдугу тай казандай, тышы алтын, ичи каухар, суусу тунук, зам-зам мүрөгү. Бул кереметтүү көлдү эч уста жасай албайт, аны барып алып келүү Абылай жетимдин гана колунан келет, – дейт.

– Ушул эле дөөлөт жетет, вазирим, – дейт кан. – Бөөдө эле бир байкуш жетимди кыйнаганда эмне чыгат. Тим эле койгонубуз оң го...

Канга кадыры өтүп, ага айткан нерсеси орундалып көнгөн вазир акыры канды макул кылат. Абылай жетимди чакыртышып, бир жыл мөөнөт берип, Алтын-Көлдү алып келүүгө жөнөтүштү. Аргасыз жетим энесине келди. Сабырдуу кемпир күл азык камдап, уулуна уламадан уккандарын баяндап, батасын берип жолго жөнөттү.

Абылай жетим туура алты ай жол жүрдү. Жолунан нечен укмуш жырткычтыр, ажыдаар-жыландар, бөйөнчаян кезикти, акыры алар жолун бөгөп, өтө албай турганда бир ак сакал чал пайда болду. Ал чалга бала болгон окуяны бүт айтып берди. Карыя балага боору ооруп, колундагы сыйкырдуу таягын берди да:

– Шилтеп эле койсоң, алдыңдан чыккан бардык жандыктар жол бошотот. Сен издеген Алтын-Көлгө дагы бир күндүк жол калды. Мелтиреген түз талаада бир эле дөбө бар, жанында шаркырап аккан булак. Ошол жер пери

лердин жыйын курчу жайы, алар айына бир келишет. Сен ошол дөбөдөн чуңкур казып алып жатсаң, баарын көрөсүң. Адегенде көгүчкөн болуп учуп келишет, жерге конушканда адам сөөлөтүнө айланышат. Ошондо бирин эптеп жакадан алып кармап алсаң болду, издеп келгениңди табасың. Эгер кармай албай, тигилерге көрүнүп калсаң, анда дагы бир жыл күтөсүң, – деген чал көздөн кайым болду.

Бала карыянын айткан жерине келип, чуңкур казып жатып алды. Эки күн өткөндөн кийин асман бетин берbеген көгүчкөндөр учуп келип баягы дөбөгө конор менен адам түспөлүнө келишип, алар айланага көпкө шектенип карашып, акыры бир кезде жыйынына киришти. Абылай айлекердик менен байкатпай жатып, жанынан өтүп бараткан перини жакадан алып өзүнө тартканда, калган көгүчкөндөр дүр этип асманга көтөрүлдү. Коркунучтан чочуган перилер артын карабай өз дүйнөсүнө учуп жөнөштү. Абылай кармаган пери да күч менен асманга көтөрүлдү, бирок анын салмагы менен алпурушуп келип жерге түшүштү. Колу жакасына карышкан Абылай көгүчкөн кандай аракет кылса да коё берген жок. Колундагы жип менен мойнуна орой салып, белине бекем байлап алды. Акыры экөө сөзгө келишти. Абылай эмне издеп келгенин айтты. Аны орундатса өмүрү каларын билген пери Абылайга жарым ай түспөлүндөгү алтын берди. Аны жерге коё коюп чертип койсо, ойдо жок сонун көл болуп калды. Ошол Алтын-Көл экен.

Абылай жетим менен пери шилекей алышкан акыреттик дос болушуп, пери досу Абылайды учуруп келип жарым жолго таштады да, өз дүйнөсүнө учуп кетти. Өшентип мөөнөтү бүтө электе кандын каалаганы даяр болду. Абылай жарым миң дилде сый алып, кубаныч менен үйүнө келди. Алтын-Көлгө алтын балыктар жарашып, ыракатын кан менен вазир көрдү. Бирок Абылай жетимдин кубанычы көпкө созулган жок, каардуу вазир:

–Каным, күн батышта Күлдүркан деген бар. Анын Айсулуу, Күнсулуу деген эки кызы бар. Айсулуу сизге гана жарашат, каным. Алтын көлүң болсо, анда алтын балыгың болсо, эми Айсулуудай жарың болсо, ааламда эмне арманың бар? – дейт канга.

Акыры иш жамандык менен бүтөрүн сезген кан көпкө макул болбоду. Амалкөй вазир ар кандай сөздөр менен канды эритип ага да макул кылды. Бул иш да Абылай жетимге жүктөлдү. Күл азыгын камдап алып, Күлдүркандын шаарын бет алып, Айсулууну кантип алам деген ой менен жолго чыкты. Амалсыз байбиче арыбаган азаптын көлүндө калды. Бул жолу жолуң катуу болот деген энеси Абылайга бал менен тaруу кошкон бир карын май берди.

–Эгер бирөө сени менен кошо жешсе жана сурап калса, буга энемдин эмчегинин сүтү кошулган деп айткын, ошондо ишиң оңунан чыгат, – дейт энеси.

Бала энесинин бул сөзүн көңүлгө түйүп, батышты көздөй жүрүп отурду. Жол жүрүп көзу тунарды, чөлдө таңдайы катып суусады. Ал алсырап калган кезде алдынан чубалган чаң көрүндү. Абайлап карап турса, ааламда жок алп дөө экен. Ал алыстан эле кыйкырып келе жатты. Абылай жанынан чындап үмүтүн үздү.

–Сенден аны-муну сурап отурууга убактым жок. Оозумду толтур, болбосо өзүңдү жалмап кете берем, – деди дөө. Шашып калган Абылай жетим энеси берген карын майды оозуна кармай берди. Дөө карын майды балчылдата чайнап жутуп жиберип, тамшанып туруп:

–Бул эмне деген тамак? – деп сурады.

–Кадимки май. Ага бал, тaруу жана менин энемдин эмчегинин сүтү кошулган болчу, – деп жооп берди Абылай жетим.

–Мына эмесе, – деген дөө таң калып. – Эми мен сени менен эмчектеш болуп калдымбы? Кой, бир тууганымды кыйнаганым болбойт. Эми сага каалаган убагыңда жар-

дам берем. Ме, мобуну түтөтсөң, мен дароо даяр боломун, – деп узун мурутунан бир талын жулуп берип, дароо көздөн кайым болду.

Буга кайраттана түшкөн Абылай дароо өзүнө келип, алсыраганы жоголуп андан ары жүрүп отурду да Күлдүркандын шаарына жакындап барды. Шаардан алыс эмес жерден көк өгүз минген, օнчакты майда жандыгын жайып жүргөн чалга жолукту. Аны менен саламдашып, ал-жай сурашкандан кийин, жетим экендигин, баласы жокко бала, ботосу жокко бото болоюн деген тилегин айтты Абылай. Чал сүйүнгөн бойдон баланы ээрчитип кемпирине жөнөдү. Кемпири да сүйүнүп, бир эчкисин союп, өздөрүнчө той өткөрүп жиберишти. Абылай аларга бала болуп, абышка-кемпирдин чөп алачыгынын ордуна там салды. Ага карылар ушунчалык ыраазы болушуп, муунуна муун кирди. Ошентип ал жылы жай, күз өтүп, бир күнү келин алуу жөнүндө сөз болду.

–Эгер мен аял алсам, анда Күлдүркандын кызы Күнсулууну же Айсулууну аламын, болбосо дүйнөдөн так өтөмүн! – деп өзүнүн тилегин айтып салды. Чал-кемпир экөө тең дал болуп калышты.

–Ээ кокуй, Күлдүркан деген падыша болсо, мен деген бир бечара болсом, падыша мени бучкагына теңеп койбойт го, өзүң ойлочу? – деди атасы. – Анын үстүнө шылдың кыласың деп, башымды алып салса кантем?

–Оо, жарыктык, – деди Абылай. – Жуучуга, элчиге өлүм жок. Бир жообун айтат, андан көрө канга барыңыз, ата? Эгер балалыкка санабасаңыз өзүңүз билиңиз, – деп таарынгансып калды.

Чал аргасыз макул болуп, бир көзүнө жаш алып, бир көзүнө кан алып, көк өгүзүн токуп минип, кандын ордосуна келди. Келген жөнүн жигиттерине айтты. Чалды конок кылышты. Эртеси кан чалды өзүнө чакыртты. Канга таазим менен кулдук уруп, эмнеге келгендигин баян кылды чал. Кандын ачуусу деле келген жок.

– Уулуңдун чоң тилеги бар экен. Биринчиден, мага уулуңду көргөз, мен сынап көрөйүн. Эгер көңүлүмө жакса, үч мөөрөй беремин. Эгер аткарып кетсе, кыз сеники. Аткара албаса башын кесемин. Менин шартым ошо, – деди кан.

Ошентип, Абылай жетимдин башы эки кылычтын ортосунда калды. Кандын шартын уккан бала Күлдүркандын кылычына барып бергенден башка айла жок экендигин сезди. Болжогон күнү кандын алдына келди. Баланы көрүп жактырды. Айсулуу менен Күнсулууну да балага көргөздү.

– Кааласаң үч мөөрөй берем, жеңип кетсең кыз сеники, болбосо башың кесилет, – деп шартын кайталады падыша.

Бала макул болду. Атасы баласын аяп көзүнөн жашын көлдөтүп карап турду. Көрүп турган эл да, баланын күнү бүткөн экен дешти. Мөөрөй башталды. Биринчиси, кырк өгүздүн этин үч күндө жеп кетиш керек экен. Өгүздөр союлуп, эти казанга салынып, даярдала баштады. Абылайды жалгыз өзүн бир үйгө камап, туш-туштан каровл коюуну өтүндү. Анын айтканы орундатылды. Караңгы киргенде Абылай дөө досунун мурутун түтөттү. Көз ачып жумганча үйгө кырк дөө кирип келди. Иштин жайын түшүндүрдү эле, бир заматта кырк өгүздүн эти жок болду. Бала бир кабыргасын алып калып, эртең менен эл көзүнө мүлжүп отурду. Калыстар келип шагыраган сөөктөрдү көрүп, мөөрөйдө бала жеңгенин билдиришти. Бирок бир кабырганын калганына кан чатак чыгарды.

– Адал малыңыздын этинен ооз тийсин деп сизге калтырдым эле, болбосо муну деле жеп коём, – деди Абылай жетим канга карап.

Кан сөзгө жыгылды. Ыза болгон кан ачууланып:

– Тетиги агып жаткан дарыяга ары-бери жүктүү унаа өткөндөй муз тоңдурасың?! Экинчи мөөрөйүң ошол! – деди.

Бала кыйшайуусуз макул болду. Дөө эмчектешинин мурутун дарыя суусуна салды эле, бир заматта кычыра-

ган кыш түшүп, калдайган муз тоңуп көпүрө болуп калды. Музду сынашып эчен унааны жүктөрү менен аркытерки өткөрүп көрүштү, бирок муздан жаракка да кетпеди. Бул жолу да мөөрөйдөн утуп алды Абылай. Падышанын чындап ачуусу келди.

–Мынабу тоонун артындагы Ала-Көлдө отуз кулач ажыдаар бар. Ар жылы бирден адам, бирден бодо жейт, аны бербесең элиңди бүтүндөй соруп жок кылам дейт. Мына ошого эртең бир адам керек. Ошого сен барасың. Эгер өлтүрсөң аман каласың, болбосо ажыдаарга жем болосуң! – деди кан.

Бала буга да макул болуп, эки жагы тең миздүү эки кылыч сурады. Усталар эртең мененке чейин эки кылычты даяр кылышты. Абылай куралдарды алып ажыдаарга жөнөдү. Ал ажыдаардын ачуусун келтирип, болжогон убакыттан кечигип барды. Адамдарга ачуусу келип курсагы ачып, ажыдаар баланы алыстан көрүп эле ачуусу менен оп тартты. Оп тартылып бараткан Абылай болот кылычтын мизин ажыдаардын ууртуна болжоп баратты. Күү менен сорулган Абылай ажыдаарды эки бөлө, колунан албарс кылычы түшпөгөн калыбында ажыдаардын куйругуна чейин жетти. Ажыдаар эч нерсеге чамасы келбей тең экиге бөлүнүп калды. Эсин жыйган Абылай ажыдаардын жонунан кайыш тилип алып канга алып келди. Падыша Абылайдын эрдигине тан берди.

Убада боюнча нечен күнү той жасап Айсулууну Абылайга алып берди. Ажыдаардан кутулган эл болсо. Абылайга алкыштын үстүнө алкыш айтып, күйөө бала катары сыйлап жатышты. Ата ордуна ата болуп, эне ордуна эне болуп калган абышка-кемпирди өз шаарына көчүрүп жөнөдү. Нечен ай жол жүрүп келишсе, баягы кара мүртөз вазир дүйнөдөн өтүп кетиптир. Адилет кан болсо Абылайды жакшы ниет менен тосуп, эркин жашоого шарт түзүп берет. Ошентип Абылай эки энелүү, аталуу, жаш, сулуу келинчектүү болуп, бактылуу жашап калышыптыр.

## КАЙСЫНЫСЫ ЧОҢ?

Илгери бир чалдын жалгыз өгүзү болуптур. Өгүздү дайыма табы менен өзү бакчу экен. Күндөрдүн биринде чал узак сапарга аттанмакчы болуп, кетеринде эки баласына өгүзүн табыштап:

– Сен дайыма убагы менен жем-чөп берип тургун, – деп улуусуна тапшырат. – Ал эми сен, убагы менен сугарып тургун, – деп кичүү баласына тапшырып жолго чыгат.

Чалдын улуу баласы атасынын айтканын аткарып, убагы менен жем, чөбүн берип жакшы карайт. Арадан бир жума өтөт. Сегизинчи күнү баягы улуу баласы салган чөптү өгүз карап да койбойт. Жем берсе аны да жебейт. Өгүздүн кылыгына түшүнбөгөн улуусу:

– Биздин өгүз ылаңдап калган окшойт, чөп берсем да, жем берсем да жебейт. Сен сырын билчү белең? – деп кичүү инисинен сурайт.

– Жок, мен кайдан билем. Өгүздүн сырын атам билет, – дейт кичүүсү.

Эки бир тууғандын айласы кетип, өткөн-кеткенден сурашат өгүздүн сырын. Бирок эч кимиси билбейт. Күүгүм талаш бир абышка:

– Өгүзүңөр чөп жебесе, суусап калганы ошол. Эртең Ала-Көлгө жетелеп барып сугаргыла, – дейт.

Атасынын тапшырган ишин ошондо гана эстеген кичүү баласы күнөөлүү болуп, эртеси өгүздү Ала-Көлгө жетелеп барып сугарат. Өгүз ушунчалык суусаган экен, көлдүн суусун бүт ичип салды. Көл таза соолуп калды. Бала бул укмушту айтмакка агасына чуркап кеткенде, соолгон көлдүн түбүндө калган балык баягы өгүздү шак жутуп алды. Балык таноосун дердеңдетип, ары-бери оонап жатканда, кайдан келгени белгисиз бир кара бүркүт шукшурулуп келип балыкты илип кетти да, зооканын үстүнө алпарып жей баштады. Балыктын ичин жарганда андан чыккан суу ташкындап дарыядай акты.

Аскадан аккан суу асканын түбүндө уктап жаткан чалдын бетине куюлганда, чал чочуп ойгонуп, жамгыр жаап жатабы, азыр эле күн ачык эмес беле деп, асманга тигилип күндү караса, көзүнө бир нерсе түшүп кеткенсийт. Чал үйүнө келип, көзүмө бир нерсе түшүп кетти деп кызына каратты. Кызы ары карап, бери карап жатып, көзүнүн кычыгынан тилинин учу менен бир нерсени алып чыкса, көлдү жуткан өгүздүн бир кабыргасы менен далысы экен.

Арадан бир нече күн өткөн соң алыстан келе жаткан кербенчилер:

– Ушул жер түз экен, өргүү жасап кетели, – дешип кыз тилинин учу менен алып чыгып түкүрүп таштаган далынын үстүнө жатып калышат. Таң аппак атат. Кербенчилер ойгонуп, кайдадыр бир жакка жылып бараткнын сезишет. Карашса, кызыл түлкү бир нерсени четинен тиштеп сүйрөп бара жатат. Кербенчилердин бири мылтыгын алып түлкүнү атып жибергенде, түлкү жыгылып калды.

Чуркап жетишкен кырк кербенчи кырк жагынан чыгып түлкүнүн терисин сыйрышып жатып, күн бата бир капталын араң сыйрып бүтүшүп, экинчи капталына оодара албай коюшту. Аңгыча өтүп бараткан жолоочу аял келип:

– Соогат! Ушул түлкүнүн терисинин бир капталын мага бергиле, мен сыйрып алайын, жаңы төрөлгөн балама тумак чыгар, – деп сурап калды эле, аябай чарчаган кербенчилер ага макул болуп, сыйрып ал дешти.

Тиги аял ат үстүнөн туруп эңип алып, андан ары жүрүп кетти.

Кана, ойлонуп көргүлөчү: көлдү жуткан өгүз, өгүздү жуткан балык, балыкты илген бүркүт жана чал, түлкү, аялдын кайсынысы чоң экен?..

## ОТУНЧУ ПАДЫША

Илгерки бир заманда Султан деген отунчу болгон экен. Ал эр жетип өзүнө ылайык кембагалдын кызы Умсунайга баш кошуп, эки бакыр бир тукур дегендей оокаттарын өткөрүшөт. Умсунай жыл маалында эркек төрөйт. Ата-эне баланын кубанычы менен жетишпестик, кембагалдык эстен чыгып, бар оокатка ыраазы болушат. Баласы да чоңоюп он жашка чыгат.

Султан үй-бүлөсүн багуу үчүн күнүгө эртеден кечке талаадан отун алып, аны базарга сатат. Күндөрдүн биринде кылаңгыр жармага каниет алып, өлбөс оокатына кетет. Койнунда кечке жей турган бир токочу бар. Аркыберкини ойлоп келе берди. «Мен алтымыштамын, кемпир да барып калды бир далайга. Демек экөөбүз тең картайып баратабыз. Атыбызды чыгарар артыбызда уулубуз бар, бирок ошол жалгызымдын тоюн берип сүнөткө отургузууга кудурет келбеди. Атаганат!» – деп үшкүрүнүп, бир далай жерге келип калганын да билбей калыптыр.

Отун алчу жеринде баягы ойлор башынан кетпей бир далайга отуруп калат. Бир убакта ордунан шак туруп, артын көздөй жөнөдү. Жолдо келе жатып да: «Кой, аздан болсо да акча жыйнайын, ага күрүч, май, кой сатып алып, элди чакырып той берейин», – деген ойдун кучагында болду. Анан алдында жайнаган куурайды көрүп, кызыгып кетип оро баштайт. Ал күндөгүсүнөн алда канча көп куурай жыйнап, бекемдеп таңып, көтөрүүгө аракеттенип алкашалка терге түштү. Бил маалда эптеп дөңгө сүйрөп чыгып, андан ары жылдырууга дарманы келбеди. Бүткөн бою сууга түшкөндөй терге чөмүлдү. Эмне үчүн көтөрө албаганына ыза болду. Куурайды кантип жеткирүүнүн амалын ойлоп туруп калды.

Жолдон өтүп бараткан жолоочу да анын жинин келтирип сурап калды.

– Эмне кылып жатканымды көрбөй жатасыңбы? Эгер бооруң ачыса жеткиришип койбойсуңбу? – деп жинденди Султан.

– Кыйкырба, ачууланба, – деди жолоочу. – Билем сенин балаңа той берем деп жан-алакетке түшүп жатканыңды. Сен жаныңды кууратып эмне кыласың. Бу дүйнөдөн жыргал көргөн жоксуң, андан көрө менин акылыма көн. Сен тетиги чоң ташты көтөрүп, астындагы чуңкурга колуңду салсаң, анда бир дасторкон, бир сака, бир бешмант бар. Ошолорду алсаң, көктөн тилегениңди жерден берет, – дейт жолоочу.

– Аларыңды эмне кылам? Шаарга алпарып сатамбы? – деп сурайт.

– Кокуй, сатуу жөнүндө оюңа да келбесин. Эгер кайсы тамакты кааласаң ошол замат дасторкон тамакты даяр кылат. Дасторконду кайра катып алып жүр. Бешмантты кийип алсаң, эл көзүнө көрүнбөй каалаган жериңе жетесиң. Саканы болсо, башыңа кыйын иш түшкөндө курал кыл. Саканы тамдын төбөсүнө коюп туруп, анын артынан өзүң чуркап бар. Сака түшкөн жерде эшик ачылып калат. Ичине кирип ылдый түшсөң, адамдын көңүлүн чайыттай ачкан бак пайда болот. Ортосунда чоң жолу бар. Жол менен баратып оң жагыңды карасаң бышып жетилген мөмөлөрдү көрөсүң. Сен сол жакка карабай, ар дайым оң жактын мөмөлөрүн жегин. Сол жактын мөмөлөрүн сага ким жамандык кылса, ошого берип жедир. Аны жегенден кийин алар таш болуп катып калат. Эгер каргап туруп берсең, сен каалагандай болот. Кыскасы, сен кандай ойлосоң, ошондой болот, – деди да жолоочу көздөн кайым болду. Султан же түшү экенин, же өңү экенин ажыраталбай көпкө турду.

Акыры эсине келип, жолоочу айткан чоң ташты жылдырып, колун салып жолоочу айткан дасторконду, бешмантты, саканы алып чыгып, сүйүнгөнүнөн кемпирине

келип: «Байбиче, эмне жегиң келет? – деп дасторконду жайды.

–Мен эмнени кааламак элем, абышка. Сары майга бышырган каттама болсо эле... – деген кемпири токтоп калды.

–Сары майга бышырган каттама даяр болсун! – деп колун жаңсап койду эле, дасторкондун үстүндө каттама даяр болду. Алар ыракаттана жешти. Жеп бүтүшкөндө жолоочу айткандай дасторконду ороп катып койду. Ошентип абышка-кемпир жашоонун ыракатын көрө баштады.

Бир күнү бешмантты кийип, Султан шаарга бармакчы болду. Шаардын базарына келип, бир жерден бешмантын кийип, шаардын базарын аралап жүрүп, нан чыгарып жаткан наабайчынын жанынан өтүп баратып, бир нанын алды. Карап турса эч ким көргөн да жок, наабайчынын аны менен иши жок. Султан дагы сынап көрмөкчү болуп, алма сатып отурган кишинин алмасын алып кетти эле, аны да эч ким көргөн жок. Андан ары бал саткан, жашылча-жемиш саткандарга барып, өз каалаганын алып, керегине жумшады, бирок бир да киши аны көрбөдү. Кездеме саткандардын акчасын алып койду, аны да байкашпады. Бир сыйра айланып чыккандан кийин, менин мунум жок, тигиним жок дегендердин үндөрү чыга баштады. Султан кайра кыдырып кимден канча алса, ошончосун орундарына коюп кетти.

Жолдо келе жатып бир казыга жолукту. Казынын башындагы жибек селдесин алып, ордуна жаман чүпөрөктөн ороп койду. Казы бул ишти байкабай жүрө берип, ары өткөн, бери өткөндөр шылдың кылышып, шермендеси чыкты. Султан үйүнө келип болгон ишти кемпирине айтты.

Арадан көп убакыт өтпөй Султан, эми саканы сынап көрөйүнчү деп үйүнүн үстүнө чыгып, жолоочу айткандай саканы атып жиберип, анын артынан саканын түшкөн жерине келсе, шарт этип эшик ачылып, андан ары мөмөлүү бактар көрүндү. Ортосундагы жол менен басып, оң

тарабындагы бышкан мөмөлөрдү татып көрдү. Жолдун сол тарабындагы бышкан мөмөлөрдү көрүп шилекейи акты. Самсаалап турган алмадан бирди үзүп алып, өзү жебей: «Умсунай жакшы көрчү эле» деп сүйүнгөн боюнча кемпирине алып келип берет. Умсунай жейин деп оозуна салаар менен мышык болуп мыйоолоп калат. Султандын айласы кетип эмне кыларды билбей турду.

Анан, бир алма берем деп кемпиримден айрылдым деген кургур эстен танды. Анан баягы сакасын калчап, бактын оң тарабындагы мөмөлөрдөн үзүп келип, мышыкка зордоп жедирди. Мурдагы алмадай алма жегенден кийин Умсунай өз калыбына келди. Ошондон кийин мөмөлөрдүн кандай пайдасы жана зыяны бар экендигин билди. Сыйкырдуу бешмантын кийип, шаар аралап арам тамак соодагерлердин, элди алдаган көпөстөрдүн акча, буюмдарын көрсөтпөй алып, аларды кембагалдарга таратып берчү болду. Кандын казынасына да кирип, аны чачты, элге берди.

Күндөрдүн биринде Султан кемпири менен кеңешип туруп, уулуна той берди. Ага шаардын каны менен вазирлерин чакырып, ааламда жок даамдарды дасторконго жайнатып, бардыгын тең калтырды. Падыша кетер алда Султандын сыйкырдуу бирдемеси бар экенин билип, анын сырын тартыш үчүн:

– Султан, мындан ары жакшы жүрөлү, катышып туралы, балким, куда болуп калаарбыз, – деген сөзүн айтты.

– Кулдугум бар, каным, кулдугум бар! – деген Султандын кубанычы терисине батпай турду.

Мына ушундан баштап кандын кызы менен Султандын уулу бирге ойноп, бирге сабак ала турган болду. Бир күнү Султан кемпири экөө бир жакка кетишип, баягы сыйкырдуу бешмантты үйдө унут калтырышат. Айжамал менен Мырза ойноп жүрүп бышып турган коонго барышып, ээси кармап алат да, Айжамалды жибербей коёт. Ошондо Мырза үйүнө барып бешмантты кийип келип, Айжамалды бошотуп, экөө коонго аябай тоюп, анан

үйлөрүнө кетишет. Айжамал болгон ишти атасы канга айтып келет.

– Сен ошол бешмантты алып келсең, алтындан сөйкө жасатып берем, – деп алдайт кан кызын. Айжамал атасынын айтканын орундатып, сыйкырдуу бешмантты алып келип берет. Кан бешмантты сынап көрүп, аны бекем катып таштайт.

Дагы бир күнү Султан кемпири экөө дагы айылчылап кеткенде, Мырза Айжамал кыздын алдына барбалаңдап баягы дасторконду жайып, түрдүү даамдарды жайнатып, экөө улам бирин сурап, моокумдан каныщат. Тамакка тойгондон кийин дасторконду ордуна илип коюшат. Айжамал үйүнө келгенден кийин дасторкондун сырын атасына айтат. Атасы кызын дагы алдап, дасторконду алып келүүгө жиберет. Кыз билдирбей дасторконду алып барып берет атасына.

Султан дасторкон менен бешмантынан айрылганына капа болуп, бирок аны ким алып кеткенин билбейт. Ошентсе да баласынын кылыгынан улам ким колдуу болгонун боолголоп билди. Ал сакасын ыргытып, анан жердин алдындагы бакка кирип, ар кандай мөмөлөрдөн эки чака жыйнады. Кыштын кырчылдаган күнү канга тартуу кылып мөмөлөрдү берди. Баарысы буга таң калышып, ыракаттанып жешти.

– Эртең дагы алып келип берем, – деп убада кылды Султан.

Эртеси жолдун сол тарабындагы мөмөлөрдөн алып келип берди да:

– Мен бирден оозуңарга салам. Силер оозуңарды ачып, көзүңөрдү жуумп тургула, – деген Султанга падыша да, вазирлери да макул болушту.

– Падыша мышык, вазирлери чычкан болсун, аялдары ит болсун! – деп Султан ар биринин оозуна мөмөлөрдөн салып чыкты.

Ошондон кийин айтканы айткандай болду. Ит, мышык, чычкандар бири бирин кубалашып, бири бирин жеп баарысы өлдү. Падышанын тактысына Султан өзү отуруп, элге кайрымдуулук менен адил иш жүргүздү.

## ЭРКЕ БАЛА, АКЫЛДУУ КЕЛИН

Илгери, илгери бир байдын эрке баласы болгон экен. Бай жалгыз баласын эрке өстүрүп койгонуна кейиип жүрүп, бир кедейдин акылдуу кызын алып берет. Эми кантсе да бирдеме кылып оокат кылып кетер деп, санаасы бир аз тынып калган чакта бай кайтыш болот. Эрке бала ошондо да токтолбой:

– Атамдын ушунчалык малы бар, ал эми дүнүйө-мүлкү канча. Өзүмдүн сулуу аялым бар. Атам өлгөн менен мен эч нерседен кор болбойм! – деп дардандап жүрө берет. Атасынан калган мал да, дүнүйө да бат эле жок болот. Иштейин десе иштин ыгын билбеген эрке бала үйүндө отуруп калат. Бир күнү баланын колуктусу:

– Ой, атаңдан калган мал, жыйган дүнүйөсү да түгөндү. Эми сен иштеп оокат таап, бизди баксаң боло? – дейт.

– Жо-ок, мен иштебейм. Сени кайтарып үйдө отура берем. Сенин сулуу жүзүңө кызыгып бирөө алып кетсе кантем, – дейт эрке бала.

– Антип ойлобо, мен сенден башкага көңүл бурбайм. Эгер ишенбесең, сага бир гүл берейин, ошону жакаңдан түшүрбөй тагып ал. Эгер ошол гүл солуп калса, анда мени бирөө алып кеткени! Солубаса, анда сени күтүп үйдө жүргөнүм, – деп кызыл гүл берет.

Эрке бала аялынын айтканына макул болуп, бир шаарда жашаган үч бир тууган байларга малайлыкка барат. Үч бир тууган байдын улуусунун аты – Адыл, ортончусунун аты – Мадыл, кичүүсүнүн аты – Жалын экен. Эрке бала алардын үйүндө оокатын жасап жүрө берет. Күнүгө

кызыл гүлүн этиеттик менен карап коёт. Күндөрдүн биринде Адыл бай:

– Ой, иним, тиги жакандагы гүл эмне? – деп сурап калат.

– Бул менин аялымдын белеги, – дейт эрке бала. – Эгер ушул гүл солуп калса, анда аялымды бирөө зордоп алып кеткени. Солубаса, аялым мени күтүп үйдө жүргөнү, – деп чын сырын айтып коёт.

– Аялың кандай аял? Же керемети барбы? – деп сурайт Адыл бай.

– Менин аялым бул дүйнөдө жок ашкан сулуу, – дейт.

Ошондо Адыл: «Бул бала кем акыл турбайбы. Андан көрө мунун үйүнө барып, аялын бузуп, байлыктын күчү менен болсо да алайын», – деген жаман ойго келет. Бир топ күн өткөрүп Адыл келиндин үйүнө келет. Аны баланын келинчеги жакшынакай кабыл алып, коюн союп, мейман кылат. Жатаар маалда эшиктеги баланы чакырып:

– Меймандын атын жайлап кой, – деп буйрук кылат.

– Атты кандайча жайлайм? – деп сурайт бала.

– Атты ала баканга аса байла. Төрт туягы булганып, конок капа болбосун. Төрт туягын сыйпалай таза байла, – дейт баланын келинчеги.

Аялдын сөзү: атты таза союп, этин ала баканга илип кой дегени. Төрт туягын тазала дегени, терисин жайып, туздап кой дегени экен. Дагы бир аз убакыттан кийин келин баланы чакырып:

– Куш коңгуроо чалбасын, муну байка, – дейт. Анысы болсо эшикти каңгыратып дабыш бер дегени экен.

Бала атты жайлап болуп, эшикти кагат. Ошондо келин конокко:

– Кокуй, конок аке, айып этпей тура кал, кайненем катуу киши эле, каарданып келе жатат, – деп үйдүн тамасына казылган ордун оозун ачат. Коркуп кеткен бай орого түшүп чуңкурдун түбүндө калат, келин дароо ордун

оозун мыктап бекитип салат. Тынч жатып уктайт. Ошо бойдон конок эшикке чыкпайт. Эртең менен эрте, таң агарып атканда, тараза жылдыз батканда келин ороонун оозун ачып:

– Бул да сиздин насибиңиз, – деп эки сындырым нанды таштайт.

Андан кийин эрке баланын жакасына тагылган гүлдүн сырын сурап билген Мадыл бай да, Жалын бай да келинге келип, үчөө бир чуңкурга түшүп калышат. Ошентип акылдуу келин үчөөнүн тең сазайын берет.

Күндөрдүн биринде эрке бала иштеп таап келген оокаты жок кур алакан үйүнө келет.

– Тапкан оокатың кана? – деп сурайт келинчеги. – Бир жыл бою талаалап иштеп жүрдүң. Бир тыйын пул тапкан жоксуңбу? Үч байыңдын өзүн же өлүгүн көрсөтөйүнбү? – дейт.

– Кой, алардын өлүгүн эмне кыласың, өзүлөрүн көрсөт, – дейт бала.

– Өзүлөрүн көрсөтсөм, түбү өзүңө зыян болоор, – деп келин айтса, эрке бала кежирленип ордун оозун ачса, баягы үч байы отурат. Аларды ордон чыгарып алат. Ошондо байлар:

– Биздин аттарыбыз кайда? – деп келинден сурашат.

– Ала бакандан сурагыла, – деп келин жооп берет.

– Ала баканың эмне? – деп байлар барышса, аттарынын туягы менен кулагы ала баканда илинип турат.

Ошондо үч бир тууган байлар: «Бул келин сулуу болгону менен акылы ашкан шум келин экен. Биздин түбүгөнү менен акылы ашкан шум келин экен. Биздин түбүбүзгө жете электе качып кетели. Болбосо бөөдө өлүм болобуз», – деп кеңешип өз жолдоруна түшөт.

Ошентип эрке бала акылдуу аялы менен жыргап жашап калган экең.

## ҮЧ КЫЗ

Илгери, илгери бир кишинин үч кызы болуптур. Улуу кызы күзгүгө каранып отурганды жакшы көрсө, ортончу кызы таранганды жакшы көрчү экен, ал эми кичүү кызы куурчагына кийим тигүү менен алек болот.

Күндөрдүн биринде ойноп отурган кыздарын карагат терип келгиле деп, энеси токойго жиберет. Үчөө үч баштык алып, карагат терүүгө жөнешет. Алар карагат калың өскөн жерге келишип, адегенде кызыгып жеп киришет. Бир аздан кийин тиштери камалып, карагатты жегилери келбей калат. Ошондон кийин гана баштыктарына тере башташат. Баштык толоюн деп калганда улам бири төгүп алып, анысын кайра терип отурушуп, кыздар кеч киргенин байкабай калышат.

Күн батып күүгүм кирип калганда үйүн көздөй жол тартышат. Алар бир аз баскандан кийин эле караңгы кирип, токойдун ичинен үйү кайсы тарапта экендигин ажырата албай калышат. Кыздар коркуп, ылдыйлап басып келе жатса, үлпүлдөп күйгөн жарык көрүнөт. Ошол жарыкка бет алып баса беришет. Акыры чарчап-чаалыкканда жарыкка да жете келишет. Жыртык, тешиги көп жаман алачыкка кирип барышса, босогонун бир капшытында турган соку, экинчи капшытта турган сокбилектен башка көзгө эч нерсе көрүнбөйт. Коломтодо жылтырап от күйүп турат, оттун кашында саксайган кемпир отурат. Ал кирип келген кыздарды карап:

– Ырас келбедиңерби, мындай өтүп отургула. Далайдан бери жолум болбой жүрдү эле, бүгүн бир курсагым тоёт экен, – деп кубанып тосуп алат. Анын кебин, саксайган кебетесин көрүп, сөзүн угуп, коркуп кеткен кыздар очоктун кашына отура калышат. Бир аздан кийин баягы кемпир: «Сен үйдүн чамгарагына чыгып, эки жакты карап жат!» – деп кыздардын улуусун жогору чыга-

рып жиберет. «Сен туурдук менен чийдин ортосуна кирип жат, сырттан бирөө келе жатса мага айт!» – деп ортончу кызды туурдук менен чийдин ортосуна кийрип коёт. «Ал эми сен кичине экенсиң, мен өзүм алып жатайын, чачыңдан жыттап, көңүлүм ачайын», – деп жарпы жазылып жата кетет.

Кичүү кызды койнуна алып жатып жез кемпир чачын жыттамыш болуп кыздын башынан канын соро баштайт. Ошентип жатып кыз да, жез кемпир да уктап калат. Чамгаракта жаткан улуу кыз адашып кетишкенин, башка жакка келгенин, саксайган кемпирдин жез кемпир экенин билет. Ал тигилер уктап калгандан кийин акырын түшүп келип туурдук менен чийдин ортосундагы сиңдисин бошотот. Анан кичүү сиңдисин келип карашса, жез кемпир канын соруп жатып уктап калганын көрүшөт. Жерде жаткан талпактын бир учун оозун ачып уктап жаткан жез кемпирдин оозуна тыгып, сиңдисин бошотуп алышып, үчөө качып жөнөшөт.

Аз жол жүрдүбү, көп жол жүрдүбү, бир маалда канын сордуруп койгон кичүү сиңдиси чарчап, араң эле басып калат. Кыздар бир аз дем алганы отурушат. Ошол мезгилде таң атып, айланага жарык кирет. Анан жер жаңырткан дабыш угулат. Кыздар коркуп кетип карашса, баягы жез кемпир чачын саксайтып, көзүн ыкшыйтып, сокусун минип, сокбилегин камчыланып аларды көздөй келе жатыптыр. Кыздар кайда качарын билбей дал болуп калышат. Аңгыча кемпир жакындап келип калат. Ошондо кыздардын улуусу күзгүсүн ала коюп:

–Сени далай карадым, эми бир керекке жарагын! – деп кемпирди көздөй ыргытып жиберет. Күзгү жез кемпирге жакын барып түшөт. Күзгү түшкөн жерге көз ачып жумганча баш-аягына көз жетпеген деңиз пайда болуп, жез кемпир аркы өйүздө, кыздар берки өйүздө калат. Кыздар жез кемпирден кутулдук дегендей сүйүнүшүп, үйлөрүн көздөй жол тартат. Ал мезгилде жез кемпир сокусун ка-

йык кылып минип, сокбилегин калак кылып деңизден сүзүп жөнөйт.

Кыздар жүрүп отурушуп аябай чарчашат, курсактары ачат, кеч кирип жолдо түнөп калышат. Эртең менен күрүлдөгөн дабыштан кыздар ойгонуп эки жагын карашса, баягы жез кемпир дагы жакын келип калганын көрүшөт. Кыздар кайрадан коркуп, эмне кыралын билбей дал болушат. Жез кемпир ого бетер жакындап келет. Ошондо ортончу кыз:

– Тарагым, тарагым, бир керекке жарагын! – деп жез кемпирди көздөй ыргытып жиберет. Тарагы жез кемпирдин алдына түшөт. Көз ачып жумганча тарак түшкөн айлана чычкан мурду жорголбогус чытырман токойго айланып, жез кемпир аркы жакта, кыздар берки жакта бөлүнүп калат. Кыздар сүйүнүп, үйлөрүн көздөй жолун улантат. Ал мезгилде жез кемпир сокусун араа кылып, сокбилегин балта кылып, түн токойдун жоон жыгачын араа менен кесип, майдасын балталап, алдыга жыла берет.

Кыздар аз жол жүрүштүбү, көп жол жүрүштүбү, чарчап-чаалыгышып, курсактары ачып, кубаты качып, дагы бир жерге түнөп калышат. Ал күнү да таң агарып калганда жерди жарган катуу дабыш чыгып, баягы жез кемпир келе жатканын көрүшөт. Кыздар ого бетер коркуп, дал болуп туруп калышат. Аңгыча жез кемпир чукул кирип келет. Ошондо кыздардын кичүүсү эсине келе калып:

– Ийнем, ийнем, ийип кет. Жер түбүнө кирип кет! – деп ийнесин жез кемпирди көздөй ыргытып жиберет. Ийне жез кемпирдин алдына барып түшөт. Ийне түшкөн жер көз ачып жумганча жарылып, түбү жок ор пайда болот. Күү менен келе жаткан жез кемпир сокусун минип, сокбилегин камчыланган боюнча ошол жарылган жерге, түбү жок орго кирип кетет да, ошол бойдон дымы чыкпай жок болот. Жарылган жер кайра бүтөлүп билинбей калат.

Кыздар сүйүнүп, корккон жүрөктөрүн басып бир азга дем алып отурушуп, айланасына көз жүгүртүп карашат.

Батыш жактан жакын эле жерден өздөрүнүн үйү көрүнөт. Кубанган кыздар дароо орундарынан туруп, үйүн көздөй чуркап жөнөшөт. Алар эмне көрүп, эмне кылышкандарын энесине талашып айтып беришип, жыргап жашап калышкан экен.

## СЫЙКЫРДУУ САКА

Илгерки бир замандарда эки кошуна жашаптыр. Анын биринин миң кою бар экен. Экинчисинин жүз кою болуптур. Эки коңшу байлыктарына карабай ынтымактуу жашашса да, алардын ичинде бири бирин көрө албастык, биринен экинчиси мыктысынып, атаандаштык бар эле. Алардын койлорун балдары кайтарышчу экен.

Күндөрдүн биринде миң кой кайтарган бала менен жүз кой кайтарган бала койлорун эки бөлөк жайып коюшуп, чүкө ойношот. Оюнга кызыккан балдар кечтин киргенин да байкашпайт. Жүз койлуу бала бүт чүкөсүн уттуруп, жалгыз сакасы калат. Ошондо гана кайтарган койлору эстерине түшүп, койлоруна келсе, жүз койдун баарын карышкыр кырып кетиптир. Миң койлуу бала койлорун айдап үйүнө кетет.

Жүз коюн кырдырган бала үйүнө баргандан коркуп, ошол тегеректеги бир үңкүргө келип түнөйт. Курсагы ач, ичерге тамак жок, кою кырылып, чүкөсүн уттуруп, ичи күйүп уктай албай коёт. Ошондо сакасын колуна алып: «Сакам, сен да жакшы конбой койдуң, мен да жакшы ойной албадым. Чүкөмдү уттурганым аз келгенсип, койлорду карышкыр кырып кеткенин карачы. Эми кантип жан сактайбыз? Тамак-ашты кайдан табабыз? Атаңдын көрү ай, кайра жүз койлуу болсок, чүкө ойногонду коюп, жакшылап кайтараар элем», – деп көз жашын төгүп ыйлайт. Жашы салаалап сакасына тамат. Ошентип санааркап жатып уктап кетет.

Эртең менен ойгонуп өз көзүнө өзү ишенбейт бала. Үңкүрдүн тегерегинде баягы өзүнүн койлору жуушап жатат. Бала сүйүнүп койлорун айдап үйүнө келет. Бирок болгон окуяны ата-энесине айтпайт. Дагы бир күнү кой жайып чыкканда, чүкө ойнойлу деп келген миң койлуу балага сырын айтып, экинчи чүкө ойнобойм деп убада кылганын айтып коёт. Миң койлуу бала кечинде уккандарын атасына айтып келет.

Ошондон баштап миң койлуу киши сыйкырдын баары баланын сакасында экенин ойлоп бушайман болот. Ал саканы алып, дагы байыгысы келип өз баласына: «Тиги баланын сакасын бүт чүкөңдү берсең да, бир койго сатып алсаң да алып кел?» – деп тапшырма берет. Эртеси бала бүт чүкөсүн жүз койлуу баланын сакасына алмашып, атасына алып келип берет. Тиги киши саканы колуна алып: «Миң коюбуз эки миң болсо экен, ушул чөлкөмдөгү элден бай болсок экен. Айланайын сака, тилегенимди бере көр?» – деп тилек айтып, баласы экөө тең таң атканча койдун чекесинде койлор кантип көбөйөр экен деп карап турушат.

Таңга жуук уктап кетишет. Бир маалда чочуп ойгонуп жуушап жаткан койлорун карашса, баары тегиз кырылып калганын көрүшөт. Ошондо ачуусу келген ач көз киши саканы отко ыргытат. Сака отко түшөр замат жарк этип жалын чыгып, жалындын арасынан он эки ача калдайган мүйүздүү бугу чыгып, токойду көздөй чуркап кетет.

## КЕНЖЕ БАЛА

Илгери, илгери бир элдин каны болгон экен. Ал бир түнү уктап жатып түш көрөт. Түшүндө бир куш көрүп, куштун көзүнөн жаш ордуна шуру агат экен. Кан мындай ажайыпты эч качан түшүндө да, өңүндө да көрбөптүр. Эртеси кан төшөгүнөн турбай,

түш болгуча жата берет. Кандын үч уулу бар экен. Экөө бойго жеткен жигит, үчүнчүсү ойноо бала. Атасынын ооруп калганын сезишкен балдары келип сурашат. Кан айтпайт да, сүйлөбөйт. Эртеси да балдары келип, чөгөлөп турушуп атасынан сыр сурашат. Кан ошондо түш көргөнүн, түшүндөгү ажайыпты айтып берет да, ошол кушту эңсегенин айтат. Жигит болуп калган эки уулу кушту алып келебиз деп камынып калышат. Кан да макул болот.

Эки уулу кеткенинен бери күндөр өтүп, айга алмашып, жылдар жылат. Кандын балдарынан эч дарек билинбейт. Алиги кичүү баласы бой тартып жигит куракка келет. Кан болсо эки баласынын кайгысынан эл башкаргандан калат, ооруута алдырат. Эл ичинде ар ким ез билгендерин жасап, чаң-тополоң башталат. Ошондо кандын кенже баласы эл ичиндеги билермандарды жыйнап алып, ары акылдуудан, ары амалдуудан, эл камын ойлогон эр жүрөк баатырдан он башыдан тарта миң башыга чейин шайлайт да, атасына келип, эки агасын таап келүүгө уруксат сурайт. Бирок кан кенже уулун жибергиси келбей:

–Балам, эки агаң кетип келбей калды. Мен көргөн нерсе болбогон бир кыял экен. Эми сен барбай эле кой, мен өлсөм ким көмөт, элди ким башкарат? Менин көзүм өткөнчө жанымда бол! – деп макул болбойт.

–Жок ата, Шуру көз кушту таппасам да, агаларымдын дарегин билейин. Сиз эч нерседен муктаж эмессиз, ал эми агаларымды таап келбесем, арманда өтөрсүз, уруксат бериңиз? Кандыгыңызга кам санабаңыз, акылдуу-амалдуудан, эр жүрөк баатыр адамдардан журт башына дайындадым. Мага уруксат бериңиз? – деп эки ирет таазим кылып сурайт.

–Болуптур балам, барсаң бар, – деп уруксат берип: –Кыдыр даарысын, Бак карасын, Баатырдан жолдошуң болсун, ак пейил колдоочуң болсун, оомийин! – деп батасын берет да, жолго узатат.

Кандын кенже баласы кажыбасты минип, жыртылбасты кийип, кырк күндүк азык алып, кырк күндүк жолду бет алып жөнөйт. Күн кырк батып, таң кырк атып, бала да уйку даамын кырк татты. Кыйналды, аты ыргайдай, өзү куурайдай болду. Көзү соолуп бараткан булактай үңүрөйдү. Аты арык, өзү карып болду. Кырк биринчи күнү дегенде өзү өргүп, атын отко коюп, уктап калат. Бир убакта көзүн ачса түн кирген, аты оттоп жүрөт. Бала төшкө чыгып көз чаптырса, коргоолдой жерде, кол башындай от жылтылдайт. Бала кайраттанып кол созуп атын токуп, бир заматта баягы отко жетип барды. Жакындап келип көз салса, аябай өңдөн азган, бети-башын жүн баскан, кийиминин чалдыбары чыккан эки киши арчадан отту жагып коюп уктап жатышат. Бала эки кишини ойготуп, алардын ал-жайын сураштырса, өзүнүн агалары болуп чыгат. Ошентип, үчөө бири бирин таанып, кучакташып көрүшөт. Эртеси таңдан туруп оокаттанышып, үчөө биригип баягы Шуру көз кушту издеп жөнөп калышат.

Үчөө жүрүп отурушуп, «барса келбес», «барса келери арсар», «барса келер» деген үч айрылыш жолго келишет. Чоң агасы «барса келер» деген жолго, ортончусу «барса келери арсар» деген жолго, кичүүсү «барса келбес» деген жолго түшүшөт.

Кенже бала дагы көп жол жүрүп, токой аралап, чөл кезип отуруп, аскалуу тоого кез келет. Бала сайды өрдөп, асканы аралап баратса, бет маңдайынан түрүлүп, сансыз кийик чыгып, бура бастырбай каптайт. Бала катуу ышкырып жибергенде бир аз токтоп калат да, кайра жапырып жолду тозот. Акыры бала жолборсчо качырып киргенде, кийиктер тең жарыла берет. Бала андан күн баткан жерге конуп, таң аткан жерде жолго чыгып жүрүп отуруп, как эткен карга, кук эткен кузгун жок бир жерге туш келет. Аңгыча көздөрү чакырайган, чачтары саксайган бир кемпир пайда болуп: «Как этип карга учпаган,

кук этип кузгун учпаган, кишинин буту баспаган жерге келип, адамзат эмне кылып жүрөсүң? Сен эми кийик бол!» – деп баланы кийик кылып салат.

Ошол замат бала так секирип кийиктерге аралашып кетет. Ал чуркап отуруп устундары жез, баштары күмүш, торсундары дилде, майда жыгачтары каухар бир ажайып заңгыраган үйгө кез келет. Үйдүн далиси толгон алтын-күмүш жаркылдайт. Бала айраң таң калып төркү үйгө кирсе ай десе ардак, күн десе кымбат перидей сулуу кыз отурат. Сүйлөйүн десе сөзү жок, баланын ичи күйүп чок, эки көзүнөн жаш буурчактай тоголонуп, санаасы сайдын ташындай, арманы аттын башындай арбып, перизатты буту менен чапчып, бышкырып жатып зорго ойготту.

–Какбаш апам ай, дагы бир маңкайган жигитти тикчийген кийикке айландырып койгон тура, таш боор, – деди да, ичинен күбүрөп челектеги сууга ак ташты салып, андан кара ташты алып, балага жети мертебе дем салып, мурунку калыбына келтирди да: – Кандай жумуш менен жүргөн жансың? – деп сурады. Бала Шуру көздүү куштту издеп жүргөнүн айтты.

–Ошол атаң түшүндө көргөн куш меники эле, аны перилердин каны зордук менен алып кеткен. Перилердин шаары өтө алыс. Барсаң өлөсүң, сен барбай эле кой, – деди кыз.

–Өлсөм өлөрмүн, атам боорун көтөрбөй жатат, барам! – деди бала.

–Бер жагы кырк күнчүлүк жол, аягы чаң-тополоң шор, мындан өтө албайсың. Ар жагында кырк күнчүлүк кыя ашуу, андан аша албайсың, ашсаң түшө албайсың, ашуудан түшүү эле кырк күнчүлүк жол. Эгер алардан өтсөң, асман мелжиген чынар бар, анда алп кара куштун уясы бар. Ал жылына тууйт, жылыга балапандарын ажыдаар соруп коёт. Эгерде ажыдаарды өлтүрүп, алп кара куштун балдарын аман алып калсаң гана тилегиң орунда-

лат. Ошонун баарын аткарууга күч-кубатың жетпейт, бөөдөн бөөдө өлүм болуп жүрбө? – дейт кыз.

–Ал жагынан кам санаба, алышууга алым, күрөшүүгө күчүм жетет. Мен жолго чыгайын, – дейт бала.

Ошондо баланын айтканынан кайра тартпасын билген кыз, ага бир кутуча берип:

–Болуптур, ак жолуң ачылсын. Ушу кутучаны жоготпо, курсагың ачканда ичиндеги күл азыктан бир чымчым жесең, ошол замат калыбыңа келесиң, – деди. Бала кыз менен кыяматтык дос болду да, сапарын улап жөнөп кетти. Курсагы ачып, алдан тайып бараткanda кутучадагы күл азыктан чымчым жеп, чарчаганын жазып, чырым этип уйку албай, эч жакка буйдалбай жол жүрдү. Кыз берген күл азык уйкусун кандырып уктатпай, чарчоосун жазып чарчатпай аттан тез, куштан ылдам учурат экен, кырк күнчүлүк жолду төрт күндө басып өттү, кырк күнчүлүк ашууну төрт күндө ашты, ашуудан төрт күндө түштү. Ошондон кийин гана учун асман тиреген чынарга келди. Ага жетип барса жоондугу теректей ажыдаар чынарга оролуп чыгып бараткан экен, ал эми чынардын башындагы алп кара куштун уясындагы канаты ката элек балапандары чыркырап турган экен. Бала күл азыктан чымчым жеп, кылычын кынынан сууруп, керилип туруп чапты эле, ажыдаар тең экиге бөлүнүп жатып калды. Бала ажыдаардын денесин барча-барча туурап, анан чынардын башына чыгып барса, алп кара куштун үч балапаны сүйүнүп, ага канаттарын саябан кылып беришти да: «Сен эми жерге түшпөгүн, энемдин келе турган убагы болуп калды. Энем келерде катуу бороон болот да, анын эпкинине эч ким туруштук бере албай, койдой таштар кодураңдап, үйдөй таштар үңүрөңдөп учат, андан коркпогун. Учуп келип конгондо чынардын учу үч мертебе жерге тийип, үч мертебе асманга чыгат. Мындан да коркпогун», – деп баланы канатынын алдына жашырып алды.

Анча болбой аалам алай-дүлөй болуп, жандуудан эч нерсе көрүнбөй калды. Чынында алп кара куштун каары анын балапандары айткандай экен, койдой таштар кодураңдап, үйдөй таштар үдүрөндөп учту. Ангыча алп кара куш чынарга келип конду эле, анын учу жерге үч тийип, үч кайра чыкты. Балапандарынын аман экенин көрүп, алп кара куштун көңүлү жайланды. Бир паста борошо басылып, жай күнү кайрадан жаркырап тийди. Алп кара куштун балапандары: «Жамандыкты көрсөтөлүбү, же жакшылыкты көрсөтөлүбү?» – деп сураршты. «Биринчи жамандыкты көрсөткүлө», – деди алп кара куш. Балапандар барча-барча тилинген ажыдаардын денесин көрсөтүштү эле, алп кара куш баарын бир сугунуп жиберип, бүркүп-бүркүп чачып жиберди. Анан балапандар баланы көрсөтүштү эле, алп кара куш баланы белине чейин сугунуп калганда, балапандары чырылдап жиберишти. Алп кара куш баланы кусуп жиберип: «Эй, шашма тентектерим десе, бир пас аяндасаңар боло, баланы ок өтпөс, кылыч кеспес, отко күйбөс, сууга чөкпөс кылып коёт элем», – деп үшкүрүнүп жиберди. Андан кийин гана баланын алжайын сурады. Бала Шуру көздүү, бермет жаштуу кушту издеп чыккандыгын айтты. Алп кара куш жакшылыкка жакшылык кылып, жардам берейин деди. Мен ой кийигин ойдон, тоо кийигин тоодон терем, алардын терисин чанач кылып, этин ага сала бер, анан учабыз деди алп кара куш.

Алп кара куш айтканындай кылды. Бала болсо чаначтарга эттерин салып миң чанач жасады, миң чаначка суу куюп, оозун бууп, алп кара куштун үстүнө иреттеп тизип, өзү анын үстүнө отуруп, асманга чыгышты. Учуп бараткан алп кара куш оң жагын караганда бир чанач эт, сол жагын караганда бир чанач суу берип жүрүп отурушту. Бир убакта баягы азыктары түгөндү. Алп кара куш эт сурап кайрылганда бала өзүнүн сан этин кесип бере салды. Бир кезде алп кара куш: «Жер көрүнөбү?» – деп сура-

ды. «Жок, көрүнбөйт», – деп жооп берди бала. «Эмесе, жеткен экенбиз», – деген алп кара куш учуп келип конуп калды.

– Эми мындан ары өзүң бар. Мынабу чокунун ары жагын дөөлөр мекен кылышат. Алар кырк күн уктап, кырк күн укташпайт. Чокуга чыгып кара, эгер дөөлөр ар кайсы жерде төөдөй таштай болуп томпоюп жатышса, уктап жатканы. Анда мени чакыр. Уктабаган болсо келе бер, – деди.

Бала чокуга чыгып барса, тоодой болгон дөөлөр коңурукту кош тартып уктап жатышкан экен. Алп кара кушту чакырды эле, ал чокуга чыгып келип, баланы ошол жерде күтүп жатып калды. Бала дөөлөрдү аралап өтүп, шаарга кирет. Андан Шуру көздүү, бермет жаштуу кушту издеп үйдөн үйгө кыдырат. Акыры чарчап бир кооз үйгө кирсе, анда бир сулуу кыз уктап жатыптыр, кыздын артындагы капаста куш отурат. Бала бир азга ойлонуп туруп, анан кызды ойготту эле, кыз баланы көрүп: «Кайдан жүргөн жансың, адам баласынын буту жетпеген жерге кантип келдиң? – деп сурайт. Бала кантип келгенин айтып берет. Кыз бала менен кетүүгө макул болот. Бала кушту алып, кызды ээрчитип, алп кара кушка келет. Ал экөөнү канатынын үстүнө кондуруп алып, баягы агалары менен ажырашкан үч жолдун айрылышына жеткирип коюп, кош айтышып кайра тартты.

Бала эки агасы менен коштошкон жерге келсе, агалары аны күтүп отурушуптур. Ортончусу кара сакал, улуусу көгала сакал болуп, карылыкка моюн сунуп калышыптыр. Эки агасы инисинин баягысынан да жаш, мурдагысынан да күчтүү болуп калганын көрүшүп, аябай таң калышат. Түнкүсүн экөө акылдашып: «Атам ансыз да муну жакшы көрчү эле, эми энчиден чындап куру кала турган болдук. Муну өлтүрүп, «кушту биз алып келдик» деп атама баралы», – дешти да уктап жаткан баланы да, кызды да өлтүрүшүп, ошол жердеги кудукка таштап, кушту алып

атасына келишти да: «Кушту биз таап келдик. Кичүү балаң кой дегенибизге болбой барса келбес жолго түшүп, ошол бойдон жоголду. Күтө-күтө жол арыттык. Акыры күдөр үзүп, Шуру көздүү, бермет жаштуу кушту алып келдик», – дешти атасына.

Атасы кичүү баласынын кайтпай калганына аябай капа болуп: «Мага кичүү баламсыз куштун кереги жок, кушту силер алгыла да, бала али тирүү болсо таап келгиле», – деп экөөнү кууп жиберет. Экөө кетип баратышып кушту талашып чырдаша кетип, улуусу ортончусун өлтүрүп коёт. Ал кушту алып дагы бир кандын шаарына барып туруп калат.

Кенже бала менен кызды өлтүрүп кудукка салып жибергенин баягы кыямат дос болгон кыз түшүндө көрөт да, эртеси дос кызынын кырк дөөсүн ээрчитип келип, тогуз жолдун тоомундагы кудукта жаткан бала менен кыздын денесин алып чыгышып, аны сыйкыр менен тирилтип, өздөрү көздөн кайым болушат. Бала элине келип, атасы менен көрүшүп, анан эки агасы кеткен жагына издеп барып, ортончу агасынын өлгөнүн билип, улуу агасынан Шуру көздүү, бермет жаштуу кушту алып келип, ээрчитип келген кызга үйлөнүп, бакты-муратка жетишип, жыргап-куунап жашап калышыптыр дейт.

## КӨЧПӨСБАЙДЫН БАЛАСЫ

Кайсы бир заманда Көчпөсбай, Көчөрбай деген эки бай жашаган экен. Көчөрбай ар дайым жайы-кышы дебей көчүп жүрүп, жайында жайлоодо болуп, кышында кыштоодо болчу экен. Ал эми Көчпөсбай жайы-кышы бир жерде отуруп, өмүрү эч жакка көчпөптүр. Кайсы бир жылы ошол өрөөндө жут болуп, тегерегиндеги оту түгөнүп, малы кырыла баштаганда Көчпөсбай көчмөкчү болуптур. Көчүп көнбөгөн аялы бир жүгүн унаага артса, бирин унутуп, үзүгүн таңылчакка таң-

са, кийизин унут калтырып, аягын салса, табагы калып, чөмүчүн салса, кашыгын унутуп жатып, күн чыкканда үйүн чечкен, күн батканда араң жыйнап бүтүптүр.

Ошентип, айдын жарыгы менен Көчпөсбай көчүп жөнөйт. Жолдо келе жатканда баласы: «Атаке, менин сакам журтта калган тура», – дейт. «Балам, сен өзүң эле чаап барып алып келе кой», – дейт атасы. Бала өзүнүн кызыл бууданын минип, журтту көздөй чаап келе жатса, аты токтой калып адамча сүйлөп: «Эрдигиң бар эсиң жок, жаш бала. Мен көргөндү көрдүңбү, мен билгенди билдиңби? Журтта жети баштуу жез кемпир отурат. Мен аттан жапыс, иттен бийик болгондо, сен амалын таап туруп, эптеп саканы алып качалы», – деди.

Журтка барышса кемпир мойнун жерге салып, саканы карап шылкыйып отуруптур. Бала ага кайрылып: «Энеке, тиги жаткан сакамды алып бериңизчи?» – деп сурайт. Кемпир анткорлонуп: «Ой, айланайын, өзүм араң жан адаммын. Отурсам тура албаймын, турсам отура албаймын, жаш бала эмессиңби, өзүң эле түшө калып ала кой», – дейт кемпир. Бала кемпирдин кууланып жатканын билип: «Ээ, энеке, тиги жар боорундагы жарганатты карачы», – деп калды. Кемпир мойнун буруп карай салганда, бала саканы эңип алып качып жөнөдү. Кемпир артынан кууп калды. Бала качып отуруп кой кайтарган абышкага туш келет. Абышка баланын качып келе жаткан жөн-жайын билгенден кийин: «Мага бала болосуңбу?» – деп сурайт. Бала макул болуп, абышкага бала болуп, кууп келаткан кемпирден кутулат.

Абышканын үйүндө күчүктөрүн ээрчиткен кара ит бар экен. Бала күчүктөр менен моюндашып жатып уктап калат да түш көрөт. Түшүндө баягы жез кемпир, сени жебесем деп кууп жүргөн болот. Бала чочуп ойгонуп, күчүктөрдү көтөргөн боюнча качып жөнөйт. Бир канча күн жол жүрүп, аябай чарчап, бир жерге келип уктап калат. Күчүктөр жез кемпирдин келе жаткан табышын бир

күндүк жерден билип, баланы ойготушат. Бала ойгонсо, күчүктөрү дөбөт болуп калышыптыр. Ошол жерден күчүктөрүнө ат коет. Чоңуна «Угар кулак» деп, ортончусуна «Көрөр көз» деп, кичүүсүн «Жер тыңшаар» деп атайт. Аңгыча сокусун минип, сокбилегин камчыланып кемпир да келип калат. Кемпир жете бергенде бала иттерин коё берди эле, үчөө үч жагынан талап киргенде, иттериңди чакырып алгын, экөөбүз жарашалык, мен сага кызымды берейин деп, жалына баштады. Бала балалык кылып, кемпирди иттерден ажыратып алып, кемпирдин кызын алып туруп калат.

Бала күнүгө иттерин ээрчитип мергенчиликке чыгып жүрчү экен. Бир күнү аялы балага: «Сен өзүң эчтеке ата албайсыз, иттериңдин аркасы менен мергенчилик кылып жүрөсүң, кыйын экенсиң, иттериңди үйгө таштап өзүң барып бир нерсе атып келчи», – дейт. Бала аялынын сөзүнө намыстанып иттерин таштап өзү жалгыз тоого чыгып кетсе, баягы кемпир артынан кууп келет. Ошондо бала: «Мылтык, сен эки ача терек бол, ортосунда мен болоюн?» – деп мылтыгын ыргытып жиберсе, дароо эки ача терек болуп, бала анын башына чыгып кетет. Кемпир бир тишин сууруп алып, аны балта кылып теректин түбүн кыя баштайт. Ошол кезде бир кызыл түлкү келип: «Ой, энеке, сиз чарчап кетипсиз, эс алып туруңуз, балта менен арааңызды мага бериңиз, мен кесип турайын», – дейт. Кемпир сүйүнүп кетип куралдарын берип, өзү окчун барып уктап калат. Түлкү теректи кесимиш болуп, кемпир уктагандан кийин куралдарды сууга салып жиберип, өзү качып кетет. Бир убакта кемпир туруп караса, балта менен араасы жок, түлкү да жок. Кемпирдин ачуусу келип дагы бир тишин сууруп алып, балта менен араа кылып, теректи кесип отурса, дагы бир ак түлкү келип:

– Ой, энеке, сиз карыган киши экенсиз, чарчап да калыптырсыз, бериңиз куралыңызды, мен жардам берейин, – дейт.

– Мени жана бир кызыл түлкү келип алдап, куралымды суугa салып жибериптир, эми курал жасар тишим да калган жок, – деп болбойт.

– Ой, энеке, сиз алжып калсаңыз керек, кызыл түлкүнүн сырын ушул убакка чейин биле элек турбайсызбы. Кызыл түлкү деген куу болот. Өзүңүз деле ойлоп көрүңүзчү, ак түлкү жакшыбы, же кызыл түлкү жакшыбы? – дейт. Кемпир ак түлкүнүн кебине муюп, ак түлкү эле жакшы деп, жабдыктарын берип, эс алганы жатып уктап калат.

Аңгыча асмандан бир карга учуп өттү эле, теректин башындагы бала ага карап: «Ой, карга, менин иттерим үйдө калды эле, ошолорго кабар берип койсоң?» – деп кыйкырат. Карга баланын бактын башында отурганын үч итине айтып келет. Бирок ал кезде кемпирдин кызы иттерди терекке байлап салган. Үчөө кабарды уккандан кийин теректи түбү менен жулуп алып, балага жетип келишет. Ошол жерден үч ит кемпир менен алышып жатып көлгө түшүп кетишет. Бала болсо теректен түшүп, иттерин күтүп отурду. Аңгыча иттери кемпирди өлтүрүп, суудан чыгып келишти. Бала аларды ээрчитип алып үйүнө келип, аялынын кастыгын билип аны мергенчилик кылып жүргөн мылтыгы менен атып өлтүрөт.

Бала эми душманымдан кутулдум го деп, баягы багып алган атасына барып, аны менен кеңешип, атын минип, үч итин ээрчитип элине кетмек болуп жолго чыгат. Айылына жакындаганда чогулган элди көрүп, чуулдаган үндү угуп, бир койчудан: «Бул эмне чуулдап жатышат?» – деп сурайт. Анда койчу: «Ээ балам, эмнесин сурайсың, мен ошол үйдүн койчусумун. Чуу чыккан Көчпөсбайдын үйү, өзү өмүрүндө көчүп көрбөгөн киши эле, мындан эки жыл мурун жайыты түгөнүп, от калбай калганда бир ирет көчкөн болчу. Ошондо жалгыз баласынын сакасы журтта калып, сакасына кеткен бойдон баласы келген жок.

Көчпөсбай ошол баласынын ашын берип жатат», – дейт койчу.

–Эмесе, байга барып сүйүнчү ал, ошол баласы менмин! – дейт бала.

Койчу тебетейин көккө ыргытып, чуркаган боюнча байдын алдына барып: «Сүйүнчү, байым, сүйүнчү!» – деп кыйкырат. Бай ачууланып: «Мен балама аш берип жатсам, сен сүйүнчү айтасың. Мен жалгыз баламдын өлгөнүнө сүйүнөмбү?» – дейт.

– Байым, сүйүнчү, ачууңду тыйгын, элинди жыйгын, ашты тойго айланткын, жалгыз уулуң кайтып келди! – деп баланы алдына алып келди.

Бай да, эли да сүйүнүп, ашты тойго айландырып, жалпы эли менен жыргап-куунап жатып калышкан экен.

## ЖЭЭРЕНЧЕ ЧЕЧЕН МЕНЕН АЛДАР КӨСӨ

Күндөрдүн биринде Жээренче чечен жана Азиз Жаныбек-хан вазирлери болуп ордонун ичинде отурганда Алдар Көсө эшиктен кирип: «Атсалоом алеким, кан ордосу» дейт. Анда Жээренче чечен: «Алекима атсалоом, эл жоргосу» деп жооп берет. Алдар Көсө жайланып отургандан кийин Жээренче чечен ишарат кылып колу менен башын чертет. Ал эми Алдар Көсө сөөмөйгү менен тилин чертет да, сыртка чыгып кетет.

Ал чыгып кеткенден кийин Жээренче чечен Жаныбек-ханга: «Мени эч ким жыга алчу эмес эле, ушул Көсө жыгып кетти» деди эле, анда кан: «Сени кантип жыкты? Көсө эшиктен кирип «кан ордосу» деп салам антты, сен «эл жоргосу» деп жооп бердиң. Андан башка сөз болгон жок го» – дейт.

«Көсө эшиктен кирип салам айтып, жайланып отурганда мен башымды чертип, «балаа башка кайдан келет?» деп сурадым эле. Ал эми Көсө сөөмөйү менен тилин чер-

тип, «балаа башка тилден келет» деп жеңип кетти» – деп Жээренче чечен чечип берди.

Бул сөздү угуп отурган вазирлердин бири: «Алдар Көсөнү мен жеңем» деп кан менен убадалашат. Эгер жеңип келсе кандан сураганын алат, жеңилсе жанынан айрылмакчы болот. Ошол эле күнү вазир аттын жакшысын тандап минип, Көсөнү издеп жөнөйт. Колунда жалгыз таягы менен шыпылдап кетип бараткан Көсөнүн артынан жете келет вазир.

Жете келип вазир салам айтат, Көсө саламына алик алат. Анан Көсө: «Ээ балам, кайдан келе жатасың?» деп сурайт. Анда вазир: «Мен сизди издеп келаттым эле» дейт. «Менде кандай жумушуң бар эле? – деп сурайт Көсө. «Жер ортосун таба албай, атайын сизден сурайын дедим эле» дейт вазир. Экинчн дагы бир суроом: «Акыр заман качан келет?» деп Көсөгө эки суроо узатат.

Көсө эч токтолбостон: «Арзан эле жумуш турбайбы, балам» – деди да таягын шилтегилеп, көзүн алаңдатып эки жагына элеңдеген болду. Анан: «Атаганат ай, боюм жапысыраак болуп жатат» деди эле, вазир: «Эмесе, менин атымды минип алып караңыз» – деп атынан түшүп бере койду. Көсө вазирдин атын минип алып, таягы менен шарт камчыланып: «Атаа балам ай, көпкөн убагың экен, акыр заманды да сураганы турасыңбы?» – дейт. Анда вазир: «Кыйын болсоң экөөнү тең таап көрчү» – деп демите карайт.

Көсө атты таягы менен камчыланып ары-бери чапкылап, алак-булак эки жагын караган болуп: «Таптым, таптым» – деп вазирдин жанына кайра чаап келип, туруп калат. Вазир: «Тапсаң, айтпайсыңбы?» – деп жини келе үчүн бийик чыгарат. Ошондо Алдар Көсө: «Отурган жериң жер ортосу, акыр заман деген атынан айрылып жер ортосунда калган киши!» – деп туйлап турган тулпарга таягын шилтеп чапкан бойдон кете берген экен.

# ТҮЗҮМҮ

## АЙБАНАТТАР ЖӨНҮНДӨ ЖОМОКТОР

КҮКҮК МЕНЕН ЗЕЙНЕП ........ 4
АЛДАНГАН КАРЫШКЫР ........ 5
ТҮЛКҮ, ЖОЛБОРС, АЮУ, КАРЫШКЫР ........ 6
АРСТАН МЕНЕН КОЁН ........ 9
МЫШЫК МЕНЕН ЧЫЧКАНДАР ........ 10
АРСТАН КҮЧҮГҮН АСЫРАГАН МЫШЫК ........ 11
КАШКУЛАК МЕНЕН ҮПҮПТҮН ДОСТУГУ ........ 12
ЭКИ УЛАК ........ 15
КАРКЫРА МЕНЕН ТҮЛКҮ ........ 17
КУУ ТҮЛКҮ ........ 18
ТҮЛКҮ МЕНЕН КАРЫШКЫР ........ 19
КЫРГЫЙ МЕНЕН ҮКҮ ........ 20
ТОРГОЙ ........ 20
ТҮЛКҮ, ТАШБАКА ЖАНА ЧАПКЕНЕ ........ 22
ДӨӨТҮ УСТА МЕНЕН ИТЕЛГИ ........ 22
ЧОМОТОЙ САЯТЧЫ ........ 24
КӨНӨЧӨК КИЙГЕН ТҮЛКҮ ........ 25
БАЛТА ЖУТАР ........ 26
ЧИРКЕЙ, ЧАБАЛЕКЕЙ ЖАНА ЖЫЛАН ........ 27
АЧ КАРЫШКЫР ........ 28
КУЙРУГУН ЖАЗАЛАГАН ТҮЛКҮ ........ 31
КИМ КҮЧТҮҮ ........ 32
ТӨЛГӨЧҮ КАРГА ........ 34
ТААН ПАДЫША ........ 36
АЛДАНГАН БҮРКҮТ ........ 37

## ТУРМУШТУК ЖОМОКТОР

ЖЭЭРЕНЧЕ ЧЕЧЕН МЕНЕН АКЫЛ КАРАЧАЧ ........ 40
ТӨЛГӨЧҮ ........ 50
МҮНҮШКӨР ........ 52
ҮЧ УУРУ ........ 54
ЖОРУНУН «БИЛЕМДИ» ҮЙРӨНГӨНҮ ........ 56
ЫРЫС АЛДЫ – ЫНТЫМАК ........ 58
АКЫЛМАН КАЗЫ ........ 59
ЗАР МЕНЕН МЭЭР ........ 61
ЖЕКЕ ТАЗ МЕНЕН ЖЕТИ ТАЗ ........ 68
ЖАЛКОО АЯЛ ........ 74
ЧЫНЧЫЛ ЧЫПАЛАК ........ 75
ЖЭЭРЕНЧЕ ЧЕЧЕНДИН АЯЛЫН УГУЗУУ ........ 76
ХАН МЕНЕН ТИЛЕМЧИ ........ 78
АСАН КАЙГЫ МЕНЕН АЗИЗ ЖАНЫБЕК КАН ........ 79
АКЫЛДУУ ДЫЙКАН ........ 83
АЙЛАКЕР БАЛА ........ 87
ЖООМАРТТЫК ........ 89
УБАДАГА БЕК ЖИГИТ ........ 91
ОБОЗГЕРДИН КЫЗЫ ........ 94
АКЫЛМАН СЫНЧЫ ........ 103
АКЫЛМАН ВАЗИР ........ 106
АЛЫМКУЛ ТҮШЧҮ ........ 109
АТА СӨЗҮ ........ 112
АЛКЫШ ........ 116
ЭКИ БИР ТУУГАН ........ 117
ЖЭЭРЕНЧЕНИН БАЛАСЫ ........ 118
КАН МЕНЕН САЯТЧЫ ........ 119
АМАЛДУУ КЕДЕЙ ........ 124
ДЫЙКАНДЫН АЯЛЫ ........ 127
САРЫ ТАЗ ........ 129
БАЙ БАЛАСЫ ........ 138
КОРКОК БААТЫР ........ 144
КОЙЧУ МЕНЕН КАРА ДӨӨ ........ 146
АККӨҢҮЛ МЕНЕН КАРАКӨҢҮЛ ........ 150

## СЫЙКЫРДУУ ЖОМОКТОР

РУМ ПАДЫША МЕНЕН ТУРУМ ПАДЫША ........ 158
КАМЫР БАЛБАН ........ 164
ЭКИ БИР ТУУГАН ........ 166
КАН МЕНЕН ВАЗИР ........ 169
АСЫЛ ТАШ ........ 174
ЖЕЗ КЕМПИР ........ 183
КАРАЧ БААТЫР ........ 186
ЖАНЕК МЕРГЕН ........ 192
АЛТЫН КУШ ........ 195
КЕМПИРДИН ЖЕТИ БАЛАСЫ ........ 199
МАДЫЛГЕН СУЛУУ ........ 203
АЛТЫН БАЛЫК ........ 210
АКЧҮКӨ МЕНЕН КУУЧҮКӨ ........ 220
ӨНӨРЛҮҮ БАЛА ........ 228
АЖЫДААР АЯЛ ........ 231
СОКУР БАЙ ........ 234
ЖАГАЛЫМ МЕНЕН КАРЛЫГАЧ ........ 241
АБЫЛАЙ ЖЕТИМ ........ 250
КАЙСЫНЫСЫ ЧОҢ? ........ 258
ОТУНЧУ ПАДЫША ........ 260
ЭРКЕ БАЛА, АКЫЛДУУ КЕЛИН ........ 265
ҮЧ КЫЗ ........ 268
СЫЙКЫРДУУ САКА ........ 271
КЕНЖЕ БАЛА ........ 272
КӨЧПӨСБАЙДЫН БАЛАСЫ ........ 279
ЖЭЭРЕНЧЕ ЧЕЧЕН МЕНЕН АЛДАР КӨСӨ ........ 283

976537